

# КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

СОБРАНИЕ
СОЧИНЕНИЙ
В ДВУХ ТОМАХ

ТОМ I

ИЗДАТЕЛЬСТВО „КЫРГЫЗСТАН" ФРУНЗЕ—1971

# КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

■

**ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЭКИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ**

I ТОМ

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ ФРУНЗЕ—1971

■

## КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

Улуттук адабиятыбыздын адеп төрөлүшүнөн мына бүгүнкү күнгө чейинки ачуу-таттуусун бирдей татып келген Кыргыз ССРинин эл акыны Кубанычбек Маликовдун чыгармаларынын эки томдугу анын алтымыш жылдыгына карата жарык көрүп отурат.

Бул эки томдук адабияттагы анын жарым кылымга жакын баскан жолунун дастаны. Атап айтканда жыйырманчы жылдарда жаңы гана кас-кас турган жаш акындын «Жазгы талаа» аттуу алгачкы ырынан кечээ, жакында жазылган көлөмдүү, мазмундуу поэмаларына чейинки кыйла алыс, татаал сапарынын баяны.

Томдогу ар мезгилде жазылган ар кыл поэмабы, же бир-эки түрмөк ырбы, акындын өмүрүн, чыгармачылыгын, турмуштагы талыкпас күрөш жолун бүт бойдон көргөзүп турган күзгүсү сыяктанат: андагы биздин жаш өлкөбүз, жаңы курулуш — Совет бийлигинин алгачкы жылдары эмгекчи эл, жаңырган жер, айыгышкан таптык күрөштөр... Биздин жаш өлкөнүн, жаңы курулуштун жалындуу жоокерлеринин бири, андагы жаш акын К. Маликовдун тап душмандарына каршы калемин кайрап, күрөшкө чыккан жылдары.

Дегеле кыргыз адабиятынын тарыхына, адабият тарыхынын өнүгүү этабына акын Кубанычбек Маликовдун ар бир ыры, ар бир поэмасы өзөктөш, тагдырлаш. Акындын чыгармачылыгы республикабыз менен бирге төрөлүп, анын адабияты менен бирге төрөлдү. Жалпы Советтик поэзия менен бирге өнүгүп, бирге өрүш алды. Көп улуттуу адабиятыбыздын ийгилигине, кемчилигине да ортоктош болуп отурду. Акындын чыгармаларынын биринчи тому жогоруда айтылган «Жазгы талаа» ыры менен ачылып, Улуу Ата Мекендик Согуш жылдарындагы чыгармаларын дээрлик ичине алат.

Мына ошондуктан анын ырларынын, поэмаларынын ар бирин баштан аяк мактап же ар бирине узун коментария берип отурбастан чыгармаларынын адабияттагы ордун, өз мезгилинде өтөгөн милдетин кыскача баян этмекчибиз.

«Жазгы талаа», «Жазгы таңда» деген алгачкы ырлары, акындын жеке чыгармачылыгынын эмес, бүтүндөй кыргыз совет поэзиясынын профессионалдык деңгелинин өнүгүү тенденциясынын көктөм мезгилин баамдатат.

Мал да, жан да, баары сенден суу алып,
Жаны жыргап ажарыңа кубанып,
Тоодон аккан,
Кулап таштап,
Шылдыр каккан,
Күзгү өңдөнгөн күлүңдөгөн булагың,
Шимиргенди тамшандырар убагың!
(«Жазгы талаа»)

Жазгы таңды, жазгы талааны жан дилинен обонго салган акындын ошол кезде өмүрүнүн да, чыгармачылыгынын да көктөм чагы экенин окуучу бул ырдан бат эле баамдайт.

Жыйырманчы жылдардын аягында биздин элдин турмушуна жаңы кирип жаткан революциячыл жаңылыктардын артыкчылыгын мына ошол революциячыл жаңылыктардын эл, жерди жаңыртуучу ролун даңазалоодо акындын кыйла күжүрмөн ырлары жазылды. Андай ырлардын эң мүнөздүүлөрүнөн «От араба» аттуу ыры.

Созулуп, күн батыштан арыш керип,
— Уккун!..— деп, Ала-Тоого дабыш берип...
Алкынып адырларды кыркып өтөт,
Арышын аргымакча керип-керип.

* * *

Тоолорго темир жолдор салам берди,
Чакырып ой-тоодогу эмгекчи элди.
«Өнөрдү жаңы чарба толтур! — деди,
Ойготуп баарын түгөл дүлөй жерди...»

* * *

Кылымдар бою керең жаткан биздин тоолорду, али оор уйкуда жаткан элибизди ойготуп, тоого, элге революциянын улуу күчүн, зор жеңиштерин жар салган үндү, революциячыл жаңылыкты акын мына ушундайча ырдайт.

От араба тарткан зымдай жүрдү түздөн
Кыйкырып, сүйрөп алып үйдү жүздөп.
Чырак көз, чоюн көкүрөк, болот канат,
Жетпеген жери барбы калса кездеп!..
Каны да от, жаны да от, өзү да от,
Ал оту душмандарды кетет өрттөп.

Жергебизге келген бул укмуш жаңылыкка элибиз гана түгүл, ак чачтуу карт Ала-Тообуз те бийиктен жарданып, таңыркай, сонуркай караганын акын жан жүрөгүнөн көрө билген.

Ооба, ошол мезгилде биздин уйкудагы элди гана ойготпостон, жаралганы керек жактан тоо-ташты да жаңыртып, жер-сууну шаңга бөлөгөн революциянын сүрдүү даңазалуу дүбүртү болучу. Биздин эл, жер түгүл бул дүбүрткө дүйнө жүзүнүн эмгекчилери кулак түрүп, дүйнө жүзүнүн эмгекчи эли кубана куттуктабадыбы!

Мына ушул зор өзгөрүштү жерип, аны үрөйү уча караган тап душмандарынын да бетин ача кеткен акын ушул эле «От араба» аттуу ырында:

Канчалык акырайса душман бизге,
Апсайын күжүлдөгөн оту жайнап,— дейт.

же болбосо:

Каны да от, жаны да от, өзү да от
Ал оту душмандарды кетет өрттөп...

Ошо мезгилдеги революциянын оттуу кубатын, эмгекчинин жеңилбес оттуу күрөштөрүнүн туусун көтөрөт акын.

Кечээ күнү эле жазгы таңды, жазгы талааны карап жарпы жазылып эми жерге өзү ээ болгон, жерге эркин эмгектенгендерге жетине албай ырдаган акын:

Зыркырап таңдын жели жүрүп турду.
Буркурап, атыр жытын төгүп турду.
Сүрөтү акыл жеткис жашыл талаа,
Жаркырап сулуу кыздай күлүп турду.

* * *

Сокону өгүзүнө кошкон экен
Жөнөдү айдоосуна эртең менен.
Чаң чыгат темир соко жүрүп кетсе
Абамдын үнү угулат «соп-соп!» деген.

Жергебиз темир соконун алгач келиши да не бир кучак жеткис кубаныч болгон. Бууросундан кадимки темир сокого ээ болуп, аны өгүзүнө кошуп алып, өзү ээ болгон талаада жүргөн ошондогу аталар, абалар, алардын айтып бүткүс кубанчы, жеңиши да ошо жазгы талаадай үч-кыйрысыз кенен эле. Ушундан анча көп өтпөй жергебизге келген тракторчу! Биздин эл үчүн бул жомоктогудан артык керемет болучу.

Өгүз, ат сүйрөбөй өзү жүрүп, өзү жер айдаган тракторду көрүп эле турганына ишене албай жакасын кармаган момун ата-бабанын балдары так ошо тракторду өзү башкара турган болбодубу. Ал окуяны кызуу-кызуусунда ырга кошуп жар салды акын:

Ала-Тоонун торпок мишш,
Тойпоңдогон балдары,

Кечээ келип тоо ичинен,
Тракторду кармады!
Түрүп кийип тебетейди,
Ыржайышат кубанып.
Минсе жөнөйт тракторлор
Миң буроолор буралып.
Эртең кел деп күтүп турат
Мейкин талаа, жашыл кыр...
Таңданышат, жылмайышат.
Өздөрүнө-өздөрү
Тракторду тепе карайт
Оттон өткүр көздөрү.

Мына, мезгилдин не деген картинасы! Торпок гана минип жүргөн тойпоңдогон кыргыз баласы эми тебетейди түрө кийип коюп жергеге жаңы келген техниканы башкарууга колу жетти! Техникага жаңы гана таанышкан алардын ошо күндөгү ажайып сүрөтү:

Тебетейди түрө кийип,
Ыржайышат кубанып...

Алардын чектен аша кубанары да өздөрүнө-өздөрү таңыркары да закондуу иш болучу. Алардын көз мелжиген келечеги — мейкин талаа, жашыл кырлары да акын тарабынан алоолонгон дем менен ырдалган. Мына ушул жылдардагы чыгармаларынын деңгээлинде акын, эски замандын элге жайылган торун да, эмгекчинин маңдайындагы качантан берки шорун да жууп, шыпырып таштап, аныгын айтканда так ошол мезгилдин өзүндө биздин элдин турмушундагы өнүгүштөрдөн, өзгөрүштөрдөн кенедей да кийин калган эмес. Революциячыл өзгөрүштөрдөн алоолонгон дем, шык алган ал дайым алда жүргөн. Совет доорунда гана чыныгы бостондукка, теңдикке колу жеткен эмгекчинин кучагына сыйбаган кубаныч, алп эмгегин, ой-сезимин, зор келечегин даңазалай берген.

Ар убакытта күн менен түн өңдүү ак менен арам санаанын да жол талаша жүрөрүн айгинелеп, ошол кездеги бай, манаптарга каршы «Ким кимдердин жолунда» аттуу чыгармасын жазып театрга койдурган.

Ошондой эле акындын «Театрдык ырлар» аттуу жыйнагына киргизилген ырларынын дээрлиги сатиралык нукта жазылып, андан-мындан көрүнө калчу жат көрүнүштөрдү ашкерелеген.

Ошентип акын ал кездеги театрга коюлчу чыгармаларындабы же жөнөкөй эле эки-үч түрмөк ырындабы, өз учурунан өткөрбөй айрым адамдардын аң-сезиминде паапалаган эскиликтин калдыктарына не бир зилдүү сөздөрүн агытып, атка минер куу чирендерди, баш көтөргүс кылып күлкүгө айландырып, канча бир кести маселелердин башын алууга көмөкчү болуп келгендигин белгилөөгө болот.

Акын К. Маликовдун биринчи томундагы чыгармалары, кыргыз жеринде совет өкмөтүн орнотуу жана чыңдоо, партиябыздын социализмди куруу жолундагы саясий, чарбалык чараларын ишке ашырууга аянбастан ат салышууга арналган. Анын бул томундагы көп сандаган ыр-поэмаларынын мейкинин аралап отурганда партиябыздын күнүмдүк саясий-чарбалык чараларына анын үзгүлтүксүз үн кошуп жүрүп отургандыгын айтып өттүк.

Биринчи томдогу Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында жазылган анын «Канга кан!», «Мен кайрылып келгиче» дагы башка согуштун күйүп турган күнүндө жазылган толуп жаткан ырлары не деген олуттуу чыгармалар.

Күйөсүнөн айрылып күйүткө уугуп турган андагы жоокердин жесири акындын «Канга — канын» талаада жумуш үстүндө артисттин аткаруусунда уккан учурун көз алдыга келтиреличи! Же «Мен кайрылып келгиче» ошо кезде чынында эле. К. Симоновдун «Жди меня» аттуу ырынан кем роль ойнобосо керек.

Мына ушулардын катарында «Чүй» поэмасы, өз учурунда адабий журтчулуктун арасында далай кызуу талаш-тартыштарга түшүп, темир талкууда, жаңы редакцияларда ийине жеткирилген «Достук жана махаббат» поэмасы, «Мекеним» өңдүү республикабыздын дикломациясына да айланган, публицистикалык чабытта жаралган ырлар биринчи томдун жалпы тулкусу. 20-жылдан башталып, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарын камтыган 1-томдо поэзиялык жагынан бошоң ырлар да аз эмес. Мындай ырлар 30-жылдарга таандык. Бирок алардын дээрлик көпчүлүгү жогорто биз айтып өткөндөй өз убагында актуалдык саясий өтөгөн чыгармалар. Экинчиден, ал ырларга бүгүнкү күндүн деңгели менен кароо да жаңылыштык болор эле. Баарынан дурусу К. Маликовдун ал кездеги ырлары жалпы эле поэзиябыздын «Өсүү оорусун» көрсөтүп бере турган тарыхый өткөөл катары бааланууга тийиш. Ал эми биз билгенден акындын башка жарыкка чыккан ырлары бул томдо жок. Бул болсо томду басмага даярдоодо жоопкерчилик менен карагандыкка байланышат.

Согуштан кийин, тагыраак айтканда, 50-жылдардан күнү бүгүнкүгө чейин К. Маликовдун чыгармалары, (көбүнчө поэмалары) 2-томуна топтолду. Окуучуларга кеңири белгилүү болуп калган: «Кадыр аке», «Көл жээгинде кездешүү», «Эртеңкини ойлонуу», «Аскадан үн» аттуу поэмаларынан тартып бүгүнкү күндүн темасынан жазылган кыйласы бар.

К. Маликовдун 1-томундагы чыгармалары бул 2-томундагы чыгармаларында мезгилдин жаңылыктарын, турмуштун талаптарын тез кабыл алып, шамдагайлык менен күүгө салынганы ар бир ыр, поэмасынын тематикалык багытынан көрүнүп турат.

Акын өзүнүн алгачкы чыгармаларын поэтикалык очерктер менен баштаганы бизге маалим эле. Ошол жанрды кийинки мезгилде да өнүктүрүп бараткандай. Мындай очерк түрүндө жазылган анын ырлары көбүнчө бир нече ырлардын циклин түзөт да, аны ар биринде ар башка көрүнүш турмуштук көрүнүштөрүнүн элесин берет: «Тоодогу от», «Орто токой кабары», «Тогуз-Торо дептеринен» сыяктуу толуп жаткан ыр циклдери буга далил. Бул сыяктуу кыйла ырлардын баары бир деңгелде болбогону менен мазмун жагынан алардын ар бири бүткөн поэмадай.

Кыскартып айтканда акындын бул 50-жылдардын кийинки ыр, поэмаларындагы жакшы касиеттер — граждандык патетикага бай пафостуулуктун жаңы сюжеттүүлүктүн өнүгүшү.

Жогорто айтылып өткөндөй анын поэзиясы жалпы эле Кыргыз Совет поэзиясынын өсүш процессин ачык элестетүүчү жана адабиятыбыздын тарыхында өз орду бар поэзия.

К. Маликов акын-драматург экени маалым. Башкаларын айтпаганда да «Айчүрөк», «Манас», «Токтогул» сыяктуу кыргыз элинин искусствосунун классикалык чыгармалары болуп калган опералар-

дын либреттолорун жазышкан. Ал эми «Жаңыл» менен «Бийик жерде» драмасы театрдын мыкты спектаклдеринен болуп калды.

К. Маликов котормо адабиятта да кыйла эмгек сиңиргенин айтпай кетүүгө болбойт. Ал Вильям Шекспирдин «Ромео менен Джульетасын», А. Пушкиндин «Цыгандарын», Ю. Лермонтовдун «Бородиносун», Т. Шевченконун «Ырлар жана поэмаларын», Сулейман Стальскийдин, Гасем Лахутинин, Соломей Неристин чыгармаларын кыргызчалатып окуучуларга тартуулады.

Акын-драматургдун жогоруда үчкай сөз болуп өткөн чыгармалары мындан ары да изилденип, пикир айтыла бермек. Жарым кылымга жакындаган чыгармаларынын татаал түйүнүгү, сиңирген эмгеги К. Маликовдун Кыргызстандын эл акыны деген ардактуу наамга татыктуу кылды. Ал эми адабиятта арыштуу кадам шилтеп, окуучуларга жаңы чыгармаларды берүү үчүн белсенүүдө.

■

## ЖАЗГЫ ТАЛАА

Жазгы талаа жашыл жибек оронгон,
Кызыл, сары түрдүү гүлгө боёнгон.
Көз уялтып,
Нурун чачып,
Жыты аңкып,
Бук көңүлдү эриксизден жазылтып,
«Мени сүй»,— деп седебине асылтып.

Башын ийип, кызыл гүлдөр моймолжуйт,
Салам берет, сагындырып койгонсуйт.
Түрдөп айдап,
Гүлдөр жайнап,
Миңдеп сандап,
Бир буралып, бир толгонуп керилет,
Жытын сепсе капалуу жан сергимек.

Мал да, жан да, баары сенден суу алып,
Жаны жыргап, ажарыңа кубанып,
Тоодон аккан,
Кулап таштан,
Шылдыр каккан,
Күзгү өңдөнгөн, күлүңдөгөн булагың,
Шимиргенди тамшандырар убагың!

*1928-ж.*

## «МЕН БАРБАЙМ»

Атам бая,
Айтты мага:
—Айланайын, кызым — деп,

Келгин бери,
Сүйөм сени,
Акыл-насаат созум деп.
Жең ичинен.
Эчен-эчеп,
Калың үчүн акча алдым,
«Кызым жакшы,
Тилимди алчу,
Чырагым» — деп, мактандым.

Барсаң анда,
Аппак чалга,
Болуп эрке баласы,
Малы сансыз,
Кымыз көлдөй
Тиет бизге паанасы,—

Деди атам,
Чындап адам,
Акча бетим кызарды.
Каным кайнап,
Ыйлап, зарлап,
Баса албадым кусамды.

Саксаңдаган,
Аксаңдаган
Карт аюудай курган чал,
Кантип деги,
«Сүйдүң» мени,
Киши болбой куруп кал!

*1928-ж.*

## ЖАЗГЫ ТАҢДА

Агарып күмүш нурдуу таң да атты,
Аскага чексиз аппак алтын жапты,
Уялып таң нурунан корунгандай,
Жылдыздар бүлбүлдөшүп алыстапты.

Бир түрдүү жашыл килем — сайма талаа,
Булдурап күмүш булак агат жана,
Баркыттай, тукабадай, же кымкаптай,
Жээгине көз жиберсең, толкуйт санаа.

Зыркырап таңдын жели жүрүп турду,
Буркурап, атыр жытын төгүп турду.
Сүрөтү акыл жеткис жашыл талаа,
Жаркырап сулуу кыздай күлүп турду.

Сокону өгүзүнө кошкон экен,
Жөнөдү айдоосуна эртең менен,
Чаң чыгат темир соко жүрүп кетсе,
Абамдын үнү угулат «соп-соп!»... деген.

Көмөч бет кара балдар кобурашып,
Жүрүшөт көпөлөк чаап, ыр ырдашып.
Жеңекем өгүздөрдүн башын кармап,
Таманы жерге тийбей жүрөт шашып.

«Соп-соп-соп! Кара жердин майы чыксын,
Эсепсиз кызыл алтын дагы чыксын».
Эмгекке чор кайнаган дыйкан абам,
Ошентип көрсүп түгөл камын кыштын.

Өмүрүм эмгек менен келе жатат,
Эмгек чын ырысымдын кенин ачат.
Кажыбай май чыгарып иштегендер,
Дүйнөдө эмгектин бал даамын татат.

«Ураанын өкмөттүн орундаймын,
Айдоону күлбак кылып сонундаймын.
Эмгегим көз кайкытса ашып дагы,
Мен кармайм жалтыраган нурун айдын!» —

Өмүрдүк бул абамдын кызыл анты,
Эмгектин жайнап турат набат, канты,
Абамдын бул оюна жаздын таңы,
Кошулуп үнүн улай созду абанды.

*1929-ж.*

## КАНДАЙ СҮЙГӨМ

*(Какшык)*

Бир гүлдү өмүрдүккө алган элем,
Бурулбай таза сизди сүйөм деген.
Күлсөңүз мен да күлүп, бажырайып,
Күйсөңүз мен да алоолоп күйөм деген.

Кошулдук... турмуш болду... өттү күндөр,
Бак ичи электрлүү—шаңдуу түндөр...
Жыбырап күмүш чөйчөк көк жүзүнө
Толгондо, бак ичинде түркүн үндөр...

Ал үндү угуп мен да барсам жакын,
Аңкыды мурдумду өрдөп жыпар-атыр.
Сонун жыт келген сайын жакындасам,
Бар экен бураң белден «эчен асыл»...

Мындайдын далайлары тапты мени,
«Дүйнөдө анык жыргал ушул»,— деди.
Ойлосом жүрөгүмө туз куйгандай,
Моймолжуп, жарокөрсүп айткан кеби...

Кызматтан тапкан черван күмүш акча,
Ошентип зарп кылынды «кара кашка».
Күн-түн да оңгуруктуу көрүпбодум,
Мурунку «жаным!..» деген курбум, жашка.

Сонундап чөп башылап жүрсөң кандай?
Күн сайын бирөө менен күлсөң кандай?
Максат жок андан башка терең сырдуу
Дооронду ошол түрдө сүрсөң кандай?..

Ал жүрөт туюна албай, таң калгандай,
Мен жүрөм бакта чардап, жанган шамдай.
Кээ кезде «олтур» десе «эрмектешип»,
Кызмат бар деймин дагы, чыгам алдай...

Ал кургур кала берет көзүн сүзүп,
Болгончо түн жарымы мени күтүп.
Мен жүрөм алда кимдин колтугунда,
Жаркылдап, ойдогумдай ишим бүтүп...

Жубайым соңку кезде билип калды.
Көңүлүнө эчен түркүн күмөн алды.
Айтканда жүйө сөзүн жандаткандай,
Мен тандым: «Аппакмын!» — деп сабап жанды...

Ал чиркин жүрөт үйдө чыны мен деп,
Мен жүрөм эки жактан бирдей жем жеп...
Мен кандай жан жыргалын тапкан жанмын?
Ким мактап берет сыйлык: «Кайран сен!»—деп?

Кокустан ал бузулса кантер элем?
Анетсең?.. Эрте ошого бар дээр элем.
Болбосо таза сүйсөң анык мени,
Чындап маа назарыңды сал дээр элем.

Ал кантсин, жүрөт менден батына албай,
Шерт бузуп, бейжайланып ачыла албай,
Бирок да, билген менен кылмак кандай?
Ичиппен күйөт чыгар жаны калбай...

Кара көз, курбу-курдаш, мунум кандай?
Адамдык, азаматтык купум кандай?
Оболдо таза сүйөм сени деген,
Жарыма салып койгон күнүм кандай?

*1929-ж.*

## ОТ АРАБА

Созулуп, күн батыштан арыш керип,
— Уккун!..— деп Ала-Тоого дабыш берип...
Алкынып адырларды кыркып өтөт,
Арышын аргымакча керип-керип.

Тоолорду көккө тийген тешип өттү,
Бел болсо туура-туура кесип өттү.
Көз жетпес уктап жаткан дарыя сууну,
Жулкунуп, көз жумганча кечип өттү.

Бул өнөр — талбас күлүк, тоодой кайрат,
Бул тулпар, токтото албас эч ким байлап.

Канчалык акырайса душман бизге,
Апсайып күжүлдөгөн оту жайнап.
Баягы Ала-Тоону аралады,
Заңкылдап, жаңылыкты келет сайрап.

Машина, от арабага толуп келип,
Жөнөлду кең талаанын койнун ачып...
Трактор ойдон-тоого күлүп келет,
Наадандык—эскиликтин көрүн казып.

Тоолорго темир жолдор салам берди,
Чакырып, ой-тоодогу эмгекчи элди.

«Өнөрдү жаңы чарба толтур! — деди,—
Ойготуп баарын түгөл дүлөй жерди»...

— Бали!..— деп өнөрүңө эл күлүштү,
— Сонун!..— деп талаа-талаа жер күлүштү.
Эзелден аркар-кийик мекен кылган,
Жалтырап улуу тоодон төр күлүштү.

«Күзгүсү» жер бетинин өзүммүн деп,
Жымыйып жатып алып, көл күлүштү.

Шыңкылдап он бештеги кыз баладай,
Ойдолоп оюн салып жел күлүштү.
...От араба заманымдын балбан уулу,
Баркырап наадандыкка чачкан ууну,
Жеткирген жер түбүнөн эл түбүнө,
Кан менен кайнап чыккан кызыл тууну.

Далай жаш жапан жерден ичке кетти,
Алууга наадандыктан эски кекти.
Билимди канттай таткан алтын баштар,
Шайланып Москвадан мында жетти.

Төлмирип жаңы өнөрдү күткөн талаа,
Тыңшады күндөп-түндөп жаңы кепти.
Жылдыздай күлүп турган электри,
Мынакей алдыбызда түйүн чечти!..

От араба тарткан зымдай жүрдү түздөп,
Кыйкырып, сүйрөп алып үйдү жүздөп.
Чырак көз, чоюн көкүрөк, болот канат,
Жетпеген жери барбы калса көздөп!..
Каны да от, жаны да от, өзү да от,
Ал оту душмандарды кетет өрттөп.
Жымыңдап маданият чырактары,
Талаа эмес, таралышып барды төштөп.
Майданды от араба күчөт дагы,
Кубанып сени карайт тоонун баары.
Алайды, Ала-Тоону бүт чабытта,
Кубулсун, күлүмсүрөп билим шаары.
Ар иши от арабадай күлүк балбан,
Эмеспи заман ээси — жалчы табы?!..

*1930-ж.*

## ТАШ КҮЗГҮНҮН ТҮБҮНДӨ

*(Жеңем менен сырдашканда)*

Таш күзгү жаркырап,
Сүрөтүм тартылат,
Буйрулгөн оймок ооз,
Порумум артылат,
Сүйүнүп күлөмүн,
Асемге мен чырак,
Жагалданып тоту куштай таранып.
Жыпарды куюнуп,
Атырга жуунуп,
Этеги бир карыш
Көйнөктө кубулуп,
«Сулуу» — деп айтканы
Эң сонун угулуп,
Көз кысса бирөөлөр,
Кылчайып бурулуп,
Жөнөп кетем чапчу аттай жаранып...
Туягым кылтылдап,
Май соорум былкылдап,
Күлгөндө шыңкылдап,
Басканда лыкылдап,
Кидирбей шыпылдап,
Ошого жетсем деп,
Жүрөгүм тызылдап...
Жел маяндай желе жорто кетемин.
Басканым миң чалыш
Батинкем (сен жарыш!..)
Такасы бир карыш,
Бозойлор көрүнсө,
Шып жүрүп кол алыш,
(Эмеско жол алыс),
Деймин өзүм, чокчоң-чокчоң этемин.
Окууну жек көрөм,
Кызматтан четтегем.
Айылга иштөөнү,
«Койчу ары...» — деп келем,
Ошондой тайраңдап,
Жүрүүнү эп көрөм,
Кайран өзүм, мен талаада калбаймын.
Аракты-шарапты,
Көңүлүм жаратты.

Порумдап кеппесем,
Асемдүү тамакты,
Мен жайсам жумшактап,
«Аларга» канатты.
«Ал» таштаса, дагы бирин жандаймын.

*1930-ж.*

## ЧЫНДЫККА

### 1

Жок эмес эптүүсүнгөн эки беттүү,
Жан жок деп жалмаңдаган менден эптүү,
Көбүнчө так ошондой шыйпаңдаган,
Эмеспи тон жамынган ылай тектүү!

Бирөө бар анык тегин өлсө да айтпас,
Бай болсо кедей дештен эгер кайтпас,
Кээ жерде мен батырак атын сатып,
Көрүнөт эл көзүнө эмгекке маш.

Ар иште булак болуп атып кетет,
Кылтылдап, далай жанга жагып кетет,
Жылмаңдап, оокат үчүн маймыл болгон,
Эмеспи ал митайым анык кесеп.

### 2

Бир адам өнөр менен ашкан болсо,
Талабы иши менен баскан болсо,
Сыналып айдай жарык эмгегинен
Ардактап эл айтуучу атка консо,

Далай бар көрө албаган андайларды,
Деп ойлойт мен сыяктуу адам барбы?
Ошондон жол талашып бараткансып,
Күйдүрөт ак жеринен таза жанды.

Эгерде колу жетсе аны басмак,
Ыраспаалап, таманына салып таптап,
Боло албай, болгонду да көрө албаса,
Эмеспи шишик мурун жаткан акмак.

3

Бирөө бар стол кармап, эл башкарган,
Керилип өз оюнча иш аткарган,
Тилектеш тамыр-тааныш жетип келсе,
Башкадан мурун ага көзүн салган.

Өз оюн жанга бербей лакылдаган,
Чын сөздү тетири буруп бапылдаган,
Олтурган стулунан пайдаланып,
Өзүнөн бирдин оюн ашырбаган.

Бийиктин ал мырзадан бүткөн иши,
Өз сөзүн угузалбай төмөн иши,
Арамдын керим кыял эр көкүрөк,
Жоголуп келе жатат бүгүн изи.

Ленинчил коммунисттер биздин башчы.
Талкалап, жолдон алган кара ташты,
Күн сайын терип келет арабыздан,
Ошондой бизге каршы нээти касты.

Акыйкат так ошондой табат баарын,
Жамынган кой терисин душмандарын,
Бирок да акыйкатка жеткенинче,
Эриксизден чыдай албай кызыйт каның.

*1930-ж.*

## ЫСЫК-КӨЛ СҮРӨТТӨРҮ

*(Очерктен бөлүкчөлөр)*

### I. ЖӨНӨЛДҮК

Ооган кез түш лыпылдап, батыш тартып.
Пароход жөнөп кетти көлдү чарпып.
Же чөкпөйт, же бурулбайт, же жыгылбайт.
Эркелеп ойноп жылып барат калкып.
Кана эми, сайра тилим, жарыл жүрөк,
Көрөлү күч келгенче калем тартып.

Асты-үстү каз моюн тоо калкылдаган,
Кийгени аппак кымкап жалтылдаган...

Санааны толкундаткан салаалары
Эркелеп эмгек уулу салкындаган.

Тынымсыз өркөчтөнсө сенин бетиң,
«Канэтет, ташыйтко» — деп чыгат эсим.
...Көңүлдөн өлгөнүмчө чыкпас деймин,
Калкылдап кайык минип жүргөн кезим.

Жээгинен топ-топ болуп каз каркылдап,
Үстүнөн бийлеп учуп ак чаркылдак.
Түн кирсе түркүн сонун куштар сайрап,
Жиберет төгүп күүсүн бир шаңкылдап.

Карасаң нур бөлөнгөн айлуу түндө,
Үн салат, миңдеп акын, турсаң тыңшап...

Сымаптай бир токтобой көлкүлдөгөн,
Күзгүдөй эрип турган мөлтүлдөгөн,
Капталдап, бейбаш шамал чакырганда
Кай жакка көлдүн суусу жөңкүлбөгөн?
Жөңкүлсө кубалашып, толкун үркүп,
Жээгинде жери барбы бүркүлбөгөн?!..

Аркырап көлдөн шамал жүргөн кезде,
Кабагын кара булут түйгөн кезде,
Оролтуп, өркөчтөнтүп, бий бийлетип,
Үстүнөн катар-катар түргөн кезде
Жарданып, типтик болуп, толкун чыгып,
Шар этип, бир төгүлөт келип четке.

Ак өркөч киши бою туйлаганда,
Ал толкун, мас болгонсуп ыйлаганда,
Көл бети бейжайланып кумду тытып,
Көзүнөн мөлтүр жашын тыйбаганда,
Эл түшөт жыпжылаңач тамаша үчүн,
Каткырып, суу толкундап ыргаганда...

Айы жок, сокур түндө толкун болот,
Ысык-Көл долуланган күүгө толот.
Өзгөчө улуу тоодой өркөч жатса,
Добушун кирген суунун салып коёт.
Түн сыры андан бетер тымысындап,
Карасаң, ойду бийлейт ойлор тороп...

Жоо келип найза сайып, мылтык атып,
Кажылдап, кан шимирип урушкансып,
Делдейип бирин-серин каракчылар,
Чет-четтеп үрөйү учуп турушкансып,
Жеңилген бет-бет алды качкан өңдүү,
Көл ичи уйгу-туйгу куушкансып.
Жел тынып, асман күзгү, күлүп ай да,
Турганда көл көз салып жылдыздарга,
Жаркылдап балык ойноит көл үстүндө
Жарышып, каткырышып карап айга
Көл бети көк кызынан уялгансып,
Кубулат өңүн буруп эчен сайга...

## СУР ЗАМАНДА

Тарыхын Ысык-Көлдүн жомок айтат:
Баарына жомок «мырза» барып кайтат,
«Ысык-Көл мурун кезде шаар экен,
Кийинде суу толкундап, кеткен жайпап...
Көлгө бир ээр токумдуу ат чүмүсө,
Балкаштан суу чыгарган тердик чайкап...

Болуптур сокур олуя ошол жерде,
Ал келген дин ачууга алыскы элге,
Мингени шүдүңкүтү, бала артында,
Кожосуп кол берем, деп улуу «пирге»...
Бирок эл: «Кет, кет»,— дешкен, ишенбестен,
Сокурдун оозундагы чыккан желге...

Ал кезде үшүр-битир, садакасы,
Орозо, түлөө, ырым, намаз парзы,
Болбогон, эл билбеген, жактырбаган,
Айтса да, сокур «олуя» чыгып жашы,
«Чын экен, өзүң неге бай болбойсуң,
Ишенер топон бекен элдин башы?..»

— Дешкен да, ал сокурду кондурбаган,
Максатын абышканын болтурбаган,
Бир аяк айран берген кыдырганда,
Бир уйлуу көзү сокур кемпир араң.
«Олуя» ыза болуп эл сөзүнө,
Кудайдан балакетти күткөн анан.

«Аа, кудай, тириликте өлдүм деген,
Кордукту капыр элден көрдүм деген,
Колуңда кандай жаман балаа болсо,
Бир четин ушул жакка бөлгүн» — деген,
Олуя уктап калса, ыйга ууланып,
Кудайы: «Тилегиңди бердим,— деген,—

Башында Ысык-Көлдүн бир ойдуң бар,
Солкулдайт мен-менсиген топ камыштар,
Жетип бар, кылыч ал да, ал камыштын
Жоонунун башын кыркып, бат кайра сал!
Бул элге ошол камыш балаа болуп,
Ичинен көлдүп суусу куюлат шар...»

Сокур чал уулуна айтып уютат да
Жөнөшөт, салпылдашып ошол жакка...
Шарп этет бура тарта бергенинче,
Толкун суу, камыш башын кыя чапса,
Бир кемпир Көтмалдыдан[1] үн чыгарат.
Шүдүңкүт томураңдап келе жатса...
«Олуям, мени суудан кошо ала кет»...
...Экөө тең, «Ким-ким?»—дешип, этишет селт.
Баласы: «Суудан качып келе жатат.
Баягы айран берген кемпириң»,— дейт.
Эмесе токто десе бир аз күтүп,
Артына шүдүңкүттүн суу шар этет...

Ал жерден «олуядан суу ашалбай,
Кырылат суу түбүндө эл качалбай.
Суу сүйгөн жаныбарлар тунуп калган,
Чалкыган Ысык-Көлдөн көз ачалбай.
Ошондон уламыштап, курамыштап,
Ээ болот бир атакка Көтмалдыдай...

Тамаша, жомок кыял, жомок жорук,
Эл дагы жүрө берген ага жоруп...
Илгерки динчи акелер алжыган го,
Жатабы калп айтуудан оозу ооруп?!..

Көл суусу бир эле уйга токтойт кантип?
Журдү экеп уялбастап кимдер айтып?

[1] Азыркы Балыкчы кыштагы турган жер

Чынында кутурганда көл болчубу,
Шүдүңдү жибербейби асманга атып.
Илгерки динчи акелер берки тоону
Койду экен көл тостурбай кайда катып?..

Ал кезде, туман баскан, эл караңгы:
Дүлөй түп, жойлой берген миң тарамды,
Анжыян, Намангендик соодагерлер,
Келген соң, ташкынданып дин таралды.
Болсо да өз жеринде кишп сойгон,
Бул элде «кожо» деген атак алды.

Дагы айтат кыял — жомок, кудук болгон
Ал кудук кайнап жаткан сууга толгон,
Суу алчу жылкыга окшоп чубап келин,
Элдери күндөп-түндөп, оңдоп-солдоп...
Бир катын кудуктан суу тартып алып
Капкагын байкабастан жаппай койгон.

Анан ал суу кудуктан чыккан качып,
Жоногон кузгунданып, элди басып.
Бирок да, бул кудугу болгон кайда?
Ким казган ал кудукту андай жайга?
Анчалык көлдүн суусун камап турган,
Болду экен, капкагында кандай айла?..
Болбосо ал капкагы чоюн бекеп...
Бекиткен чынжыр менен байлап анда?

Текшерсек, бул да жомок, жүргөн шамал,
Динчилдер эл тартууга кылган амал.
Акыйкат иши менен далилдесе,
Ай бетин тердик менен кимдер жабар?
Барынын тарых, себеп далилдерин,
Даавалап социалчыл илим табар...

КӨЛ ЭРКЕСИ

Кандайын Ысык-Көлдүн эли билди,
Кубулжуп согуп турган жели билди.
Билген соң эли-жели эрке колун,
Мамлекет кучак жайып, кошо кирди...
Пароход ойнотууга көл бооруна,
Кыйратып, карагайдан тактай тилди.

Шимирип суу илимин канган жүрөк,
Таалимин терең көлдүн алган жүрөк.
Эчен түн, эчен тоодой толкундардан
Жарылбай, куландан соо калган жүрөк,
Эң обол «Пионерди»[1] көлгө салып,
Суучулдар кулач урду, тынбай сүрөп.

Күпүлдөп «Пионер да» жүрдү тынбай,
Боорунда Ысык-Көлдүн ырын ырдай,
Ойноктоп жаш пароход жүрүп барат,
Тынч кезде түптүз болуп, тарткан зымдай.

Пароход көл үстүнөн сойлоп кетет,
Балыктай канат жазып, ойноп кетет.
Кадимки даргачынын жыгачындай.
Бипбийик баштары да селкилдешет.
Ордунан жылбагансып турса дагы,
Капкайда аш бышымда барып жетет.

Бир жолу үч жүз адам түшүп алат,
Карашып, Ысык-Көлдү тамашалап,
Көл боору көлкүлдөсө өркөч тартып,
Агарып өзөн-өзөн бермет калат.
Бурулса ак буладай толкун токтоп,
Ысык-Көл демин жыйып, чымыркanat.

Түн болсо дагы жүрөт көлдү жиреп,
Электр жарк-жарк күйүп, нурга ширеп,
Кадимки жылбай турган үй сыяктуу,
Тыптынч, эл жатарда уйку кирет.
Сайрандап, ага чейин коркунучсуз,
Бири ырдап, бири сүйлөп, чуркап жүрөт...

Айсыз түн, пароходдо шыйкыр болот,
Көк бети, көл бетине окшоп коёт.
Соккондо муздак шамал уйгу-туйгу,
Бир кезде калчылдатып, муздакка ороп,
Өзгөчө долуланса түнкү толкун,
Күлкүнү пароходдон такыр жоёт...

---

[1] Ысык-Көлдө эң алгачкы жүргөн пароход

Капитан кеме башын алып барат,
Көгүлжүн көлдүн бетин улам карап,
Шып өтүп ал сыяктуу кыйындыктан,
Шакылдап жүрүп кетет тамашалап.

«Пионер» дагы күчөп, дагы күлдү,
Шамалдай «Прогресс»[1] көпө жүрдү.
Баркылдап сүйлөшкөнсүп эр моторлор,
Көл бетин жомоктошуп, салып үндү,
Закымдай өйдө-төмөн уюлгушат.
Тынчытпай, ишке чегип күндү-түндү.

Жанында Койсарынын топ-топ кайык,
Жөнөлөт келген конок минип алып
Калкылдап, бир кезекте кайта келет,
Көл менен алда кайда жетип-барып,
Жүрөгүң толкуп кетет, шаттык менен,
Турасың дагы көлгө кумарланып.

Кээлери кайык менен түндө жүрөт,
«Бали!» — деп, жылдыз менен ай да күлөт.
Балыктар ай жарыкта көл үстүндө,
Сүзүшүп, калкылдашып доорон сүрөт,
Кай бири кайырмакты жасап алып,
Жатканы, көл четинен балык сүйрөп...

ШАҢДУУ АДЫР

Барганда Койсарыдан туура кара,
Созултуп коңур үнүн ырдайт талаа.
Ал болсо кургак адыр совхозу экен,
Эгинди айдап салган салаа-салаа...
Күн-түндөп автомобиль, тракторлор,
Келишет, чабелекейдей тынбай ага.
Мурунку койчу менен жылкычылар
Күлүндөйт: «Жыргал-шаттык, — дешип, — жанга».

Окшошуп салынууда тамдар анда,
Созулуп кетип барат башы асманга.
Керилип тактай тилген кайраттуулар,
Келтирип коюп жатат далай тамга.

---

[1] Ысык-Көлдө жаңы жүргөн жүк ташуучу пароход К. М.

Миң түркүн санап болбойт шаймандарын.
Кимиси кай жумушка шайланганын,
Жарактуу Россиядан келген достор,
Курулушту кыймылдатып, салган жанын.
Сүйүнүп эп келишкен сулуу талаа,
Арылткан убак эми ичтен зарын.
Тизилип, ирет-ирет аял-эркек,
Элестейт ошол кезде бир сонун шаң.
Жайнашып жумуш жакка жөнөшүшөт,
Коңгуроо баргыла! — деп, этсе даң-даң.

Кең талаа тоого катар жаткан тегиз,
Самсаалайт мончок тартып, үстү жемиш
Кубулжуп жумушкердин үнү чыгат,
Болгонсуп, улуу тойго күрөш-эңиш.
Шаңданат элестери жаңылыктын
Жаткан соң жабырашып иштеп тегиз.

Аркырап, бири жүрөт араба айдап,
Да бири машинанын баарын майлап.
Бир жактан үн алышкан тракторлор,
Күл болот топуракты кетсе чайнап.
Аралап автомобиль көрүп жүрөт,
Керегин көз жумганча берет камдап

«Көрдүм да чоң кызыкты, чындап кандым,
Ишиндей бардык иши бир адамдын.
Кандайча пайда чыкпайт, өнөр артпайт,
Күчүнөн жалын жүрөк миң адамдын?..
Бириккен жаман деген ушак экен,
Чын келди менин дагы орнөк алгым!..»
— Дегендер кыргыздардан туш-туштагы,
Кызыгып карашышат сүйүп жаны.
Тамшанат ак сакалдуу көп карылар,
Кирчүүдөй, бураң жигит болсо чагы.
«Жаш чагым кайдасың?» — деп башын чайкап.
Тиштелет сары тиште беш бармагы.
Артына батыш тоонун күн качканда,
Уйкудан жылдыз туруп көз ачканда,
Майрамдай күүгө түшкөн совхоз айлы,
Ээ болот балбылдаган түмөн шамга.
Ансайын бер жагында жомокчу көл,
Көйкөлүп денин жайган, көшүп жайда.

Чоюлуп гармон үнү алда кайда,
Созулат коңгуроодой, талаа сайма.
Чыдабай бой терметкен баатыр күүгө,
Жүрөктүн оту күйөт, бийлеп бой да.
Жаңырып совхоз айлы күү чертишсе,
Тыңшашат көлдөн балык, асман да, ай да...

Ошондой — күнү-түнү таң-тамаша,
Жер каптап, кылкылдаган шаң-тамаша.
Күркүрөп, күчөп турса биздин чарба,
Көрөбүз, конбос экен ким жанаша?!

Көйкөлгөн көлдүн жээги жаңыланды,
Балбылдап электрдин шамы жанды,
Куралып колхоз-совхоз маңдай-тескей,
Жолдоштор ырдап келет жаңы жарды...

Саламым Ысык-Көлгө мындан ары:
Көтөрүл, толкундай бер, гүлдө дагы!
Башкача салыштырсак кичинесиң,
Салмагың салмак, бирок алтындагы,
Түбүңдө сырларды айтып, комуз күүлөп,
Өз бетиң ошондой деп, жалтылдады...

Күлүңдөп электрлер күйсүн көлдөп,
Эл көрсүн «апакей...» — деп улуу төрдөн.
Куюнуп, дагы сууңа черин жазсын,
Келгендер ысык талаа, кумдуу чөлдөн!
Шоодурап эмгекчиге эрмек болсун,
Жээгинде камыштарың жибек өргөн.

Тизилип жээгиң тегиз болсун айыл!
Катардан, көз кубантып консун айыл!
Пейилиң айлуу түндөй нурун чачса,
Болбойбу жериң шаңдуу, элиң шайыр.
Тоолордо колхоз-совхоз тамыр жайып,
Кызыл Туу көктө ырдасын айыл жайын?..

Боюңа зоот орноп булап түтүн,
Баш кошуп, бактылуу эрлер жыйып күчүн...
Чыгарсын түрлөндүрүп машиналар,
Биздеги болгон малдын жүнүн, сүтүн,
Зооттор маданият буюмун берсин —
Бооруңда эр каарман эмгекчи үчүн!

Ошондой карып жериң тим жатпасын?
Аскадан булак салкын үн мактасын!
Күлүшүп, көз ымдашып жымыңдашып,
Ай менен чолпон жылдыз, күн мактасын
Макталган эрке Ысык-Көл жер сулуусу,
Жүгүнсүн, кол беришсин ийип башын!..

Жаңы элдик жаңы кыздар жууп башын,
Эмгектен дем алганда салкындасын!
Сызылтып сыр сандыктан чыккан үндөр
Шаттыктан башка жакка бурулбасын!
Тоо-тоодон сени көздөп келемин деп,
Каткырып карагайлар шуулдасын.

*1930*

## ЖАҢЫ АЙЫЛДЫН ЭРМЕГИ

Ала-Тоонун торпок минип
Тойпоңдогон балдары,
Кече келип тоо ичинен,
Тракторду кармады!

Түрүп кийип тебетейди,
Ыржайышат кубанып,
Минсе жөнөйт тракторлор,
Миң буроолор буралып.
Эртең кел, деп күтүп турат,
Мейкин талаа, жашыл кыр.
Таңданышат, жылмайышат.
Өздөрүнө өздөрү,
Тракторду теше карайт,
Оттон өткүр көздөрү.
Жоргосу артып жарышууда,
Жаңы айылдын эрлери,
Сайрап ырдап келе жатат,
Жаңы талаа эрмеги.
Жаңы айылда бул түбөлүк,
Темир туяк балбан ат,
Балбан аттын башын кармап,
Эмгекчи жаш алпарат.

*1931*

## ЖАҢЫ ШААР

*(Декломация)*

Мурун бош жер,
Эми кандай?..
Жыбыраган
Орун калбай.
Электрлер
Жарык айдай.
Боюн керип
Курулуштар,
Жаңы ордунан
Турган жандай.
Таш кулатып,
Жарды уратып,
Жылга-жылга,
Суу чуратып
Көкөлөдү ишке канбай!
Сом темирлер
Суудай эрип,
Курулушка
Кубат берип,
Кирпич-жыгач,
Бака-шака,
Катар-катар
Иреттелип,
Жумушчулар
Куруп жаткан,
Чоюн балка
Күчкө келип.
Жандай-жандай,
Айыл конду.
Айылга бул
Дайын болду.
Томурандап,
Эрмеги иш,
Карап турсаң
Ошолорду!
Мурун өлүк
Кум талаалар
Эми жандуу
Калаа болду.
Эски жерди,

Эми кара,
Жаңырды жер,
Эми гана!
Көк мелмирейт
Карап танбай!
Тоодой үйдү
Салып жатат,
Өзбек — Кыргыз,
Түркмөн—Казак.
Булчуңу таш,
Пролетарлар.
Үчсуз чөлдөн,
Алтын казат,
Тажабаган
Эмгекчиден
Калтырашып
Байлар качат.
Жасап дүнүйө,
Артып күнүгө,
Жаңыртып жер,
Шаар үнүнө
Биздин өлкө
Алга басат!

*1931*

**КИМ КИМДЕРДИН ЖОЛУНДА**[1]

*(Жандуу газета)*

**Бай** —Ушундай күн болорбу?
Жүрөккө кайгы толорбу?
Минтип турса балшевек,
Байкуш жаным оңорбу?
Төрт жагымдан жоо чыгып
Жолум кандай торолду?!
Балшевектин жазы деп,
Балшевек элдин башы деп,
Куйругу менен бай-манап,
Эмки айылдын касы деп,
Каны бирге кайнабас,
Текөөрлөшөр жаты деп,

[1] Кыргыз Мамлекет театрында коюлуп жүргөн

Байсың деп салат балааны,
Үйүлтүп кайгы-санааны.
Кысылып куурап өлөмбү,
Же абийирим калабы?!..
*(Ыйламсырап)*
Же кыйнабай кудурет,
Батырак мени алабы?
Чуулдактан кутулуп,
Бейишке жаным барабы?!

**Манап** — *(Таякчан)* Ал, жайың кандай, Аргымбай?

**Бай** — Бузулду заман пай-пай-пай!
Куруду го манап-бай,
Жыргалы калбай кымындай!..

**Манап** — Бул дүнүйө өрттөндү,
Эстесем күйөм өткөндү.
Кедейлерден көрдүкко,
Кудайды билбей көпкөндү.
Бай-манап деп жабышат,
Ырысты бизден күткөнбү?
Катырышты башымды,
Жер айда деп асылды,
Жерден-көктөн табылбайт,
Балшевектей капырбы?
Балшевектин заманы
Агартты менин чачымды.
Жутунду кедей, жутунду,
Адиси ашып кутурду.

**Бай** — Узабайт чыны оңбоюн,
Балшавегиң ушулбу?!

**Экөө** — Аай, өттү го жоругу,
Ооруду ич, ооруду...

**Манап** — Балшевектин тушунда,
Бактыбыз биздин байланды.
Желмогуздан жек көрөт,
Манап менен байларды.

**Б а й** — Далай бизге тилектеш,
Куугунтук жеп сандалды.

**М а н а п** — Бирин туруп куйрук дейт,
Куйрукту курут, буйрук дейт.

**Б а й** — Жүргөндөрүн жашынып,
Ыргытабыз суурун дейт.

**М а н а п** — Ыймансыз, мындай райымсыз,
Дүйнөгө түк келбейт.

*(Бай манаптын артынан этегин кармап турат)*

**М о л д о** — *(Салам берет. Алик алышат)*

**М а н а п** — Ээ-молдоке, жобура!

**Б а й** — Уста элең го кобура.

**М а н а п** — Бизге жыргал болобу,
Балшавектин жолунда?!

**М о л д о** — Бул заманда биз шүмшүк,
Кедейлер гана оңунда!..
Чыгыптыр катуу тапшырма.
Тапшырма тийсе, баш тырма!
Сиздер менен биздерди,
Аныcы экен жапшырма.
Тийбесе кудай бергени,
Андан көрө тапшырма!..

**М а н а п** — Тапшырма катуу башталды,
Тигишип бизге кастарды.
Убагында бүтпөсөк,
Тапталды жаның тапталды.
Кедейден гана көрөсүң,
Жадырап жыргап жаткандь.

**М о л д о** — Тапшырма эртең башталмак,
Чабарбыз кетмен бакчаңдап.
Иштебесек мал да, жан,
Килем-килче катталмак.

**Үчөө** — Ойрону чыгып биз байкуш,
Ошондой болуп тапталмак.

**Молдо** — Молдомун мечит кармаган,
Жок ишке элди арбаган.
Доорон издеп куркулдап,
Өлүк бар жерден калбаган.
Барк менен барын алам деп
Бай-манапты жандаган,
Эңкейип жумуш кылбаган,
Эрки менен жыргаган.
Маада катуу тапшырды...
Бай молдо деп жапшырды...
Абийри жок кедейлер,
Жетишкенсип каткырды.
Артелде элем аластап,
Жолумду байлап, таш кылды...

*(Жашып)*

Мынча кордук көргөндөй,
Кудайга жаным жаздымбы?!

**Бай** — Капырлар кимди аямак?
Зарына кимдин карамак?

**Манап** — Өттүкко эми дүйнөдөн,
Жүрөктү найза аралап.

**Молдо** — Таптай кысат, жок кылат,
Маскаралап, каралап...

**Манап** — Мына ушинтип чынында,
Тапшырма менен жайламак.

**Бай** — Түрмөгө түшсөк шумшүйүп,
Ошондо көзүң жайнамак.

**Молдо** — Анда кандай кылабыз?

**Бай** — Билинтпей малды кырабыз.
Алтын-күмүш буюмду,
Үңкүрлөргө тыгабыз.

**Манап** — Биз бечара кедей деп,
Томсоруп карап турабыз.
...Бары бир акыр өлөбүз,
Көргүлүктү көрөбүз.

**Бай** — Ыраа көрүп дүнүйөнү,
Кантип түгөл беребиз?

**Молдо** — Тытышып жатып өлөбүз,
Сыздаса, сыздап төбөбүз!..

**Баары** — ...Жүр намазга баралы!

**Манап** — Куптан окуп салалы!
*(Молдо байдын этегин кармайт).*
**Бай** — Кыбылага баштандык.

**Молдо** — Бейишти карай аттандык.

**Баары** — Бейишке сапар тарткандык,
*(Бата кылып)* Кыбылага баштандык!

**Арамза** — *(Мас)* Оолдо, пива ширинсиң!

**Куйрук** — Түбүн тартып тилимдин!
Сени көрсөм кыя өтпөй,
Шимиргим келет, шимиргим!
Сары май жесем байлардан
Андан бетер жибирмин!..
Жыргап жүрсөм жаш болуп
Калды дешет жаз болуп
Жаздыкты айдап бүтүр дейт,
Ак жүрөк элең баш болуп.
Кедейлер бир кемпай да,
Айдоосу калсын таш болуп!..
Каратак калсын маа десе,
Айдалбай жазгы эгини,
Кайдан болсо табамын,
Өзүм тоёр жемими!
Байлар көрөт уулундай,
Мендей кайран эриңи!
Төрт аягым тең жорго,
Алдап салам ар жолго!
Жүрө берем макул деп,
Туура келсем кай колго.

Тийсе болду иш кылып,
Курсагым тоёр май колго!

*(Үчөө карап күлүп)*

Кедейдин сөзүн укпаймын,
Үйгө барып уктаймын,
Оорумун дейм жүр десе
Бал уйкумду бузбаймын.
Байларымдын куйругун
Сагындым, эми жыттаймын!

*(Молдонун этегин кармап темтеңдеп турат. Кийгени калаа кийими)*

**Оңчул** — Эгин жок деп ыйлашат,
Байкуш эл да куруптур.
Колунда калбай бир даны,
Ачка өлүшмөк болуптур.
Ушинтип кантип орносун
Социализм боруккур?!
Ыкчамдык менен иш кыл дейт,
«Какой тебе», ыкчамдык?
Ыкчамдык деп отуруп,
Жан кашайып, биз калдык.
Тукумду кайдан табамын,
Эгин жок элде бир сандык!..
Бир миллион гектарды,
Качан айдап бүтөбүз?
Тоо-ташта жүрүп сандалып,
Качан алга кетебиз?
Социализм дооруна,
Кантип деги жетебиз?!..
Кулакты кыспай тим койсо,
Бат-бат эле байысын!
Быкылдасын мал каптап,
Белес-белдин барысын.
Кызытмакпыз ошондо,
Социализм арышын!
Пай-пай-пай-пай, иш кыйын,
Толтурам кантип планды!
Аткарып адам болорбу,
Ченемсиз кургак ураанды?

Элди койбой эркине,
Унуттук бейм убалды?!
*(Куйруктун этегин барып кармайт)*

**Төрөкыял** — *(Папирос тартып, көз айнекчен калаача кийинген, чоң курсак)*
Манап и, так бай келсе,
Алар билет баркымды!
Кандай сыйлайт барганда
Эң жазатко жарпымды!
Пасмотрит ни чемда
Жардың менен жалчыңды!?
Ыкчамдык десе мен жылбай,
Кекирейип каламын!
Жазгы айдоого керекти,
Издеп кайда барамын!
Пускай чорт, өтсүн убакты,
Бары бир акча аламын!

**Артелчи** — *(Элди карап)*
Жакшы деп айтпайт эч убак,
Душманың сенин ишиңди!
Бошотсок дейт да тигилер
Колдогу бекем күчүңдү.
Байкоо керек ким экен,
Жанында турган кишиңди!

*(Күлүп)*

Эмне муң айтамын?
Бар камылгам шайма-шай.
Жалгыз киши эмесмин,
Сандалып бүтпөй жаткандай.
Ызы-чуу жаңырык, бизде иш,
Ат байгеге чапкандай...
Берметтей дандар кампада,
Тукум үчүн тандалган.
Трактор жерди тилүүгө
Жыпылдата майланган,
Жорголосо тытырап,
Көргөндөр карап таң калган.
Эгинге тартыш митаамдар,
Биз эгинге кененбиз.

Эгин жок дейт саткандар,
Биз эгинге беленбиз.
Бир кишидей жүз киши,
Жарышып иштеп жатабыз.
Чындап мыкты киришсек,
Таштан кудук казабыз.
Коркпой эле тоскоолдун,
Толгонто белин басабыз.
Коммунисттер жетекчи,
Ойготот жерди даңкыбыз.
Жемирет жерди күч менен
Өнөрдүү жаңы калкыбыз.
Социализм курушмай —
Ушу жүрөк антыбыз!..
Тракторду миништи,
Анакей биздин жаш балдар,
Жүрүп кетет жүгүртүп,
Адиси арткан маш балдар.
*(Байларды көрсөтүп)*
Ырас бизди көралбайт,
Тигилердей жат жандар!
*(Алар элеңдейт)*

**Артелчи аял** —
Биз да кирдик жумушка,
Болбойт карап турушка.
Ленин айткан «Аялдар,
Катыш!..» деп ушул курулушка.
Кол кабыш кылбай ким турмак
Ушунча чоң курулушта?!.
Планды бүтпөй калбайбыз,
Трактор минип айдайбыз.
Шаттанып текши иштөөдөн,
Эмгекчи аял талбайбыз...
Өлсөк дагы эч качан
Эскинин тилин албайбыз!..

**Жай дыйкан** — *(Шымаланган, колунда орок)*
Мына артелди карачы!
Гүл кайырдай талаасы.
Айдап жүрөт трактор,
Алмадай гана баласы.
Дагы түгөл иштөөдө,

Соко, тырмоо-маласы.
Баягы жылы бул артель,
Иштебеген ыкташып.
Чуркурап тоону жаңыртчу,
Күн сайын үч маал мушташып.
Ошондуктан ал кезде,
Кирбей калгам мен качып,
Айтышты эле бай-манап:
— Артель такыр жаман,— деп,
Түшүп кетет ортого,
Катын-кызың анан деп,
Бирге жатып барыңар.
Капыр болуш жаман,— деп,
Эми ошону ойлосом,
Кастыгы экен анысы.
Кысылып, кыйрап мыш болду,
Кайта байдын барысы.
Кызытат деги кишини,
Мелдеши менен жарышы.
Жабылып бары иштешип,
Мол эгинге канышты.
Кездеме, кант-чай мурда алып,
Дагы жыргап калышты.
Орчу, чапчу, жыйноочу
Машине сатып алышты.
Машине менен трактор,
Иштесе, жанга иш жеңил,
Көпчүлүк бирге иштесе,
Тоодой күч келет бизге бир.
Бекерге мактап айтпаптыр,
Чечендердин кызыл тил.
Көзүмдү таңып койсо да,
Артелди таап киремин.
Ким чын айтат кедейге,
Аны жакшы билемин.
Артель-артель-артель деймин,
Ошол гана тилегим.
Эртең мен да артелчи,
Тракторду айдаймын.
Кызылды кырдап күзүндө,
Көп менен бирге чардаймын.
Бай-манаптын жанына
Асты басып барбаймын.

*(Артелчи эркек- аялдардын колун кармайт. Байлар корккон кейиптенишет, коммунист, комсомол, төрт пионер Кызыл Туу көтөрүп, барабан-сурнайын тартып, төмөндөгүлөрдү ырдап киришет)*

**Пионерлер** — *(«Жаңы марш» обону менен ырдашат)*

Большевиктик экинчи жаз
Кызуу ишке киришти.
Кызуу иште кызытабыз,
Большевиктик жүрүштү!..

**Баары** — Жолтолорду жоюп такыр,
*(Байлардан башкалары)*
Алга шыдыр барабыз,
Жалтайлабай душмандарды,
Арабыздан кагабыз!

**Коммунист** — *(Колун сермеп сүйлөйт)*

Мынакей оңчул
Душмандар менен жардашып!
Жыргатмак кимди
Эмитен жүрсө карды ачып?!
Жокко ишенип
Байларга жүргөн жаны ачып!
*(Көрсөтүп)*
Эмгектен корксоң,
Алдабай бизди, айда чык!
Барды таба албоо —
Байларга боору толгонуу!
Барды жок деши —
Өзү байчыл, жүрөгү уу!
Таппайбы жөнүн
Жүрөктө болсо кызыл туу?!
...Ана арамза
«Ак жүрөк» болуп алдаган!
Кылтыйып кыйындыкта,
Бай-манапты жандаган.
Мына бай-манап,
Өзүнө жолдош камдаган!
Ана достору,
Куйруктарын кармаган!
*(Байларды карап)*
Жок кылабыз
Большевиктик күч менен!

Жетебиз тилекке,
Большевиктик иш менен!
Чыдаган барат,
Социалга биз менен!

**Комсомол** — Мына ушундай биздин бет,
Чын кеп болот биздин кеп!
Тайгаланбайт түз жолдон,
Жүрөктө таамай, тапчыл кек!
Партиянын оң колу,
Өсөт жаштар миң-миңдеп!..

**Артельчи** — Бизге жаттар жоголсун!

**Жай дыйкан** — Ишке кесир кылбасын!
Иштөөчүлөр киришип,
Эмгегинен жыргасын!

**Аял** — Эрлер менен бирге иштейт,
Эмгекчи аял курдашым!

**Комсомол** — Оңчул коркок калтылдак
Арабызда турбасын!
*(Баары душмандарды карап турушат)*

**Аял** — Жаш балдар жаңы ыр баштасын!

**Жай дыйкан** — Жаңыдан жарды качпасын!
Лениндин ырчы балдары
Баштаса мейли, баштасын!

**Пионерлер** — Большевиктик экинчи жаз,
*(Ырдашат)*
Большевиктер сыналчу.
Беш жылдыктын үч жылдыгы
Чарбага жаңы түп салчу.

*(Кедейлер тарабы басышат. Душмандарды алдынан манап сүйрөп, артынан баары жармашып чыгат. Беркилер бул ырды ырдап чыгышат)*

Орундайбыз большевикче
Жаздын толук планын.

Большевикче аткарабыз,
Большевиктин ураанын!

*(Чыгып кетишет. Ары жактан колунда орогу бар шымаланган дыйкан жана колуна балка кармаган жумушчу чыгат)*

**Ж у м у ш ч у** — Мына көрдүк абыдан,
Кимдин-кимге киргенин!

**Д ы й к а н** — Туура-туура жолдошум,
Менин да ошол билгеним!
*(Күлүп)*
Ээ досум жумушчу,
Табылат менден кандайлар?

**Ж у м у ш ч у** — Коош?!

**Д ы й к а н** — Токоч десең менде бар,
Эт да, сүт да менде бар,
Тери менен жүн да бар.
Беде-чөп жана жем да бар,
Не кааласаң бары бар!

**Ж у м у ш ч у** — Орок балка мен берем,
Сен кийген менин кездемем.
Баркыраган трактор
Аны да мен иштегем!
Түркүн буюм, машине
Бүткөн биздин күч менен!
Зоот-фабрик асмандай,
Биздер салып иштеген!

**Д ы й к а н** — Аның чын го жумушчу,
Алмашып дайым турабыз!

**Ж у м у ш ч у** — Экөөбүз гана биригип,
Социализм курабыз.

**Д ы й к а н** — *(Кол кармашып)*
Так ошого келе кол!..

**Ж у м у ш ч у** — Кыйын эмес бизге жол.
*(Экөө элди карап)*
Ленин жолу — биздин жол!
Жумушчу-дыйкан, калың дос,
Эртеңки күнгө даяр бол!

## УЧКУНДАР

*(1931-жылы БКПТмун өзүм менен бирге бүткөндөргө арнаймын)*

Сайрайт бизге музыкалар,
Жаш денени кызытып...
Шаңдуу үнү жерди жарат,
Жаш жүрөктү курчутуп...

Бүгүн учту уясынан,
Эпкиндүүлөр күү менен.
Кайрат кайнап, жүрөктү ээлеп,
Толкунданткан үн менен...

Ийип башты ант беребиз
Бүгүн сага эмгекчи!
Иште көргүн эртең элим,
Биз сиңирер эмгекти!..

*31-март, 1931-жыл.*

## ЖЕҢИШ ЫРЫ

Эмгек жерге нур чачты,
Элге көркү жарашты.
Ала салып душмандар,
Жер тырмап, жан талашты,
Жер тырмап, жан талашты.
Күчөп кайрат,
Күчөп кайрат,
Ачылган кызгалдактай,
Гүлдөп-жайнап,
Билимдин нуру балкыды,
Уялтып көздү жалкыны.
Колхоз айылы,
Шайыр өсүп шаңданып,
Бардык ишке,
Балбан болуп шайланып,
Эмгек сүйгөн таң атты!
Ырдап келет комсомол,
Жүрөгүндө от жанган,
Жаңы турмуш күрөшкө
Жаштайынан маштанган!

Жаштайынан маштанган.
Жоону кереп
Тоону бөгөп,
Шайдооттор майдандарга
Шаңдуу келет.
Колтугуна таш каткан
Аласталды биз жактан!
Эркин ырдап,
Эл эмгекке жайнаса,
Талга конуп,
Таңшып булбул сайраса,
Эркелетет аткан таң!
Радио, телефон,
Ала-Тоону аралап.
Зым карагай тоо бойлоп,
Мойнун созуп авалап,
Мойнун созуп авалап,
Жарыш жаңы,
Өмүр шаңы,
Кайнаган эпкиндүү топ.
Дагы-дагы,
Комсомол — өрттөн чыккан эр,
Эл үчүн баатыр, бууган бел,
Мындай таалай эзелтеден болбогон,
Талкаланган,
Эгер жолун торгогон,
Дагы илгери баралат!

*1932-ж.*

## ПАХТАЧЫ КЫЗДЫН ЫРЫ

*(Пахта тергенде)*

Комсомолчо эпкиндеп,
Пахта терем жайнатып,
Жалкоолорго жеткирбей,
Жөнөй берем айдатып.
Жалкоолор жүрөт далдырап,
Энчи ала албай жалдырап,
Биз дүркүрөп иштейбиз,
Үн салсак талаа заңгырап,
— Оой... Калыйча,
— Калыйман!

Келгиле пахта терелик!
Ылдам-алдам бүткөрүп,
Фабрикке берелик!
Өзүбүз да жыргайбыз
Өмүрдүккө кенелип!..

*1932*

## СӨӨЛӨТ КУРМАНДАРЫ

*(Поэмадан)*

Чаңкай түш, Ысык-Көлдө баратабыз,
Жылмайып көлдүн бетин карашабыз.
Тизмектеп капкачанкы сырларды айтуу,
Жанданган биздин топто тамашабыз.
Улуубуз баштаган соң аңгемени,
Ан сайын жомокчуга жанашабыз...
Илгери жер тумандуу, эл жатканда,
Манап-бай Ала-Тоодо чардашканда,
Кочкордо, Караколдо мекен эткен,
Өтүптүр кырк жигиттүү зулум Бектен.
Сүлүктөй ошолордун кан соргону,
Эч качан чыкмак эмес биздин эстен!
Коңур күз, эл Кочкордун түзүндө эле,
Өзөндө бээ байланган желе-желе.
Бээ саап, кулун кармап чалмаланган,
Турмушта тузакталган далай неме.
Чиренип дөөлөтүнө, барасмандап
Токтосун аш берүүгө кылды деме.
Эртелеп, чар тарапка кабар салып,
Желденип атак-даңкка энкиндене...
Куралып үй тигилди, майдан-майдан,
Кедейлер отун жыйды алда кайдан.
Токтосун ашка кетчү чыгымдарды
Эртелеп эл-журтунан жыйып алган.
Жабылып жалпы журту конок алмак,
Күн мурун тамак-ашын турат камдап,
Куш канат күлүк аттар үртүктөлүп,
Суутуп жарышканда жолдор чаңдап.
Күрөшкө, эр эңишке, эр сайышка,
Бир жаткан күн мурунтан балбан тандап...
Кең Чүйдөн, чоң Нарындан, Ысык-Көлдөн,
Таластан, Анжыянда түркүн элден,

Терилип манап-байы, мырзалары,
Ал күнү Кочкордогу ашка келген.
Алыскы ал сыяктуу меймандарга,
Сыйлыгын Токтосун да башка берген...
Ырдаган, сурнай тарткан жыргал менен,
Өргөөдө доорондуу алар сүргөн кенен.
Казанчы кайгы тарткан кул менен күң
Күн түндөп, тамак-ашты белендеген.
Бакжайган манап менен байды мактап,
Бармагы комузчунун кедеңдеген...
Дүр менен Мамбетаалы, Султан, Канат,
Каржайып кары Шабдан дагы барат.
Ар жактан Түркмен-Курман, Көкүмбайлар,
Бул ашта жөөлөшүүгө кумарданат
Айтылуу балбандарды жарактантып,
Күн мурун даярдаган эки тарап.
Сайышта Чүйдөн барган Тиштээк деген,
Беттешмек Аксакалдай балбан менен.
Экөө тең кан майданга далай түшүп,
«Баатыр!» деп, чоң атакты алган берен.
Атты таң, Ала-Тоодон жүргөндө жел,
Керилген Сары-Ала-Сазда жайнаган эл!
Мырзалар оолжушуп, жорго минип,
Жаркылдап, көмөлдүрүк, кургабай тер.
Жарданып боз үйлөрдөн карап турат,
Аштагы байбичелер, кыз-келиндер.
Сарбагыш, саяк болуп эл бөлүндү,
Карайып, караңгылап топ көрүндү.
Чапкылап ойдон-кырдан, бөксө-сайдан,
Көп элге Сары-Ала-Саз көмкөрүлдү.
Ырчылар аралашып, жар айтканда,
Шырп этпей, жыйылган эл кулак түрдү...
Тандалып эки уруудан эр сайышат,
Эр эңиш, балбан күрөш, ат чабышат.
Атала баш, кызыл камчы, аркан тартмай,
Ат эмес, жөө күлүктөр жөө жарышат.
«Айтылуу арыстандардын урматына!..»
Деген сөз чур-чур, чур-чур үн алышат.
Тапталуу күлүк аттар капкайдагы,
Азанап, атырылып, асмандады.
Сеңселтип суусар бөркүн, атчан турду
Чиренген манап менен бай балдары.

Бийлеген ошол ашты бажыраңдап
Ал күндө ар уруунун карылары.
Алардан: «жөнөт!...» деген сөз болгон соң
Дүрбөтүп түштүк жолго атты айдады.
Күлүккө жеңдей-жеңдей балдар минип
Айдоочтор жолго салып ыкчамдады...
Башталды ат келгиче моокум басар
Оюндар тизмектелген эчен катар,
Ошол күн, ээленишкен далай жигит,
Майданда кызыл-ала канын чачар...

КЫЗЫЛ КАМЧЫ

...Токтоосуз эки тарап эки атчанды
Ортого чечиндирип жана салды.
Колтойгон чоң камчыны колго алышып,
Сабашты өчөшкөндөй кыйнап жанды.
Тарсылдап камчы тийсе, жылаңач эт —
Чубуртат, талаалантат кызыл канды.
Качуудан айласы жок, намыс кылып,
Эрлердин көздөрүнөн жаштар тамды...
Аяшпай, көк буу чыга камчылашты,
Кубарып, өңдөрүнүн наары качты.
Адамга аянычтуу ушул көрдүк
Кимдиндир жүрөктөрүн тызылдатты.
Эрлердин башы-көзү челек болуп,
Тултуюп, кан аралаш шишик басты.
Бир жигит жөө чуркады үйдү көздөй
Карабай түшө качып минген атты.
Артынан жеңген жигит албууттанып,
Тепсете кууп келип, камчы чапты...
«Кокуй ий, жаным ай!..» — деп берки калды,
Качырган куюндатып кайра барды.
«Чиркин-ай, бечаралар куруп калды!..»
Деп гана эчен кедей кайгыланды.
Майнапсыз өзүн-өзү сабап-сабап,
Ал жигит аркы топко кайра барды.
Жок жерден алтын таап алган өңдүү,
Ар кимге үлөштүрдү соогаларды.
Деңгиреп бир аздан соң ал жигит да,
Бүк түшүп, эти ачышып жатын калды...

## АТАЛА БАШ

Бир жерге кичинекей чуңкур казды,
Суу менен шакар-гүлдөр аралашты,
Суу куюп ал чуңкурга да бир жигит,
Эзилтип топуракты, чалмалантты.
Түбүнө ал чуңкурдун тыйын таштап,
Карашып, калың эл да катардашты.
Чыладан ким тыйынды тиштеп чыкса,
Так ошол камандардан байге алмакчы.
Ошону атала баш деп аташат,
Далайлар тиштей албай, тартат азап.
Колунда быдыры жок бечаралар,
Эриксиз тиштебестен кайда качат?
Ошого сөөлөттүүлөр борсулдашып,
Күлүшүп, күүлдөшүп көңүл ачат.
Эгерде кедей тилин албай койсо,
Бай-манап анын башын жерге басат.
Бир кедей басып барып башын салды,
Далайга оозу барбай, зааркандьт.
«Кокуй-ий!.. Кап дүнүйө-ай!.. Бечараны...»
Деп гана, эчен жеңе кайгыланды.
«Бол ылдам!.. Токтобо!..» деп күүлдөшүп,
Үндөрү башчылардын топту жарды.
Баш тартпай ал кедейиң сунду тилин,
Дегендей, бул тилиме тыйын илин.
Жойлотуп кызыл тилди таап алып,
Тили да соруп чыкты тыйын кирип!
«Билерман» карт-карт күлүп байге берди,
«Аарчыгын, чубалды!..» деп, чимкиригиң,
Башташып, мындан кийин ит тартышты,
Аркада сүйрөп жатты бири-бирин...

## ЭР САЙЫШ

...Балбандар аттан түшүп даярданды,
Бооруна, аркасына тердик таңды.
Бекемдеп колтугуна калпак коюп,
Бастыра чыт чапандан кийип алды.
Шымданып жаргак шымды кулдуратып,
Бекитип бүткөн-боюн, кур курчанды.
Тартынып кош басмайыл минер атка,
Учтантып ак жоолукту байлап башка,

Бекемдеп бөктөрүнчөк бөктөрүнүп,
Найзаны кыстарышкан дагы чатка
Тандалып бир дубандан минген аттар,
Эшилет топурактар жерди басса.
Мойнуна камчыларын иле салып,
Балбандар эл аралап жагалданып.
Аларга төмөнкүдөй кеңеш берди,
Чогулуп «жакшылары» тура калып:
Имерип Аксакалды саяк эли,
Козголуп эски намыс, ичте кеги:
— Эгерде күчүң жетсе аянбастан,
Тыяктан чындап өчтү алгын,— деди.
Балбанын кан майданда томолотуп,
Таамайлап өлөр жерге сайгын,— деди.
Сарбагыш качан бизди аячу эле?
Жоонсуп, матап-байлап сабачу эле.
Тушунда хан Ормондон ат суутса,
Саяктан мал тийүүчү адаты эле!
«Ат тери кургабасын бекерге!..» деп,
Эсирген жигиттери талачу эле.
Бул ашта баатыр Сабыр эр сайышпай,
Акмалап Тиштээк жакка барды эле жай,
Тиштээктин оң колтугу калпак жетпей,
Калганын комсоо тартып, көрдү байкай
Ичинен кымылдады Сабыр жансыз,
Келетат андан башка сырды аңтарбай.
Сабырдын Аксакалга айткан сөзү:
— Тиштээкти жыгам десең колтукка сай!..
Таамайлап өлчү жерге сайгын!— деди.
Ормондон ошол өчтү алгын, деди.
Топтошуп, кужулдашкан манап-байдын,
Балбанга ушул болду айткан кеби.
Баарысы кол жайышып, бата берип,
Чуркурап токтоно албай турган эли...
Кыл чайнап, балбан Тиштээк кайраттанган,
Аны да сарбагыштар курчап алган.
— Саякты оңколотуп сайып түшүр,
Мөрөйдү дагы алабыз биздер андан!
Мурунтан ала жүргөн жоо эмеспи,
Бактысын тайдырарсың чымыркансаң!—
Деп айтып, сарбагыштын манаптары,
Муну угуп, баатырдын да кайнап каны:
«Оомийин, кудай арбак,жар болсун!..» деп

Кол жайып курчагандар чуркурады.
Балбандын жакындары ыйга батып,
«Кудайым, сактай көр!..» — деп буркурады...
Жулкунган, жер чапчыган айгыр атчан,
Балбандар суурулушуп эки жактан.
Аларды билермандар коштоп алып,
Алдында калың элдин бетин ачкан.
Кол жайып: «Оомийин!» — деп кыйкырганда,
Баатырлар аттарына камчы баскан.
Күүлөнгөн күлүк аттар куштай учуп,
Атылтып чаңды асманга буркураткан...
Аксакал алчыланып ылдый чапты,
Найзаны оң колтукка таамайлатты.
Күүлөнтүп балбан атын баатыр Тиштээк,
Куушуруп Аксакалга жакындашты.
Дүрүлдөп кээ бирлердин бүткөн бою,
Көз жумуп, аттарынын башын тартты.
Эзелден канга тойгус бөрү тилдүү
Найзалар бир-бирине мойнун артты.
Эр Тиштээк элден мурун даярданды,
Кулата саюу үчүн Аксакалды,
Найзасын эр Тиштээктин туура кагып,
Аксакал сайыш жолун ачып алды.
Карс этип найза сынып, бир кулачы,
Тиштээктин колтугуна батып калды.
«Жуттуң!..» деп, баатыр Тиштээк бир чаңырып
Найзаны кабыргадан сууруп салды.
Токтобой бир аздан соң кан куюлуп,
Эр Тиштээк кансырады — эстен танды.
Мөлтүлдөп тамчылады көздөн жашы,
Шылкыйып, жакындады жерге башы.
Күрмөлүп эрдин тили сөзгө келбей,
Өлүмдүн ушу эмеспи жакындашы!..
«Канатым!.. бир боорум!..»деп, аттан түштү
Бакырып, башын жөлөп жатындашы.
Манабы саяктардын байгени алды,
Бөлүштү кажылдашып сооғаларды.
Кан төккөн, жүрөк жарган сайыш көрүп,
Шоокко, сөөлөттүүлөр кумарланды.
Көргөндөр эр Тиштээкти өлөт дешти,
Макташып, асмандатып Аксакалды.
Кара жер эр Тиштээкке оозун ачты,
Суналып баатыр көргө сапар тартты.

Тызылдап, жан жүрөгү жакынынын,
Өкүрүп, өлгөн эрге кучакташты.
Буркурап, катын-бала, ага-иниси,
Төгүлтүп көздөрүнөн мончок жашты.
Оюнда эчтеме жок манап-байлар,
Аш-тойдо сөөлөт күтүп, жыргап жатты.
Артында жетимдерге ким көз салмак?
Жалдырап оокат үчүн байга бармак.
Бай ага бакты, такты бермек беле,
Жетимдер суусун куюп, отун жакмак.
Тиштээктей далай-далай азаматтын,
Куу найза канын ичип, салган жайлап...
Өткөн күн — так ушундай байга сайран,
Сайрандап манап-байдын шамы жанган.
Какталып кара далы күнгө күйбөй,
Жыргалды чор тамандар көрсүн кайдан?
Сайыштан канга чумуп өлгөн кедей,
Кайгырбай тамашага алар канган.
Өткөн күн — жалпыга бир күн эле, деп,
Уялбай кимдер айтат бизге жалган?
Ал күндүн жерибизде изи калды.
Тактысы манап-байдын талкаланды,
Сезимдүү мээнеткечтер досум дебейт
Аш-тойдо киши өлтүргөн «жакшыларды».
Карасам, Кочкор, Жумгал жаңыланган,
Ой-тоодо, колхоз-совхоз канат жайган.
Өгүздөй бышылдаган кап курсактар,
Өмүрдүк арабыздан тазаланган.
Айлында колхозчунун кадимкидей,
Жалтылдап жаңы турмуш шамы жанган.
Тамдары манаптардын Жумгалдагы,
Билинбей жок болушкан баш-аягы.
Ортого эгин төкчү кампа болду,
Салдырган ал зулумдар мечит дагы.
Баласы Аксакалдай кедейлердин,
Окууда, жангандан соң эрик шамы.
Ал күнкү уруу-намыс бизден алыс,
Жаңырган социалчыл биздин жарыш.
Сарбагыш, саяк дешип бөлүнбөстөн,
Биригип жаңы заман куруудабыз.
Чубалжып илгеркидей көчүп жүрбөй,
Мейкинде кыштак салып туруудабыз!..

*1932*

## КАРА ТУЛПАР

Темир туяк кара тулпар,
Кең сапары ачылган,
Бур-бур-бур көк түтүнү,
Асмандаган, атылган.
Күпө-күпө күүгө салып,
Күжүрмөндү чакырган.
Эй, тулпарым, сени күүлөп,
Отто таптап айдаган,
Эр пролетар адиси арткан,
Тизгиниңди кармаган.
Эмгек менен эпкиндешип.
Жаркыраган, жайнаган.

Көрөсөндүү жер менен,
Көңтөрүштө суу жетишип,
Көркү чыккан чөл менен,
Ырдап келет кара тулпар,
От аралаш дем менен.
Тулпар туяк кызыганда,
Учсуз чөлдү басасың.
Сүйрөп алып бир шаарды,
Аскар тоодон ашасың.
Солкулдатып жердин жүзүн,
Дагы келе жатасың...

Ныгырылтып темир жолду,
Солкулдатып темирди,
Карчылдаган кара тулпар
Илгерилеп теминди.
Темир жолдор тепсеп өтсө,
Керме тоолор жеңилди.

Толкундатып жүрөгүмдү,
Жүрүп берди зырылдап,
Муунак-муунак түрмөктөлүп,
Көк түтүнү бурулдап.
Учкаяктап, тыратат тап,
Жерге жукпай куюндап.

Күндөп-түндөп кара тулпар,
Күүнү чертип келе бер,

Тянь-шандык досторуңа,
Курал-шайман бере бер!
Карагоону жарып өтүп,
Ат-Башыга келе көр!

Тянь-Шанга жолуң жетсе,
Калкым дагы шаңданат,
Ала-тоолук Кыргыз эмес,
Аркы Кытай таңданат.
Социалчыл кара тулпар,
Шарактай бер, алгалап!

*1933*

## СЕН ЖОЛДОШУМ

*(8 мартка)*

Эсиңдеби өткөн күн?
Сен ошондо
Мал ордуна сатылдың!
Сөөлөттүүлөр чечкен жок,
Чын тагдырын
Мөлт-мөлт аккан жашыңдын!
Шоруң катып,
Ыйга батып,
Сур заманга
Кучакташып
Жалдырадың,
Жан талаштың, баш урдуң!
Жаңы айылда так бүгүн
Эрктүү болуп,
Эркин-шайыр
Өскөн сен,
Кетмен кармап жер казып,
Эмгек менен
Колхозго да өткөн сен!
Кең талаага
Экчей-экчей,
Бермет данды сепкен сен!
Большевиктен
Өрнөк алып,
Эмгегиңден
Кубаттанып,

Социалчыл жеңиштерге
Жеткен сен!

Маданият жолунда,
Шаарың барбы окуу үчүн
Барбаган?!
Терең билим алууга —
Күрөшчүсүң,
Күчүң кайтып талбаган.
Калыймандай,
Билимдүүсүң!
Ырдап берсең
Жеңиш күүсүн.
Кубанышып
Кол чабышат айланаң!

Большевиктер
Сенин бактың!
Дагы илгери
Ылдам баскын!
Куйту душман
Көргө батсын!
Бир гана эмес,
Миң Калыйман,
Жеңе,
Жеңе
Жеңиш менен шаңдангын!

*1933*

## АЛТЫН ТОО

Эй алтын тоо!
Сен кылымдар жаткансың!
Алтыныңды
Жүрөгүңдө каткансың.
Ал күндөрдө
Тунарыктап көңүлүң,
Көк желкеңден
Кара таштар баскан чын.
Билесиңби сен качан
Көзүң
Көрүп,
Көңүлүңдү ачкансың?!

Ал күндөрдө,
Жүрөгүңдү тебелеп,
Текебердүү манап-байлар жайлаган.
Мээ сызгырган
Кумга орногон талаага,
Кулданышып,
Мээнеткечти байлаган.
Көк кайкыда
Жыланҥайлак мал багып,
Малчылардын
Минтип шору кайнаган...
Эй, асман тоо.
Сырың бүгүн ачылды!
Бүгүн аарчып
Кан аралаш жашыңды.
Эбак күндөн
Эми гана көрдүң го,
Техникалуу
Жумушчу тап баатырды!
Биздин кызыл инженер.
Тепсеп чыкты.
Үн жетпеген башыңды!

Эй алтын тоо,
Бөйрөгүңдү казабыз.
Уктап жаткан
Алтын кенин ачабыз.
Алтын,
Күмүш,
Көмүр,
Темир,
Жез,
Коло,
Магнит таап,
Биз чокуңдан ашабыз.
Байлыгыңды эсептеп,
Алтын менен
Маңдайыңа жазабыз.

Жүрөгүңдөн
Туйлап чыккан арашан,
Минералдын
Дары суусун карасаң!

Көңлүм толуп,
Капчыгайым көркүңө,
Көктө турган
Жылдыздарга жанашам!
Жашылданган,
Кең капчыгай бер жагың,
Кайнап эмгек,
Колхоз турган эл жагың,
Жүрөгүңдү
Коргошундай балкытат,
Тыңшап көрсөң
Булбулдардын ырларын...
Жаңы айылың
Көтөрүлүп күүлөнүп.
Кандай сонун,
Сенин күрөш сырларың?!..
Душмандардын
Сейил жайы болбостон,
Арашаным
Өзгөрүлдү — безенди.

Жалынданган
Жигит-кызы илимдин,
Жаркылдатып
Жаңы тууну көтөрдү
Жаркыраган
Кең өзөндүн боюна
Кызыл кирпич,
Цемент-таштар
Төшөлдү...

Жай чилдеде
Кетмен чаап, төккөн тер,
Жайнап келет
Капчыгайга эмгекчи эл.
Эркиң сенин
Ошолордун колунда,
Баш ий, жерим,
Жарк-жарк күлүп салам бер!
Эй, алтын тоо,
Дос эмессиң дин менен,
Билесиң го.
Кимдер душман ким менен?

Ырдачы дос,
Жеңиш ырын ырдачы,
Капчыгайды
Кубулжутуп үн менен!
Чети оюлбас
Мол кениңден таанышсын,
Жолдоштордон
Мурун сени билбеген.
Маңдайыңа
Телефонду орнотуп,
Сүйлөшөбүз
Асманда ай, күн менен!

*1933*

**ЖҮРҮШ МАРШЫ**

*(хор)*

Команда бер, жолдош, баатыр Будённый,
Кырка тартып биз атчандар чыгалы.
Кулак салып большевикчил маршыңа,
Жеңиш менен жооп берип туралы.
Шаңдуу күндөй шайдооттонбой,
Эр азамат турабы!
Өз табы үчүн кызыл шумкар,
Асманга учар убагы!
Эй!
Асманга учкан убагы!

Катардашып, аргымакты ойнотуп,
Биз жүргөндө бул кара жер солкулдайт.
«Жүр-жүр-жүр» деп жүрөктөгү ысык кан,
Жеңиш менен көтөрүлүп толкундайт.
Баатырдыктан, чебердиктен,
Бизден эч ким артылбайт.
Ошондуктан, бардык душман
Батына албай калтылдайт.
Эй!
Жүрөксүздөр калтылдайт.
Большевиктик кызыл тууну көтөрүп,
Жортуулдабыз коммунизм жолунда.
Шайлангaнбыз сапар тартып жүрүүгө,
СССРдин салтанаттуу тобунда.

Ошондуктан беш атарлар,
Гранаттар жонумда.
Алда кайдан көрүү үчүн,
Асыл дүрбү колумда.
Эй!
Асыл дүрбү колумда!

*1933*

## ЖАШ КАЛАМ

Ташкындаган дайрадай,
Толкуп көңүл ырдаган.
Эмгек деген махаббат
Баткан адам жыргаган.
Сергек жанган,
Ыр — кубат, алга!
Өйдө-өйдө,
Өйдөлөгөн
Жаш өлкөдө жаш калам!

Таңшыйт булбул доорунда,
Таалай үчүн, таң үчүн.
Эргийт булбул багында,
Эмгек үчүн, шаң үчүн!
Толкундай ойноп,
Торгойдой сайрап,
Ташкын-ташкын,
Ташкындаган,
Ташкындаган жаш күчүм!

Жүрөгүнөн нур жанган
Жаш замандаш, жаш достор.
Эмгегинен бал тамган
Эркин учкан жолдоштор,
Доорубуз — майдан,
Ансыз жок сайран.
Күрөш-күрөш,
Күрөш үчүн
Күжүрмөндөр даяр бол!

*1934*

## ЖАПАР МЕНЕН ШАРЫЙПА

*(каттар)*

### АЛЫСТАН КАТ

Жашыл вагон келгенде,
Жандап барып караймын.
Жаракөр жан жолдошум,
Келсе экен деп самаймын.

Жапаш, сага эркелеп,
Ойноп күлбөй жанашып,
Жалгыздыкты тарттым го,
Калган өңдүү адашып.

Жаштын көрдүм кыйласын,
Шынаарлашып жүрүшкөн,
Деги кайда барса да,
Жалындашып сүйүшкөн.

Кээде биздин коңшулар
Бакта басып жүрүшөт.
Дуулдашып эл жата
Пиванойдон келишет...

Мындай турсун служба,
Үй кызматы мойнумда,
Салмагын салып кыйноодо,
Картаң энең колумда.

Атайылап мага арнап,
Сүрөтүң жок жиберген,
Ынактарың бар белем,
Ал жерде сени имерген!

Театрга, киного,
Башым оосо барамын,
Теңтуштарың көргөндө,
Сени эсиме аламын.
Он эки ай оңой көрүнбөйт.
Ойлоп өзүң карагын.

Сен гана издеп билимди,
Мен кандай жөн каламын?

Жокпу менин болбосо
Илгери үмүт талабым?..

Кубанып турган күнүңдө,
Колуңа тийсин ушул кат.
Жүрбөсөң болду кубаңдап,
Жообуңду, Жапаш, жибер бат!

*(Жолдошуң Шарыйпа. 20/VI 1934)*

СЫР ЖООП

Аманбы, Шакин, садагаң?..
Алдым жазган катыңды.
Алда нечен ойлонуп
Оорутупсуң башыңды.

Ишен, Шаки, чынында,
Билим алуу тилегим.
Ошондуктан бел байлап
Алыс жерде жүрөмүн.

Маданият турмуштун,
Өтө сонун жагында,
Илгерилеп кол созуп,
Окуй турган чагымда:

«Улук бол, келин» — дегениң
Ойлобостук эмеспи?
Окууда жүргөн жолдошко,
Ким берет мындай кеңешти?

Жүрөгүмдү туйлатты,
Сенин кээ бир «сырларың»,
«Ээрчип пиво ичпей» — деп,
Ошого арман кылганың!
Өткөрмөк белең мас болуп,
Жаштыктын жалын кырдалын?..

Алыскы жерде мен жүрсөм,
Жолдошум сен деп, дем кылып,
Абдан наалып жазыпсың,
Арманың күчөп, кайгырып!

Биздин доордун жаштары,
Сыйлабайбы карысын?
«Картаң энең дагы...» — деп
Ал эмине намысың?

Энекемди сагынам,
Мойнумда тоодой милдети,
Сага дагы тийиштүү,
Ал милдеттин бир чети.

Үшкүрө бербе кайгырып
Каласың күчтөн айрылып,
Эркиндеп көңүл ачалбай,
Жүрөсүң кимден айбыгып?

Же болбосо анткорсуп,
Жөн эле кат жазбагын.
Сүйгөнүмдөн айтамын,
Чирик ойго батпагын.
Бул жиберген катыңа,
Эриксизден термелем.
Жайымды билбей кеттиң деп,
Жашооруй турган сен белең!

Ырас мен да кез-кезде,
Театрга барамын,
Жаңылыгын турмуштун,
Келет экен карагың...
Театрды түшүнсөң,
Ал дагы бир сабагың,

Ишенбегин, Шарыйпа,
Уккан сөздүн баарына.
Душманыңбы, досуңбу?
Текшере бил аны да...

Курдашыңдын айтканын
Көңүлүңө түйө бил,
Маданият турмушту,
Эмгектенип, сүйө бил!

Катыңдын бир жеринде,
«Жүрсөм,— депсиң,— жанашып»,

Далай сөзүң ойлонсоң,
Өткөндү турат саматып.

Садага Шакин, мен дагы,
Бирдемени эстедим.
Эстегеним айтайын,
Көңүлүңө кетпесин...

Сен көргөнсүң билемин,
Далай «чолок этекти».
Чытыраган ал кезде
Эчеп тилмеч, кесепти.

Ошондогу «мырзалар»,
Душман эле биз менен.
Чоң өнөрү масчылык,
Күнү болбой ичпеген.

Масчылыктан кол тийсе,
Баштоочу эле жаатты.
Чукул коштоп алышып,
Эчен байды-манапты.
Кызыл чеке болушуп,
Уюштуруп тарапты.

Жүрүшчү эле коштошуп,
Мейманчылап топтошуп,
Мас болгон соң оолжуп,
Дайынсыз сөз козгошуп.
Жааттащып урушуп,
Аягында соттошуп.

Каршыгышкан учурда,
Тапанчалар суурулуп,
Кычыратып тиштерин,
Бир-бирине жулунуп,
Ажы-кажы сөздөрү,
Алда кайдан угулуп...

Темтеңдешип жүргөндүн
Эчёнин мен да көргөмүн.
Мансап үчүн жутунуп,
Далайга пара бергенин.

Күрсүлдөчү ошолор
Каманындай дүйнөнүн.

Жыйналышта кедей, деп
Көздү жумуп бакырып,
Кеч киргенде байларды,
Үйлөрүнө чакырып.
Ченгел-ченгел акча алып,
Жең ичинен жашырып,

«Пара» десе жутунчу
Бир-биринен ашыгып.
Камтый кармап кетчү эле,
Калган куулар машыгып.

Ал «мырзалар» бар кезде,
Шумдар жүрчү жайланып.
Бай-манаптын ордуна,
Эч жазыксыз зарланып,
Байкуштар кетчү айдалып.

Куйту-шумдун эчени
Улуктукка шайланып.
Ал «Үп» төргө берчү эле,
Бай-манаптар кыздарын
Далай көргөм чиренип,
Сөөлөт күтүп жатканын.

Эрке үйрөнгөн бай кызы,
Масчылыкта тайраңдап,
Күйөөсү менен үлпөттө,
Жүрө берчү сайрандап.
Көрсө копор болушчу,
Как ошолор жалжаңдап.
Ал катындар жүрүшчү,
Өздөрүнчө кылтылдап.
Жигит көрсө сылангап,
Күлүшкөнү шыңкылдап.
Тегеренип кыйшаңдап,
Токтоно албай шылкылдап,
Жигиттен жигит тандашып,
Бакка кетчү жандашып.
Күүгүм кире, эл жата

Кучакташып кармашып,
Түн ортосу болгондо,
Келүүчү эле чаңдатып...
Кызматчысы туруучу,
Тамак-ашын кайнатып...

Шкавында «жеңенин»
Бөтөлкөлөр шагырап,
Көп катындар чогулуп,
Мас болгондо бабырап,
Чубуртчу элө ушакты,
Жаагы тынбай жабырап.

Чакырбаса конокко,
Бир-бирине таарынып,
Мас болгондо чойроңдоп,
Бир-бирине жалынып,
Улук «райым» кылгыча,
Күнөкөрдөй зарылып,
Кичинеси чоңуна,
Шыйпалактап жагынып,
Эсирди эле ошолор,
Кедей тонун жамынып.
Ырас сен да жашыңда,
Ошолорду көргөнсүң,
Ошол турмуш элесин,
Унутпастан жүргөнсүң.

Андайлар бизден жеңилип,
Аласталды терилип,
Жүгөндөлүп жатыр го,
Жүргөндөрү элирип.
Кайраттуу далай большевик
Жол көрсөттү алгалап.
Большевиктин соңунан,
Биздей жаштар чамданат!
Чала билим алуудан,
Курбуң Жапар арданат.
Тийип качып жүргөндөй,
Мен эмесмин жарганат.

Капа болбо, Шарыйпа,
Сенде эскилик залдары,

Жаркыратсын бетиңди,
Жаңылыктын шамдары...
Күйүт тартпа күн санап,
Азап тартпа ай санап,
Алек болбо, замандаш,
Жүрөгүңдү дарт чалат.

Көңүлүм сенден калган жок,
Менде эч кандай арман жок.
Сенден башка селкини,
Дееги оюма алгым жок.

Туура болсо пейилиң,
Бирге өтөр өмүрүм.
Кыз күнүңдө кол берип,
Көрүшкөндөй көңүлүм.

Келгениңе айылдан.
Эки жылга толо элек,
Жан бактылык пейилдер,
Көңүлүңдөн кала элек.

Уяттуумун мен сага,
Окутпадым абыдан...
Таарынчың мага орундуу,
Так эле ушу жагынан.

Мен көргөндү көрбөдүң,
Мен билгенди билбедиң.
Так ошонун кесири,
Түшүнө албай жүргөнүң.

Эгер келсең сен мында,
Өзүм тосуп аламын.
Сен каалаган окууга,
Өзүм алып барамын.
Сүйүндүрдү чын эле,
Окуу деген талабың.

Мени дагы кызартты,
Жүйөөсү бар саламың.
Орду менен айткан соң,
Кантип сени кагайын?

Толкуну бар ой менен,
Бүркөлүптүр кабагың!..
Иренжибе, кайгырба,
Мени дагы аягын!..

Кечирип кой, таарынбай,
Эгер жазсам орой сөз.
Жайдары жүрчү жаркылдап,
Кадырдашым кара көз!

*(Жапар 15/6 1934)*

## КАЙТА ДАГЫ

Жапашым, жаным, сагынып,
Алдым жазган катыңды...
Ырас, далай акылың.
Сергитти менин башымды.
Кармагым келет менин да,
Маданият чырагын...
Ушунча айткан сырымды,
Укса боло кулагың!
Кандай десең өзүң бил,
Мен дагы жол табамын.
Сен окуган шаарга,
Токтоосу жок барамын.
Сагынып сага жиберген
Ушул менин саламым.

*Шарыйпа 1/7 1934*

## БИР КЫЗАРДЫ

Чылым чегип тыныгып,
Кроватта жатканда,
Жаңыдан бир кат келди,
Дагы жолдош Жапарга.

Окуган соң ал катты,
Ойго батты кубарды...
Үстөлүнөн сыйпалап
Калем-кагаз чыгарды.

Калемди Жапар оңтойлоп,
Ойноктото кармады:
«Кымбатым Шаки...»— деп баштап,
Жорголоду бармагы.
«Энемди жибер колхозго,
Оокатын кылар ал дагы.
Эми багып алышар,
Колхоздогу балдары...
Мен макулмун»— дегендей,
Сөз кагазга жайнады...

Эр паровоз келатат,
Коңур үнүн зуулатып,
Жайнап жашыл вагондор.
Кырка-кырка чубашып...
Көркөм талаа жол басып
Волга суусун ашканда,
Европага суйкайып,
Күн айланып батканда
Карап турат Шарыйпа,
Терезеден жылмайып.
Барган сайын жалтылдайт,
Кең Россия нурданып.
Кандай сонун түз талаа,
Токой менен чырмалып.
Көк тиреген ак кайың,
Көйкөлүшүп ыргалып.
Көз жиберсе Шарыйпа,
Бул талаанын чаңы жок.
Какыраган таш толгон,
Какшып жаткан сайы жок.

«Чып эле сен белемсиң,
Мен алыстан уккан жер.
Россия деп таңдантып,
Даңкы катуу чыккан жер!
Аэроплан асмандап,
Обол баштап учкан жер.
Атасы болгон өнөрдүн,
Мында экен го Орус эл.

Кан тырмактуу душманды,
Кан майданда жыккан эл,

Советтерди нурдантып,
Күн сыяктуу чыккан эл,
Эзилгенди бошоткон,
Эмгеги бар сырттан эл,
Жолуңдагы жолоочуң,
Ала-Тоолук биздейлер...

Туштөгүдөй көрсөткөн,
Түркүн-түркүн элести,
Жер гана эмес, асманга
Үстөм кылган советти,
Бул турмуштун жүрөгү
Москва болот эмеспи?!..
Ошол борбор Москвага,
Биз кай кезде келебиз?
Сагынычтуу Жапарды,
Кайсы жерден көрөбүз?..
Жадырашып күлүшүп,
Качан бирге жүрөбүз?..

Балбан, күлүк паровоз,
Дагы катуу жүрсө экен.
Даңктуу борбор Москвага,
Дароо жетип келсе экен?
Миң тетигин турмуштун,
Менин көзүм көрсө экен?!..»
Деген ойго чырмалып,
Шакен көзүн сыйпалайт,
Чуркаганда поезддер,
Темир жолдор кайкалайт.
Мени көргүн дегендей,
Жашыл талаа чалкалайт.
Көрсөң сулуу Россия!..
Кимдер көркүн байкабайт?!..

Капилеттен,
Созолонуп, шыңгырап,
Телефондон үн чыкты,
Коңур үндүү бир аял,
Салмак менен унчукту.
— Институтпу?
— Ооба, анан?
Жапар деген бар бекен?

— Мен Жапармын, кимсиң сен!
— Мен...

Селт этти Жапар таңданып,
Дагы тыңшап, сүйлөдү.
Ой, деги сен ким? — деди.

Тыңшап туруп Шарыйпа,
Күлүп калды каткырып.
Бул күлкүсү Жапарды,
Андан бетер шаштырып,
— Шарыйпа?!..
Шакен, аманбы?
Сонун болду келгениң!
Эмне үчүн чыгарда,
Телеграмма бербедиң?

Күн батарда келгенбиз,
Кирпредке [1] токтодук.
Жол билбеген адамга,
Болор эмес козголуп.

Маакул Шаки, эмесе
Азыр жетип келем мен.
Көңүлүңдө жүргөндүн
Көрсөтөмүн баарын тең...

Басып чыкты көчөгө,
Жапар дагы энтеңдеп,
Жаны бирге жарыма,
Жетсем, колум берсем деп...
Колтуктапып
Түнкү Москва күндүздөй,
Жаркыраган нурданган.
Каршы-терши жолдордо,
Трамвайлар ыргалган...
Шарыйпа да Жапарды,
Бекем кыса кармаган.
Аны улам чоочутат,
Трамвайлар жайнаган...

---

[1] Кыргызстандын Москвадагы элчилиги

Жадырашат эки жаш,
Кең Москваны аралап,
(Эркин-эркин сырдашып,
Ичтеги бук таралат)
Жыргал көрсүн жолдоштор,
Бул борбордо саламат!..

Толкундап
Айтсаң тилиң жетпестей,
Бул Москванын элеси.
Туу көтөргөн элди ырдайм,
Асти токто дебечи.
Шаңдуу кызыл жигиттер,
Кылка-кылка саптары,
Текебердүү ылаалайт,
Аргымактын баштары.

Мылтыкчасын кармаган,
Тойпоңдогон жаштары.
Кремлдин алдынан,
Эл чубалжый баштады.
Мавзолейден көсөмдөр,
«Жашасын биздин жаштар» — деп
Далай ураан таштады.

Асманга көз жүгүртсөң,
Дагы айран-таң каласың.
Канаты жок көккө учкан,
Стратостат жарашын...
Темир куштар сермешет,
Күүлдөтүп канатын.
Элдин ичин карасаң,
Миллиондорго бириккен,
Жаш баладай күлүшкөн,
Жапарларды табасың.

«Көрчү Жапар, биз дагы
Учурсак бейм парашют.
Ала-Тоодон келдикко,
Бул өнөрдү самашып.

Эч болбосо белсенип,
Аэроплан минсек бейм.

Аралашып булутка,
Асман менен жүрсөк дейм.
Бул Москванын сөөлөтү,
Таңыркатты өзүмдү,
Үмүт менен толкундап,
Чиркин денем көшүлдү...»

Карады Жапар жылмайып,
Шарыйпанын жүзүнө.
Кубанды окшойт жарынын
Сүйүп айткан сөзүнө.
Жаркыраган келечек
Элес болуп көзүнө...

«Чын айтасың» дегендей,
Ийкеди башын жарына.
Маашыр калат Шарыйпа
Көргөнүнүн баарына...

*(Москва — Фрунзе 1934)*

## СЕН КОЙСОҢ ДА, МЕН КОЙСОМ

*(Күлкү, какшык)*

**Жигит** —

Калың элдин кызматынан,
Качканымды мен койсом.
Ар бир түнү пивакойго,
Басканыңды сен койсоң.

**Аял** —

Оор уйкудан көз ачалбай
Жатканымды мен койсом.
Билбесең да билемин деп,
Мактанууну сен койсоң.

**Жигит** —

Жүрөгүңдү күндө сурап,
Кыйнаганды мен койсом.
Сөз көтөрбөй ызаланып,
Ыйлаганды сен койсоң.

**Аял** —

Конокторду эс тандыра,
Сыйлаганды мен койсом.
Кемчиликти бетиңе айтса,
Туйлаганды сен койсоң.

**Жигит** —

Желпилдеген жел кыялды
Жандаганды мен койсом.
Күндө бирди сүйөмүн деп,
Алдаганды сен койсоң.

**Аял** —

Көз көрсө да, кол жетпести
Тандаганды мен койсом.
Урамын деп муштумуңду
Камдаганды сен койсоң!

**Жигит** —

Ак жеринен кара тутуп,
Аландоону мен койсом.
Мурдуң чүйрүп көрүнгөнгө
Жамандоону сен койсоң.

**Аял** —

Сага каршы ушакты,
Даярдоону мен койсом...
Өмүр шерик кыйышпастай,
Замандашым сен болсоң.

**Жигит** —

Бир өзүмдүн көмөчүмө
Күл тартууну мен койсом,
Достуң үчүн туура жолду
Кыйшайтууну сен койсоң.

Экөө бирге —

Бир алкымдын айласы үчүн,
Калп айтууну мен койсом...
Жан бактылык адатыңды,
Сен да мага тең койсоң!

*1934*

## ФАБРИК КЫЗЫ

Жердин жүзүн жаркыратып,
Таң жылмайып атканда,
Ырчы гудок үн салганда,
Жумушчулар шашканда
Көкүлүң желге желбиреп,
Көңүлүң өсүп делбиреп,
Аралаштың сен дагы,
Шайдоот-шайыр жаштарга.
Мен айлантсам станокту,
Сен да жибек түрүштүң.
Мен курушсам өрмөгүңдү,
Сен машина жүгүрттүң,
Машинаны зуулдатып,
Сүйүнүч ырын ырдашып,
Эрлерине эмгектин
Кол кармашып күлүштүң.

Кандай сонун шам-чырагы,
Жылдыз нурдуу фабрик.
Машинанын шайдоот уулу,
Чимирилген жаңы ийик.
Ал ийикти жанданткан,
Айланткайда, шаңданткан.
Ак саргылым, сенде го,
Сенде эмеспи жаңылык!..

Фабрик кызы жалтылдаган.
Колдо сенин машинең.
Техниканы тегеретken,
Теңтуш сага, кимдер тең?
Муңайбайсың күлөсүң
Күлкүнү сен сүйөсүң...
Эркиндиктин эркеси,
Эч чыкпайсың эсимден.

Сен клубда, салкын кечте,
Кызыл жоолук салынып.
Кызыл жоолук замандашты,
Мен да турам сагынып.
Теңтушсунуп тосомун,
Болбосо айып ошонум,

Эрмектешсек, сергишсек,
Ал жүрөккө жаңылык...

Кыйгач топу, кызыл жоолук,
Фабрик кызы замандаш.
Ушул таттуу турмуштагы,
Жаш гүлдөргө таалайлаш.
Сен фабриктен чыкканда,
Теңтушсунуп басканда —
Кармасам дейт колуңдан,
Кадыр билги кыйла жаш,
Шоокчул кызыл фабриканын,
Теңтайлашкан таламдаш.
«Ударник» деп даңкы чыккан,
Ак маңдайлуу алтын чач.
Жибек түрүп маңкайган,
Жибек кокүл аталган
Ал тетиги олтурган,
Комсомолка кыйгач каш!..

*1935*

## ТУУЛУП ӨСКӨН АЙЛЫМА

Беттен сүйүп, тоо шамалы ыр ырдап,
Күлө карап, закым жүрдү жымылдап.
Мактангандай Ала-Тоого чалкайган,
Машинабыз келе жатат зырылдап.
Ат, арабалар көзгө илешпей калгансыйт,
Ойдо-кырда, алда кайда кыбырап.

Кең төр жайлоо, туулган жер аманбы?
Көк килемдей кубулган жер аманбы?
Көргөн кезде бүткөн боюм чымырап,
Токтоно албай, айтып турам саламды.
Калган окшойм ашык жардай сагынып,
Көптөн бери көрбөгөнгө караңды...

Таңалбаймын сен да унуткан эмессиң,
Беш-он жылдап четтеп кеткен балаңды.
Айлык, жылдык алыс жерде жүрсөм да,
Сага бургам мен дагы ой-санаамды.
Мен өзгөчө деги кантип унутам,
Күжүлдөгөн көп колхозчу агамды?!..

Улуу тоонун этегинде, түзүндө.
Эл жыргалдуу, бышыкчылык күзүндө,
Колхозчулар кырман алып жатканда,
Эмгек жүрөт уктаса да, түшүндө.
Күзгү кыштак жоош адамдай момурап,
Боюн керип, тыным алар кезинде.

Абды бала молотилка миниптир,
Төшүн керип чоң кырманда жүрүптүр,
Тилекматым аппак сакал абышка,
Саман жыйнап ал да кошо кириптир.
Эл уктаган түн ортосу маалында,
Ал карыя, кырман багып жүрүптүр.
Эл эмгекте, эр күрөштө экенин,
Бабай туюп, ушул доорун сүрүптүр.

Көшүп жатса таттуу уйкуда балдары,
Данга сакчы колхоз аксакалдары,
Сызгырылып кырманчыга үн кошот,
Суусу мөңкүп, туйлап жаткан сайдагы.
Колхозчулар жердин көркүн чыгарды.
Желбирешип, жеңиштеги байрагы.
Көзүн салып баатырларга суктанат.
Тоодон булак, көктөн жылдыз, ай дагы.

Төр ага да кырманында бой керип,
Толмоч тартып, таноосу да дердейип,
Кур сыланып кетип калчу ал эмес,
Эттүү, кыздуу жер кыдырып желденип,
Шымаланып, үймөк бузуп жатыптыр,
Эгин досу эмгек менен термелип.
Бир кезекте бети-башын сыйпалап,
Үймөгүнөн түшүп келди теңселип...

Катар-катар кемегеге чай кайнап,
Казанында сызгырылып май кайнап,
Чет жактагы кош казанда бүлкүлдөп,
Бышып жатат майлуу сорпо жай кайнап.
Кетпей жүрөт кемегенин жанынан,
Сугалак, шум Карымбай да кайсаңдап.
Кырмандагы уул-келиндерине,
Энекебиз тамак камдайт балпаңдап.
Жазгангандай тиги ашмачы келинден
Карымбай да күлгөн болот арсаңдап.

Тоонун ыры бул кылымдын сырындай,
Ыр болобу биздин элдин ырындай?
Бул тарыхта болду бекен бай кылым,
Биз жашаган жыйырманчы кылымдай?

Жалакайды жадаткан эл ушу го,
Аңызында ала калса кымындай.
Кайраттуу топ шумкарга окшоп качырса,
Тентек, жөнтөк туралчуубу тыйылбай?
Эмгек чечсе, мээнеткечтин тагдырын,
Кетменчилер кантип калсын жыйылбай?
Бүгүнкү актив кырман басып жатпайбы,
Ооз көптүрүп, ат үстүнөн буюрбай.

Турмуш, досум, кыял эмес, ушундай —
Эмгек эри доордун алгыр кушундай,
Бир улактын кылын кыркпайт башкарма,
Каарман эр колхозчусун чыкырбай.

Эмне үчүн талаа гүлдүү жашылдай?
Ак маялар желге ыргалат баш ыргай.
Эңкейсечи ата кокуй Карымбай,
Кыйшалактап, кур аркасын кашынбай!
Беш көкүл кыз, керилген келин кырманда,
Баягыдай акелерден жашынбай.

Чыгар эркин күзгү кыштык демиңди,
Таза абага чыйралтайын денеңди.
Ышкырыктуу тоонун салкын шамалы,
Жазмак болду капкайдагы черимди.
Дырылдатып машинаны айлантып,
Сапырышкым келип турат эгинди.
Чымчып буума ак каптарды ташынып,
Шыпырсам бейм, чекеден мончок теримди

Каалгыйм неге, көңүлүм менин жайланып?
Элим карайт, сонуркайбы, таң калып.
Кече албасмын терең өнөр дайрасын,
Жата берсем ушул тоодо кармалып!..
Азаматтуу айлым сени сагынып,
Бир гана эмес, миң келермин айланып.

*1935*

## БИЗ ЭМГЕКТИН БАЛБАНЫ

*(Алым-сабак ырлары)*

**Ж е к е —**

Атылып тоодон түшкөн суу
Күбүргө кирди жылтырап.
Чаңкаган жерден чыгып буу,
Чөл менен акты шыркырап.

**Ж а л п ы —**

Баатырлар чөлдө бел байлап,
Күлүктөй сүрөп сууну айдап.
Чогойно жаткан талаага
Чыкты го эми гүл жайнап...

**Ж е к е —**

Күдүрлөр көпкөк жай болуп,
Тал-терек өсүп толгонуп,
Көгөргөн өзөн кайсы деп,
Көргөн жан канча ойлонуп.

**Ж а л п ы —**

Каалаcа тоону көчүргөн,
Калдайган элдин күчү экен.
Кайраттуу жигит, камкор кыз,
Калк үчүн иштер кези экен!

**Ж е к е —**

Даңкыбыз чыгып күрөштө
Ойноду толкун жүрөктө.
Жемирген чөлдү балбандын
Жеткенин көрчү тилекке.

**Ж а л п ы —**

Таш каткан чөлгө суу салып,
Талааны элим колго алды.
Ырдайлы эми күү чалып,
Эмгектен чыккан балбанды!

*1935*

## БИЗДИН АЙЫЛ ТООДО ЭКЕН

**Кыз —**

Күнгө карап күлүмсүрөйт
Бийик тоонун баш жагы.
Эчки-теке чубап жүргөн
Калкылдаган аскары.

**Бала —**

Тоонун берки этегинде
Жүздөп-миңдеп жатканы,
Биздин жердин малы тура
Ата-энемин тапканы.

**Кыз —**

Көп экен го айлыбыздын
Кымыз менен айраны.
Санат жетпейт канча экен деп
Сүтү менен каймагы.

**Бала —**

Ошол тоодо жылкы баккан
Менин баатыр атам бар,
Тиш сала албайт атакеме
Карышкылар, камандар.

**Кыз —**

Бер жагында саан сааган
Менин жакшы эжем бар,
Сабагыңдан начар болсоң,
Каймак, сүттө немең бар!

**Бала —**

Тоо айлынын балдарыбыз
Тоо койнунда ырдаган,
Эрте турган, жакшы окуган,
Ата-энесин сыйлаган.

**Кыз —**

Биз окуучу жаш жеткинчек
Жаман жолго барбаган,
Жарга ойнотпой козу-улакты,
Көк жайыкка айдаган.

**Бала** —

Тоонун боору кандай сулуу,
Түркүн гүлдөр жайнаган.
Тоонун бети көпкөк токой
Түркүн куштар сайраган.

**Экөө** —

Жел желбиреп, көл мелтиреп,
Ырдап турат айланаң...

*1935*

## АК КЕПТЕР

Жагалмайдай кайкып учуп баралбай,
Жаш жүрөккө жагар дары табалбай,
Ак кептерим түтөбөйүн арманга,
Кучак жайып, кумар жазып калалбай.

Асманга учсаң, мен да күтөм жолуңду,
Ак маңдайым, кармасам дейм колуңду.
Эч болбосо сен конуучу токойго,
Жаным секет, жаялбадым торумду.

«Күйсөң күй» — деп, кашты серпип күлгөнүң,
Жанымды өрттөп, жал-жал карап жүргөнүң,
Мынча эмне түлкү куумай ойноттуң,
Айтчы деги, анык бекен сүйгөнүң?

Эми качан сыр түйүнүн чечесиң?
Кайсы күнү колдон кармап өтөсүң?
Көз көрбөстөй келбес сапар тартсаң да,
Кантип деги кадырлашпай кетесиң?

Сен дегенде туралбаймын жай алып,
Келаткансып эки жагым каранып,
Түшүмдө да карагайлуу булакта,
Буластайсың кундуз чачың таранып,

Кундуз жоксуң... мен беймаза, убара,
Курсун жаным, убарамды сураба.
Эми качан сүйүндүрөт жүрөктү,
Өлгөнчө жан бирге деген убада?..

*1935*

## КЫЗЫЛ АТЧАНДАР

Таң атар алды салкында,
Салкын жел жүрөт.
Шамдагай тоодо шамалдай,
Биздей ким жүрөт?
Ойнотуп тоонун тулпарын,
Эркин үйрөтүп,
Советтик кызыл, баатырдай,
Атты ким минет?
Атактуу кызыл атчандар,
Өлкөсү үчүн шерденет.

Бой жазып күлүп, гүл ачкан,
Көрктүү жазда да,
Ала-Тоо бетин кар баскан,
Ызгаар кышта да,
Асмандап душман ок атып,
Дары чачса да,
Болбосо чекке көз артып,
Бугуп жатса да,
Өнөрдү улам түрдөнтүп,
Коркпойбуз биздер майданда.

Мына биз, кызыл атчандар,
Жүрдүк жарданып,
Душмандан элди сактоого,
Чебер камданып,
Большевик тапкан ык менен,
Өнөр үйрөнүп,
Туюктан туура жол ачсак,
Аалам таңданып,
Шаттыктын ырын ырдайбыз,
Өлкөнү күн-түн кайтарып.

*1935*

## А. С. ПУШКИНГЕ

Дүйнөдө өмүр сүрүп көрбөгөн ким?
Кезинде турмуш карзын бербеген ким?
Арадан канча кылым өтсө дагы,
Кулабас мунарасы сендейлердин.

Турганда туман басып Россияны,
Эл мөгдөп жердин кетип көркү-шаңы,
Эркинче от жүрөктү эс алдырбай,
Кол-бутун матап кулдук чынжырлары.

Балбылдап, Россияга жаралдың сен,
Турмушту улуу сынга ала алдың сен.
Сайрасаң, толкун менен көтөрүлүп,
Чынында кимдер сага келди эле тең?

Райымсыз зордукчулду көрө албадың,
Алдоого, айдоого да жүрө албадың.
Эңсесең элдин эркин, жердин эркин,
Сен качан күйүт тартып муңайбадың?

Барбы эле анда оруста сендей акын,
Терметкен Россияны атак-даңкың.
Эңсеген боштондукту, адамдыкты
Ырыңды жатка айтышкан түмөн калкың.
Түшүнгөн улуу орустун баласына,
Эле го, оюң дениз, сөзүң алтын.
Кылычын канга малса корстон болгон,
Мыкаачы кайдан билсин эрдин баркын!

Каршыгып теңдиксизге жалындадың,
Ок такап, ызырынса да багыбадың.
Алтынга, чен тонуна азгырылбай,
Ар качан эл эрки эле сагынганың.
Менсинген төрөлөрдү ызалантты.
Теңдешсиз жүрөктөгү акылдарың.
Калкыңа канча кымбат болсо дагы,
Орустун улуу акыны сенин жаның,
Ары жок аюулдардын колдорунан,
Жазыксыз төгүлдү го чиркин каның.

Кадырын сезе билген адам заттын,
Сүйкүмдүү акынысың бардык калктын.
Орустун, грузин, тунгус, кыргыздардын
Толкунун бирдей сүйүп, бирдей жаздың.
Чолпондой балбылдаган нуруң менен,
Акылман эчендердин көзүн ачтың.
Сүргүндө азып-арып жүрсөң дагы,
Ырыңа миллиондорду толкундаттың.

Арыстандай айбаттанып, кайраттанып,
Жүрөгүн душманыңдын болкулдаттың.

Шондуктан миллиондор атың жаттап,
Ардактап жүрөгүнө келет сактап...
Эркин ой, асыл сөзүң, толкун күчүң,
Ар качан таасирлентип, канат какмак.
Бул күнкү бактылуу элдин шумкарлары,
Майданда баатырларча илгери аттап.
Теңдешсиз сүрөт менен бере алдың сен,
Инженер, жүрөк сырын биле алдың сен.
Чыгыштын сулуулугун көргөнүңдө,
Күлүңдөп, жаш баладай кубандың сен.

Ал кезде эл элек биз, сен билбеген.
Төрөлөр жерип, тоолук жапан деген.
Бул күндө сырдашабыз СССРда,
Сыймыгы бүт дүйнөлүк акын менен.
Ал кезде түшкө кирбей, четте жатсак,
Бул күндө ырыңды ырдап, атың жаттап,
Союздун элдеринин арасында,
Көрүшпөс замандашын чын ардактап,
«Акын деп биздин дагы улуу Пушкин»
Кыргыздар көтөрүлүп, алга басмак.
Толкундуу акылманды унутпайт эл,
Акылдан четтеп, чочуп турушпайт эл.
Өзүңдү сабак кылып окуп жүрөт,
Миң-миңдеп Ала-Тоолук жеткинчектер.

Кыргыздын бактылуу кыз, балдары да,
Кадырлуу колхоз аксакалдары да,
Ырыңды жүрөгүндөй жакын көрүп,
Окууга, өндүрүшкө барганында,
Шыпырып мончок терди чекесинен,
Шаттанып кезинде дем алганында,

Пушкин сен, тилге кирип, чер жазасың,
Эл менен тоо-таштагы ырдашасың.
Ичинде асмандаган аскалардын
Замандаш, эчен кылым сырдашасың
Кыргыздан чыгып далай жеткинчектер,
Пушкинче толкунданып ыр жазарсың.
Туулярын маданият майданынын,
Биз менен дагы далай ырдашарсың.

Пушкин сен, ал кезде элең көмүскө алтын,
Чыкса да Россияга шончо даңкың.
Коммунист жетегинде совет эли
Баалаган эмгек кадырын, жандын баркын,
Тил менен сен сүйлөгөн ал заманда,
Бул күндө сени эскерет улуу калкың.

Пушкин сен, ардакталган биздин акын,
Мына, биз сен көрбөгөн замандашың.
Сырларын ал турмуштун сен аркылуу,
Ачуучу дагы бизбиз каламдашың.
Өлдү деп деги кантип айта алабыз,
Сен бүгүн салтанаттуу замандасың!

*1936*

## ТУРМУШТАГЫ ШЕРИККЕ

Сапар тартып сар талаада келатам,
Өзүң жоксуң айланамды карасам.
Канат сермеп, кайда жүрөт болду экен,
Жүрөк досу, алтын канат балапан?

Антташкан жар эгер түшсө көңүлгө,
Ал бир кубат, алтын дайра өмүргө.
Анык сүйүү адамдыкка салтанат,
Өмүрүңдүн сар байчечек төрүндө.

Ушул түнү ойлодум көп санааны,
Тарсылдады вагондордун таманы,
Алда кайдан, Ала-Тоолук кыргыздан,
Келсечи дейм кадырлаштын кабары!

Сүйүнгөндөй толкунданат жүрөгүм,
Эстегенде бир жылмайып күлөмүн.
Тарынгандай тетир карап тургансыйт,
Санаалашым, сагыныша сүйөрүм...

Көрүп келем көңүлдөнүп жеримди,
Көк деңиздей чексиз жаткан элимди.
Баатырлардын майдандарын аралап,
Жаздым белем, жаным жыргап черимди.

Эчен дарыя, эчен тоодон өтсөм да,
Эңсей берем өмүр шерик келинди.
Жан жүрөктөш өз жарынан башкага,
Калжаңдашып кандай жандар берилди?

Чиркин турмуш балбылдаган шамдайсың,
Кулач уруп, чамдагандан талбайсың.
Өмүрдүккө өмүр гүлүн кулпунтуп,
Балкып турган асмандагы айдайсың.

Бир кезекте Ысык-Көлдүн бетинде,
Ойноп жаткан толкун болуп жайнайсың.
Ойлоп келсем жүрөк, мээни сергитип,
Ала-Тоого аппак аткан таңдайсың.

Турмуш сенде дайым келет жашагым,
Жолдоруңду жарым менен басамын.
Эркин элдин эр көкүрөк уулундай,
Эми гана гүлдөп келе жатамын.

Билек балбан, жүрөк өткүр жалындайт,
Көк кум баскан картаң зоодон ашамын.
Өмүр шерик өзүң менен жан бирге,
Бирге жашайм, бирге көңүл ачамын!..

Жаңга кубат — жардын жыргап күлгөнү,
Эрге бакты — жардын таза сүйгөнү.
Өрттөн дагы бирге аралап өтүшкөн,
Жардан сонун гүлдөйт турмуш гүлдөрү.
Кадимкидей бышыктырат өзүңдү,
Кээде жардын карпы кабак түйгөнү.
Отко, окко, барга, жокко — баарына,
Чыдашса эгер, чын го сага күйгөнү.

Кандай сонун, жандай таттуу жар менен,
Сайрандашсаң биздин жыргал дүйнөнү?!
Поезд келет тепсеп кумдуу талааны,
Алиге алыс шаарыбыздын карааны.
«Кадырдашым кантип жүрөт экен?» — деп,
Эргип көңүл, бөлүп келем санааны.

Тажиктердин жүзүмүндөй кызгылтым,
Элестесе ак бетинин наары.

Сойлоп поезд, тешкен тоодон өтөрсүң,
Кайнат куулөп, Кайыңдыга жетерсиң.
Кайрат менен кара тулпар үн салып,
Келериңди мурун маалим этерсиң.
(Поезд үнүн уккан бойдон шамалдай
Жарың жетсе, анда курбум нетерсиң?)
Жүрөктөрү кусалыктын белгиси
Жарды көрсөм, жалпы тарап кетерсиң.
Ойнот канды, ойло жарды-шерикти,
Ушул бүгүн узун жолдо бекерсиң...

Түндө көрсөм, өмүр шерик түшүмдө,
Олтурупсуң мектебиңдин ичинде.
Сезилгендей сагынгандык белгиси,
Турган окшойт сенин дагы жүзүңдө.
Мен да сени сүйгөндүктөн ойго алам,
Ошондуктан ойду тетир түшүнбө.

Соккон желдей ырда поезд, зуулагын,
Ала-Тоого шашып жетер убагың.
Кыргыз элим, атчандарын сагынып,
«Келатат» — деп түрүп турат кулагын...

Көздү жумуп, термелсем ой деңизге,
Кадимкидей көзгө элестейт турагым.
Калың элдин бири болуп сүйүнүп,
Кадырдашым, жарымды эңсеп турамын.
Сүйүшпөсө жарды жары эңсейби,
Анын жайын сүйгөндөрдөн сурагын!

*1936*

### ЖЫЙЫРМА БЕШ ЖАШЫМА

Жылып өттүң жыйырма беш кайран жаш!
Жолго кеттиң жүз миң жылда кайрылбас.
Ой-дүйнө, өз мезгили келгенде,
Алтын жаштык сенден кимдер айрылбас?
Кезегинде гүлдөп өтсө өмүрү
Өткөн күнгө эч бир адам кайгырбас...

Буга чейин баламын деп жүрчү элем,
Мен өзүмдү алдейлеп көп сүйчү элем...

Колдо чыбык көпөлөк кууп ойнордой,
Кыялданып, өмүр сага күлчү элем.

Кой, жатпайын, аттай-аттай басайын,
Ала-Тоонун сырларын бир жазайын.
Эгер келсе ушул колдон ойдогум,
Бул тарыхка өчпөс барак ачайын,
Элим үчүн, уулдарымдын уулу үчүн,
Эмгегимдин берметтерин чачайын,
Сайра калам, жүрөккө от толуптур,
Бир зымылда, сени эскере жатайын.

Эгер жүрөк тоосу болсоң алтындын,
Токтоо бербей алтыныңды казайын...
Мен эскербей алтын жаштык кезимди,
Толкундана көрсөтпопмүн өзүмдү.
Лермонтовдор жыйырма беш жашында
Эмгектери бүт дүйнөгө жетилди...
Ала-Тоонун шамалындай сокcондо,
Өмүр сенин кымбаттыгың сезилди.
Уулу болсом анык ата-конуштун,
Аз жеңишке раазы болор кезимби?

Балалыктан өчүмдү азыр аламын,
Куштай учам, көккө кулач жаямын.
Жүрөк толкун, көңүл тоонун башында,
Кайратым бар, кызып кыялданамын.
Элим сенин ыр-сырыңа туулган,
Талыкпастан таңшып турчу каламым.

*1936*

**САПАРДЫН СҮЙҮҮ СЫРЛАРЫ**

*(Эстеликтен)*

**I**

Түн эле... Үйдө олтурам китеп ачып,
Ой менен өткөн күнгө кабарлашып.
Оодарсам бир дептерди бала кезги,
Элестер келе түштү катардашып.
Ал элес бир чиркиндин муңун чакса,
Бирөөнүн кетүүчүдөй черин жазып,

Курбулар турмуш жайын айгинелейм,
Албастан ошо бойдон ичке катып.

Балалык — жаңы ачылган гүлдөй чагың,
Жаш булбул сызгырылткан үндөй чагың.
Бирде оттой ысып-күйүп алас алса,
Кезинде салкын тартат тентек каның.
Айтылуу акылмандай баа беришке,
Ал кезде канткен менен жетпес алың.
Бирок да ошондогу көргөндөрүң,
Бир кезде тилге кирип, айтат баарын.

Талпынып балапандай канат кагып,
Күнүндө бул турмуштун кубаттанып,
Толкунду жаш жүрөктүн сырларына,
Бизде да адабият шамы жанып,
Кыялды Ала-Тоодон бийик таштап,
Жазууга жалынданып, кумарланып,
Кубанып улуу-кичүү сырын жыйнап,
Жүрчү элек ал жылдарда «эскерме» алып.
Эчендер сен жашсың деп акыл айткан,
Үмүткөр балапанды кайраттанткан.
Да бирөө: «Алыс кетсең унутпа»—деп,
Бүтүрүп ошо менен сырын каткан.

Тилектеш, теңтуш жолдош, келин-кыздар,
Иш кылып сөзүн жазган, ойлоп тапкан.
Ошондо бир акындын эстелигин
Окусам дайым мени кубаттанткан...
«...Көпчүлүк элиң караңгы,
Көрдүңбү ар бир тарамды.
Эртелеп ошону эске алып,
Колдондуңбу чараңды?

Маңдайга бүткөн белеги,
Биз болочок тиреги.
Аңкаган элди кандырып,
Алпарып суусун берели.
Биз дагы көптү түлөрбүз,
Кел эми, жүр деп сүрөрбүз.
Капшапка ажал кирбесе,
Караандаш болуп жүрөрбүз...»
(1927-жыл, 19-ноябрь).

Деп жазган эстелигин акын ага,
Журөгү от, тили чечен, баатыр ага.
Аганын эскермесин окуганда,
Кылт этип бир кезги иши эске жана,
Эскирбес элес болуп келе калды
Өткөн күн ачык-айкын болгон мага.
Бул ага кыз-жигиттин сырын аччу,
Айтылуу ал кездеги Сапар бала.

## II.

Ал кезги жаны бирге ушул Сапар,
Так бүгүн токтолбостон сырын ачар.
Сапардын көз алдында жаш чыбыктай,
Солкулдап гүлдөй жайнап, өскөн катар.
Айжан кыз, тентек, сулуу, жаракөр жан,
Ийнедей ар бир сөзү сөөккө батар...

Айжандын аты да Айжан, өзү да Айжан,
Көркү анын жаралгандай асманда айдан.
Жаздагы байчечектей ачылганды,
Көргөндө суктанбаган курбум кай жан?
Жаш эле Айжан обол балапандай,

Чиренген жигит сырын билсин кайдан?
Талпынып тарбыяга жылдыздуу кыз,
Асманга колун созуп кулач жайган.
Сапар да ошол кыздын жанында өсүп,
Кыйытып, кубангандай көзүн салган.
Жалжылдап жайнап турган жаш Айжанга,
Ар качан жүрөк сүйүп, жакын барган.
Мектепте, болочоктуу иште бирге,
Бир үйдө өскөн өңдүү болуп калган.
Шондо да неге жакын жүргөндүгүн,
Билалбай Айжан нечен таңырканган.

Мектепте түндө электр шамы жанат,
Сабагын бышыктоого Айжан калат.
Кызуулап бир укмуштуу сыр айтчудай,
Эшикти кылдат ачып, Сапар барат.
Айжан кыз ачык өскөн алдейленип,
Сөз салат күйгүлүктүү тамашалап...

Бул жаштар эмне сырды чечет дейби,
Мөнсинген нечен жигит көзүн салат.
...Ичинде салкын бактын алар басса,
Көөдөктөр көңүлү кирдүү, калат карап...

### III.

Кол созгон болочокко Сапар бир жаш,
Зээнинен өрнөк алган курбу-курдаш.
Ойлонсо ойго кенен, сөзгө зыкым,
Бааласа кимди ал болгон
иштеш,
сырдаш,
Өөдөсүп, бироо аны жөөлөсө да,
Басынбас, бирок ага кек сактабас,
Башкадан кыйынсынып боюн күүлөп,
Алдында алда кимдин ырсактабас.
Эңсеген ишке дайым өрт талап жаш,
Анда жок жекечилик кур тай-тайлаш.
Таалайлуу талабы айкын Сапарларды,
Эми анан деги кимдер кадырлабас?..

Эр болсоң эмгегиңди сүйө билет,
Желпинбей жүрөккө сыр түйө билет.
Табууга кой терисин жамынганды,
Көрүшкө тарткан жаадай, мурун кирет.
Безенген чакчыгайдай шоокчуларды,
Ардактап атасындай жүрө билет.
Тийишсе теңтуштары бирге өсүшкөн,
Шылдыңдап, кыткылыктап күлө билет.
Көңүлү ар убакта көтөрүңкү,
Замандын уулу Сапар түргөн билек.

Ал мурун эч бир кызды сүйгөн эмес,
Жете албай кай бирлердей жүргөн эмес.
Сүйүшүү эмне экенин бала кезде,
Башынан өтпөгөн соң билген эмес.
Жылтаңдап кол булгаган эселекке,
Энтеңдеп эссиздерче кирген эмес.
Мына эми эмне үчүндүр жаш кыз Айжан,
Кетпестей көңүлүнөн болду элес.

## IV.

Окууда кыздар азбы, балдар-азбы?
Шаардан көр, Ала-Тоолук толгон жашты.
Ошонун бүрөө Айжан кыялы ойноок,
Ар кимден алуучу эле түркүн катты.
Кимге эмне жооп айтарын билбегендей,
Кезинде жаны күйүп, башы катты.
Жигиттер неге минтет дегенге окшоп,
Ызаланса, ирмеп алчу көздөн жашты.
Сергилең тартып Айжан жазгы кечте,
Жаркырап ай талаага чыгып басчу.
Окуусу, оттуу сөзү, жанган көзү,
Чын айтам, эчендерди кумарлантчу!

...Чынында ким сүйбөсүн жакшыларды,
Сыйлашып, жүрөк сырын тапчуларды!
Күрөштө, бактылуу элдин арасында,
Кадырдаш, катарлашып басчуларды.
Өмүрдүк кыйышпастай жолдош болуп,
Кызматы көңүлүңдү аччуларды.
Сапарды так ошондой кыял термеп,
Айжанга көп ойлонуп, көзүн салды...

## V

Арадан өттү убакыт эки жылдай,
Жолдоштор жаңы заман ырын ырдай,
Айжан да толгон айдай толукшуган,
Сөзүңдүн түйнүн чечер токтоо кылбай.
Санааркап, ичтен сызып Сапар жүрөт,
Бир башын токсон тогуз кыял чырмай,
Боз бала неге мындай кабак чытыйт,
Качантан келе жаткан шагы сынбай?..
Сапар жаш, Айжан кызды кандай көргөн?
Эчендер теңдеше албас жандай көргөн.
Турганда булут каптап жылга-кырды,
Жаркырап чыга келчү айдай көргөн...
Маңкайган боз адырдын ак тоодагы,
Ак сайдын айга ышкырган ак чардагы,
Көргөндө жүрөгүмдү элжиреткен,
Жайлоонун таңда ачылган кызгалдагы,
Неге сен, көрүнөсүң айдай-күндөй?

Эч качан жүрө албайсың жыргап күлбөй?
Кара көз, күлкү, шаттык тыңындагы,
Мен сени тураламын кантип сүйбөй?
«Айжан» деп, атыңды уксам, ойнойт каным,
Тургандай мени алдейлеп сенин шаңың.
Чын эле бир татышсак өмүр балын.
Кезинде бирге чыксын менин жаным.

Ар качан көз карашың денени уулап,
Ашыгат жүрөгүмдүн каны туйлап.
Жаш теңтуш качан сырды чечишесиң,
Кимдерден колду силкип, кимди сыйлап? –

Дегенсип жүрөр эле Сапар дагы,
Сүйүүнүн баркын билип калган чагы...
Окууда, кызматында жүрсө дагы,
Айжанга көздүн кырын салган чагы.
Албетте, жолун тапса Айжан билет,
Теңтушун сүйүнтөбү, зарлантабы.
Болбосо башка да бир шумдук баштап,
Капыстан баарыбызды таңдантабы?

## VI

Эми туура,
Жолдош Сапар сүйлөсүн.
Өзү айтпаса,
Ыраазы болбой жүрбөсүн.
Ошондуктан мындан ары окуучум,
Менин сөзүм арасына кирбесин.
Айта берсем улап, курап, түрлөнтүп,
Дагы кимдер эптептир деп билбесин.
Мен да калыс,
Сен да калыс бололу,
Тилдегендер Сапарды өзүн тилдесин.
Эгер кимге
Айжан, Сапар жакпаса,
Эрк өзүңдө,
Туура жолго үндөсүн:

Майдын айы...
Мемиреген жылуу түн,

Жашыл бакта,
Булбул таңшып салат үн.
Айжан сулуу, сен экөөбүз беттешип,
Кулпун ачтык көңүлдөгү... жүргөндүн.

Мен дагы анын көптөн кейпин байкагам,
«Иш чатак»—деп, эчен башты чайкагам.
Оңолбосун айдан ачык билгемин,
Кишн колдуу бузулган иш кайтадан.

«Мен кантейин, атам менен энемди,
Барыдан да уйкумду алган эжемди.
Ага-тууган, жолдош-жоро болушуп,
Бардык жактан кысып турат денемди!

Тууган энем, эне сүтүн кечпесе,
Туушкандар безген бойдон кет десе,
Айлымдагы ал кадырлуу жигиттин
Кишилери өмүр бою кектесе.

Ыктап чыгып кайда бара аламын?
Анда менин куруганы амалым.
Жүзү жарык окумуштуу көрүнөт
Мага чындап колун сунган баланын.

Көп ойлосом, башым такыр адашат,
Кыял чиркин ар кимди бир талашат,
Ушул жерден эрте чыгып кетпесем,
Учсуз санаа жанды жаман жадатат.
Мейличи эми, кеттим кайта бурулбай,
Же муңаям, же жүрөгүм болор шат...

Дегенге окшоп шыбыш берчү ырайы,
Тууган сөзүн кыйбагандай кыялы!
Айжан өзү олку-солку болгонсоң,
Ал жигиттин кантип жанбайт чырагы?!
...Ал эле да, жалгыз гана мен элем,
Чынымды айтсам, мен
Аны айга теңегем.
Бул турмуштун даңгыраган жолунан,
Аны эч качан
Буйтап кетер дебегем.

Соңку сырды уялышпай айтыштык
Өтүп жатты толкундар да кемеден...
Ай чаңкай түш...
Ээн басып жүрдүк биз.
Бирде кайгы, бирде эрксиз күлдүк биз,
«Турмуш толкун, турмуш —
Дайым өзгөргүч
Экендигин элестетип билдик биз» —

Дегенде Айжан: «үгүтүңдү кой, — дедим, —
Мейли болсун башкаларга той»,— дедим.
Ал да айталбай аптыккандай ар жатын,
Көз караштан билдиргендей ой-кебин...

«Мен турмушка эмне үчүн багынам?
Багынбоого күч жыйнадым жаңыдан.
Сен кетсең да, закымданып капкайда,
Болочоктун күнүн ойлоп сагынам.

Кур сылаба, мен кайгыга батпаймын,
Туткун болуп турмушта эч жатпаймын!
Жүрөк толкун, билек балбан, ой күлүк,
Басынбастан алга кадам аттаймын»—
Дегенден соң, ал жооп айта албады,
Чынында да жашырар сыр калбады.
(Жалындаган толкунуна жаштыктын
Ал кезекте эч кумарым канбады).
— Кош, кош Сапар, сен да бирче жан—
деди,
— Шаттан теңтуш,
Уулуу ойдон тан,— деди,—
Тилегиңе жетүү үчүн чымыркан,
Менден артык жолдош таап ал,— деди.

Өкүнөмүн сен жаш жаңы түлөккө,
Арам ойлор калбасын эч жүрөктө!
Деген кезде,
Мөлтүр кара көзүнөн,
Он айландым мен да ошол мүнөттө...
Турмуш ушул,
Алыс жолго барамын,
Жокко чыкты окуу деген талабым.

— Кайда кетти?
Ким аркылуу кетти?! — деп,
Талапкерлер түйүшпөсүн кабагын.
— Дейт жөнөрдө, бүкмөлөп ал ар жагын,
Мен батынып,
Беттен сүйө албадым.
«Өтөр күндөр... бул күн түшөр эске...» — деп
Тиштендим да,
Колун кыса кармадым.

Ошол кыздан жеңилгендей болгон баш
Андан курч сөз таап айта албадым.
Жалгыз гана:
«Жел айдаган кайыктай
Келеркиңе тереңдеп көз салбадың.
Эч болбосо келечектүү бироөго
Көз жиберип,
Колуңду арта албадың!..»
Неге?
Билбейм,
Бүркөлбөдү кабагым...
Суу сепкендей муздап турду жүрөгүм,
Ойлогондо
Оңбос иштин аягын...
«Кош, кеттим!» — деп, муңайып ал жөнөдү,
Деген өңдүү мени жашын төгөбү.
Бактан туура баса түшүп бөлүнүп:
— Курбум, Сапар, унут мени! — дегени.

...Унутпаймын, мен унутпайм эч качан,
Эрк өзүңдө,
Сен
Эскербей таштасаң.
Мен адамдык милдетимди аткарам,
Болсо дагы
Бул күн анда:
«Кап-качан!»
Ушундайча жөнөштүк биз, айрылып,
Карабадым, артымды бир кайрылып,
Аралаша албаган соң билбедим,
Жүргөндүгүн
Ким күлүп,
Ким кайгырып...

## VII

Мына бүгүн... көп жыл өттү арадан,
Сыр айтсам мен —
Жазыпка акын жараган.
Жаш кездеги Айжан кыздын кетишин,
Чыгарбагам эч убакта санаадан.
Ушул быйыл көзүн көрүп чиркиндин,
«Канткенсиң?»—деп, кабаарыдым,
Калдым таң...
Сүйүү чыны, ким башынан өтпөдү?
Кезегинде мөгдөөсүз ким жетпеди?
Байкабастан тилин алган ар жандын,
Качан деги өмүрүн мерт этпеди?
Балалыктын калдыгынын барында,
Азгырылып ошол тетир кеткени.
Ойлонбостук — опончолук кайгылуу,
Деп айтышат, мен сыяктуу четтеги!
Бир күн ага атайын кол алыштым,
Сөз айтышпай, тиктеп сырга канышгым.
Кана эмесе, түйүндү тез чечемин,
Окугандар учун ойлоп табышсын...

## VIII

Ачууга тие айтсаң да,
Акылдуулар терикпейт.
Терме сөз сырын табуудан
Деги эле асты зерикпейт.
Ал күндөрдө алкынган,
Арада эле эчен жаш,
Кай бирөөлөр койнуна
Катып жүргөн кара таш.

Ал кезде бирге окуган,
Чиренгендин далайы.
Күчүгү эле белгилүү,
Карышкырлардын баягы.

Алматы менен Ташкендин,
Окуусун бүтүп алгансып,
Койкоюшуп жүрүшчү,
Кол жетпес болуп калгансып...

«Биз билебиз» —дегенсип
Жүрүшчү кол кармашып.
«Карындаш»—демиш болушуп,
Кайкаңдап кызды жандашып...
«Баланча мендик болсун»—деп,
Сыртынан бөлүп, тандашып.

Эл ичинде эпилдеп,
Кедейдин болуп баласы,
Жапылдашып, сүйлөшүп,
Жүрөктө жоктой карасы.

* * *

Тарбияга канган соң,
Талпынып учуп жүрдүк биз.
Ыкташып буккан шумдарга,
Ылаачындай тийдик биз.
Колупан келсе кыянат,
Кылууга дайым камданып.
Жүргөн кезде аларды,
Жүдөтүп биз да айдадык...

Көпкүлөң алар бар кезде,
Эмнелерди кылбады?
Окууда кыздын эченин,
Ошолор тооруп алганы.
Турмушун кошуп токтоосуз,
Туткундай кылып салганы...
Алкынган анда шумдарга,
Алданганды бири Айжан,
Арманга ичи жык толуп,
Акыры бүгүн муңайган.

## IX

Ал кезде сен жаш, мен да жаш,
Жаш кезде көп жан ичпей мас.
Мас өңдүү жүрө бергенде,
Колуңдан алса нээти кас,
Айтар сөзү шыбырап:
«Биз жакка жүр, бери бас».

«Бөри бас» сырын билбесе,
Бейпайда кетер чиркин жаш.
Ал кезде сени айлантып
Алды эле колго каратып.
Акыры көрдүм жайыңды,
Алдыга жүрүп баратып.
Башыңды ийип калыпсың,
Кайратыңдан адашып.
Бул күнкү шайыр жаштарга
Болупсуң жүрбос жапашып...
Бир башың үйгө кирген соң,
Оңойбу эми айрылуу.
Андан да кыйын чыгар дейм,
Капаста жүрүп кайгыруу.

## X

Бирок, сенде жалындуу,
Күчтүү болду азгырык...
Ойлонбостук, көз жумду,
Кимге кылсын жакшылык?

Өзүң менен бирге өткөн,
Балдай таттуу балалык.
Ал кездеги ай-күндөр,
Бүтөр эмес саналып.
Балалыгың, жаштыгың,
Кандай сонун кезинде!
Көйкөлгөн гүлдөй курагың,
Күнү бүгүн эсимде...

Жадырап-жайнап бир жүргөн,
Ал күндө сенин жаныңда,
Кулпунуп гүлү ачылган,
Көрктүү турмуш багында,
Кыздарды көрсөң так бүгүн,
Муңканып турган чагында:
Ал күнкү кыздын эчени
Асманда жүрөт айланып!
Тааный албай, «бул ким» деп,
Каларсың өзүң таңданып...

Уюп жаткан тоолорго
Наадандыктын туманы,

Эркин кыздар жетишип,
Билимин чачкан убагы.
Сүйүнтчү кабар эмесни,
Сүйгөнгө курдаш будагы!

Телчигип турган кезинде,
Теңтуштарың жоодурап,
Айдарым желге ыргалган,
Ак кайыңдай шоодурап.
Айласыз үйдөн чыгалбай,
Сен жүрүпсүң муңайып...
Кол байлоо болуп калгандай,
Күзгү чөптөй кубарып.
Көңүлүң эгер каалаcа,
Иш барбы колдон келбеген!
Гүлдөгөн сонун жаштардан
Кол үзүп кетчү сен белең?

## XI

...Оттуу жаштык кезимдин
Туңгуч таттуу сүйүүсү,
Жүрөгүмдө ар качан
Жалын болуп күйүүчү.
Көл айлана көп жүрүп,
Жер кыдыргам зарпыңан.
Көөнүмө кетти далай иш,
Көргөндө сени калкыңан.
Кыял менен сыр берген,
Кыйладан чыкпас сендей жан...

## XII

Ал кездеги сен да жок,
Сен деп күйгөн мен да жок.
Кадырың үчүн эскерет,
Канткен менен жүрөк шок...
Көргөндөн кийин өзүңдү,
Күү черттим бир жол эске алып,
Эми мага түшүмдөй,
Жүргөн чагым суктанып...

Махаббатым эстелик,
Эсимде келет сакталып.
«Мен унутпайм» деген чын,
Милдетимди аткарып.
Кыз чагың бир аз элестеп,
Калсаң мейли шаттанып...
Айрылган бир мен эмес,
Армандуу жалгыз сен эмес.
Ойлонуп эмки баш копсо,
Андагы кемтик кеп эмес...

Көпчүлүккө сыр айттым,
Көргөн соң акыр көзүңдү.
Сындасын деп кыз-жигит,
Сени жана өзүмдү.
Жашырып айтар сырым жок.
Бала эмесмин, чырым жок.
Ырдасам да сүйүүнү
Таптан четтер ыгым жок!

Ал күнкү биздин эссиздик
Эскертүү болсун жаштарга.
Толкунга эркин берилип,
Турмуштун жолун аттарда...

*1936*

## АКЫН СЫРЫ

Кыялдансам, тоо башында жүрөмүн,
Толкундансам, тайдай туйлайт жүрөгүм.
Асман жерден көзүм чалып көргөндү,
Ойлой-ойлой, ойлой мээге түйөмүн.
Мелмилдеген терең ойго термелип,
Мен күрөшкө билегимди түрөмүн.

Ойлонсоң сен ушул биздин заманды,
Көктө куштай учуп жүргөн адамды,
Жүрөк толкун, толкун менен жөөлөшсө,
Мен кандайча кармабаймын каламды?
Заман өтсө куштай учуп зымырап,
Же уялбай артта калып каламбы?

Арымдуу эр алдыңкыны дегдеген,
Кулач уруп илгери кол сермеген.
Ушул күндүн урматтуу уулу болобу,
Паровоздой зуулап арыш кербеген?

Күлүк кыял бирде деңиз түбүндө,
Бирде жүрөт турмуштун ай-күнүндө,
Алган ишиң айдай жарык болбосо,
Куру дарбып кыйкырба да, сүрүнбө!
Күлүк кыял, курч кайратым, балбан кол,
Ынагымсың менин эмгек күнүмдө.

Күлүк калем, жалтанбай жаз ырымды,
Ырым көрсөт көлдөй терең сырымды.
Тапка келген, таптын уул-кызына,
Асманга учуу, канал бузуу кыйынбы?
Күчүң болсо замбиректин огундай,
Ырым жөнө, аттай басып кылымды.

Мына дагы мүлктүн оозун ачпасам,
Миң жылдарды тепсээрлик сөз жазбасам.
Жаның мени сүйбөс болор эч качан,
Жалындаган жүрөк сырын таппасаң,
Мен да сага ыраазымын окуучу,
Так ошондо эсиңе албай таштасаң.
Акынмынбы туулган жерге таандык,
Аска-зоодон ырым менен баспасам!

*20 IV 36-ж.*

## ӨТТҮ БУЛБУЛ

*(М. Горькийге эскерме)*

Күлүмсүрөп көрүнгөн
Өң жашынган экен го.
Угулса бой эриткен
Үн басылган экен го.

Анык эле өзүңдөн
Айрылдыбы калың эл.
Алганыбы кучактап
Боору суук кара жер.

Балапанга талпынган
Жем берчү элең бөпөлөп.
Кайраттанып ан сайын
Биз ушчу элек көкөлөп.

Кылымдарга кол созуп,
Калды улуу тарыгың.
Ишчилерди сүйүнткөн,
Балбылдаган жарыгың.

Ала-Тоо деген жер болот.
Айдыңдуу Кыргыз эл болот.
Обон, ырга Ала-Тоо
Уюп жаткан кен болот.

Миллиондорду кубантып
Дагы далай жүрбөдүң,
Коммунизм дүйнөсүн
Өз көзүң менен көрбөдүң.

Эрнс Тельман кутулуп,
Немецтер чыгып асманга,
Гитлердин сөөгүн талкалап,
Күл кылып жерге чачканда,

Тирүү болуп аксакал,
Тельманга кол сунбадың.
Мавзолейдин кырында,
Жеңишти көрүп турбадың!..

Кылымдар дайым эскерер,
Кызыл тарых бетинде,
Жүрөсүң улуу акылман,
Жер жүзүнүн эсинде.

Москва, Рим, Берлиндер,
Эч унутпайт өзүңдү.
Окуса алтын сөзүңдү,
Көргөндөй болор көзүңдү!

*22/VI 36-жыл. Нарын*

## ДОЛОН БЕЛИ

### I

Кышкы түн... Туман баскан тоонун ичин,
Көрүнбөй өз көзүңө келген изиң.
Ырайымсыз ызырынган кыштын суугу
Мал-жанга карыш бүлөп азуу тишин.

Жел жүрсө буртулдаган чыгып чаңы,
Жаткан кез Кара-Кочкор капчыгайы,
Араба да шалдырлаган, арык аттар
Жол тартып келатабыз биздер дагы...

Кыпылдап аштык эчен куба белди,
Бороону улуп турган шумдук жерди.
Таңга маал ак кар, көк муз, тоо көрүнүп,
Араба Долон белге жетип келди.

Долон бел кырка жонун ак кар баскан,
Жолунда көк жылгаяк муздар каткан.
Ийрилген капталында ушул жердин,
Козголбой, койдой, тайдай таштар жаткан.

Ошол кез, темир аяз ыбагы бейм,
Эриксизден муздай катат ысык денем.
Биз араң жөө-жаландап баса бердик,
Чоң ичик, жаш дененин деми менен.

Долондо арабаны ат тарталбай,
Кылчайбай, алактабай биз басалбай,
Кез-кезде түртүшөбүз арабаны,
Каардуу капчыгайда тим жаталбай...

Чыйрыккан кургур аттын көзү тердеп,
Энтигип жулкунгансыйт бутун сермеп.
Арабакеч шапалагын шакылдатат.
Баккансып кыштын күнү күчтөп жемдеп...

Кыйкырса арабакеч тынбай сабап,
Чоюлуп, ат кишенеп туруп калат:
Көңүлүң арабакечтен чын иренжийт
Кыйкырса арабакеч калдык тажап,

Токтолуп долу бороон, таң да атты,
Араба жонго чыгып келе жатты.
Өр талаш, шайсыз аттан түшө качып,
Жөө бассаң денең балкыйт, кандай жакшы!

...Ошентип өтүүчү элек Долон белден,
Машина бул жерге анда кайдан келген?
Эчени Фрунзеде балчыктарда,
Тыгылып жүк тарталбай жата берген.

Кыргыздын арсак-терсек ашуулары,
Картаң Боом, Кара-Кочкор капчыгайы,
Техника элде бечел кезегинде,
Санатты көрсөттү го кыпы-жайы.

Эчендеп ат-арабаны жутпадыбы,
Кутуруп суулар аккан өзөн-сайы,
Боорлордон ат-араба, адам учуп,
Кетпеди ал кездерде кимдин шайы?

II

Көрчү эми, машинага минип алып,
Көз салып айланага кумарланып,
Биздин үн, машинанын обондору,
Каңкайган капчыгайдын ичин жарып.

Байыркы ай-жылдарда жол бербеген,
Менсинген белес-белди ыкка салып,
Бир эмес, эки-үч деген машиналар,
Кыядан жөнөп кетет катарланып...

Бул кезде Кара-Кочкор капчыгайы,
Кубулжуп кандай сонун, кандай жаңы!
Суу бойлоп кетмен-чотун жаркылдатып,
Лом менен талкалаган ташты дагы.
Кубаттуу, демилгелүү, тайманбаган,
Көрүктүү Ала-Тоонун баатырлары.

Картаң Боом, Кара-Кочкор, Алай-Арпа,
Жатканда асманга алар колун арта,
Большевик кирбедиби күрөш баштап,
Жеңиштин уккулуктуу күүсүн тарта.

Ушундай асман-тоону багынткан соң.
Элге да эп эмеспи таңыркаса?
Асман-тоо кандайынча баш ийбесин,
Куралдуу калың баатыр колун салса.

Миң жылдап жаткан жерлер жаңырбастай,
Жаңыртчу баатыр-балбан табылбастай,
Аксайга, Суусамырга, Балгарт жакка,
Жолдору машинанын салынбастай,
Төшөлүп уктап жаткан карт Тянь-Шань,
Калкына ушул доордун багынбастан,
Эгер сен адам болсоң ой-ойлогон,
Көрчү эми, өзгөргөнүн, таанылбастай!

Долонго ой жүгүртүп көргөн адам,
Ойлонуп иш иштөөгө көнгөн адам,
Зоокадан кийикке, окшош чуркап өтүп,
Ээн-эркин өзүн бийлеп баскан кадам,
Билбейби куштай учуп баратканын.
Каарман — салтанаттуу биздин заман!

*1936*

**КОМПАРТИЯГА**

Көңүлүмдү мынча толкуткан,
Компартия — атабыз,
Сен дем берип, алдейлеп,
Биз сайрашып жатабыз.

Булбулдун тили чыккан чак,
Оволоп шумкар учкан чак.
Бактылуу биздин Ала-Тоо,
Мөмөсү жайнап, ийген шак.

Большевик бар — бактым бар,
Ойдогума жете алам.
Жел, куш, булут жарышса,
Алдыга учуп өтө алам.

*1937*

## КУПЛЕТТЕР

Өз баркыңды билбесең,
Адамдын баркын билбейсиң.
Ээ болбосоң акылга,
Эл оюна келбейсиң.

*1937*

* * *

Урмат кылып алган соң,
Сүйө билгин жарыңды.
Сыйлабаса жар сени,
Көп күйдүрөт жаныңды.
Сырты сулуу болсо да,
Жок болсо эгер акылы,
Анда шоруң, ал сенин
Агартканы чачыңы...
Эч жазганбай сыр айтуу,
Акындардын «жазыгы».
Кыйытсаң кыйын түшүнөт.
Кыз-жигиттин асылы.

*1937*

## ЫРАСПЫ УШУЛ

*(Кайым айтышуу)*

**Кыз —**

Ырдап берем мен сага,
Турмуш күтүү жагынан.
Толкундатсын жүрөгүн,
Жаңы кыз да, жаңы улан.

**Жигит —**

Таанылгандар кайсылар,
Жел өпкөлүк жагынан.
Баланчага тийбей деп,
Түштөн кийин наалыган.

**Кыз —**

Да бирөө бар аялды,
Көп алууга машыккан.
Моймол көздүн баарына
Мен жетсем деп ашыккан.

**Жигит** —

Аялдардан жок бекен,
Эрден чыгып жатышкан.
Жел тамады токтолбой
Өзүн-өзү басынткан.

**Кыз** —

Турмуш куруу дегенди,
Оюнчуктай көргөн ким?
Ким жылмандап тийишсе,
Ошондойду сүйгөн ким?

**Жигит** —

Айтканына алданып,
Ошондойго тийген ким?
Жууркан бөлүп эртеси
Көбүн көрдүм күйгөндүн.

**Кыз** —

Да бирөө бар аялга,
Бир гана күн сырдашкан,
Тобокел деп эртеси,
Ак шейшепте бир жаткан.

**Жигит** —

Бүрсүгүнү болгондо,
Келише албай чырдашкан.
Калыс кармап коңшусун,
Кылыктарын сындаткан.

**Кыз** —

Мен менсиген жигит бар,
Көрку сырткы түрүндө.
Жаңы жолдош алса да,
Төшөгү жок үйүндө.

**Жигит** —

Ичип алат баарысын,
Тойдун болгон түнүндө,
Ашын куяр аяк жок,
Андан соңку күнүндө.

**К ы з —**

Сүйүп келген келинчек,
Үстү-башы жаңырбай,
Күлкү болот ар кимге,
Жүргөн жигит камынбай.

**Ж и г и т —**

Кечээ күйөө көбүргөн,
Кирге сүрткөн самындай.
Ичтен сызат жаш жолдош,
Ойдогусу табылбай.

**К ы з —**

Турмуш курсаң замандаш,
Кадимкидей сырдашпай,
Боздоп өтөр жаш өмүр,
Кадырдашып сыйлашпай.

**Ж и г и т —**

Жүргөндөн соң сыйлашпай,
Калганыңда жыргашпай.
Эсиң болсо эрте ойлон,
Эртесинде чырлашпай!..

**Э к ө ө —**

Оюн эмес бул турмуш,
Ойлонбой кол сунбагын.
Аягында өкүнбөй
Адегенде сындагын.

*1937*

### ТАҢ АТА ЧҮЙДҮН БОЮНДА

Суйкайып аккан сулуу Чүй,
Боюнда кетип баратам.
Салкын жел соккон таңында
Талааңды сенин карасам:

Жигиттер айдайт трактор,
Укмуштуу чыгып толкун ыр...
Жигиттер ырын мен дагы,
Ырдашам, сергийм, бой жазам.

...Адамдын көөнүн көтөргөн,
Мындай шайыр эл бол, ай!
Жаңы элдин жаңы жеринде,
Жаш жандын таттуу жыргалы ай!
Эмгектеш, «сүйөм» дегениң,
Тутантты отун дененин,
Кадырың сенин эскерсем,
Кантип чыдайм ырдабай?!

Таң ата ишке келбесең,
Темир ат минип жүрбөсөң,
Кычыкка тийер сөз менен,
Тамшанта эрке сүйбөсөң,
Ачылбас анда кабагым,
Сагындым сени, сагындым.
Көрктөнүп жазгы талаадай,
Көз алдымда гүлдөсөң!..

Жаздагы гүлдөй буралып,
Жаркырап чыкчы кубанып.
Жолдош ай, эрте келбесең,
Жабыркармын муңайып.
Балбан ат сени күтүүдө,
Байралбай убак өтүүдө,
Көз тигип, көпкө зарыктым,
Булбулум сенде бул айып!

...Кадырлаш, эми көрүндү
Кыштагым жактан элесиң.
Балбан ат минип булкунуп,
Маңкайып айдап келесиң.
Мына эми жарпым жазылды,
Мына эми санаам басылды.
Кырдаалдуу иште жарышып,
Кызытсын жаштар денесин!
Баркыттай жашыл талаага,
Келгенде келип күлүңдөп.
Толкундуу, шаңдуу үн берди,
Темир ат тынбай күрүлдөп.
Токтоосуз иштен чыксын чер,
Тоту кушум, колуң бер!
Теңтуштар ишке чыкканда,
Биз эмей, кимдер сүйүнмөк?

Жалындуу уул мен болсом,
Жылдызы сенсиң элимин.
Эмгекте эрке сулуусуң,
Эркин тоо, токой жеримин.
Сен бурап койсоң күлүңдөп,
Темир ат жүрдү дүрүлдөп,
Жайкалган жаздын гүлдөрү,
Жыпары болсун денеңдин?

*23/III 1937-ж.*
Кемин, Чүй суусу боюнда.

**БИЗДИН СЕРГО**

Келдим дагы портретин карадым,
Уккум келбей телеграфтын кабарын.
Көз алдымда кадимкидей жаркырап,
Көзүң ойноп, күлүп турат кабагың.
Өчпөй турган революция жалыны,
Сени өлдү деп кантип айта аламын?

Уул элең урматтаган табыңды,
Табың үчүн аябаган каныңды.
Эрдигиңди, бойду эритер сөзүңдү,
Ар убакта эңсеп элиң сагынды.
Жомоктолгон уруш-күрөш жылында,
Өз колуңдан өчпөс чырак жагылды...

Бирөөнө ата, бирөөнө өз баладай,
Да бирөөнө кыйбас, боордош агадай,
Таанылгансың кең СССР жерине,
Кызматыңды кимдер турат самабай?
Ленинче өзүң иштеп турганда
Айрылыштык... оолда чиркин ажал ай...
Бул большевик сендейлерди жараткан,
Азаттыктын прожекторун тараткан,
Адамдыктын анык ата-баласы,

Жеңишинен жаттын башы адашкан,
Ишиң сенин биздин жалын жүрөктө
Орун алды өчпөс алтын тарыхтан.
Миллиондогон жеткинчектер жайнаган,
Революциялык кайратыңды кайнаган,

Үйрөнөбүз сендей уул болууга,
Бизде калган тарыхыңдан сайраган.
Сени окуса чет элдеги эмгекчи,
Күрөш үчүн жаралышар кайрадан!

*1937*

## МОСКВАДАГЫ УЧУРАШУУ

*(Жамбылга)*

Бул Москва Тань-Шандын тоосундай,
Күркүрөсө тоонун кашка суусундай,
Тоодой бийик көк тиреген үйлөрү,
Кандай сонун ушул шаар шайма-шай!..
Асманын көр, көл бетиндей мелмиреп,
Кыздарын көр, тоо гүлүндөй үлбүрөп,
Тоодо ойногон баатыр минчү тулпардай
Машиналар жөнөсө жер дүңгүрөп.

Музыкасы комуз, кыяк күүндөй,
Обон салса тоо кызынын үнүндөй,
Карыя Жамбыл, көрдүм сени Москвадан,
Эми деги кантип турам сүйүнбөй!

Эсиңдедир мемиреген Ысык-Көл,
Эсиңдедир пейли кенен биздин эл.
Өлмөйүнчө кантип кетсин көңүлдөн,
Киндик кесип, кириң жууган тууган жер.

Жашыл жазда, эл жайлоого чыкканда,
Балыкка окшоп туйлап булак акканда,
Тоту куштай тоо сулуусу керме каш
Тоо жаңыртып түрдөп комуз какканда,
Боз уландар созолонто ырдашып,
Кыналышып кырга чыга басканда,

Мен тамтайып таяк алып колума,
Айран куйган чанач таңып жонума,
Сары майдай боюм жибип обонго
Туруучу элем тыңшап тоонун боорунда.
Бул Москвада учурашуу өзүңө
Кайдан келсин анда менин оюма.

Ал кезекте бирдей жүрдүк кайгырып
Мойнубузга минип алып жардылык.
Кайда болсо муңдуулардын муңу бир
Арман айтсак үндөрүбүз кардыгып.

...Тянь-Шанда бүгүн дагы жүрөмүн
Туугап жерди жүрөгүмдөй сүйөмүн,
Жаңырыктап тоодо ырларың угулса,
Өз ырымдай сүйүп турат жүрөгүм.

Бүгүн сенин кең Сары-Арка жүргөнүң,
Төр жайлоодой кубулжудуң, гүлдөдүң,
Жыйырма беш жыргал жашың кайрылып,
Жашыл вагон жолго ак сакал мингениң.

Ырдай-ырдай, Ала-Тоого чыгасың,
Тоо боорунда таңшып сайрап турасың.
Тоо үстүндө алабарчын шаңшысаң,
Миң миллион жүрөккө дем кубатың.

Бактыбыз бир, көтөрүлдүк асманга,
Сүйүнөбүз өзүң ырдап жатканда.
Алда кайдан үн салсаң да сен жакын,
Союздагы сан миңдеген калктарга.
Биз бир тилде, биз бир тилде ырдайбыз,
Таалай туусун кармап алга басканга.

*1938*

### БҮРКҮТТҮН ӨЛҮМҮ

Жайкы күн... эрке Ысык-Көл толкуп жатыр.
Боюна пионерлер тиккен чатыр.
Деңиздей Тянь-Шандын асманында,
Калкылдап учуп жүрөт бүркүт баатыр.

Мойнунда кызыл жагоо желбиреген,
Пионер көл боюнда модель менен,
Бүркүттү карап көккө колун сермейт,
Бүркүттөй учам деген кыял терең.
«Эй бүркүт, учуп жетем мен да сага,
Кызыксаң канатымды келип кара.
Бирок да сенден бийик учкан болчу,
Атагы жерди жарган Чкалов ага.

Мен учсам бүркүт көктөн сени басып,
Жетемин Кремлге тоодон ашып,
Каалаcа кар бороонду каптап учкан,
Көрүшөм Чкаловго кучакташып,
Жер жүзүн айлана учуп, айга жетип,
Турабыз ай-жылдызга катарлашып.
«Уч, уч» — деп мени көккө үн салууда
Чкалов канат байлап, жолумду ачып.
Асмандан Кремлге келебиз биз,
Баатыр ага экообүз кол кармашып» —
Деген ой жаш жүрөгүн курчап алган,
Модели көлдөн ашып, тоого барган.
Ойноктоп Тянь-Шандын жаш бүркүтү,
Бүркүтчө учуучудай кулач жайган.

Капыстан уктум бүгүн суук кабар,
Кантебиз, кайрат керек, жүрөк жапар.
Көлдөгү Чкаловдун отряддары,
Өзүңдөй эр болууга талаптанар.
Калса да денең баатыр Кремлде,
Тоодогу жаштар сенче канат кагар.
Атынан ак туйгундай Чкаловдун
Жеткинчек жердин жүзүн миң айланар.
Канчалык көккө бийик көтөрүлсө,
Ошончолук эрлер сени эсине алар.
Ай алды, көл боору да, тоо башы да,
Толкундуу Чкалов деп атактанар.
Бүркүтчө туулуп өскөн, бүркүтчө өлгөн,
Эр, сенден азаматтар үлгүңдү алар.
Артыңда баатырлардын ачкан жолу,
Ар убак сага эскерме болуп калар.

*1938*

## СОҢ-КӨЛ ЖАЙЛОО

Соң-Көлгө келдик жетип көптөн күткөн,
Төр жайлоо асман менен бой тирешкен.
Ыраңы боёлгондой кызыл-жашыл,
Көркүн көр, кең табият пейлин чечкен.
Көзүңдү миң чагылткан бетегеси,
Кубулжуйт карасаң да кайсы четтен.

Шондуктан жомоктолгон тоонун эли,
Бетеге жерге жайган килем дешкен.
Жайкалтып чөптөрүнүн көкүлүн сылап,
Сыпаа жел, эртели-кеч тоодон эскен.

Көл экен, төр жайлоого калган жатып,
Жайы-кыш айланасын булут басып,
Көк жалкак мөңгүгө окшоп суунун өңү,
Шаркырап, толкунданып көбүк чачып.
Ак кардуу зоодон чыккан кашка сууга,
Жаркырап, жарпын жазып кучакташып.

Каптаган кара таандай каз-өрдөккө.
Кайран көл жатат экен койнун ачып.
Буулугуп, тоо шамалы, ышкырганда,
Асманга чапчыйт Соң-Көл ашып-ташып.
Ийрилген көл ичинде аралдарга,
Каздары каркылдашат балапан басып...
Соң-Көлдүн каз, өрдөгүн түмөндөгөн,
Миң жылдап түгөтө албас мерген атып.
Тоосундай бул Соң-Көлдүн жери бийик.
Бийик жер турганга окшойт көккө тийип.
Айлантып асман көлүн курчап алган,
Толгон мал, топ илбесин, сансыз кийик,
Жайкалат жап жыргатып сулуу жайлоо,
Турган соң жаратылыш жалгап-ийип.

Ар дайым жашыл жамгыр бермет чачып,
Чандалап мончок мөндүр аралашып.
Жел ойноп, жер кулпунуп түрлөнөт да,
Тоолорун толук өтөт ак кар басып.
Ак тоонун аскасынан баатыр мерген.
Айланат аркар менен кулжаны атып.
Уулашкан убай-чубай колхозчулар,
Кызыкка жайы-кышы турат батып.
Көп мерген зоодон-зоого камаласа.
Кийиги кээде кирет көлгө качып.
Тумчугуп суу ичинде өлгөндөн соң,
Сөөктөрү көл боюнда калат жатып.
Тарп болгон так ошондой сөөктөрдү
Талаанын түлкүлөрү кармалашып,
Караанын көрсө эгер адамзаттын
Кыландап качып жөнөйт кырдан ашып.

Карасаң кунан койдой тоодактары,
Тоодактын төр жайлоосу — көлдүн жаны.
Аралаш илбесинге оттоп жүрөт,
Ой-тоодо колхоздошкон элдин малы.
Ышкырып капчыгайдан көлгө карай,
Мал көздөйт колхозчу элдин уландары.
Керилип кенен сайдан суу алышат,
Керме каш келиндери, кыз балдары!
Көлдөгү толкунга окшоп көтөрүлөт,
Кызыл кыз, ак келиндин авандары.
Жүрөктү мыкчып алчу жалын болот,
Жер кезген жолоочуга саламдары.
Эзелден көлгө, тоого бир бүткөндөй,
Артыкча бул жайлоонун адамдары...

Жүрчү жер ушул Соң-Көл көңүл ачып,
Үйгө окшош зоокалардан кыя басып,
Тоолору оймо-кыйма, кыял сайма,
Сүрөткө жаратылыш койгон тартып...
Бээ саап, маңдай сылап, кулун байлап,
Жайкалган бетегеге жылкыны айдап,
Керилген колхоз кызы чолпон көздүү,
Албырган айдай беттен нуру жайнап.
Эр жигит, жаш карындаш толукшуган,
Көрүшөт бул жайлоодо көзүн кайрап.
Эмгекте жаш сергисин, жан кубансын,
Асмандап акын досум турчу сайрап!..
Көл жээги сарала саз, карала каз,
Көл жээги жашыл-ала, ар дайым жаз.
Көл бойлоп, жылкы айдаган, ыр чубурткан,
Толкундуу тоо жигити бир курбалдаш,
Таң ата буудан минип, жылкы жайып.
Ырдаса момундайча ким кубанбас?!
(Эгерде жылкычынын ыры жакса,
Ырдашып сен да бирге бир көңүл ач):

«Оо, мергеним, мергеним,
Оролмо тоого барасың.
Оролмо тоонун текесин,
Ойноп атып аласың.
Оболоп чекке жакындап,
Ашууга көзүң саласың.

Оо, мергеним, мергеним,
Адырмак тоого барасың.
Адырмактын аркарын,
Аңдып атып аласың.
Ак кар баскан чектерге,
Асмандан көз саларсың.

Мен жылкылуу жердемин,
Эл тулпарын багамын,
Мына менин тулпарым,
Чубатууга саламын.
Баатыр минсе жарайбы ой,
Баарың келип карагын:

Көкүлү тал жибектей,
Көркөмү көлдө чүрөктөй.
Турпатын бир карасаң,
Тартып койгон сүрөттөй.
Түйүлүп жөнөйт тоолордон,
Теминдирип чүдөтпөй.
Учуп өтөт ашуудан,
Аркасынан сүрөтпөй.
Ойдогуңа жеткирет,
Орто жолдо түнөтпөй.
Биздин, биздин тулпарды,
Баатыр карайт кыя өтпөй...

Чуркаганда курчтугу,
Кушту учурбай баскандай.
Кулач жеткис куйругу,
Кууну жыга чапкандай.
Мамыңды жулат жазганбай.
Күүлөнсө көк теректей,
Оюн салып басканы,
Ой, кумарды жазгандай.
Ажылдап бир жөнөсө,
Арышы ок аткандай.
Ворошилов ага минип.
Жоого бара жаткандай...

Жабагы жалын тараймын
Жылкымдын төлүн санаймын
Кыраандар тулпар минер деп,
Кызыл чекти караймын.

Керек болсо бууданым,
Булкунтуп багып турамын.
Колуна берем өткөрүп,
Ардактуу Чекс агайдын.

Кулунду багып кулпунтуп,
Коёр жерди билемин.
Бой бербестей булкунган.
Буудан кылып минемин.
Керек болсо бууданым,
Баатыр агай Будённый.
Будённый менин тууганым,
Будённыйга беремин.

Ойнотуп кулун-тайымды,
Керүүгө чыга жаямын.
Туягы жерди туурулткан.
Тулпар кылып багамын.
Кара башыл бетеге,
Кандай жайлуу карагын.
Тулпарды берем колуна,
Баатырлардын баатыры,
Баатырга кайрат акылы
Ворошилов аганын!

Мүнүшкөр салат шаңданып
Шумкардын сонун шумкарын,
Азырча колдо багамын,
Атымдын ыкшоо, тумсагын.
(Жанымды жыргал бийледи,
Жүрөктү жалын курчадың)
Мен бир өчпөс жаш жалын.
— Багычысы элдин мисин — деп,
Жылкычы уулун билсин — деп,
Тулпардын берем тулпарын.

Зоокадагы мергеним,
Уласаң бугу табарсың,
Убагы келсе сен дагы,
Кызыл чекке барарсың.
Күркүрөп жоого тийүүгө,
Көк тулпарым аларсың.
Жалпы элимдин малы ушул,
Жаныңдай көрүп багарсың.

Ыргалтып жайлоо туланын,
Зыпылдап тоодо жел жүрөт.
Тулпардын куйрук, жалдары,
Тоо желине желбиреп.
Омуроо салса бууданым,
От жүрөгүм элжиреп.
Атымды менин ар дайым,
Эл таалайы эр минет.
Эр ичинде кол башчы,
Колдун шаңы, шер минет.

Ворошилов агайдын.
Айтканындай белгилеп,
Санап айдайм тулпарды,
Сага кезек келди деп!
Ак тулпарды ойнотуп,
Асман тоонун чегинде,
Атырылат жаш жүрөк.

Атадан кабар келгенде,
Кызыл туу колдо желбиреп,
Ай сарала, ак тулпар,
Айдыңдуу кыргыз эл минет.
Ак тулпарды ойнотуп,
Жаш жылкычы бир жүрөт.
Эл күйсө, жаным, бир күйөт,
Эл күлсө көзүм бир күлөт.
Тоолордо ырдайм ырымды,
Тулпарым болсун миң түлөк» —

Дегенде ырчы жигит укурук сүйрөп,
Тургандай Соң-Көл дагы комуз күүлөп,
Адамдай катар баскан тизилишип,
Какайган карагайлар кошо сүйлөп.
Жайлообу, Соң-Көл адам качуучудай?..

Жайдары калкым жыргап жатуучу жай.
Баарыдан баш-аягы көз жетпеген,
Көк жээк, кенен кокту, керилген сай.
Малдарын бүт элимдин жайсаңдагы,
Бул жерге бири калбай батуучудай.
Калеми толкун сүйгөн азаматтар,
Бир эмес, токсон түрлөп жазуучу жай.

Кош, Соң-Көл, жашыл жайлоо, сен
каласың,
Кылымдап элиңде өзүң ырдаласың.
Өзүңдү курчап алган баатыр элдин.
Малдары кантип сенде жыргабасын!
Жүрөктө өлгөнүмчө сактап кетем
Соң-Көлдүн жылкычы, ырчы бир баласын.
Жылкычы өзү чектин баатыр уулу,
Эмесе ырын кимдер ырдабасын!..

*1938*

**БААТЫРГА**

*(Федоровго)*

Болгон соң асман-жер да биздин колдо,
Океан — чала жүргөн биздин жолго...
Адамдын таалайы үчүн асманга учкан,
Баатырын кантип элиң албайт ойго?
Эр жүрсө көл чайкалтып, жер айлантып,
Элинин көңүлү толкуур бул бир тойго...

Федоров, сен жүргөндө музда калкып,
Агартып күмүш кыроо бетиң басып.
Баатырды алдейлеген кыргыз эли.
«Уулум» — деп, жүрөгүнө койгон жазып.
Милдетти эңгезердей мойнуңа арткан,
Ала-Тоо, ак муз уюл кучакташып.

Кар катып, муздар жылып, шамал улуп,
Бороондо күн-түндөгөн кулак тунуп.
Ачам деп бир жаңы жер дарбазасын,
Калкы үчүн кайран жанын курман кылып,
Кезинде далай баатыр жоголду го,
Үстүнө тоодой муздун кандары уюп.
Баласы биздин элдин эр Федоров,
Койгон жок антсе дагы бир буюгуп.
«Бир боордош кыргыз элим» — деген сөзү,
Асмандап Ала-Тоого турду угулуп,

Айт жүрөк, мынча эмне сүйүнөсүң?
Көрсөм деп, алга умтулуп күйүгөсүң.

Болсом деп Федоровдой эл баатыры.
Бөбөгүм, сен да билек түрүнөсүң.
Түгөйү төрт баатырдын өкүлүңдү,
Ырас-ок, мен да билем күтүүдөсүң...
Баса дейм, эл сүйүнбөй ким сүйүнөт,
Уулунун көптөн күткөн көрсө көзүн.
Ала-Тоо нурга оронуп турган кезде,
Федоров, сен дагы эңсеп келдиң өзүң...
Чабыттап асмандаган аскар менен
Талпынып ак шумкардай учкан кезиң.

Жашылга жер кийинип келген жазда,
Тоо-талаа эркиндеп бой керген жазда.
Мактанып тууган жерлер турган кезде,
Толкундап толукшуган жыргал жакка,
Келет деп, баатыр уул куштай учуп,
Көз тигип Кыргызстан күткөн чакта.

Федоров канат кактың Москвадан,
Кайда деп, Памир, Алай, чоң Тянь-Шань.
Узатты биздин жерге илим көчүн
Миңдеген жаштар үчүн таңыркаган.
Тоолордо, дарыяларда жыргал күүсүн,
Тарткан кез Кыргызстан көзүң салсаң.
Жаш бизде, жалбырттаган жалын бизде,
Өзүңдөй баатыр кылып даярдасаң.
Толкундуу тоо жаштары арасынан,
Кол кысып мен да сага саламдашам.

*28/IV 1938-ж. Фрунзе.*

## ШОТАГА

Ааламдын бир чоң бурчу күн чыгыштан,
Бир эмес, акылмандар миң чыгышкан,
Армандуу ал күндөрдүн туманында,
Азапта азаматтар тумчугушкан.

Миң жылдар жашап келет генийлери,
Эсинен эч чыгарбай эли, жери,
Чыгышта унутулгус улуу адамдын,
Так бирөө ушул Шота Руставели.

Өрнөккө адамзатта кала бермек,
Акылы асылдардын эзелдеги.
Адамды адам кылып баалай билген,
Партия, адамзаттын кемеңгери.

*23/XII 38-ж.*

## ТАРАС ШЕВЧЕНКО МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Асман, тоодон ылдыйлай,
Мен карасам талааны,
Көтөрүлөт закымдай,
Кең мейкиндин шамалы.

Чөлдөрдү шамал кыдырат,
Көлдөрдү шамал кыдырат,
Жерди айланат көкөлөп,
Жагалмайдай зымырап.

Мына ошондо оюма,
Сен туулган жер келет.
Сенин жүргөн жерлериң,
Мен мындалап үн берет.
Эстеп ырдайм өзүңдү,
Эзилип жүрөк элжиреп.

Тунжураган дүлөй түн,
Тумчуктурду өзүңдү.
Көөдөндөн жан кеткенде,
Колуңдан чынжыр чечилди.
Сен жүргөн купкуу чөл менен,
Кан төгүлгөн жол менен,
Ала-Тоолук Токтогул
Акын өттү ыр менен.
Кайдан билем, Токтогул
Сен жаткан жерге жаткандыр,
Балким, сенин жылдызың,

Ага нурун чачкандыр?!
Кочуштап ичкен сууңдан
Кургаса таңдай ичкендир.
Сууларга анын көз жашы,
Аралашып кеткендир,

Арал деңиз суусундай,
Туздуу болуп калгандыр,
Туздаштырган экөөңдү,
Эл козгогон армандыр.
Ырларың учуп Полтава
Жериңе жеткен сабалап,
Токтогул ыры кең арал,
Адырдын ичин аралап.
Кең капчыгай, мейкин түз,
Чер токойдон бир өттүң.
Эки булбул таңшысаң,
Элеси болдуң күрөштүн.
Болсо да бөлөк тилиңер,
Башынан бирге дилиңер.
Кубанып укту калкыбыз,
Чыксаңар ырдап кимиңер.
Тууганың сенин зор Тарас,
Токтогулдун тукуму,
Аталаш, кандаш, жан дос деп,
Арнадым сага ушуну.

*1939*

## УУЛУМА

Мына ушул туулуп-өскөн кайран жерим.
Суу бойлоп, ойноп козу жайган жерим.
Келгенде мен да сенин кучагыңа,
Элестейт бала чакта жүргөндөрүм.
Кадимки сексендеги чал сыяктуу,
Уулум ук, атаң айтсын көргөндөрүн.

Тетиги капталга нечен барар элем,
Көзүмдү кекиликке салар элем.
Кекилик мойнун созуп качпай турса,
Мен чочуп, баспай туруп калар элем.
Ат кылып кулунчакты минген чакта,
Кандайын канаттуунун кайдан билем?

Эми көр, ал боорго бак сайылган,
Үстүнөн арык түшүп, суу жайылган,
Күндүзү күн көрүнгүс калың токой,
Түнүндө электри — шам жатылган.
Кар кеткис төр жайлоонун этегине,

Жаркырап жаңы кыштак, там салынган.
Суу бою балдар менен жүргөн жерим.
Терчү элем сарымсагын, текейлерин,
Алыштын суусун бөлүп, буруп ойноп,
Өзөндүн көгөртчү элем кургак жерин.
Көк жерде музоо оттоп турар эле,
Ошол чак эсимде экен али менин.
Ал жерге тракторлор жеткен экен,
Көз жеткис айдоо болуп кеткен экен,
Ал кезде жарты алачык туруучу эле,
Биз барып жарма, максым ичкен эчен.
Ошол жер жайкалган бир жашыл токой
Эгерде, эми барып көрөм десең.
Үстүнө Үч-Эмчектин чыгып бардым,
Көз тойгус сулуулукка көзүм салдым.
Керилип кенен жаткан Чоң-Далынын
Көкүрөгүн көргөн кезде таңыркадым.
Бул тоодой, тоо башында сүрөт турса,
Дегенди ошол кезде оюма алдым.

Кыштакта, эки тоонун арасында,
Кадимки кыргыз тоонун салаасында,
Бирок, мен ал кезекте текей терсем,
Эми уулум, акыл ээси болосуң да!
Сүрөтчү, академик болсоң кийин,
Сыр айтам, ошону эске аласың да:
Тээтиги, ак кар баскан тоого баргын,
Гранитти аскалардан жыйнап алгын.
Каратып, айга-күнгө жаркыратып,
Ленин атабыздын сүрөтүн салгын.
Ал элес бул тоолордон узак жашап
Эсинен чыккыс болсун ай-ааламдын.
Уулдар унутулгус эмгек этсе,
Урматты так ошондо чиркин жандын.
Уулум сен, балапансың, түшүнбөссүң,
Түшүнсөң, кийин мага өкүнбөссүң.
Токто али, тилиң чыксын, бутуң бассын,
Кечүүчү ой толкунун күндөр жетсин.
Солубас жаңы заман гүлү болсоң,
Жалынын жаштын тегин бүтүрбөссүң
Акылың көлдөй терең адам болсоң,
Эсиңен ата сөзүн кетирбессиң!

*1939*

## СССР

Жанга жай, төр жайлоодой салкын жерим,
Ар күнү жеңиш менен толкун жерим.
Адамга керектүүнүн баары сенде,
Ааламга бир жаралган алтын кеним.
Чардаган СССРдын туусун кармап,
Алдыда ата Компартия, баатыр элим.

Таш эрип, кум кулпуруп, нур чачкан жер.
Чын каалап жаңы дүйнө жасаган эл.
Жерине солбос гүлдү жайкалдырат,
Эмгекте от денеден сызылган тер.
Бул жерден күркүрөгөн күндөй чыгат,
Ааламга таалай чачуу менсинген шер.

Элге ырыс, тоо боорунан аккан булак,
Жерге нур, Кремлден жанган чырак.
Финдеги, Шанхайдагы, Лондондогу,
Тууганга аржа сүйөө, биз бир кубат.
Өлкөм сен асмандаган байтерексиң,
Көлөкөң ай-ааламга тийип турат.

*1939*

## БАТЫШТАГЫ ТУУГАНДАРГА

Азыр мен Неман[1] суусун көрө албадым,
Днепрдин ар жагына бара албадым.
Силердин ырыңарды укпасам да,
Сезчү элем кулдукта элдин абалдарын,
Батышта чынжырды үзгөн туугандарга,
Алыстан салам айтып турган чагым.

Тоолорум бооруна алган кыргыз элди,
Эзелден бул жерде элим жашап келди.
Кутуруп каман, төрө канча тойгон
Малындай элге тамга баса берди.
Акыры кандуу жашка бет жуугандар,
Чакырды кан майданга элдеги эрди.

---

[1] Батыш Белоруссиядагы суунун аты.

«Тоодон көл, түздөн суулар соолгончо,
Токойлор көмүр болуп жоголгончо,
Аркайган аска таштар талкаланып,
Кайран жер өлүм кейпин оронгончо,
Чык бери, чылкый кенди колго алабыз,
Ой жигит, жүрөгүңдө эрдик болсо»,—
Дегенде кандай жүрөк туйлабасын?

Кай жигит, өз билегин сынабасын!
Саргартып жуткан болчу тумандуу күн,
Ал кезде сан жетпеген эрдин башын.
Каржалып аскаларда эл турганда,
Москва биздерге ачкан дарбазасын.
Ошондо бир мүнүшкөр колун созуп,
Азаптан азат кылган элдин башын.

Мүнүшкөр биздин элди азат кылган,
Мына эми силердин да муңду басты.
Мүнүшкөр тоо шумкарын сала билген,
Учурса көздөгөнүн ала билген.
Батышта украинец, белорустар
Зарлапсаң, эми колун сага берген.
Билбеген жеңилүүнү эр кызылдар,
Силерге эркиндикти ала келген.

Ар качан элди азаптан эл куткармак,
Туугандык от жүрөктөн орун алмак.
Биздин жер гүлүн чачмак, кол узармак,
Мүнүшкөр зор партия тууну кармап.
Кулатып кулдук тоосун кыйратууга,
Кол баштап Ворошилов баатыр бармак.
Ортону чектер, суулар бөлсө дагы,
Жетти го кызыл шумкар элди жалгап.
Тийген соң таалай нуру күн нурундай,
Мына эми каржалгандар кубаттанмак
Кечээки жону жоорун кул болгон эл,
Айланып асмандашып, канат жаймак.

*1939*

## ЖАРКЫНЫМ

Жаркыным, сага айтканым:
Жалындап сүйөт жаш жаным.
Кадырман өзүң турганда,
Кереги канча башканын?
Жаш кайыңдай буралып,
Жал-жал көз болсоң өз жарым...
Эртеден,
Эңсейм мен,
Эркем сен,
Ойлогон ойдон жазбагын!
Тоодон бир шамал жүргөндө
Тал-терек башы ыргалат.
Тоту куш өзүң келгенде
Көңүлдө кайдан муң калат?
Ашык болуп сүйбөсө,
Айланып сага ким барат?
Эңсейм мен,
Ойло сен,
Деги эми,
Курдашсыз кай жан жыргамак?
Акырын басып буралып,
Ак сайдан келип суу алсаң.
Көргөндө турсам кубанып,
Ак калтардай чубалсаң.
Ашыгым угар бекен деп,
Адырдан туруп үн салсам,
Чиркин-о,
Ошондо,
Жыргал го,
Алдымдан тосуп сен барсаң!..
Жашыл шибер жалтылдайт,
Жайлоонун чыккан төрүндө.
Ак куулар сүзөт жаркылдап,
Айдың чалкар көлүндө.
Арзып сүйгөн жар сонун,
Акишим, биздин өмүрдө.
Күү чалам,
Үн салам,
Селки жан,
Ар качан сенсиң көңүлдө.

*1939*

## ЫРГЫТЫП КОЙ АЛМАҢДАН

Жазгы жамгыр куйганда,
Капталдан көбүк карды айдап,
Кара кабак жылгадан,
Капкачанкы тоңду айдап,
Кубанып жазы келгенге,
Кулпунуп дарак бүр байлап.
Кубатты күн да бергенде
Көк шибер чыгып, нур жайнап,
Күркүрөп агып мына эми,
Күүлөнүп суулар сай-сайлап.
Ошондо сенин тилегиң,
Алмалуу бакка суу жаймак.
Өзүмдөй бүрдөп бу да эми,
Жайкалсын дейсиң миң-сандап.
Бактыңа сенин бурулуп,
Багыңда сандап куш сайрап,
Ырдасам кантет кубулуп,
Курдашым сиз деп, тил кайрап.

Жаз көркүнө боёлуп,
Алмалуу багың бүрдөгөн,
Саймадай түргө оролуп,
Ачылып сансыз гүлдөгөн.
Акуудай өзүң кубулуп,
Аралашып гүл менен.
Алмалуу бактын көркү сен,
Көчөтүн сайган кол менен.
Жалжылдап көзүң эртеден,
Жаркын, сен бастың ким менен?
Көз салып, көңүлүм бир чалкып,
Шыбыш берем үн менен.
Жоодураган садагаң,
Сырдашам кандай тил менен?
Жал оорутуп кетпечи,
Жанга окшоп мени билбеген!..

* * *

Ар качан сенсиң жайында,
Алмалуу колхоз багында,
Мөмө байлап, ийилип
Көлөкө берген чагында,

Ай нурунда күбүлүп,
Бышып келген табында,
Айдай бир жүзүң кубултуп,
Алмаңдын кызыл агында,
Сунган бир колум жетеби,
Жоодур көз, жүрсөм жаныңда?
Ак алмадай жыттанып,
Айлансаң мөмө шагында.
Маңкайган секет толукшуп,
Маңдайда жылдыз-айында,
Сүйгөнгө нээтиң түз болсо,
Суйкайган сулуу жалында.

* * *

Алмалуу бактан көрүнсөң
Алыстан мен да кубанам.
Үн салгым келет сүйүнсөм,
Алда бир кимден уялам.
Жаркырап жүзүң нур чачсаң,
Ырдабай кантип туралам.
Кубаты болор курдаштын,
Кумар көз сендей бир адам.
Ак булбул салган үнсүңбү,
Ак таңдай күүсүн кураган.
Ак тоого тийген күнсүңбү,
Айланып чыгып кыядан?
Акишим, уксаң берилип,
Аргендей ырдап туралам.
Аркарга окшоп керилип,
Ак ала тоодон чубаган,
Алдымдан чыкчы ой, буралып,
Ак тилек ушул сураган?

Жарокер жанды кейитсең,
Жай чилдеде муз болом.
Кабагым салып, күйүп мен,
Кышка тарткан күз болом,
Ардактасаң, эритсең,
Кыш чилдеде оштоном.
Жалжалым, кылсаң сар-санаа,
Жалбырактай мен солом.
Жүрөктөн жалын өчкөн соң,
Кантип көңүлүм куш болом?..

Бозортуп өзүң кеткен соң,
Мен бир тайлак боздогон.
Алмалуу бактын алтын чач,
Жүрөктүн дартын козгогон.
Күлгөнүң ички күйгүзсө,
Түн уйкумдан козголом.

* * *

Ашыгым десе азамат,
Аңдайбы отко күйөрүн.
Сен жумшасаң көңүлүм шарт,
Ат жетпес жолго жүрөйүн!
Кылаасына муз каткан
Көлгө карай жөнөйүн.
Карчытын ала кар баскан,
Төргө деле келейин.
Колумдан келсе солбогон,
Гүлдөрдү терип берейин.
Менин да бар деп сүйөрүм,
Бел байлап, билек түрөйүн.
Алмаңдан бирди ыргытчы,
Даамын татып көрөйүн.
Ак алма бөлүп жешели,
Анык мен болсом түгөйүң.

*1939*

## КРЕМЛЬ ЖОМОГУ

**П и о н е р —**

Ак ала сакал болгончо,
Ааламдан көп жер көрдүңүз.
Айчылык алыс жол жүрүп,
Азыр кайдан келдиңиз?
Жылдыздай жанган төштөгү
Орден экен белгиңиз.

**Ы р ч ы —**

Айтканың анык чырагым,
Алтымыш бештө курагым.
Алтымыш ашып кетсем да,
Азамат болуп турамын.

Жыйырма беште кезимдей,
Жалындап турган убагым.
Чырагым, жайым сурасаң,
Чоң Москва болду барганым.
Кубанып көңүл, бой балкып,
Кремлди ырдадым.
Өткөндүн тепсейт төбөсүн
Азыркы көргөн жыргалым.

**Пионер** —
Абаке, болуп бактылуу,
Ачылган экен гүлүңүз.
Булбулуңуз таңдайда,
Таңшыган мукам үнүңүз.
Артыкча көңүл толкутат,
Азыркы сонун түрүңүз.

**Ырчы** —
Бала жигит болгондон,
Балтыр этим толгондон,
Таалай издеп табууну,
Талыкпастан ойлонгом.
Ой үстүнө ой баскан,
Көкүрөктө муң каткан,
Таалай оту күйбөгөн,
Биз жашаган тоо-таштан,
Табамбы деп таалайды,
Таяк алып жөө баскам.
Бет алып жолдун алысын,
Өлбөстүн издеп дарысын,
Балдарым мен да ойлонгом,
Баа жеткис жандын калышын.

Алдымдан бакыт издөөдө,
Ат арыта мингенмин,
Бут серпилбес өрлөргө,
Өгүз минип келгемин.
Андан да жетпей бактыга,
Жабыркап жаза сермедим.
Канаттуу жеткис тоолордун,
Таштары таман тилгенин,
Айта берсем, эски арман,
Аяктабас бул кебим.

Акыры көрдүм айланып,
Күн күлүңдөп тийгенин.
Октябрь улуу таң атып,
Өнтөлөп бизди сүйгөнүн.
Ошондон бери кубанып,
Ойдогум жазбай сүйлөдүм.
Толкунда жүрүп токтоосуз,
Туткасын билдим дүйнөнүн.
Күч болгон эмес дүйнөдө
Бул замандын күчүндөй,
Көз менен көргөн жыргалым
Элестейт сонун түшүмдөй.

**П и о н е р —**

Айтыңызчы абаке,
Жер туткасы кайда экен?
Канаттуу учуп жетеби,
Канчалык алыс жайда экен?

**Ы р ч ы —**

Издесем таалай жерде экен,
Өлбөскө дары элде экен.
Эл туткасы чырагым,
Эл жараткан эрде экен.
Кыялым учат зыпылдап,
Кең Москва жер десем.

**П и о н е р —**

Ээй, абаке сен жаңы
Москвадан келдиңби?
Эркелетип өстүргөн
Атабызды көрдүңбү?

**Ы р ч ы —**

Эне болуп нан берген,
Ата болуп дем берген,
Кайрат болуп жүрөккө,
Кучактаган кол берген,
Кремлге дүйнөдө
Кайсы жайлар тең келген?
Эл эңсеген Москванын
Ар үйүнө киребиз.

Жаштай болуп жайдары,
Үй төрүндө жүрөбүз.
Борбордо жүргөн сайрандап,
Билсең жалгыз мен эмес.
Ал жерден көргөн бактыма,
Эч бир жомок тең эмес!

Кызгалдак толгон жазга окшойт,
Жаркыраган түнүбүз.
Жалпы ааламга нур чачат,
Жалындап көктө күнүбүз.

Кубанчы селдей каптаган,
Кайраттуу канча эр барды.
Кайраты тоону көчүргөн,
Калың кыргыз эл барды...
Чечендин жибип таңдайы,
Жаркырап эрдин маңдайы,
Көңүлдү көккө учуруп,
Комузчу күүсүн чалганы.
Эркеси болуп замандын,
Ырчылар добуш салганы.
Атаны көрдүк ошондо,
Кимдин болсун арманы?

**Пионер** —

Абаке, эңсеп кабарын,
Аптыгып кетип барамын,
Жалпысын айтып бере көр
Жандырбай ийрин балаңын.

**Ырчы** —

Ал жердеги жыргалды
Айт десең айтаар убагым,
Калкымды сүйгөн баласың,
Калтырбай баарын сурадың.
Кана эмесе кеп баштайм,
Менде болсун кулагың:
Обону көктү чабыттап,
Артисттин көзү жанганда,
Күүлөрү бойду күүлөнтүп
Комузчу арыш алганда,
Бир кишидей Москва

Бизге кулак салганда,
Ата сыйын көрүүгө
Кремлге барганда,
Ошондой жыргал кез келди,
Укпаган болор арманда!

Кремль ичи жаркырайт
Жайдын ачык күнүндөй.
Көңүл коюп, көз кайкыйт,
Көргөн жан турбас сүйүнбөй...
Бир оокумда элестеп,
Учканга канат бергендер,
Айландыра караса
Айчылыкты көргөндөр,
Жер танабын тарткандар,
Элдин муңун жазгандар,
Күйгөн өрттөн жалтанбай
Кезинде каптай баскандар,
Агызып өмүр дайрасын,
Ар өнөрдү ачкандар,
Уюлга кызыл туу жайып
Уңгусун бекем каккандар,
Жердин жүзүн айланып
Жагалмайдай учкандар,
Чыңдыгы болот темирдей
Чыңалышып бышкандар,
Аралаша келишти,
Ага-инидей көрүштү,
Жайдары мүнөз туугандар
Жылмайышып күлүштү.

Бир убакта жарк этти,
Катар жылдыз жангандай,
Зал ичинен агып нур,
Дайра боло калгандай.
Шарт деп эшик ачылды.
Көтөрдүм мен да башымды,
Келатышса көсөмдөр
Гүл жолуна чачылды.
Кубулжуган айланам
Токой болуп калгандай,
Түн ичинде токойдо
Булбул обон салгандай,

Ала-Тоодон жаркырап
Ай да чыга калгандай,
Жакын келип ай-жылдыз,
Мени тиктеп тургандай,
Чолпон мениколтуктап,
Асманга алып баргандай...
Ой токтотуп, көз салсам,
Кремлде экемин,
Ата-бабам көрбөгөн
Бир өмүрдө экемин.
Бет алдымды карасам,
Жолбашчылар олтурат,
Нурга толгон чар тарап,
Ай тийгендей жаркырап.

Айтууга баарын ал жетпес,
Ал жетсе да, тил жетпес,
Чертсек комуз, кыл жетпес,
Ырдай берсек үн жетпес.
Ушул күндөн жетилет
Шумкарлардын канаты.
Агарса да сакалым,
Мен да ошонун баласы!

Атабыз улуу партия
Ар качан бизде санаасы.
Журт сактаган эр барда,
Жүрөктүн болбойт жарасы.
Жүрөгүм эрип, сүйгөндөн
Жашып барам, карачы.
Кайраты улуу атамдын
Кубантат экен дүйнөнү.
Өмүргө жыргал бак берди,
Ушу эмеспи сүйгөнү.

Жолбашчылар сөз сүйлөп,
Өнөрү үчүн кыргыздын,
Өксүбөй алга башка элден
Жүрөрү үчүн кыргыздын,
Жалындап соккон достукта,
Жүрөгү үчүн кыргыздын,
Бөбөктү беттен сүйүштү,
Кыздарга колун беришти.

Карыябыз Калинин,
Орден тагып көрүштү,
Мендей картаң кыргызга
Кучакташып өбүштү.
Өңүмбү, же түшүмбү,
Калинин мени өпкөнү?
Журтум ушул эмеспи,
Төбөм көккө жеткени.
Убада бердим мен дагы:
«Эмгектен эч бир талбайм — деп,
Эргитип көңүл, жашка окшоп,
Эмгектин ырын ырдайм»,— деп.
Аппак чачым кайрадан,
Карараргандай болупмун.
Жаш балапан сыяктуу,
Тарагандай болупмун.
Жигит болуп жашарып,
Жаралгандай болупмун.
Колумдан түшүп кетиптир
Эзелки өрүк таягым,
Келишкен жапжаш жигиттей
Керилип басып барамын.
Ырдадым, балам, күүлөнүп,
Ырды кайдан аядым?
Көңүлгө алып койгум жок
Карылыктын кабарын.
Оозумдан чубап ыр чыкты.
Чапкан аттай жарышып,
Капкайдан чыккан калың сөз,
Калыптыр өзү табышып,
Толкундап ичтен чыккан сөз,
Тарайт экен кат болуп.
Өлгөнүңчө көңүлдө
Калат экен жат болуп,
Тоо үстүндө көлгө окшоп,
Туптунук бойдон токтолуп.

**Пионер —**

Ошондон бери абаке,
Кызарыптыр өңүңүз!
Артыкча мени кубантты
Акын аба, демиңиз!

**Ырчы —**

Күчөп бурайм, чырагым,
Комузумдун кулагын,
Кремлдин жомогун
Көңүлгө жат кыламын.
Тоодон-тоого таратып,
Талбай ырдап турамын.

Жомогум уккан карылар,
Кайраттанып бел байлайт.
Жүрөктө сайрап булбулу,
Кадимкидей көз жайнайт.
Жерде экен чыны, мен айтсам,
Журттун анык бактысы,
Чоң Москвада турбайбы,
Бактынын бизге ачкычы!

**Пионер —**

Абаке, баарын сурадым,
Аябай канды кулагым.
Модель жасап бул күндө
Учурганы турамын.
Менсинтти мени абаке,
Москванын сонун кабары.
Кошулуп сизге келиптир,
Кремлдин саламы.
Кучактап ошол саламдар,
Кубантты мендей баланы.
Аэроплан болбойбу,
Моделим менин акыры.
Мен да болом эр жетсем,
Өлкөнүн учкуч баатыры.
Так ошондо мен дагы,
Жылдыздай бийик учамын,
Асылам деген душмандын
Үстүнөн желдей сызамын.

Алпарамын атага,
Баатырлардын кабарын.
Айланып ошол кезекте
Кремлге барамын.
Асмандын сырын билдим деп,
Атага анан киремин.

Убадам ушул абаке,
Учкуч болуу тилегим!

**Ырчы** —
Өзүңдөй жапжаш бала эмес,
Умтулду алга карылар,
Жеткирбей бизге кетүүгө,
Жетиштүү намыс-арыңар.
Убакты, заман сеники,
Уулдарым, сенде баары бар.
Туулган эмес эч бир жан,
Силердей текши багы бар.
Окусаң, өнөр үйрөнсөң,
Ойдогуң, балам, табылар,
Асман деңиз, силер ай,
Алыска сүзөр чагыңар.
Токтотпой алга жөнөтчү,
Толкуган деңиз шарыңар.
Күч берген Ленин жолу бар
Гүлдөп турган шагыңар.
Абаңар биздей тилектеш,
Аман болсун жаныңар.

*1939*

## ЭНЕНИН ЫРЫ

Бала сүйүү, кан денеңе таралган,
Бала жыргал, солбос гүлдөн жаралган,
Өмүрдүккө өлбөс болуп калсам да,
Өз жанымды артык көрбөйм баламдан!
Бала, сен деп узун түндө зарылам,
Мемиреткен, таттуу уйкудан кагылам.
Чырагымдан чай кайнамга айрылсам,
Таамай бир жыл көрбөгөнсүп сагынам.

*1940*

## ТУУГАНЫМ

Эстесем жердешимди, жеримди ырдайм,
Терметкен бешигиңди элимди ырдайм.
Жалтырап өзүң өскөн жерден аккан,

Айдыңдуу алтын, күмүш кенимди ырдайм,
Туулган бир булакта Фрунзе ага,
Кандайча, каны биргем, сени ыр кылбайм?!

Элестейт көз алдыма бала кезиң,
Тоодо ойноп, суу боюнда жүрдүң өзүң.
Жүргүзүп чий тегирмен булактарга,
Пароход ойнотууга кирдиң өзүң,
Курбалдаш койчу менен бирге көрдүң
Кайгылуу Ала-Тоонун жайык төшүн.

Көз жеткис капчыгайда балык уулап,
Балдардан баатырлардын тобун курап,
Өзүң да жаңы ачылган гүл болсоң да,
Гүл терип сен да тоодо жүргөн убак.
Чаңкасаң тоонун тунук булагынан
Кочуштап, ичип алсаң кылып кубат.

Ошондо эски Пишпек, укканга айтсак,
Көчөсүн кербенчилер турган таптап.
Көтөрүп төбөсүнө нан, самсасын,
Тамактын сатуучулар атын жаттап,
Жайкысын улуу тоодон мөңгү эрисе
Кетчү эле Пишпек шаарын такыр каптап!
Эртелеп жайлоо жакка малын айдай,
Кыргызың көчүп жатчу тоону карай.
Шаарды сен төрөлгөн аралашып
Жаш, кары атыңды айтчу даңазалай.
Энеден эмген аппак сүтүн актап,
Көтөрүп тарых туусун алга басмак.
Алты аркар жылдыз болуп көккө чыгып,
Арстандар тууган жерин атактантмак.

Сен кыраан, шаңшып учкан Тянь-Шандан,
Бүркүттөй көк бетинен арыш алган.
Лениндин дециэинен суусун канып,
Баатырдык кубат алып, канат жайган.
Каманды, канга тойбос бөрүлөрдү,
Капшыра кармагандан боорун жарган.
Шондуктан ай нурундай, тоо суусундай
Жүрөккө сүйгүлтүктүү болуп жеттиң.
Сыйлашкан бир туугандан артыгыраак,
Кайран эр каныбызга сиңип кеттиң.

Бул күндө Фрунзенин көчөсүнөн
Басканда, сен кетпейсиң эч эсимен,
Болгонсоң элге досум, боордошум,
Бир тууган эскермеңе башымы ием.
Атыңа туугандарың шаарын койгон,
Сагынсам музейиңе барып кирем.
Борбордо сен туулган үйүң турат,
Жайкалып, тоого өстүргөн гүлүң бурап.
Шаарда, жер астынан атып чыгат,
Жарышып тоодон түшкөн мөлтүр булак.
Кулпунуп тойдогудай жаңы кийген,
Жер сонун, эл сайрандап көңүл куунак.
Фрунзе — Фрунзени көрбөй кетти,
Деген бир санаа мени алек кылат.
Ал күнкү каравандын изи да жок,
Асмандап тоодой үйлөр түшкөн убак.
Эгерде Фрунзе ага эми келсе,
Кайда деп, күлөр беле үйүн сурап.

Кыргыздар борбор жайын айткан сайын,
Боордош, сени дайым эскеребиз.
Фрунзе, Фрунзеге эстелик деп,
Эбактан ырга кошуп биз келебиз.
Ар качан айлыбызда сени эскерсек,
Ан сайын арстандай күчтөнөбүз.

Ар убак мен алыста жеримди эстейм,
Тууган жер эске түшсө, элимди эстейм.
Эл өзү алаканга салып баккан,
Учурган жоо үрөйүн шеримди эстейм.
Борборум, баатыр, сенин атагыңда,
Шаарымда сенден артык кимимди эстейм.
Башынан жердеш, кандаш болгондон соң,
Мен кантип акын ырын белек этпейм!?

*1939*

## ЛЕНИН ШАМЫ

### I

Кыштын күнү,
Капчыгайды кар баскан.

Темир аяз
От денеге жармашкан.
Тар булуңда,
Таш короодо, боз үйдө
Ызгаар суук
Кирип турат ар жактан.
Кеч киргенде,
Куу ыргайын артынып,
Керим келет
Керидеги мал жактан.
Тери мээлей
Керим чалдын колунда,
Бир от жагып,
Жылынсам деп оюнда.
Мурутуна
Тоңгон музду каккылап,
Жай алды эми,
Коломтонун боюнда.
Төрдө олтурган
Жалгыз уулу Суванга,
Кандайчадыр,
Капа болот оюнда.
Бүлбүл жанган,
Кебез милте чырагы,
Үзүлчүдөй
Үлбүрлөгөн убагы.
Капшыттардан
Жел ышкырып киргенде,
Түтөй түшүп,
Өчүп калды бу дагы.
Ичиркенип,
Арка тоңуп турганда,
Бүркөө тартты
Кекеңиздин кабагы.
— Жарытпады,
Ушул милте шамыңар,
Жарык болсун,
Отундан чоң жагыңар!
— Токто, ата, сен,
Аз жылдарда айлыңа,
Электрдин станциясы салынар.
Ошол кезде,
Жаңы бүткөн ак үйгө,

Ильич ата
Чырактары жагылар,—
Деди Суван,
Тилегине кубанып,
Атасы да
Карап турду кубарып.
Кабак чытып.
Мурдун чүйрүп сүйлөдү.
Абышкаңыз,
Көздүн чаарын чыгарып:
— Эчен жылдап,
Окуп жүрдүң кулунум,
Акыл айтчы,
Кантип оокат кылалык?
Жолоочудай,
Жылына бир келесиң.
Окудум деп,
Серептенип жүрөсүң.
Жамбашыңа
Бир тапанча байланып,
Эми качан
Кылторкодон киесиң?
Эч болбосо,
Селге[1] катчы болууга,
Уулум деги,
Жарабадың бир өзүң.
Элдин уулу
Айылда окуп алышат,
Эртеси эле
Бир мансапка жабышат.
Же сельсовет,
Секретарь, полдомоч,
Чиренишип,
Эл «башкарып» калышат.
Сага окшогон
Техниги жок эле,
Жанын багып,
Жыргап алтын табышат...

Анда Суван
Күлдү катуу каткырып.

---

[1] Айылдык советке

Абышканы
Күлкү менен шаштырып,
Оозун ачып,
Оңурайды Кекеңиз,
Мен койдум деп,
Кай жеримден жазгырып.
Ой токтотуп
Өз ичинде өкүндү,
Муну айттым деп,
Кайсы шайтан азгырып?..

II

...Жашыл баркыт,
Жаңы кийген май айы.
Керим турган
Кең капчыгай баягы.
Жаркыраган
Тегиз аппак там болгон,
Өзөн суунун
Өйүз-бүйүз тарабы.
Керим аке,
Ак сакалын жайкалтып,
Ээрчип алган,
Техник Суван баланы.

* *
*

Көчө түшүп,
Зым карагай орногон,
Станциясы
Суу кубатын болжогон.
Балбылдаган
Электрдин чырагы,
Капчыгайга
Нурун чачып ойногон.
Атасына
Бөлмөлүү үй салдырып,
Суван дагы
Жетти оюна ойлогон.

* *
*

Колу менен
Киргизди үйгө зымдарын,
Бурап-бурап,
Орду-ордуна шамдарын.
Карыяга
Техник Суван көрсөттү,
Кайсы шамдын
Кандай болуп жанганын.
Жалтылдаган,
Жылдызданган нурларды,
Оргуп аккан
Тоо суусунан алганын.
— Түшүнчү ата,
Эми уулуңдун тилегин,
Мен бир адис,
Нур таратып келемин.
Жаркыраган
Ленин шамы дегенди,
Колхоздорго
Бүт жандырып беремин.
Тээ береги,
Өзөндөгү станция,
Мен да ошону
Жүргүзүүнү билемин.
Ленин эле
Алсыздарга ал берген,
Алыскыга
Айдай жарык шам берген.
Жаңы дүйнө
Дарбазасын ачканга,
Кайсы жерден
Кандай баатыр тең келген?
Журтума ошол
Ленин ата шамдарын,
Тоолорума
Жандырууга мен келгем.
Наадан кантип
Башын кармайт кеменин?
Билген билет,
Бул өнөрдүн керегин.

Селге катчы
Болбосом да, полномоч,
Тиет бекен
Элге менин керегим?
Менсиз деле
Журт башкарар жетишет,
Ата, мени
«Улук» болгун дебегин.
Кезегинде
Милициялык кызматка
Керек болсом,
Өзүм деле келемин.
Ильич шамын
Жандырууну билбесем,
Анда атаке,
Баарын угам жемеңин!
Карк-карк күлүп,
Ата көөнү тоюнду:
— Каралдым мен,
Туюндум чын оюңду!
Ушул жерге,
Түк бүткөндөн бери жакка,
Ата-бабам,
Көрбөгөн бул сонунду!
Алжып калган
Абышкага терикпей,
Уулум эми, уланта бер жолуңду!

*1940*

## ТАЛАСТЫН БЕРИ БАШЫНДА

Билсең айт, Ала-Белдин башы кайда?
Бакайдын кыйма кызыл ташы кайда?
Кароолдой катып турган шумкар аска,
Кайкалап жаралган дейм кандай жайга?
Көрсө бул кең Таластын бийиги экен
О чиркин, жер болобу ушундай да?

* *
*

Кылтылдап коктусунан түлкү качкан,
Жылтылдап жылгалардан булак аккан.

Жайылып эчки-койдой кекилик, чил,
Быкылдап капталдарды каптап жаткан.
Кара каз, жайнап учкан жапан өрдөк,
Калкылдап кара суунун бетин баскан.

*  *
 *

Айыңдуу чоң Таластын арасында,
Тасмадай, Үч-Кошойдун талаасында,
Орноптур Талды-Булак жылкы завод,
Сары үймөк чөп, беделер салаасында.
Алкынган аргымагын минип чапсаң,
Асмандап учканга окшоп каласың да.

*  *
 *

«Айчүрөк шумкар алып качкан экен,
Качканда Ала-Белди ашкан экен.
Элимдин алп акеси Бакай, Кошой,
Башында кең Таластын жаткан экен.
Ошондой агаларын жол баштаткан,
Кол башчы, кайран Манас арстан экен» —
Деген сөз кыргыз бүткөн айылдарда,
Айтылат бутакталып эчен-эчен.
Арзыса, айланчудай шумкарлары,
Асмандап аска таштын турган чагы.
Чалкалап, эң чокусун карайм десең,
Түшөрдөй тебетейиң башындагы.

*  *
 *

Бир ташы жайып койгон керегедей,
Бир жери оюп койгон кемегедей.
Бир жери жаап койгон каалгадай,
Бир жери катар-катар беренедей,
Бир ташы жылкычынын алачыктай,
Жалпы өзү бир сарайдай тептелегей.

*   *
  *

Бул таштын желкесине салган короо,
Короонун туш-тарабы токсон тороо.
Таштары таш короонун кол көтөргүс,
Жыйды экен кандай алптар ушул зоого?
Таластын баш-аягын көрө турган,
Эрикпей чыккан адам Бакай тоого.

*   *
  *

Үч адыр Ала-Белге айкалышкан,
Эзелден Үч-Кошой деп аты чыккан.
Атбашы, Жети-Өгүздөй, Чоң-Кеминдей
Жер экен, көркү да ашкан, ырысы ташкан.
Кадимки уктап жаткан баатырга окшойт,
Бул жондор бир-биринин ийнин баскан.

Балким дейт жүрбөгөндүр Кошой жайлап.
Бакай да чыкпагандыр төөсүн айдап.
Ким билсин, Айчүрөк да учпагандыр,
Атактуу Ала-Белден өөдө чамдап.
Деги өзү кандай жанга арналса да,
Башынан белгилептир жерди тандап.
Эрлерин жүрөгүндө сактаган эл,
Койгондур урматына жерин арнап.

*1940*

## ЧҮЙ [1]

*(Поэма)*

Күн бүркөлсө,
Көктөн нурдай куюлган,
Күн ысыса,
Аска-зоодон чубурган,
Капчыгайга
Сойлоп түшүп жыландай,
Өр жактардан

[1] Бул поэма Кыргызстан комсомолдорунун III съездинде окулган, кийин орус тилинде жана казак тилинде да басылып чыккан.

Эрме чөлгө жулунган,
Алас алып
Айдың көлдүн балыктай,
Күмүш түстө,
Көздү уялтып кубулган,
Токтоо бербей,
Тоодон туйлап атылган,
Жан сергитер
Ырыс болуп чачылган,
Көз жетпеген
Кара чөңөр-какырга,
Көз кайкытып,
Жууркан жапкан жашылдан,
Тил кургатып,
Так катырган ысыкты,
Кайран суу сен,
Кабыландай качырган.
Ак буудайы
Жууп койгон күрүчтөй,
Күрүчтөрү
Кубулжуган күмүштөй.
Жемиштери
Желе тартып тизилип,
Бышып турган
Бир-бирине күйүшпөй.
Эбактан ок,
Атагы ашкан сары өзөн,
Сан байгеден
Озо чыккан күлүктөй.

Керисинде
Кекилик, чил жабылган,
Сары күңгөй,
Сан жетпеген адырдан
Түлкүлөрү
Капканына кабылган,
Тоодактары
Малга аралаш жайылган.
Көк тиреген
Кыргыз тоосу так ушул
Кайда бассаң
Каалаганың табылган.
Торпуну ээлеп,

Тоодо малы жаткан жер,
Сай күлүгү,
Суусамырды ашкан жер.
Алчаңдаган,
Асмандаган тулпарын,
Азаматы
Аркыратып чапкан жер.
Кайраттууга
Сүйүп колун берген жер.
Чер токойлуу,
Кенен талаа делген жер,
Эл кыштабай
Ээн жаткан кезинде
Жакасынан
Жолборс аткан мергендер...
Ызырынса,
Ителгидей качырып,
Элдин жоосун
Эзе кармап эңген жер.
Мына бүгүн
Кыргызстан жүрөгү,
Каманды алган
Кыраандардын тиреги.
Тянь-Шандын
Ала барчын алгыры,
Денин жайып,
Ушул Чүйдөн түлөдү.
Боорунда ойноп,
Агат эми дарыя,
Аны урматтап,
Үн алышып көрөлү.
Толкуган Чүй
Күн батышка кайрылар,
Туура суулар
Кошо ээрчишип айланар.
Катып турган
Кучак жеткис көк таштар,
Калкым тартса,
Омкорулуп алынар.
Кыл чокусу,
Куш коно албас аскалар,
Кыйрап түшүп,
Ташы жолго салынар.

Колхозчулар
Толкун болуп көлдөгү,
Каптап кирсе
Кумду учурар чөлдөгү.
Жаңы дарыя,
Сенден дагы жай алар,
Ээрчип учкан
Ысык-Көлдүн өрдөгү.
Биздин ырлар,
Бирге ташты ташышып,
Эпкиндүүгө
Көтөрүшөр өргөнү.

Капкачанкы
Ат кепелер бузулар,
Төрт күл дөңдөр
Төбөсүнөн басылар.
Аңтарылып,
Алтын баалуу топурак,
Дарыянын
Ойлоруна чачылат.
Жаңы жерде,
Жаңы гүлдөр жайкаган,
«Ой бали!» — деп
Көргөн жандар сөз кылар.

Кар бир жааса,
Түшүп сары жалбырак.
Турар шондо
Кызыл алма салбырап,
Жипке тизген
Жашыл шуру сыяктуу,
Жүзүм болор
Чөлдөрүндө ар убак.
Биз ичербиз
Шампанский тамшанып,
Карындаштар
Сунуп турса жалжылдап...

Орто-Токой,
Ысык-Көлдөй көл болор,
Көлдүн үстү
Каз-өрдөккө төр болор.

Тянь-Шандын
Мөңгүсүнөн бүткөн соң,
Суунун өңү
Мөлтүрөгөн мөл болор.
Тоодон туйлап,
Толкуп акса көл суусу,
Токтоно албай,
Капчыгайлар толгонор.

Дарыялар
Өлүк жерге жан болор.
Кубат кайнап,
Караңгы үйгө шам болор.
Ар өзөндө,
Электрик станция
Айсыз түндө,
Көргөн адам таң болор.
Жылдыз жерге
Жакын келген экен деп,
Короосунда
Колхозчу абам ойлонор.
Ар түн болор
Агарып таң аткандай.
Ай да батпай,
Артылтып нур чачкандай.
Эмгектеги эл
Түн дегенди унутар,
Батпай эле
Күн айланып жаткандай.
Ал түндөрдө,
Абам басар чалкалап,
Чаңкай түштө,
Айдоого урук чачкандай.

Темир жолдо,
Кара тулпар кышылдап,
Арт жагынан
Көк вагондор зыпылдап,
Кол куушуруп,
Кошаматтап жол берер,
Балыкчынын
Кара ташы шыкырлап.
Асман менен

Ак булутту аралап,
Кошо келер
Учкуч сулуу кыз ырдап.
Селки жаным,
Качан жерге конот деп,
Сүйгөнүнүн
От жүрөгү тызылдап.
Жумшак вагон
Терезесин ачышар,
Ырахаттуу
Түн шамалы кошо ырдап.
Кара тулпар
Эпкинине чайпалып,
Кала берер
Жашыл бактар баш ыргап.
Поезд токтоп,
Ысык-Көлгө түшөрбүз
Эрикkенге
Эрмек болуп биз ырдап.

Жака кумдар
Көк шиберди кийинип,
Суу жеткенге
Жаш баладай сүйүнүп,
Көз жетпеген
Көк токойлор көйкөлсө,
Ысык турар
Өз күчүнөн түңүлүп.
Күн өтпөгөн
Калың бактын башына,
Балдар чыгар,
Этек-жеңин түрүнүп.

Жай саратан
Мээ кайнатып келгенде,
Как төбөдөн
Күн чакыйып тийгенде,
Талаада учкан
Чымчыктар да чырылдап,
Корголошуп
Көлөкөгө киргенде,
Токойлордон,
Суурулушуп сулуулар,

Дарыялардын
Бойлорунда жүргөндө,
Алда кайдан
«Секетпайлап» ырдашып,
Боз уландар
Келер колун булгашып.
Жаным деген
Жигиттерге жеткирбей,
Кара көздөр
Көлдө сүзөр жыргашып.
Дарыяларда
Аккууга окшоп калкылдап,
Чаалыкпастан
Чабак урар сырдашып.

«Эки өзөн суу
Агызылган жаңыдан.
Көк балырлуу
Көл чыгарган жанынан.
Жайлоодогу
Сары төрдөй салкындап,
Эми жерим,
Сайларыңды сагынам.
Түштөгүдөй
Бир токойго кездештик,
Кутулгандар
Кур мээнеттин баарынан» —
Дегендерге,
«Койчу ары — деп күлүшүп,
Калп айтат» — деп,
Кээде кабак түйүшүп,
Бизден соң да,
Жеткинчектер кеп кылар,
Дарыяларда
Жел кайыкты минишип.
Жер козголуп,
Тоо көчкөндөй болгон деп,
Талкуулашар,
Далай кызык күрөшүп.
Кайраттанса
Кара кумду көл кылган,
Казып кирсе,
Кара асканы кен кылган,

Жердин түбүн
Жашыл шибер төр кылган,
Жаан суусун
Көлгө айлантып тундурган,
Жылдыздагы
Керилген көк жайыкты,
Дыйкан абам
Эгин эгер жер кылган,
Асман, жердин
Танабыго большевик
Билсең айтчы,
Мындай эрдик ким кылган?
Өз атаңдай,
Өз бооруңдай кол берип,
Кан майданда
Көңүлүңдү тындырган!

Жалпы Чүйгө
Жашыл жибек жабабыз.
Жаңы көлдөн
Алтын балык алабыз.
Бака ээлеген
Кудуктардан из калбай,
Аны ал кезде
Унутуп да калабыз.
Ташты чаккан
Чукулукту көтөрүп,
Убай-чубай
Жөнөгөндө караңыз.
Кара жерди
Ийлечү биз камырдай,
Анан кантип,
Орундалбайт санаабыз!
Дарыя агып,
Кайыңдыдан өткөндө,
Алтын менен
Рапорт жазып алабыз.
Ысык-Көлдүн
Иниси
Орто-Токойго
Ленин көл деп,
Алтын мамы кагабыз.
*(алкыш)*

Жаңы өзөндүн,
Алма, жүзүм, дарбызын
Тандап үзүп,
Ящиктерге салабыз.
Тянь-Шандын
Тулпарындай жулкунтуп,
Паровозду
Биздер айдап чабабыз.
Чүй каналга,
Башкы инженер Кремль,
Шондо барсак,
Чын кумардан канабыз.
Эр кыргыздын
Уул-кызы келди деп,
Өзү алпештейт
Компартия агабыз.
Кумга чыккан
Кызыл гүлдү кучактап,
Кремлге
Конок болуп барабыз.
*(узак алкыш)*
*1940*

## СЫР СУРАГАН БИРӨӨГӨ

Бар го деймин
Даражага мас болгон,
Жөөлүп сүйлөп
Адамдыкка кас болгон.
Алаптаган
Ак-караны ылгабай,
Сөзү суук
Мээге тиер таш болгон.
Чыңк ылдыйга
Коё берип тизгинин,
Башы айланып
Акылдары аз болгон.
Кайдан жүрүп,
Калк союлун сого алат,
Атайылап
Акылсызга дос болгон?
Ойлоп көрсөң
Чыгат экен адамдан

Кайраты бош,
Ачыбаган саамалдан.
Белди байлап
Бизге жолдош боло албайт,
Бөдөнөдөй
Бөйпөктөгөн чабал жан.
Чаңкай түштө
Корккон коён көздөнүп,
Кулагына
Кебез тыккан араң жан.
Эсиң болсо
Курбум, эч бир сүйүнбө,
Араң жандар
Орун алса араңдан!
Ким калтылдак?
Так ошого арнаймын,
Ушул сырды
Келип чыккан каламдан!

*1940*

## СУЛУУ

Көк кашка суусу элирип,
Күркүрөп жатса, сай сулуу.
Күзгү түндө керилип,
Көкөлөп сүзсө, ай сулуу.
Кулжадай мойнун бир буруп,
Курдашың жаткан жай сулуу.
Сүйгөнү сени чын болсо,
Сулуунун сыры айтылуу!

*1940*

## ЭМНЕЛЕР КЕТПЕЙТ ЭСИҢДЕН

Бир кезде өлгөнүңчө уялганың,
Бир кезде жүрөк туйлап кубанганың,
Бир кезде көпөлөктөй чарк айланып,
Ал кыздын чын сүйүүсүн сурганың.

Жалындуу он сегизге келген чагың,
Жыйырма беш жан теңебей жүргөн чагың.

Сүйгөнүң сай боюнан көрүнгөндө
Кол булгап, көрбөсө да күлгөн чагың.

Баа жеткис, бал шекерден таттуу өмүр,
Шаа жеткис, ойноо жүрөк, оттуу көңүл.
Жыргал кез — өмүрүндө жигиттик кез,
Кезинде болоттон курч, желден жеңил!

*1941*

### ...ГА

Махаббат кезегинде ширин балдай,
Эстеген кумарланып тамшангандай.
Сүйгөнүң суу боюнда солкулдаган
Эч качан куурабаган кырчын талдай.
Кызыкко ошончолук чиркин өмүр,
Көңүлдү көккө сермейт, кандай арбай.
Бир калса курбум көңүлүң жалжал көздөн
Жаңы жаап, эрип кеткен жазгы кардай.
Жаш кезде жандай көргөн жаракөрүн
Кантсе да, унутпаган жигит кандай!

Жан биргең жалтанабы күйгөн оттон,
Баш тартпайт, бет мандайдан учкан октон!
Ал сага али колун бербесе да,
Досум, сен саятчысың куштү тоскон.
Айнызбас азаматтын касиети,
Акыры арзып жүрүп, башын кошкон.
Батынып жүрөк сырын айталабы,
Башынан, же болбосо сөздөн корккон.
Бул өмүр ардуунуку, жандуунуку,
Жаракөр, колуң силкпе, андай достон!

Махаббат кезегинде кайнар булак,
Өзөнгө түшүп жаткан тоодон чубап,
Жаштыктын, от жүрөктүн күчү менен,
Замандаш айга-күнгө колун сунат.
Толукшуп тоодон бийик, көлдөн терең
Өмүрдө мына ошондой болот кубат.
Жаш тилек, жалын жүрөк айкалышса
Эч жанга кезегинде бербейт сурак.
Мына ошол өкүм бербес жүрөк оту,
Токтоосуз мени сага айдап турат.

Сен үчүн жазгандырмын ондоп барак,
Жат алып, окугандар оор сабак.
Он эмес, жүз жолу кат жиберсем да,
Кабарды жаңылоону турам самап.
Канчалык мен ойлобойм десем дагы,
Канча ырды курган тилим өзү табат.
Жашымдан жаным менен берилген соң,
Шум жүрөк дале болсо сага чабат.
Мен жаздым санаа бийлеп турган кезде,
Сөздөрүм сен жакка учсун жасап канат!
Жашырган кумдан изин куландайсың,
Жайкалган жалбырагы чынардайсың.
Тоо жели таң алдында соккон кезде,
Жалжал көз, жаш кайыңдай бураңдайсың.
Түлкүдөй мант бересиң көз кайкытып,
Дегдетпей от жүрөктү туралбайсың.
Бооруң таш, жашытасың жанды кыйнап,
Бир кезде жазгы күндөй кубаңдайсың.
Ай чыга, ай талаада боюң жазып,
Неге сен, ак жибектей чубалбайсың?..
Көп болду көрбөгөнүм кумар көзүм,
Кыргыйдай кайып учуп келген кезим,
Кайрылып карап-карап көзүм талды,
Ой, Акиш, көрүнсөңчү, кай жердесиң?
Көксөөмдү басамбы деп, сени көрсөм,
Мени да бийлеп турат таттуу сезим.
Сен үчүн убаралуу курдашыңды,
Өлбөстүн дарысындай эңсетесиң...
Жүрөгүм жанып кетсин, жаным тынсын,
Жадырап колуң сунуп, жарк этчи өзүң!

*1941*

## КАЙРАН ЖАШТЫК КҮНДӨРДӨ

Айдын нуру тийгендей,
Ак маңдайың жаркылдап.
Аркар көз жүрчү ийменбей
Ак-ала тоодо салкындап.

Күн чыга күмүш булактан
Ак бетиң жууп буралып,
Санааңды берип сырдашсаң,
Суусардай боюң суналып.

Каяктан болсун арманым,
Кумар көз сизге кол артсам.
Кайран жаштык күндөрдө,
Кыйбасың болуп бир бассам.

*1941*

## АСМАН МЕНЕН

Тоого эркелеп,
Таң жылмайып атканда,
Гүл бакчага
Күн да нурун чачканда,
Көк жайыктын,
Гүлдөрүндөй бөбөктөр,
Көк майданда
Ойноп келе жатканда,
Жоодур көзү
Жалжылдаган жеңекем,
Уулун ээрчип,
Кең мейкинде басканда,
Модель кармап,
Монтоңдогон бөбөгүм,
Көккө сермейт,
Көргүлөчү өнөрүн:
«Аэроплан
Азыр минип алам да,
Мен Москвага
Кечке барып келемин.
Ой апаке,
Өзүм үйдү табам, дейт.
Сен мени издеп,
Кайда кетти дебегин».
Бала сөзү
Алып учту санааны,
Тепсеп өттү
Көз жетпеген талааны.

* *
*

Москва бизге
Катар айыл сыяктуу,
Элес-булас

Көрүнгөнсүп карааны,
(Калем ойноп,
Көңүл толкуп келгенде,
Келечекке,
Көз чаптырып алалы).
Сен бөбөгүм,
Жашың толуп келерсиң.
Модель эмес,
Аэроплан минерсиң,
Асман менен
Ак шумкардай айланып,
Ак булутту,
Алда нече жирерсиң.
Жердин, көктүн
Кожоюну болгон соң.
Кайда барсаң,
Аны да өзүң билерсиң.
Түн ичинде,
Жылдызга окшоп учарсың,
Ак калпактуу
Аскалардан ашарсың.
Жердин жүзүн
Жети күндө кыдырып,
Бардык таттуу
Кыялдарды басарсың.
Чикагодон
Бүгүн учуп келсең да,
Чүй боорунда
Жүргөнгө окшоп жатарсың.
Асманда учсак,
Сезип жерде жүргөндөй,
Босогого аттап,
Жогорку үйгө келгендей,
Нью-Йоркто
Бүгүн эмне өтөрүн
Атбашыда
Үйдө олтуруп билгендей,
Анда болор
Ой жетпеген сонун кез,
Эми ойлосок,
Араң түшкө киргендей.
...Ал убакта,
Биз акчачтуу карыбыз,

Таяк менен
Басып калган чагыбыз.
Кайда барсак,
Көргөнүбүз сый болуп,
Конокко окшоп,
Ардакталар жаныбыз.
Атасына,
Учкуч бала кеп салар,
Асманда деп,
Бүгүн биздин жайыбыз.
Таң сөгүлсө,
Шумкар минип аларбыз,
Шашке ченде,
Москвага барарбыз.
Конок үйгө
Кожурашып жайланып,
Бет жуушуп,
Бой жазышып каларбыз.
Түшкө жакын
Чоң театр ичинде,
Көксөп келген
Көңүл күүсүн табарбыз.
Кечээ кечке,
Радиодон билдик деп,
Кечикпөөгө
Түндөп учуп келдик деп,
Мындан дагы
Жетет элек тезирээк,
Волга ченде
Тамашалап жүрдүк деп,
Кичүү үйдөн,
Улуу үйгө киргендей,
Биз да ошондо,
Ушул күндү элестеп...
Оюн бүтөр,
Конок үйгө барарбыз.
Балтик жакка
Учуп жөнөп каларбыз.
Кайык минип,
Көк деңизде көйкөлүп,
Талыкпастан
Бир тамаша кыларбыз.
Эстон, финдик

Туугандарды чакырып,
Алар келсе
Биз да күтүп аларбыз.
Кечке эркиндеп,
Көңүл чалкып, тойгондо,
Бой талыкшып,
Тыныгар чак болгондо,
Таллин жактан
Телефонду согорбуз,
Келебиз деп,
Кабарланып койгонго,
Аэроплан
Көк куш өңдүү зыпылдап,
Каргып жөнөр
Канат сермеп оң-солго...

* *
*

Бир кезекте
Ак булуттай буралып,
Бирде учкан
Жылдызга окшоп чубалып,
Чалкалаган,
Чаткал тоого жеткенде,
Ыраак чыккан
Тулпар аттай суналып,
Ала чоку,
Кырка жондор көрүнсө,
Үйүбүзгө
Жеткен өңдүү кубанып...

* *
*

Кең Таласка
Келген кезде калкылдап,
Ай тийгендей
Ак канаты жаркылдап,
Учкуч жигит
Боюн жыйнап майланып,
Мотор дагы
Дем алсын деп салкындап,
Биз ичинде,

Үйдө олтурган немедей,
Кебелбеспиз,
Кепке кызып, тил сайрап.
«Артта калган
Эчкиликтин ташы го,
Алдыбызда
Орто-Кеңкол сазы го,
Чүрөк жеңе,
Шумкар ала качкан жер
Тебереги
Үч-Кошойдун башы го»,—
Деп кеңешип,
Жердегини карарбыз,
Кең Маскөөдөн
Келе жатып ошондо
Тоо көркүнө
Толкуп кумарланарбыз.
Эл орунга,
Олтурарда жайланып,
Көк куш конор,
Шаарыбызды айланып.
Балтик бойлоп,
Үзгөн гүлдү жеткирсек
Жыттап көрүп,
Көрбөгөндөр таң калып,
Жээн, таякө,
Катташкандай көрүнүп,
Кобурарбыз,
Кеп түгөнбөй шаңданып...

* *
*

Күчтөн кайтпас
Бизде алтын жаш барда,
Гүлдөр өнөр
Көз жетпеген аскарга,
Геологдор,
Көрбөгөндү көрсөтөр
Көк кумдарга,
Татаал ашуу, ак карга:
Келер өмүр
Колубузда болгон соң,

Ким ишенбейт
Кожоюндар айтканга!?
...Түшүм десем,
Муну ойлопмун өңүмдө
Көрөмүн деп,
Көксөгөндү өмүрдө.
Ооз көптүрүп,
Ойду ээрчиткен кур кыял,
Ойлочу дос,
Кайдан келсин көңүлгө?
Кабыл болот
Замандаштар, ойдогуң,
Качан болсо,
Советтин эл-жеринде!

*1941*

### КЕЧИНДЕ

Ак булуттар,
  Тоо башында уктады,
Көпөлөктөр
  Ойдо гүлдү жыттады,
Баткан күндүн
  Кызылдары күүгүмдөп,
Жалт-жулт ойноп,
  Көккө жылдыз чыкканы,
Күн батыштан
  Жел зыпылдап жүргөндө
Көк түтүндөр
  Жапырылып ыктады.

* * *

Бөзөп-сайрап,
Комуз үнү жаңырды,
Жалбырттатып,
Жүрөктөгү жалынды,
Уча турган
Бүркүткө окшоп обдулуп,
Манасчылар
Кызуулантып каныңды.
Ырчы ырдаса,
Жазгы кечтей түрлөнүп,

Унутасың
Чарчап келген чагыңды.

* * *

Чүй каналы
Түнгө кезек берген кез,
Эл түрүлүп,
   Көк дөбөгө келген кез,
Миңи бирдей,
   Күү тыңшашып, термелип,
Жаш кулагы,
   Жан жемишин терген кез.
Көпкөк талаа,
   Көтөрүлүп толкундап,
Көңүл дайра...
   Кандай сонун ушул кеч!

* * *

Күү тыңшаса,
   Баатыр жигит басчудай,
Кетмен менен
   Ташты омкоро чапчудай,
Күрөктөрдү
   Тепкен сайын житире,
Салмак менен
   Сабы кошо батчудай,
Колхозчунун,
   Кара бою көбөлбей,
Кайраттанса,
   Ташты канттай чакчудай.
Акын ырдайт,
   Ашык жардай берилип,
Кең Чүй жатат,
   Үндү тыңшап керилип,
Жуурат ичип
   Ыксыраган адамдай,
Ырга, обонго,
   Эл көңүлү семирип,
Эрге эркеп,
   Ыр ойносо жүрөктө,

Кайраткерлер
   Күлүк аттай элирип.
Бийлегендер,
   Канат жайып салкындап,
Көлдө сүзгөн
   Аккуулардай калкылдап,
Күү төгүлсө,
   Бүткөн бойду эрите,
Кызып жөнөйт
   Кер жоргодой шалкылдап.
Бийчи менен
   Кошо обдулуп уччудай,
Көтөрүлөт
   Жаш жүрөгү толкундап.

* * *

Эч байкалбай,
   Күндүн качан батканы,
Эскерилбей
   Таң агарып атканы,
Күндүн-түндүн
   Кайсы экени билинбей,
Колхозчулар
   Күлүп ойноп жатканы.
Кең талаада
   Кунан чаап жүргөнсүп,
Күлүңдөгөн
Кубанычтуу жаштары.
Эл толкуну...
   Эми дайра аккандай.
Агын менен
   Кайык бара жаткандай.
Алптар, дөөлөр
   Жер көчүрүп, жашартып,
Жашыл шибер
   Кумду, чөлдү баскандай
Өзүң кошо
   Канал казып жүргөнсүп
Көзүң көрсө,
   Бир көңүлүң ташкандай.

*1941*

■

## СЕЙТЕК

*(4 көшөгөлүү либретто)*

Катышуучулар

(адабий вариант)

| | |
|---|---|
| Чыйырды | Манастын энеси. |
| Бакай | Манастын акылдашы. |
| Каныкей | Манастын аялы. |
| Семетей | Манастын уулу. |
| Айчүрөк | Семетейдин аялы. |
| Чачыкей | Семетейдин 1-аялы. |
| Күлчоро | Семетейдин чоросу. |
| Канчоро | Семетейдин чоросу. |
| Сейтек | Семетейдин уулу. |
| Кыяс | Жедигер Толтойдун иниси, кан. |
| Карагул | Кыястын иниси. |
| Бозбала | Жылкычы, Сейтектин жакын көргөн жигити. |
| Кутубий | Кутунун кызы, Сейтектин аскерлери, Жеткайттыктар, Таластыктар. |
| Сүйүмкан | |

### 1-көшөгө

Талас. Эртең менен. Манастын күмбөзүнүн мандайы. Күмбөздө баатырлардын сүрөтү тартылган.

Семетей, Күлчоролор. Каныкей, Чачыкей бир бурчтан чыгышат. Айчүрөк ортодо жалгыз.

Айчүрөктүн ариясы башталып калганда Чыйырдын эки жагынан сүйөп-таяган Бакай менен Каныкейлер келишет. Канчоро четте эки жакты карап турат.

**Айчүрөк —**

Ой баатырым, кулак сал,
Билгендерден көп уктум,

Бузук салып алда ким,
Эл чайпалат деп уктум.

Кең дарыя өзөнүм,
Солуп көлчүк болот бейм.
Калкка паана чынарды
Чорооң кыркып коёт бейм.
*(Канчоро четтейт)*

Алчагай мүйүз, ак өркөч,
Айды көздөп бакырар.
Тултугуй мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрөр.
Керме тоо Талас жериңди,
Башыңан ылдый өрт алар.

Аңтарылып түбүнөн,
Төрөм, ак ала тоолор куланар.
Төрөм, күмбөз тайып кур жатпай,
Кошунуң жыйнап алсаңчы,
Төрөм, кекенген жоолор келбесин,
Ашууга көзүң салсаңчы!

**Карагул** —
*(Жашырын шашып келип, Канчорого шыбырашып кайра кетет)*

**Чачыкей** —
Мен да көрдүм шумдук түш,
Түштү айтпаса болобу.
Түлөө кылбай, тайынбай,
Кеткен адам оңобу!
*(Канчоро, Күлчоролор бир-бирин карашат)*

**Бакай** —
*(Термелип турат).*
Семетей балам, кулак сал,
Сумсайбай менден кабар ал.
Айлансам болот Айчүрөк,
Акылдын кенчи сенде бар.
Балам, катылган жоого алыштың,
Калмактар менен кагыштың.

Кара боюң тер болуп,
Канчалык канды агыздың.
Оолукпай балам, ойлончу,
Сага душман да көп, доо да көп.
Жүрөгүм башы опколжуйт,
Кулунум, кеп укпай мынча болбо көк.
Жаман айтпай, жакшы жок,
Жоо жарагың шайлагын.
Эрте айылга жетсек дейм,
Ойло балам, ар жагын!

**Бакай —**
**Каныкей —**
**Чыйырды —**
**Күлчоро —**

Кандай заман, кандай күн,
Башка түшөт билбейбиз.
Аркасы журттун, арстаным!
Абай кыла жүр дейбиз.
*(Эл кете турган болот)*

**Канчоро —**

Кагылайын кан аба,
Кетет деген эмне.
Түлөө кылбай, тайынбай
Өтөт деген эмне?!
Калмакка барсаң, бир бардым,
Кайгуулга чыгып жол чалдым.
Кайсы жерде чабышпай,
Абаке, башымды катып мен калдым?!
Ар качандан, бир качан,
Атамдай сени көрчү элем.
Алмамбет, Чубак, Манастын
Арбагын сыйлап жүрчү элем.
Ак түлөө кыл деп тиленсем,
Тилегиме көнбөйсүң.
Түйшүгүң тарткан башымды,
Күлчородой көрбөйсүң.
Арман күн, төрөм, кантейин,
Арбакка койдум өзүңдү,
Атакем Чубак болсо да,
Жалдыраттың көзүмдү!

**Чачыкей** —

Төрөң чыкпайт Айчүрөктүн тилинен,
Кечип койгон сендей жакын иниден.

*(Канчоро кылычын таштап олтуруп калат)*

**Семетей** —

*(Шашып, Канчоронун кылычын алып берип)*

Агабыз Чубак баатырдан,
Алып калган белегим,
Алыша калың жоо келсе,
Ар качан менин медерим.
Кандай десең мен макул
Конуп-түнөп жаталы,
Каңырыгын түтөтүп,
Иним сен, көп эстедиң атаңы...

*(Элге)*

Ак боз бээни чалгыла,
Абаке, бата кылгыла!

*(Канчоро кылычын алып турат. Элдер шыбыр-күбүр. Чыйырды, Бакайлар кыбыланы карап олтурушат. Эл батага олтурат, Бакай дуба окуйт. Канчоро, Чачыкейлер бир четтерээк турушат. Батага элдин артында келишет. Бир келин келип Канчорого шыбырайт)*

**Канчоро** —

*(Бата убактысында Чачыкейге шыбырап).*

Кудай берди кол келди,
Айчүрөктү аңдыгын, Чачы!
Былк эттирбей басалы,
Бул тургандын бардыгын, Чачы!

*(Экөө шыбырашып, эл бата кылып бүтөрдө, кол жайымыш болушат. Алыстан калың колдун жакындаганы сезиле баштайт).*

**Күлчоро** —

*(Шашып)*
Айланайын абаке,
Курчап келди калың кол,
Жер союлтуп жөн эле,
Жайып келди темир тор

**Канчоро —**

*(Анткорлонуп)*

Эмне дейсиң, Күлчоро,
Андай болсо жыйна кол!..

**Семетей —**

Атпай кыргыз элиме
Каптап мылтык аткандай,
Касиеттүү Таласты
Капысынан баскандай,
Кандай келген зор экен,
Кайдан чыккан кол экен?

**Күлчоро —**

*(Жүгүнүп)*

Абаке, эми ордо жакка жөнөйлү,
Курал-жабдык алып кайра келейин.

*(Шашып чыгып кетет, артынан Чачыкей аңдып калат. Кол жакындагансыйт)*

**Семетей —**

*(Каардуу)*

Түп атам конуп өткөн жер,
Түптүү мазар орногон,
Тар капчыгай таш жолдо,
Тирешкен аман болбогон,
Атпай кыргыз элим бар
Алышкан жоосун жанчтаган,
Ажалдан башын тартпаган,
Азаптуу жолдон кайтпаган.
Жоо дегенде элирип
Ак найзасын аштаган,
Отуз түмөн колду да,
Өз атам Манас баштаган.
Колумда курал жогунда,
Жоо бастыңбы элимди,
Желмогуз каптап келсең да,
Кана, менден ала койгун кегиңди!..

*(Бакай, Семетейлер кеңешип калышат. Кыястын эли жакын. Кыяс, Карагул чыгат. Бир жагында Куту.)*

**К а н ы к е й —**

*(Семетейге)*

Кагылайын кулунум,
Кыркышкан жоону аяба,
Атаңдай болуп кайраттан,
О, сенден кара жаным садага!

*(Жекеге чыгуу башталмак болот. Семетей менен Кыяс экөө эки жактан жекеге даярданышат. Куту ойлонуп бир четте турат. Семетей, Бакай чыгып кетишет)*

**К у т у —**

*(Колго)*

Семетейди мен сайсам,
Селдей каптап киргиле!
Камсыз жаткан эл экен,
Калың олжо алгыла!

**К у т у —**

*(Ойлуу)*

Кайран Манас бир өзү,
Чолпону эле жылдыздын.
Чар тарапка көлөкө,
Чынары эле кыргыздын.
Атасынан бабасы,
Айныбастан эл баккан,
Жоону бизге чендетпей,
Ашуу тосуп түн каткан.
Жерибизде чынардын
Жаш бутагын кыйбайлы.
Элибизде жолборсту
Өрт өчкөндөй кылбайлы.

*(Кол таң калат)*

**К ы я с —**

*(Ачуулу)*

Жети өзөндүү Жедигер,
Атың чыккан жарышта!
Даңканыңар таш жарып,
Даңкың катуу алыста.
Качасыңбы уялбай,
Карчылдашкан салышта?!

Пейлиң бузба Куту аба,
Бел байлабай намыска.
Башка болот эмеспи
Жылдын жылдын таалайы,
Кайдан билдик Кыястын,
Пас болоорун паанайы.
Жаныңды сактап Семетей,
Жарга түртчү биз бекен?
Эр Манастын уулу деп,
Баш качырыш көп бекен!?
Агамды сойгон Күлчоро,
Атамды сойгон Семетей.
Аганын кунун куубастан,
Куту, мен кантип кием тебетей?!
Эркек бала туулса,
Намыс үчүн жараткан,
Кегиңди албай кыйкаңдап,
Куту сен, качып көрчү Таластан!..

*(Жедигерлер урушка камынат, Семетей, Бакай атчан киришет)*

**Семетей** —

Ой апаке, апаке,
Убайым тартып кайгырба!
Качырып жоого киреpде,
Кайратыңдан айрылба!
Аташканым Чүрөк жан,
Апакеңе дем бергин.
Эр аттанбай тура албайт,
Эл четине жоо келди!

*(Душман жакты карап)*

Жекеге чыккын эр болсоң,
Жедигердин Кыясы!

*(Кыяс менен Семетей жекече чыгышат. Кыяс Семетейден жара жеп, жаасын түшүрүп, качып колуна кирет, жаасын Айчүрөк алат. Канчоро жашынып Семетейди жаа менен атып катуу жарадар кылат.*

*Бакай, Каныкей, Чыйырды, Айчүрөктөр чый-пыйы чыгып турушат. Семетей катуу жарага чыдай албай, аттан түшөт. Канчоро кайгырымыш болуп жанына келип турат)*

**Айчүрөк** —

Араны бузган ала бар,
Жашынып турган балаа бар.
Ак көңүл болом деп жүрүп,
Арманда кетпе сен көк жал!

**Семетей** —

*(Бардык күчүн жыйнап жулунуп).*

Атамдан калган ак келте,
Ак келте колго бергиле,
Апкелгиле атымды.
Анан мени көргүлө!
Кантип калам кармашпай
Жан көөдөндө турганда
Кошунага кирип баш катпай
Чыккын Кыяс майданга!

**Бакай** —
**Чыйырды** —
**Канчоро** —
**Каныкей** —

Сабыр кыл эми, сабыр кыл.

*(Семетей кыйналып барып турат)*

**Семетей** —

О, Күлчором сөзүмдү ук,
Эгерде болсоң тобумда.

*(Айчүрөктүн маңдайынан сылап)*

Үч айчылык күнөм бар,
Айчүрөк жеңең боюнда.
Мерт болсом окус көздөп ал,
Жан иним, абакең болсо оюнда!

**Бакай** —

*(Армандуу, Семетейди жөлөп туруп)*

Көк сүлөөсүн бөркүмдү
Ыргаганда өлбөдүм,
Көк жалым Манас барында,
Жыргаганда өлбөдүм.
Албан түрдүү согушта,
Найзадан калган желегим,

Ой, Семетей кулунум,
Манастан калган белегим!..
Алты сан кыргыз жүдөсө,
Аркасы тоодой жөлөгүм.
Абийир берсе жараткан,
Мен сага, курман болуп өлөйүн.

*(Күлчоро чарчаган, тытылган бир соотту кучактап, жашып Семетейди таппай жүрөт. Семетейге жакын бир жерге келип)*

**Күлчоро** —

Жүрөктү мыкчып муң-кайгы,
Жалын учту көзүмдөн.
Ак аскар тоодой абакем,
Айрылдымбы өзүңдөн?!
Жалдыратып чороңду,
Таштап кетчү сен белең?
Жолборсунан айрылып,
Жалгыз калчу мен белем?

**Канчоро** —

Бозортпой мени кан аба,
Бууданың берчи минейин.
Буулугуп кетип баратам,
Бул турган жоого тиейин!

**Семетей** —

Бууданды чором, мине кой,
Буулуксаң жоого тие кой!

*(Семетейдин атын Канчоро минет. Кыястын көп колу каптайт. Чоң уруш башталат. Умтула бергенде Семетейдин далысына ок тиет. Кол бир аз аралаша баштаганда Канчоро Семетейди сайып өтөт. Тоо боорун кара туман басат. Семетей кыйналып барып өлөт. Жер жарылып, күн күркүрөйт. Айчүрөк, Бакайлар чабышып жүрүшөт. Чачыкей жан-жөкөр аялдары менен Айчүрөктү байлайт. кереметтүү бороон согот)*

**Куту** —

Журт атасын сойдукпу?
Көрканачы болдукпу?

**Чыйырды —**

*(Семетейдин өлүгүн көрүп буркурап)*

Күүгүмдө күнүм баттыңбы
Алыстап жылдыз качтыңбы?!
Шумкарым колдон учтуңбу,
Сыймыгым баштан кеттиңби?
Кайкыган Талас жер калдың,
Кадырман кыргыз эл калдың...

*(Чыйырды өзүнө тинте согуп, Семетейдин жанына кулап өлөт. Күлчоро колго түшөрдө Канчорону качыра берет. Канчоро менен Чачыкей көрүнөө Кыяс жакка өтүшөт. Каныкей менен Бакайды байлатып алышат)*

**Куту —**

*(Четтеп барып тиштенип турат)*

**Чачыкей —**

*(Өлүктөрдү тепсей басып)*

Көрөр көз катын, Айчүрөк,
Аккуу болуп уча кой!
Ар кайсы жерден эр тандап,
Ак шумкар алып кача кой!

**Айчүрөк —**

*(Ызаланып)*

Жер кууратан кезинде,
Алабата чыкпайбы!
Жез тумшук Чачы чыккан соң,
Азабын Чүрөк тартпайбы!

**Чачыкей —**

*(Ызаланып, Каныкейге бет алып)*

Кара бет долу Каныкей,
Каныша элең кайкайган.
Тирүүлөй көргө киргизип,
Мен сени, күң кыларман салпайган!..
*(Тап берет)*

**Канчоро —**

Буулумду кийсең сен кийдиң,
Буурулду минсең сен миндиң.

Арманда болуп буулугуп,
Бозоргон бойдон мен жүрдүм!
Сур коён сурап Семеңден,
Албайсыңбы Күлчоро!?
Чалгынга чыгып чалкалар,
Барбайсыңбы Күлчоро?!
Ак чынардан ак жамбы,
Албайсыңбы Күлчоро!?
Айланып дагы башымдан,
Аттайсыңбы Күлчоро?!
Калыйман тандап кырк кыздан,
Сүйбөйсүңбү Күлчоро!
Ак сарайга алчаңдап,
Кана эми, кирбейсиңби Күлчоро!?

*(Кыяска)*

Жедигердин эр Кыяс,
Жеткайттан келген тууганым!
Он Семетей сайса да,
Оодарылбас бууданым!

*(Кыясты көрсөтүп)*

Күлчородой кул берем,
Айчүрөктөй күң берем,
Тирүү жүрсө эли жок,
Өлүп калса куну жок.

*(Карагул Айчүрөк менен Күлчорону бөлүп алат).*

Кана эми балдар, Бакайдын
Сакалынан байлагын!
Каныкейдей мастанды
Музоого кошуп айдагын!

*(Бирөөлөр Бакайды желкелеп алып чыгып кетет)*

**Кыяс —**

Бүгүндөн баштап Таластын,
Каны болсун Канчоро.
Өлгөндү кайра тиргизер,
Жаны болсун Канчоро!!

*(Канчорону ак кийизге салып көтөрүшөт)*

**Канчоро** —

*(Көтөрүлө)*

Бүгүндөн баштап Таластан,
Семетейдин аты өчсүн.
Манас уулу дегендин,
Ташка жазган каты өчсүн!
Ким Семетей деп айтса,
Тилин сууруп саламын.
Тирүү союп шылытып,
Сөөгүн отко жагамын.
Жардыгым ушул баарыңа,
Жашың менен карыңа!

*(Эл кайгылуу тарайт, Кыяс Канчоро кылыч тиштешет. Каныкей талып жыгылып кетет)*

**Күлчоро** —

*(Ызырынып, умтулуп)*

Желкайып болуп кетпесем,
Жер соруп мени албаса,
Деңизден калкып чыгармын,
Болбосо ажал каргаша!..

*(Бардык күч менен жулкунат. Көшөгө түшөт)*

## 2-КӨШӨГӨ

Жедигер элинде, Жеткайт деген жерде, чамасында Памир менен Кашкардын түштүк жактары. Семетей өлгөнүнө жыйырмадай жыл болуп калган. Сейтектин бала-жигит убагы. Алыстан-алыстан көрүнгөн кырка тоолор, адырдын арасында ар кай жерден булап жаткан түтүн. Жылкыга жакын айыл. Ойноп жаткан жаштар. Алардын ичинде Сейтек, Сүйүмкан, Бозбала. Сейтек менен Бозбала жаңы эле уудан келишет. Сахна ачылгандагы мына бул ырларды алым сабак айтышат.

Тоодон ылдый каптаган,
Селди кечип басабыз.
Кайберени батпаган.
Төргө келип жатабыз.
Кезегинде бир келген,
Жаз экенго досубуз.
Көк кумдардын башында,
Аска экенго досубуз.

Көз жетпеген аскадан,
Күндө өтөбүз айланып.
Куштай учса тулпарлар,
Көргөн адам таң калып.
Үчубузду сурасаң,
Айтылуу Талас кенен жер,
Семетей менен Манастай,
Сырттандар чыккан биздин эл.

**Сейтек —**

*(Бир четте турган Сүйүмканга)*

Ой Сүйүмкан, курдаш жан,
Чыгыптырсың талаага.
Курбуларың ээрчитип,
Келипсиң биздин арага.

**Бозбала —**

*(Куудулдана)*

Көзүң салсаң болбойбу,
Сага теңтуш балага.
Сага окшогон мөлмөлдөп
Боз уландар садага!..

*(Күлөт)*

**Сейтек —**

Сен мынчалык мостоюп,
Мени салба санаага,
Кадыр билчү кой көздөн,
Кара жаным садага!

**Сүйүмкан —**

Тал боюңуз келишкен,
Жаңы ачылган гүлдөйсүз.
Сиз канзаада, биз кара,
Мына ушуну билбейсиз!

*(Күлүп кыздардын арасына кирип, кыздар жабалактап сурап калганда жооп катарында айтканы):*

Семетей деген баатырды,
Капыстан Кыяс сойгон дейт.
Калк сактачуу коргонду,
Каран түн кылып койгон дейт.

Кантип башым кошомун,
Кыястан болгон балага.
Мен менсиген бул бала,
Менден кетсин садага!

*(Кыз-келиндер күлүшөт, шыбыр-күбүр менен четтей башташат)*

**Сейтек —**

*(Сүйүмканга жакындап)*
Санаасын басар жигиттин,
Сен экенсиң кыз бала.
Бурулсам деген оюм жок,
Бир өзүңдөн башкага!

**Сүйүмкан —**

Канзаадага сиз өңдүү,
Кандын кызы ылайык.
Эми уруксат кылсаңыз,
Үшүм качты, уялып.
*(Басат)*

**Бозбала —**

*(Тосуп)*
Кыраан жигит кол сунса,
Кыз турбайбы кубанып.
Айрылбагын баатырдан,
Бекер колдон чыгарып?!

*(Сүйүмкан колун сууруп кыздар жакка басып кетет. Сейтек кабагын салып мостоюп туруп калат)*

**Бозбала —**

*(Сейтекке)*
А дегенде макул деп,
Кайдан айтсын кыз бала!
Арты болор кайырлуу,
Жок убайым баштаба.

**Сейтек —**

*(Муңайыңкы)*
Кой, Бозбала, курдашым,
Кадыр билги сырдашым!
Ууга чыксак кан этет,
Ичте убайым турбасын,

Кыз сүйбөсө жигитти,
Ким көтөрөт көңүлдү?
Жигит кантип өткөрөт,
Мындай супсак өмүрдү!
Мынча чөктү көңүлүм,
Мында туруп нетейин.
Кулак уккус, көз көргүс,
Алыс жакка кетейин!

*(Бир четтен Күлчоро жана анын артынан эки жигити менен Карагул келишет. Күлчоронун сакал-мурутту өскөн, аябай жаман кийинген, арык, жүдөө, бутта чокой. Тизелеп араң басып жылып, отун көтөрүп кирет. Отунун жерге коюп, шайы кетип олтурат)*

**Карагул —**

Ашка колу жетпесин,
Аркасына таңгыла!
Буйругума көнбөсө.
Башы-көзүн жаргыла!

*(Күлчоро жалбарып бир деме айтайын дегенде Карагул жыга тээп жиберип, четки бир үйдү көздөй басат. Карагулга бир келин эшик ачат. Берки эки жигити Күлчоронун колун аркасына таңып, экөө эки тээп туруп, Карагулдун артынан киришет.)*

**Күлчоро —**

*(Бир аздан кийин, араң өйдө болуп)*

Көп актың чиркин көздөн жаш,
Көп убайым тарттың баш.
Кырчындай боюм болдуң пас,
Кудайдын мага боору таш!
Кайрылып эми бир келсең,
Баягыдай дарманым,
Качырып найза сайышсам,
Болбос эле арманым!

*(Сүйүмкан менен бир аз кыз-келиндер, Бозбаланын курбулары дөбөчөдө зарланып олтурган Күлчорого таңыркап жакындап келишет. Сейтек Күлчорону кийинирек байкап, улам жакындай берет)*

**К ү л ч о р о —**

Семетей абам турганда,
Ок өтпөс тонду кийчү элем.
Алты сан кыргыз тууганды.
Жеке аралап билчү элем.
Абакем Бакай баш болуп,
Каңгайды каптап киргенде,
Кан Коңурбай баатырдын,
Башын кесип келгенде,
Кызыл канга боёлуп,
Ошондо өлбөй не болдум.
Семетей сенден айрылдым,
Сенек кул кайдан оңолдум!?..
Эки далым эзилип,
Кесилүүчү мен белем?
Кош кабыргам быркырап,
Тешилүүчү мен белем?

*(Күлчоро Сейтекти жалт-жалт карай берет. Жанына барып калган бирөө менен сүйлөшүп Сейтек билип, колдорун жулкулап ордунан турмак болот.)*

**С е й т е к —**

*(Бозбалага)*

Ар сөзүн тыңшап калдым таң,
Арманы күчтүү кандай жан?
Кордукту көргөн бирөөбү,
Кан атам баатыр Кыястан?

**К ү л ч о р о —**

*(Тизелеп жылып, Сейтекке жакындайт)*

О, боорум, атам деген Кыясың,
Атаңды сойгон душманың.
Арстандан калган жалгызым,
Оо, боорум, кетпесин ичте бушманың.

**С е й т е к —**

*(Таңданып жакындап)*

Ачыгын айтчы жан ага,
Армандуу мендей балага!

*(Бозбала Күлчоронун колун чечип жиберет)*

**К ү л ч о р о —**

*(Тизелеп тура калып, кайраттанып)*

Жериңиз болот чоң Талас,
Өз атаңыз Семетей,
Айчүрөккө убарлаш!
Ушу күндө Таласта,
Абакең Бакай кары бар.
Чоң энеңиз Каныкей,
Көзү тирүү дагы бар.
Кулунун сендей көрбөсө,
Күйүттөн өлөр чагы бар.
Карылык кайгы тең басып,
Карып болгон жаны бар.
Чырагым далай жыл болду,
Семетей көргө жатканга.
Канчоро, Кыяс биригип,
Капысынан басканга.
Айчүрөк менен Күлчоро,
Олжого келген жан эле.
Кашымда турган жаш Сейтек,
Курсакта калган бала эле.
Акылман энең Айчүрөк.
Алдейлеп сени өстүргөн,
Акыры журтун табар деп,
О, боорум, ушул күнгө жеткирген!

**С е й т е к —**

Айланайын жан ага,
Армандуу жетим менминби?
Армандан башым куткарар,
Акылман тууган сенсиңби?

*(Күлчорону Сейтек кучактап жыгылат. Бозбала жөлөп турат)*

**С ү й ү м к а н —**

*(Сүйүнүчтүү жакындап)*

Балапаны турбайбы,
Баягы өткөн шумкардын.
Туягы белем Сейтек жан,
Кайрылбай кеткен тулпардын.
Таанырбасты сыйлабас,
Таанылбай туруп көп айттым,

Көңүлүн суутуп Сейтектин,
Курган башым нени айттым!?..

*(Сейтек менен Бозбала Күлчорону колтуктап турушат. Элге чексиз шаттык. «Эр жигит» деген бий бийленет)*

**Хор** —

Жазда гүлү жайнаган,
Жердин көркү эр жигит.
Жоо жарагын шайлаган,
Элдин көркү эр жигит.

*(Бозбала Сүйүмкан менен шыбырашып туруп, Сейтекти чакырып чыгат. Бир четте сүйлөшүп калышат.)*

**Хор** —

Кай тарапта жүрсө да,
Көңлү толсун эр жигит.
Алтын өмүр узарып,
Аман болсун эр жигит.
Манас менен Семетей,
Атасы эле эрлердин.
Уулун сыйлар кези ушул,
Эр кадырын билгендин.

**Карагул** —

*(Камчысын сүйрөп жигиттери менен үйдөн чыгат. Жылкычылар четтеп тарай баштайт. Күлчоро алдыда жалгыз калып, отуну жакка тизелеп жылат)*

**Карагул** —

*(Жылкычыларга)*
Карышкыр тийсе капталдан,
Карышкырды ким чабат?
Кулдарым жатсаң кутуруп,
Көп жылкымды ким багат?!
*(Күлчорону көрө салып ызырынып)*
Атасынан бабасы,
Колун менден үзбөгөн,
Кан Толтойду өлтүрүп,
Кабыргамды тепсеген.
Жигиттерин Чоронун
Колун кайрып байлаган.
Колу-бутун талкалап,
Көз алдымда жайлаган!

**С е й т е к —**

Бар, тетиги дөбөттүн,
Оозун баскын, Бозбала!
Ыркыраса окустан,
Тишин чаккын, Бозбала!

*(Бозбала Карагулга жакындап барат. Карагул Күлчорону жыга тээп жиберет. Жигиттери Күлчоронун колун байламак болушат)*

**К а р а г у л —**

Куудураган Күлчоро,
Калмак болуп бийлеген!

*(Күлчорону зордоп тургузат да, жыга түртөт. Кылыч менен чаап өлтүрмөкчү болот. Сейтек ызырынып улам жакындай берет. Бозбала Карагулдун кылычын кармай калат. Жылкычылар Күлчорону тегеректейт)*

**Б о з б а л а —**

Кой, Карагул, кутурба,
Күлчорого асылба!

**К а р а г у л —**

Кеңештешим сен эмес,
Кет жылкыга, катылба!

**Б о з б а л а —**

Сырттан туулган Күлчоро,
Сен өлтүрүчү жан эмес.
Айдаганга көнгөндөй,
Адам уулу мал эмес!

*(Бозбала Карагулдун кылычын жулуп алат. Карагул күчү жетпесин сезип жалтактап туруп калат)*

**К ү л ч о р о —**

*(Карагулга кайрылып)*
Көкүрөктү чер басты,
Тула-бойду кир басты.
Кан-төрөбүз Карагул,
Кайгыртпачы бир башты.
Кененчилик берсеңиз,
Кан Кыяска барсам дейм.
Карып болдум жылаңач,
Кийим сурап алсам дейм?

**К а р а г у л —**

Кармагыла бул кулду,
Кутурганын карачы.

**Б о з б а л а —**

Катылба бир да жылкычы,
Бул дагы адам баласы!

*(Эч ким тийбейт. Карагул ызаланат)*

Эсиң болсо Карагул,
Айтканыма көнөрсүң,
Кан Кыяска баруута
Бир кыл куйрук бересиң.
Көп Ала-Тоо жерибиз,
Калың кыргыз элибиз.
Кең Таластан кол келсе,
Чыгып калар желибиз.
Аккуладай арыштап,
Ат жакшысы Таласта.
Эр Манастай дабыштап
Эр жакшысы Таласта.
Барып көрсөм Таласка,
Түз кыламын өзүңдү.
Текестен бери кол жыйнап.
Талап алам көчүңдү.

**К а р а г у л —**

*(Чочулап, Күлчорого)*

Бээ саамдан калбай кел.
Кысты сени кара тер!

*(Үшкүрүп отурат. Бозбала кылычын берет. Күлчоро жөнөмөк болот)*

**К ү л ч о р о —**

Арманын айтар менчелик,
Ар ким көрсө кордукту.
Абийриң болсо ак жерден,
Адамга кылба зордукту!

*(Таяк таянып, аксай басып Күлчоро жылкы жакка жөнөйт. Бозбала кайра Сейтек жакка келет. Карагул Күлчоронун кеткен жагын аңдыгандай карап калат)*

**Сейтек** —

*(Сүйүнүчтүү)*
Атамдын жайын билдим мен,
Арууну сендей таптым мен.
Кайгыга башым батырып,
Качканда кайда барайын?

**Сүйүмкан** —

**Карагул** —

*(Сейтекти көрө калып чуркап)*
Боорум Сейтек, көрдүңбү,
Бозбаланын кордугун?
Карагулду тажатып,
Кылып турган зордугун!

*(Бозбала союл менен Карагулду качыра бергенде Карагул коркуп жата калат. Сейтек кыжырланып Карагулду көздөй, Сүйүмкан жалтангандай кыздарды көздөй басканда көшөгө түшөт)*

## 3-КӨШӨГӨ

Кыяс кандын айылы. Айчүрөктүн өргөсү. Эртең менен Кыяс эшикте таштын үстүндө олтурат. Айчүрөк үйдө. Кыястын айланасында кайтаруучу жигиттери.

**Айчүрөк** —

*(Ойлонуп)*
Санжыргам башта барында,
Семетей аман чагында,
Мен көрбөгөн жер калбай,
Мен билбеген эл калбай,
Асман-жердин ортосун,
Жол кылчуу элем ар кандай.
Канатым чындап сынганбы,
Кайратым бойдон солгонбу?
Эл, жеримден айланып,
Эңгирер кезим болгонбу?
Көктөн карап жүргөндү,
Жерден издеп таптым деп
Азыр Кыяс кыял мас,
Айчүрөккө жактым деп.
Акшумкардын балапан,
Учар чагы болду эле.

Темир торду тырмагы,
Тытар чагы болду эле!
*(Ойлонуп отуруп калат. Куту Кыястын жанына келет)*

**Сүйүмкан** —
*(Жакшы кийинген, ылдам басып Чүрөктүн үстүнө кирип, жүгүнүп тура калып)*
Эми билдим Сейтегиң,
Жеңеке, Семетейдин бала экен.
Баласы болгон баатырдын,
Жеңеке, бактысы артык жан экен!

**Айчүрөк** —
*(Кучактап, маңдайынан сылайт)*

**Кыяс** —
О, Кутубий карыя,
Көп опколжуйт жүрөгүм,
Келиниңиз Айчүрөк,
Кеги бар деп жүрөмүн

**Куту** —
*(Билмексен болуп)*
Акылың болсо чырагым,
Аялың менен жоолашпа.
Арзыбаган бир ишке,
Агайин менен доолашпа!
Кан бактысы таярда...
Катыны менен кагышат,
Кан кечишип, жан кыйын
Калкы менен чабышат.
Калкынан калса чет болуп,
Кан башынан бак кетет.
Арстандын уулу болсо да,
Астынан алтын так кетет.
*(Кыяска Сүйүмкан, Айчүрөк Кутуга кымыз сунушат)*

**Куту** —
Убайымчыл болбогун,
Балам, эрге убайым жарашпайт.
Сурак үйгө баралы,
Балам, бактыңды эч ким талашпайт!
*(Жөнөмөк болушат)*

**К ү л ч о р о —**

*(Айчүрөктүн өргөсү жактан көрүнөт)*

**К ы я с —**

*(Кылычын сууруп качырат)*

**К ү л ч о р о —**

*(Кайраттанып, каршы барып)*

Алсаң башым ала кой,
Кан деп келдим алдыңа!
Аяныр калар жайым жок,
Батпаса бир кул айлыңа!

**А й ч ү р ө к —**

*(Күлчоронун үстүнө түшө калып)*

Сабыр кыл каным, сабыр кыл,
Кылычыңды кынга сал!
Карышкырдай тиш салбай,
Кыйналган жандан кабар ал.
Кургурдан эми кек алба,
Атпай кыргыз эл десең!
Койнуңда жаткан Айчүрөк,
Аташканың мен десең!

**К ы я с —**

Колу-бутун таңгыла!
Бутуна чынжыр салгыла!

*(Кыяс кылычын кынына салат, чыгып кетишет. Жигиттери Күлчорону байларда, Айчүрөк жигиттерди жаңсап чыгарып жиберет. Күлчорого жакшы жайдан орун берет).*

**К ү л ч о р о —**

Семетей абам барында,
Өрттөй күйгөн бала элем.
Өлүмдөн башым тартпаган,
Өкүм өскөн жан элем.
Абакемден айрылсам,
Айчүрөк, кеттиң карабай.
Армандуу болгон чорону,
Асыроого жарабай!
Айкөлдүн уулу абамдын
Арбагын жерге көмдүңбү?

Аялы болуп Кыястын,
О, жеңе абдан көөнүң бердиңби?

*(Айчүрөк жакындап колун арта бергенде Күлчоро колго кагып жиберет, Айчүрөк эси ооп олтуруп калат)*

**Айчүрөк** —

Бел кылган кайним сен болсоң,
Бузулган кишиң мен болсом...

Сейтек, Бозбала

**Сейтек** —

Атамды неге катасың,
Арбагы болсо эсиңде!
Армандуу кылып жашырбай,
Жетим болсом жетим де!
Кара бет энем, жайыңды айт,
Сары өзөн Талас жеримби?
Ала-Тоо болгон турагы,
Ак калпак кыргыз элимби?

**Айчүрөк** —

Ким айтса да чын айткан,
Атаң эмес бул Кыяс,
Камдаган сага өлүмдү,
Кара ниэт көр Кыяс!
Кулунум сени аңдыган,
Курмандыкка соём деп,
Ээликкен ушул Кыяс кан,
Мээнди эзе коём деп!
Куткарып ушул ажалдан,
Өзүңдү аман чоңойттум.
Канаттууга кактырбай,
Мыңчалык уулум торолттум!

**Күлчоро** —

Календер болду курган баш,
Өлөйүн деймин арыман!
Өлбөй тирүү жүрөмүн,
Өзүңдөй чунак барынан!

*(Сейтек Күлчорого алынган кийимдерди кийгизет. Кубанып жанына олтурат)*

**Күлчоро** —
**Айчүрөк** —
**Сейтек** —
**Сүйүмкан** —

Аягы Талас, башы Чүй,
Жер сагынган кезегим.
Айкөл Манас баштаган,
Эл сагынган кезегим.
Туулуп өскөн конушка,
Эми качан жетемин!

**Сейтек** —

Азамат мерген Бозбала,
Ар качан менин жанымда.
Кем болбосмун бул күндө,
Күлчоро абам барында.
Акылман энем Айчүрөк,
Кыяска эми жагынба.
Айланып учар Таласка,
Ак шумкар азыр табында!

Күлчоро —

*(Ойлонуп)*

Айланайын бир боорум,
Акылым менен боло көр!
Атаңдан калган бир кулмун,
Айтканыма көнө көр!
Бармактайдан баш кошуп,
Атакең менен бирге өскөм.
Сел болуп каптап жоо келсе,
Сестенип турбай тирешкем.
Соктукпай иним, сабыр кыл,
Согуштун жайын мен билем.
Канчоро менен Кыястай,
Доңуздун жайын мен билем!

*(Куту киргенде баары туруп изат кылышат)*

**Бозбала** —

Эмне кабар, абаке?

**Куту** —

*(Күлчорого кол берип сүйлөшө калып)*

Кана эмесе, Сейтек жан,
Кабыл болсун тилегиң.

Күлчорону эмдөөгө
Өзүм дары беремин!
Арбагы үчүн Манастын,
Кабар кылам айлыма.
Азырынча шек бербей,
Жашырынып калгыла.

*(Күлчоро, Сейтек, Бозбала, Куту чыгып кетишет. Сүйүмкан Сейтекти жал-жал карап)*

**Айчүрөк —**

*(Жалгыз)*
Айланайын туулган жер,
Талас түшөт эсиме,
Өз кайнатам айкөл-шер,
Манас түшөт эсиме.
Абакем Бакай көйкөлүп
Көрүнгөнсүйт көзүмө.
Өз кайненем Каныкей,
Кол бергенсийт өзүмө.
Арбагы үчүн Семемдин,
Жетимчесин өстүрөм.
Арстаным болсо колдоочу.
Айлыма мени жеткирген.

*(Көшөгө караңгы боло түшөт. Кыястын сурак үйү көрүнөт)*

**Кыяс —**

*(Ойлуу)*
Кутуруптур Күлчоро,
Курсагын мунун жарсам бейм.
Жаныма жакын жолотпой,
Жилигин чаап салсам бейм.
Канчоронун каты бар,
Күлчорону сой деген.
Күйгүлтүктүү бул кулду,
Тындым кылып кой деген!

**Карагул —**

*(Шашып келип)*
Жылкычыда Бозбала,
Жаныма менин кас чыкты,
Тетири сүйлөп ээ бербей,
Ээликкенге баш чыкты.

Күлчорого сөз кылсам,
Кылычым алат колуман,
Селпейип калбайт эч качан,
Сейтегиңдин соңунан!

**К ы я с —**

*(Ачуулу ызаланып)*
Карагул киши болбойсуң
Кан болуп жүрөт сендейлер!
Өргөө үйгө барып кел,
Күлчорону алып кел!

*(Карагул чыгып кетет)*

*(Сүйүмкан кымыз алып кирет. Айчүрөк Кутуга, Сүйүмкан Кыяска кымыз сунат.)*

**К ы я с —**

*(Ачуулу)*
Күлчоро кайда Айчүрөк?

**А й ч ү р ө к —**

Кеткен болчу кечээ эле,
Кайда кеткенин ким билет.

**К ы я с —**

Айтпадым беле байла деп,
Буйругумду ким бузду?

**А й ч ү р ө к —**

Бир кулга мынча асылып,
Каным, кандай кара тер кысты!?

**К ы я с —**

*(Тура калып)*
Кайда каттың чорону?
Азыр таап бересиң?
Азыр таап бербесең,
Ажал жетпей өлөсүң!
Күлчороңду соёмун,
Эми тийип алсаң да,
Кайратың сенин көрөмүн,
Катыны жок калсам да!

**Айчүрөк** —

Ар убакта кан Кыяс,
Ишенбейсиң өзүмө!
Алган жарың болсом да,
Жат көрүндүм көзүңө!
Картайган мендей долуну,
Кандай жан деп ойлойсуң.
Ар качандан бир качан
Күйдүргөнүң койбойсуң!
Аккуу кебин кийинип
Учуп барып жериме,
Жер союлткан көп колду,
Эми алып келем элиңе.
Кылычың суурун чаба гой,
Каным Кыяс, не дейсиң.
Ушу баштан камынгын,
Кийин кайгы жебейсиң!!..

**Куту** —

*(Айчүрөк белги бере сүйлөп)*
Ачууңду мага бер, балам,
Ардактайт сени Кыяс кан!
*(Кыяска)*
Өмүр шерик эки асыл,
Эрегишкен болобу?
Эсиңерди жыйгыла,
Балдарым, ээликкен адам оңобу?
*(Үн-сөзсүз олтуруп калышат)*

Күлчоро —
**Сейтек** —
Бозбала —
*(Алар менен бирге көп эл пайда болот. Күлчоро сыртынан жаман кийим жамынып алган)*

**Карагул** —

*(Тосо чыгып, Күлчорого жулунуп)*
Мүйүзүңдөн айрылган,
Токолдугуң билбейсиң.
Ар-кору жок арам кул,
Айдагандай жүрбөйсүң!
*(Сейтекти көрө салып жалтайлап)*

Кагылайын чолпонум,
Калмак кул алды тынчымды.
Жылкымды жөндөп бактырбай,
Кетирди менин ыркымды.

**Сейтек** —

Арбаба мени Карагул,
Айкөл Манас чоң атам.
Эзелден жоодон кайтпаган,
Эр Семетей өз атам!

**Карагул** —

Шайтандын сөзүн сүйлөбөй,
Кандай дейсиң карагым?

**Сейтек** —

*(Кылычын суурул Карагулду чаап өлтүрөт.)*

Мына мындай деймин мен!..

*(Жылкычылар Карагулдун өлүгүн сүйрөтүп кетет. Элде кубаныч. Сырттан чуу. Жылкычылар тополоңдошот.)*

**Кыястар** —

*(Чоочулагандай эшикке чыгышат. Эмне болгонун Кыяс түшүнө албай турат. Күлчоро, Бозбала жакка көп эл чогулат. Сейтек эч кимге сыр бербей ортодо басып турат)*

**Кыяс** —

Кызыталак Күлчоро,
Сен кутурган кезиңби?
Чүрөк менен бир союп.
Чукуюнбу көзүңдү!?
*(Бурулуп)*
Колуңду жыйна, Карагул!

*(Сырттан бирөө Карагулдун канга боёлгон калпагын ыргытат.)*

**Кыяс** —

*(Айчүрөккө кыжырланып)*
Бейпайга салган карабет,
Бетиңи сенин тилейин,
Калыс болчу Куту аба,
Ким болушат билейин!

**К у т у —**

Сабыр кыл,балам, сабыр кыл!

**К ү л ч о р о —**

*(Шашып, кылычын суурул, жаман кийимин таштап илгери чыгып)*

Кана эмесе кан Кыяс,
Калтаарыбай бери бас!
Күчүң болсо күүлөнүп,
Күлчоронун канын чач!

**К ы я с —**

*(Сестене)*
Кандай кылдык, Куту аба?!

**К у т у —**

Токтогун Кыяс, токтой тур,
Бозбалага барайын.
*(Келип туруп калат)*

**К ы я с —**

*(Сейтекке)*
Калкым уят көрбөсүн,
Кан башым менен мен чыксам.
Кагылайын каралдым,
Кутурган кулга сен чыксаң!

**С е й т е к —**

Өз атам баатыр Семетей,
Жан агам мына Күлчоро.
Атамды сойгон шум Кыяс,
Алдаймын деп ойлобо!

*(Сейтек кылычын суурул качыра бергенде, Күлчоро кылычы менен тосуп токтотуп коёт)*

**К ы я с —**

*(Апкаарып, бирок качалбастан)*
Кезегим бергин Күлчоро!

*(Күлчоро, Кыяс жекеге чыгышат. Айыгышып катуу чабышат. Акыры Күлчоро Кыясты чаап салат. Кыястын колу качат. Калган эл бүт Сейтек жакка өтөт. Сейтек Сүйүмкан жакка ыктап турат)*

**С е й т е к —**

Эр Семетей атамдын,
Эми кунун аламын!
Жетимдин жолун ким тоссо,
Жер-жеринен чабамын!
Изимди баспас кыламын,
Жолумду тоспос кыламын.

**К ү л ч о р о —**

*(Сейтекке)*

Эрегишсең Кыяска,
Албадыкпы өз башын.
Канат-бутак болбойбу,
Кор кылбайлы башкасын!
Алптар менен алышсаң,
Бул жедигер эл болот.
Акылы бар эр жигит,
Эл кайгысын ойлонот.

**А й ч ү р ө к —**

*(Кутуга жүгүнүп тура калып)*

Кагылайын абаке,
Элин кимдер сагынбайт,
Туулуп өскөн жериңден
Деги кымбат табылбайт!
Ачылыптыр бактыбыз,
Арман, муңду кетирдик,
Журтунан азып зарланган
Жетим элек, жетилдик.
Айланайын бул элден,
Ага кылдык бирөөнү,
Ата-конуш тапсам дейт,

*(Сейтекти көрсөтүп)*

Балаңыздын тилеги!

**С е й т е к —**

*(Сүйүмканга)*

Кандай кылдык эми биз?

**С ү й ү м к а н —**

Кырааным, сиз билиңиз

**К ү л ч о р о** —

*(Байкай коюп, Кутуга):*

Көзүн салып калыптыр
Балаңызга балабыз!
Акылга дыйкан абаке,
Муну кандай кылабыз?

**К у т у** —

*(Кубанычтуу)*

Өзүң билгин Күлчоро,
Тоюңар тойго улансын.
Чын тилеги келишсе,
Чүрпөлөрүм кубансын!
Кагылайын Сейтегим,
Чырпык элең, тал болдуң,
Эл жалгаса, жер жалгап,
Булак элең көл болдуң.
Ачылсын жолуң, жетип ал,
Кең-Кол, Талас жериңе,
Акшумкар байлап сепил сал,
Түпкү атаң өткөн төрүңө!
Эл карысы, акылман
Эр Бакайга салам айт.
Эр кадырын сыйлаган,
Жети-өзөндөн кабар айт.
Жан балам Сейтек, журт мына,
Жылкыдан тандап бууданды ал,
Жолуңду баштап барууга,
Жүрөгүң сүйгөн тууганды ал!

*(Хор Кутунун сөзүн кайталайт. Сейтек Бозбаланы колдон алып келип, тизелеп тура калат. Бир жактан Айчүрөк менен Күлчоро Кутуга таасим кылып турат. Сүйүмкан Айчүрөктүн алдына барат. Куту баштап кол жайганда көшөгө түшөт).*

## 4-КӨШӨГӨ

Талас. Канчоронун айылынын чети. Ыраактан Манас күмбөзү көрүнөт. Бакай бир жактан ийлеген тери көтөрүп келет. Бир ташка сүйөнүп ойлонуп турат.

**Бакай** —

Мен дүйнөгө келгени,
Кербендей чубап кыш өттү.
Эсеп жетпейт санасам,
Келгиндей жайнап жаз өттү.
Кайраным Манас барында,
Мынчалык жапаа көрбөдүм.
Семетей аман чагында
Санаама жетип жүргөмүн!
Канчоронун тушунда,
Чөп алачык киргеним.
Кордукка түшүп курган баш.
Чылгый тери ийледим.
Эбактан жутуп келатам,
Ай башы менен жыл башын.
Аксакал, чөптөй суюлду,
Азаптан өлбөй бул башым.

*(Бийигирек бир жерге чыгып барып олтуруп калат. Бир жактан көтөрмө көтөрүп, жүдөңкү Каныкей шайы ооп кирет да, каңырыгы түтөп, бир таштын үстүнө олтурат)*

**Каныкей** —

Жубайым кайран Манастан
Жалгыз туяк калган жок.
Жабыккан жесир мен болдум,
Жайымды билер андан жок.
Баатырым, сенден айрылган,
Башынан менде таалай жок...

*(Чачыкей баштаган келин-кыздар. Эл муңайыңкы)*

**Чачыкей** —

Кадырың билчү Айчүрөк,
Кап кайда кеткен күң болуп.
Кайрылып келбейт бул жерге,
Канчалык күтсөң толгонуп!
Жакшылык күтпө Чачыдан,
Жалдырабай жөнөй бер!
Көрсөтөм далай санатты,
Кана эми, куурай терип кел!

*(Каныкейди кууп жиберет. Жан-жөкөрлөрү менен Канчоро кирет)*

**К а н ч о р о н у н ч о р о л о р у Ч а ч ы к е й д и н ж ө к ө р л ө р ү**

Казы-карта, жая-жал,
Чайнап турган кезибиз.
Баш көтөргөн адамды,
Байлап турган кезибиз.
Кармагандан кан чыккан,
Эр Канчоро каныбыз.
Тиктегенде жан чыккан,
Түшкө кирген чагыбыз.
Кыймылдатпай Таласты,
Сабап турган кезибиз.
Сен дегенин бөрүдөй,
Талап турган кезибиз.
Күндө ирик, күндө бээ,
Шалап турган кезибиз.

*(Аялдар, эркектер бийлешет. Бирок, айланасындагы эл көңүлсүз)*

**К а н ч о р о —**

*(Элге)*

Эмне үчүн кабагыңар ачылбайт?
Эмне үчүн кумарыңар жазылбайт?
Калктын ээси кан жардыгын айтарда,
Калкым неге боюн салып батынбайт?
Журтум уккун, бир жортуулга барсак дейм,
Кытай, калмак, казак чаап алсак дейм.
Баарың батып бекер келген олжого,
Жалпы байып, жыргап жатып калсак дейм!

**Э л —**
*(Үнчүгүшпай жер карашат. Канчорону жактырбагандай туш-тушка баса баштагандар да болот)*

**К а н ч о р о —**

*(Ачуулуу)*
Каран болор эл десем,
Какшып жаткан чөл белем?
Кан жайлоосу жер десем,
Төбөсү ачык көр белем!

Коргон болуп турсам да,
Манасыңдай көрбөйсүң.
Сөөгү сөпөт болсо да,
Семетейди дегдейсиң.
Канчородой султанды,
Күлчородон кем дейсиң!
Жогол көздөн эл сөрөй,
Кадырымды билбейсиң!..

*(Эл тарай баштайт. Канчоро үңкүйүп чыгып кетет. Каныкей кайра кирип, Бакай жакка келет).*

**Каныкей —**

**Бакай —**

Кара шамал кеттиби,
Куюн ойноп өттүбү?
Кабылан Манас урматы,
Кайра айланып жеттиби?
Ачайынчы көзүмдү
Эми мен, байкайынчы өзүмдү.

*(Сөөк сыздаткан, үмүт күттүргөн күү ойнолот, Манастын куу тайганы, Желмаяны көрүнө баштайт. Асмандан Акшумкар айланат. Алыстан Аккелте үнү угулат)*

**Бакай —**

**Каныкей —**

*(Асманды карашып, колдорун жайышып)*

Арстаным кабар салганбы?
Арбагым башка келгенби?
Чолпонум чыгып маңдайдан,
Чын кудайым бергенби!?

**Сейтек —**

*(Соот кийим кийген, атчан келип, эки жакты карайт. Каныкей менен Бакай Сейтекти тиктей калышат).*

**Сейтек —**

*(Өзүнчө)*

Чоң атам Манас баатырдын,
Кадырман кыргыз элиби?
Чалкалаган кең Талас,
Мен жетимдин жериби?
Тулпардан калган туякмын,
Шумкардан калган канатмын,

Курсакта кетип курган жан,
Кайран журт сенден адаштым.
Алыстан келген жетимдин,
Алдынан тосчу ага ким?
Жан агам Сейтек келди деп,
Жанымда жүрчү бала ким?
Атпайдын туусун кармаган,
Айкөлүм Манас чоң атам,
Ак талдай бою кулаган,
Арманда кеткен өз атам,

*(Бакайды карап)*

Аксакалын жайкаган,
Адамдын сырын байкаган,
Караңгыда көз тапкан,
Капылеттен сөз тапкан,
Мына бул, касиет чалган Бакайго!

*(Каныкейди карап)*

Аял заттын асылы,
Акылы артык баатыры.
Агарып чачы, жүдөгөн,
Ак сүтүн берчүү чоң энем.
Каныкей кургур ушуго!

*(Жакын келип)*

Ассалоому алейким,
Ак сакал аба, аманбы?
Алыстан келген жолоочу,
Айлыңдан сурайт кабарды.

**Бакай —**

Ээ балам, айыл сурасаң,
Канчоро кандын айылы.

**Каныкей —**

*(Бакайга)*
Бул баланын өзүнүн,
Ким болду экен дайыны, аба?

**Бакай —**

О, Балам, айтчы дайнынды,
Алыста жаткан айлыңды?!

**С е й т е к —**

Жети өзөндүн жедигерден келемин,
Жер кыдырып, эл аралап жүрөмүн.

**К а н ы к е й —**

Келиним эле Айчүрөк,
Уулум эле Күлчоро,
Күйүттүү болгон жан эле,
Кезиктиңби ошого?

**С е й т е к —**

Жабыккан адам Күлчоро,
Көргөнү азап жыластын.
Келиниңиз Айчүрөк,
Токолу болгон Кыястын.

**К а н ы к е й —**

*(Кадала карап)*

Тал боюңу карасам,
Шумкарымдын боюндай.
Колдоруңду карасам,
Кулунумдун колундай.
Чолпондой болгон эки көз,
Чырагымдын көзүндөй.
Толукшуган келбетиң,
О, балам, тынарымдын өзүндөй.
Жашырбай айтчы атың ким?
Чырагым илгерки өткөн атаң ким?

**С е й т е к —**

Өзүмдүн атым Карагул,
Атамдын аты чоң Багыш,

**Б а к а й —**

Калп болсом, сакал кыркылсын,
Айтканың балам жалган иш!

**К а н ы к е й —**

Тула-боюн карасам,
Туйгунундай Таластын,
Көзүмө жылуу көрүндүң,
Чыгарым, тукумундай Манастын!

**Ч а ч ы к е й —**
*(Сөөлөткө ээрчиткендери менен Каныкейге утурлап)*
Жалдыраган жез кемпир,
Жалдырап туруп каласың.
Жолоочу жолун тозосуң,
Малымды качан багасың?
Эсиңе келбейт экенсиң,
Байлатайын колуңду,
Желдеттерге чак түштө,
Тилдирейин жонуңду,
*(Чаба турган болот.)*

**С е й т е к —**
*(Ачуулуу)*
Сен жез кемпир, сен долу...
Көзүңдү чукуп алайын!
Кол-бутуң жулуп мултуйтуп,
Кара суута салайын!..
*(Сейтек тап бергенде, Чачыкей качып чыгат)*

**К а н ы к е й —**
Кан кускан кандай бала элең,
Чукудуңго көзүмү?!
Ажалга байлап бердиңго,
Атайын келип өзүмдү.
Чачыкей айтса каран күн,
Канчоро мени сойбойбу!
Балдарым жүзүн көргөнчө
Эми эле көзүм ойбойбу!?
*(Ыйлап жиберет).*

**С е й т е к —**
*(Аттан түшүп, Каныкейдин алдына тизелеп тура калып)*
Ыйлаба эне, ыйлаба,
Айкөл Манас чоң атам.
Айлында өлгөн арманда,
Эр Семетей өз атам,
Абакем Бакай экөөңөр,
Келсе экен деп ойлогон.
Келиниң Чүрөк чоңойткон,
Энеке, кулунуң Сейтек мен болом.
*(Каныкей бакырып басып жыгылат. Сейтек башын жөлөп турат)*

**Б а к а й —**
*(Сейтекти маңдайынан сылап, кучактап)*

Каныкей балам, сабыр кыл,
Сабырдын түбү сары алтын.
Ичерге суусу жок болсо,
Адамзат кайдан жаралсын!

**К а н ы к е й —**
*(Сейтекке)*

Жалгыздан калган белегим,
Жабыккан жанга тирегим.

*(Сейтектин артындагы эл-кошун келет. Калың элдин алдында сурнай тартып Бозбала келет. Артынан Айчүрөк, Күлчоро, Сүйүмкандар чыгат. Айчүрөк, Сүйүмкандар Бакайга жүгүнүп өтүшүп, Каныкейдин бутуна жыгылышат)*

**К а н ы к е й —**

Айланайын Чүрөгүм,
Өңүмбү, менин түшүмбү,
Арманда болгон апаңа,
Айланып келген кезиңби?

*(Экөө кучакташат).*

**К ү л ч о р о —**
*(Ыраактан Бакайды бет алып)*

Ала-Тоонун куурабас,
Чынарындай абакем.
Асмандагы ай-күндүн,
Мунарындай абакем
Баатырдын алтын тонуна,
Жака болгон абакем,
Баатыр кыргыз журтуна,
Ата болгон абакем.
Көр оозунан кайрылып,
Көзүңдү аман көрдүмбү?
Кул болуп кеткен чороңдон,
Чоң атам, күдөрүң үзбөй жүрдүңбү?

*(Бакайды көтөрүп алат. Курчап Таластын эли келе баштайт).*

**Бакай —**

*(Сүйүнүчтө)*

О, калайык, кулак сал,
Зергери келди кенимдин,
Сөөлөтү келди жеримдин.
Эрлери келди элимдин,
Кубаты келди карынын,
Кубанычы келди жанымын.
Кабылан Манас тукуму,
Асманда айдай жарыгым,
Журтумдун туусун кармагын,
Жүрөккө бүткөн жалыным!
Кагылайын балдарым,
Карааныn көрдүм баарыңын!
Ак аскар тоонун көркү элең,
Кересен Чүрөк келдиңби?
Кайгыдан чачы агарган,
Көксөгөн элиң көрдүңбү?
Тал боюң өскөн Таласта,
Туйгунум сенсиң Күлчором!
Төкөөрүң болот, көзүң от,
Таалайга бүткөн эр чором!
Сары өзөн Талас жериңе,
Жайыңа келдиң Сейтегим!
Кайраным Манас тирүүдөй,
Эсиме түштү эрмегим!..

*(Эл Бакайдын ырын ырдашат. Айчүрөк кара жамынып, күмбөс жакты карап)*

**Күлчоро —**
**Айчүрөк —**

*(Дуэт)*

Кечээ, эр Семетей өткөндө
Элимде эсен калбадым,
Ак майга кышты бышырып,
Ак күмбөзүн салбадым.
Ак чынардай бой тартып,
Ажалың жетип өлбөдүң.
Алты сан журтту чогултуп,
Ашыңды өзүм бербедим.
Айланайын арстаным,
Ажалдын кеттиң колуна,

Ажырап сендей асылдан
Азаптын түштүм торуна.
Акыры бактым бар экен.
Айланып таптым жеримди.
Өзүңдүн көзүң тирүүдөй,
Өмүрүм өтсүн элиңде.

*(Канчоро кишилери менен кирет)*

**Чачыкей** —

**Канчоро** —

*(Ачуулуу)*

Катыңды кара баскансып,
Чаң чыгарган ким экен?
Кан Канчоро барында,
Чуу чыгарган ким экен!

**Күлчоро** —

*(Тороп, кекээрдеп)*

Толкуп келген биз элек,
Топ баштаган Бакай кан!
Амансыңбы Канчоро?
Өлбөйт экен курган жан!

*(Колун шилтеп)*

Ким Сейтекке жан тартса!

*(Элдин бардыгы дээрлик Сейтек жакка өтөт)*

Канчоро кандын мыяты?

*(Канчоро үчүн аз эле киши бөлүнүп чыгат)*

*(Күлчоро, Сейтектердин колу Канчоронун кишилерин курчап, байлап жиберет, эл кошо байлашат)*

**Канчоро** —

*(Калтаарып)*

Аламын десең жер мына,
Атпай кыргыз эл мына!
Айыбым болду бир тоодой,
Алдыңа түшөм, мен мына!

**Бакай** —

*(Ачуулуу)*

Кантип карайт бетиңди,
Жүзү кара Канчоро?!

Жыландын башын кеспесең,
Жаның тынбас Күлчоро!

*(Тескери бурулуп кетет. Канчоро ызаланып, ызырынып турат, Чачыкей Актинте менен Айчүрөктү качыра бергенде, Күлчоро кылыч менен кагып жиберет. Чачыкейди өлтүрөт)*

**Күлчоро** —

Айтайын сага кайыр кош,
Канчором эми мойнуң тос!

**Сейтек** —

*(Күлчорону тороп, жалбара)*
Менде да бар, абаке,
Канча, душман, канча дос!
Атамды сойгон чоронун
Ал-жайын байкап карайын!
Кезегин берчи жан ага,
Кезешип кылыч чабайын!

*(Күлчоро Сейтекке жол берет, Сейтек менен Канчоро көпкө чабышат. Аягында Сейтек Канчорону өлтүрөт «Кырк чоро» деген бий бийленип, төмөнкү ыр ырдалат)*

Чалкалаган Кең-Колго,
Чынарым чыкты кайрадан.
Чытырман токой ой-тоодо,
Чымчыгым безеп сайраган.
Ак аскар тоонун башына,
Акшумкар келди айланып.
Ак найза толгон кашымда,
Азамат көөнү жайланып.
Керене жоолук салынып.
Келиндер басты буралып.
Кызылды кийип кылактап,
Кыз балдар чыкты кубанып!
Береке Талас кең жерден,
Туйгундар учат айланып.
Сандыктай сары төрлөрдө,
Тулпарлар жатат байланып.

*(Бий бүтөт, эл Сейтекти жакын курчап келет)*

**Бакай** —

Ичеги-бооруң куйкалайт,
Балдар, өзөктөн күйгөн өрт жаман.

Ичиңден сени талкалайт,
Өзүңдөн чыккан жат жаман!
Айлыбызды бузгандын,
Талпагы ташка жайылсын!
Арадан чыккан душмандын.
Журтум аёосуз башы алынсын!
Ырыстын алды ынтымак,
Ынтымак болсун элимде!
Ичи арам киши жүрбөсүн,
О, балдар, эр жүрөк кыргыз жеринде!

*(Хор Бакайдын сөзүн кайталайт. Бакай элди жарып илгери басканда, көшөгө түшөт)*

**Аягы**

*1941-ж.*

## ЖОЛДОШТОР!

Эсепсиз душман келсе да
Эзелден коркуп көрбөгөн,
Ыза менен кордукка
Башын кессе көнбөгөн,

Энекебиз: — уулум,— деп,
Дем байлаган жолдоштор,
Ата мекен, жер үчүн
Бел байлаган жолдоштор,

Ала барчын бүркүттөй,
Асманда, жерде сүр менен,
Алышканды айбаты
Алсыратар дүң менен,

Алчаңдата бастырып
Аргымак, буудан минели.
Кыяндай каптап, кыраандар,
Качырып жоого тиели.

Өбөктөгөн кары үчүн,
Эмгектеген жаш үчүн,
Жумшалар кез, жолдоштор,
Бар кайратың, бар күчүң.

Арзып сүйгөн жар үчүн,
Артында калчу бала үчүн,
Кан майдан кечкин жолдоштор,
Карындаш, эже, ага үчүн!

Бактылуу болсун, деп ойлоп,
Атабыз менен балабыз,
Жаңырбоо үчүн кайрадан
Айыккан эски жарабыз,

Эл чети, жоонун бетинде,
Жолдоштор, чалгын чалабыз.
Кажашкан шумду кайсабай
Канткенде тынат санаабыз!

Кутургандар кол салса
Каарман совет жерине,
Кылчайтпастан көмөлү
Өзү казган көрүнө!

*1941*

**МЕКЕНИМ**

Мекеним—кең Москва, таалай чачкан,
Мекеним—Украина, алтын баскан.
Мекеним — Памир, Алай, Тянь-Шандар,
Аскасы асман менен кучакташкан.
Мекеним—Ленинград, Балтик деңиз,
Мекеним — көркөм Кавказ, толгон жемиш.
Мекеним — чер токойлуу кенен Сибирь,
Байлыгын эч бир кылым эсептегиз.
Мекеним — тоо койнунда толгон шахты,
Мекеним — Волга, дарыя, толкун бакты.
Мекеним — көз жетпеген мейкин түздөр,
Колхозчу күндө таптап, күлүк чапчу.
Лениндин таптаган азаматы
Ийилип көргөн эмес жоого башы.
Жеримде ата-бала бирдей баатыр,
Ар качан өлкөбүздө өмүр жазы.
Маа десе, шамал айдап, уу чачса да,
Көлкүлдөп жердин жүзүн суу басса да,
Биз жоого кол куушуруп, баш ийбейбиз,
Күңгүрөп, жер козголуп, ай батса да!

СССР — эне сүтүн эмген жерим,
Атама антымды актап келген жерим,
Айгышкан өз азуусун талкалатат,
Алдымда Компартия кемеңгерим.

*1941*

**КАНГА КАН**

**I**

Айбан десең,
Адамга окшоп кийинген
Адамга окшоп,
Үн салганы билинген.
Адам десең,
Айбандан да мыкаачы,
Адам неге
Кырылбайт деп, күйүнгөн,
Мурун кессе,
Көз чукуса,
Баш алса,
Канга батып,
Кой сойгонсуп сүйүнгөн,

* * *

Фашист келди
Батыштагы жериме.
Бизди жейм деп,
Оозун ачты чегиме.
Камсыз жаткан
Өбөктөгөн карыны,
Тирүү зордоп,
Киргизүүдө көрүнө.
Уурданып
Жеткен жери кансырап,
Атат, асат
Кез келгенди күнүгө.
Келин көрсө,
Ач кенедей асылды,

Кызды көрсө,
Карышкырдай качырды.
Жазыксыздын
Көз жаштарын көлдөтүп,
Кутургурдун
Шилекейи чачылды.
Кишиси эмес,
Кумурска да өлсүн, деп,
Кыштак көрсө,
Күлүн көккө сапырды.
Мал көрсө эле,
— Карма, айда, сой,— деди,
Жанды көрсө,
Жер бетинен жой,— деди,—
Уурда,
Кана,
Тамын, ташын талкала,
Карактай бер,
Абийириңди кой,— деди.

Бөйөн-чаян,
Шумдуктууну ким көргөн?
Кай заманда,
Бул кордукка ким көнгөн?
Айыгышса,
Аскер менен алышпай,
Тынч кыштакты,
Кандай айбан бүлдүргөн?

Балдар өлдү,
Эне эмчегин эмалбай,
Чалдар өлдү,
Бала жүзүн көралбай.
Далай эне
Курман болду жер үчүн,
Балапанын
Дагы айланып сүйөлбай.
Фашист — көркоо,
Көр ачуудан качпаган,
Адамга кас,
Аскан, аткан, таптаган.
Фашист — жору,

Тарпты көрсө талашкан,
Фашист — кузгун,
Куу дөбөнү сактаган.
Фашист деген —
Кан тырмактуу, жез тумшук,
Кара жүрөк,
Эч кылмыштан кайтпаган,
Ааламдагы
Абийирдүү адамдар,
Бул акмакка,
Эч бир закон жазбаган.

Жан алгычка,
Сөз жарашпайт, ок керек.
Колу-бутун
Куйкалоого чок керек,
Кызыл көздүү,
Бул кутурган иттерге,
Бомбу,
Танке,
Замбиректей сот керек.
Башын кессек,
Асман жерден өрттөсөк,
Дүйнө жүзү,
Мына ошону эп көрөт.

Сыйлаганды,
Биз да жан деп, сыйлайбыз.
Жазыксыздын,
Бир чырпыгын кыйбайбыз.
Адамдыкты
Ленин ата окуткан,
Ошол жолдон,
Эч заманда тайбайбыз.
Атса атабыз,
Чапса чаап,
Фашистке
Пулемёттун ачуу үнүн тыйбайбыз.

Баатыр жигит
Башын жоого ийчү эмес.
Кол куушуруп,
Кошоматка кирчү эмес.

Эр ар качан,
Үйдө туулуп, жоодо өлгөн,
Өлүмүңдү
Коркунуч деп билчү эмес.
Чайнашкандын
Азуу тишин чакпастан,
Зарделүүлөр
Эч убакта тынчу эмес.
Кан агызып,
От жаадырып турса да,
Кабылан биз,
Бир кабагын бүркөбөс.

II

Кутурган шум,
Коркутам деп ойлобо,
Жазгырам деп,
Жерим шимшип, жойлобо.
Арсыз дөбөт,
Арс- арс үрүп, асылып,
Эсирбе эми,
Өзөнүмдү бойлобо!
Биздин бийик
Адамчылык, арыбыз.
Бул кордукка,
Кантип чыдайт жаныбыз?
Ыраак чыгыш,
Памир — Киев арасы,
Бир кишидей
Жоого аттандык, баарыбыз.
Тоодой-тоодой
Өлүгүнө фашисттин,
Биз дагы эми жер семиртер чагыбыз.
Бизди коргоп,
Курман болгон ага үчүн,
Өрткө кеткен
Туугандардын тамы үчүн,
Лениндин
Алтын туусун кармаган,
Октябрдин
Таалай берген таңы үчүн,
Танкист,

Учкуч,
Көзгө атуучу мергендер!
Тур, баатырлар,
Чык катарга!
Кана эмесе,
Жумшалар кез
Бар күчүң!

*1941*

**ОЙ, ЖАШ ЖИГИТ!**

*(Кыздын ыры)*

Ой, жаш жигит, жаш жигит,
Эминени ойлодуң?
Ой, жаш жигит, жаш жигит,
Ким болду экен ойдогуң?
Ой, жаш жигит, жаш жигит,
Өмүр тоюн тойлогун.
Өтө батып кызыкка,
Мени унутуп койбогун!

Ой, жаш жигит, жаш жигит,
Жайым билгиң келеби?
Деги эмне болду? — деп,
Жаракөрдүн тилеги.
Оюн-күлкү табылат,
Обол эмгек берели.
Сүйүү көркү эмгекте,
Эмне дейсиң сен эми?

Ой, жаш жигит, жаш жигит,
Элди сүй да, жерди сүй.
Эркин, жыргал заманда
Элди сүйгөн кызды сүй.
Ой, жаш жигит, жаш жигит,
Таалайы бир досту сүй.
Заманында таалайдын
Тилеги бир кызды сүй.

*1941*

## МЕН КАЙРЫЛЫП КЕЛГИЧЕ

Жандай чыккан талдайым,
Жанып турган шамдайым,
Жашыл жибек шайдайым,
Жаркырап аткан таңдайым,
Сан кол жоону жеңгиче,
Самаганың келгиче,
Санаалашым, сырдашым,
Сагынарсың жайдарым.

Бай чечекей жайнаган,
Төрүң менен аман бол.
Булбул таңшып сайраган,
Жериң менен аман бол.
Айланып мен келгиче,
Ак жүзүңдү көргүчө,
Кызын сендей өстүргөн,
Элиң менен аман бол.

Ак булутту аралап,
Айды карай учсам да,
Ак деңиздин түбүндө
Ак балык болуп сүзсөм да,
Кызыл чекте кармашып
Кыргын салып жүрсөм да,
Санаалашым, курдашым,
Сен болорсуң оюмда.

Ар убакта элимен
Жоого аттанчу баатырлар,
Ак жоолугун колго алып,
Узатчу сендей ашык жар,
Жоонун белин сындырып,
Элдин көөнүн тындырып,
Курбуң келер алыстан,
Асылкечим, күтүп ал!

*1941*

## БИЗ ЖАНА СЕН!

### I

Биз кыргызбыз,
        Ала-Тоону жердеген.
Эрегишсе,
        Эч бир намыс бербеген.
Каманды атып,
        Калк коргогон баатырлар
Качан деги,
        Кармашканын жеңбеген?!
Ушул кыргыз
        Баатырлардын балдары,
Кан майданда
        Кайнап турат кандары.
Алкымдашса
        Ызырынган душманга,
Эч кайгырбайт
        Курман болсо жандары.
Жоону көрсө
        Жалтанбастан элирген,
Жаш-карысы
        Жалпы аттанып, теминген.
Тууганы биз
        Амангелди баатырдын,
Кагышканын
        Кардай таптап жемирген.

Биз Башкыртпыз,
        Кең Оролду жердеген,
Эдил-жайык
        Эки суудай көлдөгөп.
Тукумубуз
        Салаваттай баатырдын,
Тирешкендер
        Тең келалбай мөгдөгөн!

Биз СССР,
        Баатыр орус элибиз.
Жолборс элге,
        Жарашыктуу жерибиз.
Уулдарбыз
        Бир энеден таралган,

Улуу достук,
Бузулбастай чебибиз.

Ата болгон
Баарыбызга Ленин.
Бирдей уккан,
Тажик, Карел тилегин.
Боору, досу,
Жаны болгон эрлерге,
Эл ар качан,
Сууруп берген жүрөгүн!

Кыргыз, Казак,
Түркмөндөрчө аттанам,
Орустарча,
Найза, мылтык колго алам.
Чабуул коюп,
Ворошилов баатырча,
Жоого кирем,
Жер союлтуп сандаган.
Украин,
Белорусча көгөрүп,
Немецтердин
Колкосуна кол салам.
Жоону каптап,
Басып калчу тоо болуп,
Жапырт кирсек,
Бизди жеңет ким анан?!

## II

Эчен жылы,
Ушак жыйнап жан бактың.
Жек көргөнүң
Эч жазыксыз карматтың,
Кумарчыга,
Чөнтөкчүгө, ууруга,
Каракчыга
Ата болуп келаттың.
Пара-соода,
Уурулуктан байыган,
Баш кесерлер,
Кеткен эмес жаныңан.

Басып өтүп
Өлүктөрдүн үстүнөн,
Суусун ичтиң
Адамзаттын канынан.

Бирөөлөрдү,
«Ак төрө» — деп, алдадың,
Арак-шарап
Атты, тонду камдадың.
Башкалардын
Баары сенин кулуң деп,
Буураландап,
Буулуктуруп кайрадың.
Бирөөлөрдүн
Буту-колун байладың,
Кыңк этсе эле,
Кыймылдатпай жайладың.
Жөнөгүн деп,
Жандан үмүт кылганың,
Оозун каптап,
Урушларга айдадың.
Өлбөсөм деп,
Өлчү жерге барышат,
Байкуш солдат
Кимге айтышат зарларын.

Жердин жүзүн
Фашистке кул кылам деп,
Жалпы ааламды.
Жалгыз тепсеп турам деп,
Малдай союп,
Фашисттерден башканы,
Кыйратамын,
Өрттөйм, асам, кырам деп
Эки миң жыл
Алга баскан элдерди,
Сыйдырмаксың каяктагы көрүңө!
Абийирсиз.
Фашисттердин дөбөтү
Ажыналык
Сөз сүйлөйсүң күнүгө!
Кантип деги
Маакул болот жер жүзү

Каамыт кийип,
Кордугуңа көнүүгө?

Кызыл Аскер
Көктө, жерде чыңданып,
Кычыраган
Кышкы аяздай чамданып.
Кармашууда,
Кан дайрасын кечишип
Тумчуккандар
Эми эс алат шаңданып!
Баш кесериң
Өз жазасын тарткан соң,
Баягыдай
Сен каларсың сандалып.
Гитлер анда
Кирерине көр таппай,
Өкүнөрсүң
Өзүң оозуң карманып.
Акыр бир күн
Ит өлүмү болорсуң,
Как төбөңөн,
Жору-кузгун айланып!

*1941*

## БИЗДИН ЖЕР

Бул жерге нурун төгүп атканда таң,
Бой жазып, көзүн ачса ар түрдүү жан,
Энеңдей эркелеткен Ала-Тоолор
Асмандап көрүнүшсө алда кайдан,
Салкын жер сагынышкан досуна окшоп,
Жымылдап сылап өтсө маңдайыңдан,
Ар качан көңлүң жыргап, жашарасың,
Көркүнө турган жердин кубангандан.

Эзелден эне сүтүн эмген жериң,
Абакең далай сүрткөн маңдай терин.
Кыздары кызыл жагоо, кызыл жүздүү,
Көйкөлгөн гүлкайырдай аппак келин,
Кубулуп алтын жердин гүлүнө окшойт,
Курдашжан, бир бооруң го алда сенин.

Ушинтип жыргап жаткан элде жүрсөң,
Эч качан болбос деги кайгы-чериң!

Бул жерди ээлеп жүргөн атам баатыр,
Тоолордо тулпарынын изи жатыр.
«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» —
Деген сөз ошол күндөн келе жатыр.
Айныбас ар заманда арстанча.
Өз жерин коргоп өткөн эчен асыл.
Эзелден эсиришкен жоону жеңген,
Эңгезер элдеги күч, элдеги акыл.

Көз салчы туулган жерге салкын кечте,
Балалык балдай ширин, түшөт эске.
Күн батса көктөн жылдыз жабалактап,
Ырахатко тоонун жибек желдери эссе.
Жүрөктү элжиреткен акын ырын,
Жаңыртып алда кайда алып кетсе,
Бир жактан көңүлүңдү толкундатат,
Кубултуп комузчулар комуз чертсе.

Ар качан биздин жерлер өмүргө жай,
Эл чардап, эч түгөнбөс жыргалга бай.
Эскерип замандашын эртели-кеч,
Эрмекке ыр ырдаган кыздар кандай.
Ой курбум, кимдер деги сайрандабайт,
Айланаң эркин болсо мына ушундай?!
Көргөндө кубулжуган биздин жерди
Кандайча ырдап болот таңыркабай!..

Ушундай турган жерди жемиш жайнап,
Уятсыз «немец төрө» бизден алмак.
Качантан салган үйүн, жүргөн жерин,
Тургансып, берейин деп элим камдап,
Камгактай учуп жатыр биздин октон,
Дегендер биздин элди «жеңил камгак».
Кутуруп асылгандар кан жөткүрүп,
Ар качан кетчи ушинтип, шору кайнап.

Ойлочу, ким токтотот дарыяны,
Туйгунду ким туткандайт асмандагы?
Тукумун эркин элдин ким үзө алат,
Оюлуп түшпөсө эгер жердин баары.

«Ит ичпес ашынан да үмүт кылат»,—
Деген бар эзелден бул эл макалы.
Ысапсыз тилип салган ошол иттей,
Бул күнкү кансыраган фашист дагы.
Кайрылып жоону экинчи келгис кылат,
Кайраттуу Ата мекен баатырлары!

*1941*

## БИЗ МАСКӨӨЛҮКПҮЗ

Москва — менин жүрөгүм,
Жүрөгүм жоого берилбейт.
Тумандай фашист келсе да,
Жүрөгүм күчтүү, жеңилбейт.

Жолборс жүрөк эрлердин
Жан досу жоодо калбаган.
Баатырлар шаары Москваны
Башынан эч ким албаган.
Кан жөткүрүп Бонапарт,
Кайрылбай качкан ал дагы.
Кебелбей Москва көтөрөт
Келсе да тоонун салмагы.

Жер көркү ушул Москвада
Жүрөгү соккоп Ильичтин!!
Окуусу Ленин атанын
Кармаган туусун жеңиштин.

Айлантып улуу деңизди
Соолтууга болобу!
Толкуган биздин өмүрдү
Токтотом деген оңобу!

Москвага кыйын күн тууду.
Москвалыкпыз баарыбыз,
Ажалдан коркпой, баатырлар,
Бой тирешер чагыбыз.

---

[1] Маскөө ж. у. с. айрым терминдер ырдын жазылыш мезгилине карата мурдагы айтылышы боюнча жазылды.

Талкалайм десе, бир душман,
Талкаланчу биз эмес.
Жоокери улуу өлкөмүн
Жоого алдырчу киши эмес.

*1941*

## МЕКЕН МЕНЕН

Мекеним мени тапкан алтын энем,
Энеме керек болсо жаным берем.
Мекеним мени өстүргөн улуу атам,
Кубанчым, кубатым сен уулум деген,
Жашарып, жаңыланып, алга басам,
Жаным бир, жүрөгүм бир мекен менен!

Элимди азат кылып кайгы-черден,
Өмүрдү Ленин атам өзү берген.
Көкөлөп көрүнгөндө Ленин туусу,
Күч-кайрат көлдөй толкуп кошо келген.
Эч качан таалай четке кетмек эмес,
Ааламга зор Ленинди берген элден.

Мекендин мага кымбат ар бир тамы,
Карасам, жанга кубат кырчын талы.
Ар өзөн капчыгайын күндө көрсөм,
Ансайын улам сонун, улам жаңы.
Сен деген адал нээт уул-кызыңдын
Ааламда жашай албайт сенсиз жаны!

*1942*

## АЙЫЛГА КАТ

Бул кулагым
Көнгөн булбул үнүнө.
Булактардын
Доошун тыңшап күнүгө,
Каз-өрдөгү
Каршы-терши учканда,
Көз артчу элем
Кыргыз тоонун көлүнө.

Тыңшачу элем
Өзөн суунун шарларын,
Көзгө элестеп.
Куунун канат жайганын.
Ар тарабым
Көл бетиндей мелмиреп,
Тынч көрүнчү
Анда ойлонсом ар дайым.

Бүгүн келдим
Ленинград шаарына,
Күйгөн оттун,
Учкан октун жанына.
Ойдогумдан
Такыр бөлөк көрүндү,
Көз алдымда,
Мындагынын баары да.

Күүлдөгөн
Замбиректин үндөрү,
Чагылганы
Жалт-жалт эткен түндөрү.
Эми ойлосом,
Ушул жакта экен го,
Бул ааламдын
Албан-албан күндөрү.

Айлым сага
Ойлонуп кат жазамын,
Жаңы ыр менен,
Жалпы жирей басамын.
Турмуш — булбул,
Турмуш — дайра, турмуш — от,
Көрбөптүрмүн,
Эми көрүп жатамын.

Ой тууган эл,
Талкаланат душманың,
Токтотор кез
Замбиректин атканын.
Замбиреги
Мындай турсун немецтин,
Көралбаймын,
Чымынынын учканын!

Сайра десең
Сапаамдагы булбулум,
Чапсын десең,
Чаалыкпастан дулдулум,
Ок токтотор
Окту жасап берүүгө,
Колуңдагы,
Бар байлыгың сунгунуң!

Илгертеден
Эрди баккан эл элек,
Элим кыргыз,
Кайсы эрден кем элек.
Замбиректин
Үнүн басат замбирек,
Жүрөктүүлөр
Жоо саяр кез тебелеп!

Колхозчу элим,
Кебелбеген күчүң бар.
Күндөп-түндөп,
Жердин майын сыгып ал.
Аргымагым,
Даным, жаным даяр деп,
Уккун кыргыз,
Маршалдарга кабар сал!

*1942*

## ЛЕНИНГРАД АКЫНЫНА

Бомба алдында жазып кеткен ырларың,
Бороон күнү окопто айткан сырларың,
Кан майданда бирге болгон курбуңа,
Кайрат болор эстегенде ар дайым.

Ар үйүндө бир роман жаткандай,
Көчөлөрү бүтпөс жомок айткандай,
Мемиреген сулуу Нева дарыяга,
Бүт дүйнөнүн лирикасы баткандай.

Сыры терең сыймыктанган жердесиң,
Ок кучактап, от жамынган элдесиң.

Ар сөзүңдүн ок-дарыдай күчү бар,
Колуңдан дос, кай керемет келбесин!

Сен баатырга сагынычтуу саламым,
Сары алтындай сөздөрүңдү самадым,
Жалын менен өчпөс кылып ыр жазсаң,
Дарысы ошол жүрөктөгү жаранын.

Көз алдында эл дарыядай акканы,
Эр жигиттер жерди оюлта басканы,
Фашисттердин тоодой-тоодой тарптарын,
Деңиз бою демеп жутуп жатканы.

Болор деймин күүлөрүңдүн толгоосу
Ой сеники, ойдун ээси ойлочу.
Эчен кылым өтсө дагы ырларың,
Эскербестеп элдин дайым жолдошу!

*1942*

## ЭЛДИН АНТЫ

Катарга бүгүн тизилдик,
Калдайган кыргыз жалпыбыз.
Калк алдында шерт берүү —
Качантан берки салтыбыз.
Калк атасы партия,
Кабыл ал, мына антыбыз:

### I

Алыстан көргөн сүйүнгөн,
Ак марал сындуу жүгүргөн,
«Дулдулум болсо менин» — деп,
Душмандын ичи күйүнгөн.
Абдан кызып алганда,
Аскадан типтик түйүлгөн.
Канаттуу кушту шаштырган,
Капыстан чыгып кууганда,
Сызылып учат кушка окшоп,
Суулугун чайнап, сууганда...

[1] Бул Аалы, Жоомарт менен бирдикте элдин каты катарында жазылган поэманын үзүндүсү.

Тянь-Шандын көлүнөн,
Текчедей сулуу төрүмөн,
Кең Алай менен Чүй, Талас,
Кебелбеген кенимен,
Алкынтып эрлер минүүчү
Ат берүүгө
Ант берем!

II

Алайдын берки бетинде,
Ак алтындын талаасы,
Айрыкча күмүш күбөктүү,
Арстанбаптын салаасы.
Асманда сүзгөн булуттай,
Ак буланы карачы.
Ак кардуу тоонун төрүндө,
Адыр да, пахта, кенинде,
Жеткилең кийим тиктирем,
Жез оймоктуу келинге.
Кыраны эрдин кийсин деп,
Тон берүүгө
Ант берем!

III

Аркырап поезд буу чачып,
Алыска тынбай жүрсүн деп,
Ак албарс чыкчу заводго,
Алпарып көмүр берсин деп,
Мээнетин кыргыз кенчинин
Майданда эрлер билсин деп,
Көмөгүн сезип туугандын,
Кыйкырып жоого кирсин деп,
Кыргыздын Ала-Тоосунда,
Көмүрдү казса бүтпөгөн,
Күн-түндөп ташып берүүгө
Кайратым жыйып,
Ант берем!

Кыргыздын Ала-Тоосунда
Кылымдап жаткан кендери,
Чөгүп жаткан сары алтын,

Чалкайган өзөн жерлери.
Туйгундар соот кийүүчү,
Темирдин бизде төрлөрү.
Темирди темир зоотуна,
Мен берүүгө
Ант берем!

Сен дегенде Ала-Тоо
Ачып коёт кендерин,
Каз канаттап атказат
Көзгө атуучу мергенин,
Түп көтөрө жөнөтөт.
Туу кармаган эрлерин.
Эрегишкен майданда
Эрлерим муңбайт,
Ант берем!

Кызылча казат кыргыздар
Козголбой фашист өлсүн деп,
Кайрылып адам карабай,
Каргалар сөөгүн көмсүн деп,
Түндүктүн саздуу жерлери
Түнөргөн жоону сорсун деп,
Темселеп кайра кеталбай
Тукуму курут болсун деп,
Кубаныч кылат кыргыздар,
Киевди кайра алам деп,
Тукуму менен Тарастын,
Туу көтөрүп барам деп,
Өрттөнсө Гитлер Берлинде
Ошондо канат кылам деп.
Кармашкан эрге жеткидей,
Кыргыздан бүгүн кант берем.
Канчалык байлык кааласаң
Калкымдан табам,
Ант берем!

Кыраандар үчүн немецтин
Кек алышат кыргыздар.
Алдыдан жоону тороого
Жол чалышат кыргыздар.
Москва менен таалайга
Бир барышат кыргыздар.

Өнүмү болсо өлкөнүн,
Өлүмгө барат кыргыздар,
Өлүмдү тыйып өчпөгөн
Өмүргө барат кыргыздар.
Таптакыр фашист бүткөнчө
Тайсалбай чабат кыргыздар!
Мына ушуга ант берем!
Тогуздап берген антыбыз,
Түбүнөн берки салтыбыз,
Антынан эч бир тайбаган,
Абалтан кыргыз калкыбыз.
Уятка элди калтырбас,
Ушундай болот наркыбыз.

Илешкен душман жеталбас,
Үн жетпес бийик төр да биз,
Челишем деген адашчу,
Чытырман токой чер да биз,
Кулачтап немец өталбас,
Көгөргөн терең көл да биз.
Куунаймын деген фашистти
Кууратып койчу чөл да биз.
Качан да болсо кайышпай,
Кыргыздар сага биргебиз.
Кубаты болгон эрлердин,
Кулпурган мекен жаныбыз,
Кол-буттан кескен чынжырды
Партия биздин багыбыз,
Октябрь туусу келгенде
Тоолорго аткан таңыбыз.

## IV

Акылын угуп Лениндин,
Ар качан жаным сүйүндүм,
Жыргалдуу улуу өлкөдө,
Жеңиши үчүн бу күндүн
Кызылы кырдай жыйналган,
Данын берет кыргыздар,
Күңгөйдү бербей жайылган,
Малын берет кыргыздар,
Канчалык болсо байлыгы,
Баарын берет кыргыздар.

Кааласа өлкө, кайгырбай
Канын берет кыргыздар!..

Антынан тайган кыргызды
Айдың чалкар көл урсун,
Алтымыш тилде сүйлөгөн
Айыңдуу Совет эли урсун.
Энебиз болгон Ала-Тоо
Эзелки кыргыз жери урсун.
Ар кимиң сүйгөн жүрөктө,
Ата-баба салты урсун,
Ушунча кылган таалайлуу,
Орок менен балка урсун!..

. . . . . . . . . .
. . . . . . . . . .

Басалбай жолдон тайганды,
Байлыгы урсун жерлердин.
Жолотпой жоону жапырган
Достугу урсун элдердин!
Антынан тайган кыргызды,
Ата Мекен өзү урсун.
Ааламдын эркин коргогон
Акылман Совет күчү урсун.
Алпечтеп бизди өстүргөн
Энелердин сүтү урсун!

*1942*

## СЫР-ДАРЫЯ

Кыргыздын Ала-Тоосу арасынан.
Казактын кең Сары-Арка талаасынан,
Оболтон түркмөн, тажик, өзбек турган,
Айдыңдуу Аму-Дарыя салаасынан,

Куралып сага келдик улуу-дайра,
Каарман, кандуу жылда, ушул жайда.
Күн-түндөп алп урушуп, сени бойлоп,
Үйрөндүк кажыбастан өнөр-айла.

Кубандык кезегинде гүлүң жыттап,
Кезинде айлуу түндө адырда уктап.

Сыр-Дарыя, сен мелтиреп агып жаттың,
Сан эрге сагынычтуу сырың сактап.

Бир башың Нарын суусу Тянь-Шандан,
Бир башың Кара-Дарыя кең Алайдан.
Кошулган эчен сага алтын булак,
Кубулуп атып чыгып капчыгайдан.

Башыңдан далай атчан кечкен элек,
Балыктай чабак уруп өткөн элек.
Тунук суу, салкын торду, мейкин түздү,
Эч жоого биз бербейбиз дешкен элек.

Биз бүгүн, дарыя, сенин боюңдабыз,
Күч жыйнап, кан майдандын жолундабыз,
Жалындап, жоого аттан деп, сүрөп турат.
Жигиттик, эрдик кайрат, ата намыс.

Боюңда антым бердим жерим үчүн,
Кубулуп, куулар сүзгөн көлүм үчүн,
Балдарым, жоого мин деп тулпар берген
Башынан бизге ишенген элим үчүн.

Ант бердим, бакыт-таалай, өмүр үчүн,
Болсун деп элим сенин бооруң бүтүн.
Ай-жылдап, айыгышып кармашууга,
Аябайм айлым сенден бардык күчүм.

Кезинде тактан кууган хандарды да,
Кыйраткан карды салык байларды да,
Эзелден эркиндикти сүйгөн эрдин,
Тукуму жоосун саяр убак мына!

Башынан ата салты эрдик, кайрат,
Баатырды айтып келген акын сайрап.
Биз дагы баратабыз күн батышка,
Бел байлап, большевиктик тууну кармап!

Тууган жер, сени басчу туманды айдап,
Гитлердин көрүн казып, сөөгүн жайлап,
Сыр-Дарыя, анан сага биз келебиз,
Ошондо күтөр күнүң, алкап-жалгап.

Ала-Тоо, мейкин талаа, кучагың жай,
Өмүрдө келечекке кумарланып...
Кыздарың биз келерде кырга чыгып,
Күтүшсүн колго жибек жоолук алып.

Аркайган Ала-Тоонун арасынан,
Айдыңдуу Орто-Азия талаасынан.
Жетилип, өсүп чыккан дарактар биз,
Өзүңдөй дарыялардын салаасынан!
Ишенчип ата-журттун актабаса,
Ата-эне кечип койсун баласынан!

## ТҮРКМӨН КЕЛИНИНЕ

Эл башына күн тууса,
Эр көтөрөт салмакты.
Эр жигиттин бактысы
Жары болсо кайраттуу.
*(Каттан)*

Күлмүң көз келин көздешти,
Кийгени жибек шоодурап.
Качантан тааныш немедей,
Күлө карап жоодурап.

— Келесиз жигит кайдан?— дейт,
Кайдагы согуш жайдан?— дейт.
Курбалым менин кетти эле,
Көрдүңүзбү андан?— дейт.

Мингизип койгон тизеге,
Монтойгон эркек баласын.
Билет бекен жаш бала,
Жол тарткан биздей агасын.

Болпоюп бейкут олтурган,
Балага көзүм түшкөндө,
Айтканым болду момундай
Атайы жооп күткөнгө:

«Башынан биздин кыргыздай,
Боз үйдү кенен тиккен эл.
Кара нарга жүк артып,
Калкылдап чөлдө көчкөн эл.

Кумда туулуп тулпары,
Тебишип чөлдө ойногон,
Ак жүздүү сиздей келини,
Үргөнүчтүн суусун бойлогон.

Бир тууган түркмөн, замандаш.
Билбедик кабар аяктан.
Биз дагы жаңы жолоочу
Жериңизде бараткан.

Айып көрбө, жаш сулуу,
Айтайын сизге жайымды.
Айлантып көзгө элестеп,
Алыскы кыргыз айылды.

Келер маалым болгондо,
Күндө тоскон жолумдан,
«Апкелдиңби алма» — деп,
Асылып тартып колумдан.

Мен келгенде эрээркеп,
Мине калчу мойнума,
Жанымда туруп, шыңаарлап,
Жата кетчү койнума.

Жарышып үйдө ойногон,
Балдарым калды жеримде.
Оболтон жоосун сомдогон,
Айдыңдуу кыргыз элимде.

Эч качан менсиз өтпөгөн,
Алкымынан кызыл чай.
Чырагым аман болсо деп,
Чарк айланган кышы-жай.

Суу берсе да колунан,
Мен үчүн болгон сары май.
Баштатан биздин энелер,
Баласын сүйгөн ушундай.

Атказып алыс баласын,
Ар качан бөлүп санаасын,
«Өксүбөй сайгып жоону деп,
Өмүрдө сенсиң канатым».

«Каралдым аман келгин» — деп
Кары энем калды жеримде.
Кадырын билген жигиттин.
Кадыркеч, кыргыз элинде.

Талпынган кезде сүйөөлөп,
Тай-тайлап өзүм бастырган,
Уялашым менин деп,
Оюна дайым жат кылган.

Ата ордуна карманып,
Арка көргөн өзүмдү.
Кубанып көңүл семирген,
Көргөн сайын көзүмдү.

Кол булгалап узатып,
Карындаш калды агалап.
Кайрылып ага калкына
Келсе экен деп саламат.

Тал чыбыктай кезинде
Тагдырын кошкон өзүмө,
Тийишип токсон сүйлөсөм,
Терикпеген сөзүмө.

Кубанып бирге күн кечкен,
Көңүлдүн таттуу элеси,
Бактыма бүткөн артымда,
Балдарымдын энеси.

Жалжылдай карап узатып,
Жеримде сүйгөн жар калды.
Бербегиле жоого деп,
Биздин ушул жыргалды.

Атамдай аппак сакалдуу,
Карылар калды кабардаш.
Тапканын бөлө чайнаган,
Теңтуштар калды замандаш.

Ак таңдай калды сайраган,
Акындар калды каламдаш.
Ала-Тоонун уул-кыз,
Ар кими мага таламдаш.

Баарыңдын коргоо бактыңы —
Буйругу болсун жүрөктүн.
Күрдөлдүү күрөш күнүндө,
Күчтүүсү болсун тилектин.

Ээ, түркмөн кызы, карындаш!
Жалгыз күткөн сиз эмес.
Жар кутту деп жол тартпай,
Жаш ооручу биз эмес.

Күткөндөр иште күжүлдөп,
Маңдайдан аксын мончок тер.
Ардактуу түркмөн тууганым,
Ак алтынды арбын бер!
Кыргыздар, жибер майданга,
Кең Чүйүңдөн кумшекер!

Кармашып биздин калк үчүн
Кыраан түркмөн жүргөндүр.
Кыжылдаган душмандын,
Канын төгүп киргендир.

Түркмөнүмө дем берем,
Тирелишкен майданда.
Оболтон жигит жаралган,
Эсирген жоону сайганга.

Канчалык кыйын күн түшсө,
Түткөндөр аман тургула.
Кадырман кыргыз, кайраттуу
Түркмөндөр аман тургула!

*1942*

## КАВКАЗЫМ

Көргөндүн көзүн талдырган
Кайкалап жаткан Кавказым,
Жүрөгүн эрдин жандырган
Жаркырап каухар баш-башың.
Канчалык кыйын күн түшсө,
Капканды душман ачпасын.

Илгертен бери Элбурсуң
Эңкейип эч бир көрбөгөн,
Ажыдаар зарын чачса да
Алптары моюн бербеген,
Айбаттуу уулу бул тоонун.

Асмандап жаткан Казбегиң
Ак канаты жазылган,
Күзгүдөй тунук суулары
Кубулуп гүлгө чачылган,
Жибектей жашыл шибери
Жыттары сонун атырдан!

Ак жибек кийип, кыналып,
Аруулар баскан буралып,
Ашыгын күтүп ай чыга
Азамат турган кубанып,
Кыраандар эркин жүргөн жер,
Капкайда бугун чыгарып.

Төшөлүп эркин каткан жер,
Төшөгүн эрге жазган жер,
Төрөлүп бийик аскарда
Туйгунум көзүн ачкан жер,
Өзүңдөн чыгып акылман
Өмүрдүү болгон биздин эл.

...Колуна жоонун бербейбиз
Кавказдын бийик төрлөрүн,
Чымындай кырат немецти,
Чымырканган эрлерим.

Камыкпа бүгүн Кавказым,
Канатың кенен жайылган,
Көк кетирбес балдарың
Козголду өзөн-сайыңдан,
Тырмышкан жоонун ар дайым
Талпагы ташка жайылган...

Кайкалап жаткан Кавказым,
Көргөндүн көзүн талдырган,
Жаркырап каухар баш-башың,

Жүрөгүн эрдин жандырган.
Капканды душман ачпасын,
Кубанчым Кавказ, санжыргам!

*1942*

**АЛА-ТООЛУК КУРДАШТАР**

КЫЗДАН КАТ

Кан майдан кечип, жоо сайган
Кайраттуу жигит, кулак сал,
Калкыңда мендей кыздардан
Кароолдо туруп кабар ал!

Ал кезекте, курбалдаш,
Ийилген кырчын тал элең.
Ал кезде мен да сенден жаш,
Алтын көкүл бала элем.

Бүлдүркөн терген жерди эстейм,
Биздин эл чыкчу төрдү эстейм.
Ак зоонун алды жайыкта,
Айдың чалкар көлдү эстейм.

Көзүңдөн жайнап от жанган,
Көргөн адам таң калган.
Имерилип эчендер.
Ичтен сызып, көз салган.

Жайыңды сенин билчү элем,
Жаратып, жаным, жүрчү элем.
Жан адамга билдирбей,
Жүрөгүмдө сүйчү элем.

Коркокту కууп ок тиет,
Колупан эрдин от күйөт.
Кыраанным аман келет деп,
Кабарың күтүп кыз жүрөт...

Унутпай жүргөн болсоңуз,
Убарлаш болчу өзүмдү,
Эрмек сүйлөйм эрикпей,
Угуп тургун сөзүмдү:

Жетимиш жара жесе да,
Жабыкпаган эр жигит.
Таш басып күн-түн жүрсө да,
Талыкпаган эр жигит.

Ак чардак күндө көлдү ойлойт,
Боз тоодак адыр-белди ойлойт.
Буралган келин, биздей кыз,
Бели катуу шерди ойлойт.

Кезинде жаштар суу бойлойт,
Кубулуп кундуз сууда ойнойт.
Кундуздай курбуң бул күндө,
Сизди ойлобой, кимди ойлойт?

Күлүктөн чыккан терди ойлойм,
Күлүктөр баскан жерди ойлойм.
Күлүктү минип кол менен,
Көп алыс кеткен эрди ойлойм.

Көп санап бизди сагынба,
Көп курбуң сенин жаныңда.
Кубанып жаздым бул катты,
Каналда жүргөн чагымда.

Жаш камыштай бой тарткан,
Жаштарды ойго алсаңыз,
Кыялы жанды жыргаткан,
Кыздарды ойго алсаңыз.

Өмүрдүн гүлү эр жигит,
Өлүмдүн бетин көрбөңүз.
Былчыратпай жоо башын
Бастырып бери келбеңиз.

Окустан жара жедим деп,
Ойлонбой кабар бербеңиз.
Башынан жоодон тайбаган,
Баатырды сүйөт жергебиз.

ЖИГИТТИН ЖООБУ

Жылуу төшөк, таттуу уйку
Жигиттин кетип эсинен,

Жагалданып түн катып,
Жалын чыгып көзүнөн,
Түшүрбөй жоонун түндүгүн
Жай албасын жаным деп,
Жанымдай көргөн жер үчүн,

Жан аябас чагым деп,
Жигиттен кайрат ташканда,
Жер солкулдап жатканда,
Борошо болуп ок-дары.
Оводон эрлер чачканда
Кубандырды, толкутту,
Катыңыз тийип колума.
Сагынып салам жиберген
Секетим түштүң оюма...

«Жанып турган жылдыздай
Жалжылдаган көзүңүз.
Азамат көөнүн толтурган
Албырган кызыл жүзүңүз.
Кайдан кетсин көңүлдөн,
Кадимки жүргөн кезибиз...
Ажарың менен акылың
Адамдан башка жаралган.
Келбетиң пери-периште,
Кетпейсиң асты санаамдан.
Чолпондой көзүң чачырап,
Чыгабы сендей адамдан?

Жарк этип күлүп койгонуң
Жаныма менин дем болор,
Жан тарта айткан бир кебиң,
Жарама жагар эм болор.
Ааламда өзүң болбосоң,
Ичиме кайгы-муң толор...» —

Ушинтип ырдап жүрчү элем
Ачылган жаңы гүл кезде,
Эл четинде жүрсөм да,
Эсимде сенсиң бул кезде.

Күйгүзүп ичти, сыздатып,
Күлгөнүң шумдук барыдан,

Жылмайып туруп кол берген,
Жоругуңду сагынам.

Кубанчы болор жигитке
Курбунун жакшы тилеги,
Кара көз сиздей дем берсе,
Кубаттуу болор билеги.

Кадырын билдим жандын мен,
Жарыгын билдим таңдын мен.
Баатырлар менен бир жүрүп,
Башкача болуп калдым мен.

Мөндүрдөй окту жаадырып,
Кошундар каптап сел болуп,
Күн-түндөп кээде кетебиз,
Бүткөн бой калың тер болуп.
Кайраты болсо жигиттин
Кайышпайт экен басканга.
Кырк ажал тосуп чыкса да,
Коркуу болбойт арстанда.

Өшөрдөй октор куйса да,
Өрт каптап бизди турса да,
«Азыр жутам сени» — деп,
Ажыдаар мойнун сунса да,
Айбыгып кийин жылган жок
Ала-Тоонун балдары,
Ажалдын оту жааса да,
Айыгышып туруп алганы.

Сары өзөн Чүйдөй жер үчүн,
Соң-Көлдөй сулуу төр үчүн,
Ырысы болгон элимдин
Ысык-Көлдөй көл үчүн,

Тоолору үчүн Таластын,
Темир аяз түн каттым,
Адыры үчүн Алайдын,
Асылкеч, далай жол бастым.
Баатырлар чыкты майдандан
Башынан өзүң сагынган.

Аргымак минсе жарашкан,
Атпай журт сынап жараткан,
Асылдар эчен көз жумду
Айкырып алга бараткан.
Азырынча биздин жай
Кайнаган колдун өзүндө,
Кыраандар суурат кылычын
Кыркышкан жоонун бетинде.
Тулпарды берген колхозчу эл,
Туу карматкан биздин жер,
«Мени унутпа» — деп, калган
Мейкин талаа, сары бел.
Кадыркеч алтын кеп жаздың,
«Каналда жүрдүм» — деп жаздың.
Алыста болсок сыйлашсак,
Артыгы ушул урматтын.

Сагындым... бирок саргайбайм,
Санаадар болуп сандалбайм.
Сагынып калдым экен деп,
Сапарым толбой, мен барбайм.
Сагынган кылмыш эмеско,
Санаама сизди неге албайм?
Жан курбум, угуп муңайба,
Жаранын жедик далайын.
Болобу болжоп талаанын
Биз сыяктуу адамын.
Жетсе болду өзүңө
Жүрөктөн айткан саламым!

*1942*

## КАЙРАН КИШИ

Шаршен өлдү дегенге ишенгим келбейт. Ал түбөлүк тирүү киши эле го. Кечигип болсо да, мүрзөсүнө койгон гүлүм ушул болсун.

Кубанычбек.

*(Түркмөнстан, Мары шаары, 1-октябрь)*

Билбеймин, курган өлүм, сен кандайсың?
Бир күндө миң кубулуп тургандайсың.
Суктанып адамзаттын өмүрүнө,
Артынан калбай түшүп, куугандайсың.

Ордуна жанга кубат жигиттердин,
Оңбогон жан кечтини неге албайсың?

Элге эрмек азаматты кайдан таптың?
Өксүтүп өмүр гүлүн кыя чаптың.
Өзүнө, өнөрүнө карабаган.
Өлүм сен душманысың адамзаттын.
Кан ичер, кара жүрөк шумдар жүрсө,
Көрбөгөн ошолорду, кыянатсың!

Билчү элек Ала-Тоонун асылдарын,
Булбулдай тил кайрыган акындарын,
Айтканы ойдон кеткис акыл болуп.
Ар кимдин жүрөгүнө жазылганын.
Саналуу сары алтындын так өзүнө,
Сук өлүм билинди го асылганың.

Кыргызда Шаршен десе ким билбеген,
Кубанып атын укса ким күлбөгөн?
Калкайып, кыялданып басып чыкса,
О чиркин, кайран эрди ким сүйбөгөн?
Эрчитип, тыңшоочуну аңгемелеп.
Эритип андай сөздү ким сүйлөгөн?!

Тил менен турмуш жоосун таарый чапкан,
Тил менен тарыккандын жарпын жазган.
Күлкүгө көмө сүйлөп кез келгенде,
Кайран эр калкка талбай акыл айткан.
Өзүңдөй эл эркеси шайыр болуп,
Артыңан чыгар бекен алтын жаштан?!

Арадан чын кеттиби кайран киши...
О, дүйнө, күйбөйт деги кимдин ичи.
Эчактан эмки өмүрдүн адамы эле,
Элинде жоголбостой калуучу изи.
Жарчысы, жан кубанчы болгон жанды
Эриксиз эскербиз эрте-кечи...

Күтпөдү эрлер Берлин киргенинче,
Кайрылып, калкына аман келгенинче.
Кыраандар кучакташып Шаршенине,
Кездешсе, күн сайын кол бергенинче,
Ажалдан өзүңдү алып калат элек.
Эгерде өлбөй коюш колдон келсе!..
Калкыңдан жоголгондо кайгы-санаа,
Каткырып бир күлбөдүк кайран ага.

Ошондо гүл кучактап берет эле,
Элиңден сени урматтап эчен бала.
Азыр биз окунүчтө кала бердик,
Алыстан өлгөнүңдү угуп гана...

Ага, сен, сен дегендин оюндасың,
Ар качан сен дегендин тобундасың.
Өзүңдөй шаңдуу-шайыр болор жандын,
Элестеп жүрөгүндө, жолундасың.
Кыргызда эч бир өчпөс алтын тарых,
Так эле тарыхчынын колундасың.

Элестеп, Суусамырдын төрүндөсүң,
Эстелип, Тянь-Шандын көлүндөсүң.
Эл менен, эми өсүүчү жаштар менен,
Чоң-Алай, кенен Чүйдөй жериңдесиң.
Каласың калк ичинде жомок болуп,
Каркыра, Кызыл-Кыя белиндесиң...

Кош, Шаке!.. кеткен болсоң узун жолго,
Кезинде ким чалынбайт ушул торго.
Кантелик... Мурасыңды колго алалык,
Кайрылып сен келбейсиң биздин колго.

*1942*

## АЛГАНЫНЫН АЙТКАНЫ

«...Куйругун желге сапырып,
Куландар чуркайт жарышта.
Кылычын суурун кыйкырып,
Кыраандар чабат намыска.»
*(Катган)*

Чарчы бойлуу жаш келин
Чырактай көзү жайнаган.
Кызылдуу жүзүн көргөндө,
Карагым келет кайрадан.
Алганы кеткен майданга,
Алышчу жоого сандаган.

Калкайган тоонун артына,
Кылкылдап барып күн кирди.
Кызылча жыйган талаадан,
Кыштакка чубап эл жүрдү.
Качантан күтүп жүрчү эле,
Кундузга эми кат келди...

Кундуздун кызыл ирени,
Кубара түштү, кан качты.
Убайым басып үшкүрүп,
Үй жагына жол тартты.
Киргенде төркү бөлмөгө,
Кайра окуду бул катты.

Кайгылуу болгон окшоду,
Кырчындай кезде чиркин баш.
Сыздатып сөөгүн сулуунун,
Сызылып кетти көздөн жаш.
«Чарк айланып, жол чалып,
Чалгындан кайра кайтарда.
Кулатып жолдон поездди,
Кубулуп, бугуп жатарда,

Көпүрө быт-чыт бузулуп,
Гранат көккө атарда,
Түн түшүрүп немецке
Түн жамынып келерде,
Кыраан эр жайып канатын,
Кулачтап суусга кирерде,
Курбуңуз Медер көз жумду,
Каракчы фашист огунан.
Эр жүрөк уулу кыргыздын,
Тайбады баскан жолунан»,—
Деген жерге келгенде
Көздөрү кетти тунарып,
Кайышып бурчка олтурду,
Күзгү чөптөй кубарып.
Кучактап өптү баласын,
Кайгысын мындан чыгарып.

«...Кагылайын чырагым,
Көзүмдөн чыкты кара жаш.
Күдөрүм үздүм кантейин,
Көрүнбөй кетти санаалаш.
Урпагына жеталбай,
Убайым тартты ушул баш...
Тунжурап барат айланам,
Таркатам кантип капамы.
Каралдым, жалгыз кулунум,
Көрбөйсүң эми атаңы.

Курусун жандын башкасы,
Көксөөнү кантип басалы...
Сагынган кезде чырагым,
Сурачу элең апалап,
Этектеп кимди тартасың,
Эми балам аталап?
Арманга башты курчалтып,
О, балам,
Алда ким кылды акаарат?..

Тайтайлап сени ойнотуп,
Турбады атаң кашыңда.
Кол сунган менен жетпеспиз
Кайрылбай кеткен асылга».
Кучактап Кундуз баласын,
Маңдайынан сылады.
Жашыды кошо бозоруп,
Жалжылдаган чырагы.
Эмне үчүн ыйлайт дегендей
Элее түшкөн убагы...
Өз боюн Кундуз токтотту,
— Ыйлабайын балам,— деп.
Ыйдын түбү жаман — деп,
Ый көтөрбөйт заман — деп.
Ой жиберип Кундуз жан,
Өткөндү эстейт эчендеп...

Чырпыкты бирге сайышкан,
Чынарды бирге багышкан,
Чынары күлгүн турмуштун,
Чыракты бирге жагышкан,
Жүрөгүм каалап, жан сүйүп,
Жаш талдай кезден табышкан.

Кошогум бирге турганда,
Караңгы үй болгон жарыктай,
Кайраным сага сүйөнсөм
Кылчу элем кызмат талыкпай.
Бейпилде өмүр өткөрдүк,
Береке жайнап, жабыкпай...

«Кундузум сенсиң,— дечү элең,—
Кубанчым ыпак жанымдай.

Карааның бир күн көрбөсөм,
Кантип турам сагынбай,
Алдымда сенсиң жарыгым,
Ак үйдө күйгөн шамымдай.

Мен унутпайм сени» — деп,
Маңдайымдан сылаган.
Кучактап, кысып колумду,
Кат жазууну сураган,
Жалжылдап карап, кол булгап,
Жөнөтүп калгам кыядан.

Жүрөктүн болгон кубанчы,
Жубайым кетип майданга
Калк үчүн каза таптыңбы,
Каптаган жоого барганда.
Курбудан сендей айрылса,
Ким болбосун арманда...

...Кылычты бирге чабышкан,
Кыйкырып жоого барышкан,
Убайым баскан жерлерге,
Өмүрдүн шамын жагышкан,

Курбусу асыл Медердин,
Алып берер кегимди.
Кубара түшкөн сайларга,
Кайрып берер өмүрдү...

Бозорбой муңум тыяйын,
Боюмду кайра жыяйын.
Кубатсыз кылат турбайбы,
Кайгы менен убайым.
Кайгырсам көңүл өсөбү,
Кайгырып эмне кылайын.

Курбудан калган белегим,
Кубанчым болор күнүгө.
Санаамды басчу кулунум,
Сагынган кезде сүйүүгө.
Кызыл гүл чакта баш кошкон,
Кайранды эстей жүрүүгө.

Айланып Кундуз караса,
Адам жок элде жөн жаткан.
Өбөктөгөн кары да
Эмгекте жүрөт тынбастан.
Кырчындай жапжаш балдар да,
Кызматта, карап турбастан.

«Кайратым келди боюма,
Кары да болсом жаштаймын.
Токсонго жашым чыкса да,
Төрүмдө бекер жатпаймын.
Келиндер эрте тургула,
Кызматына атпайдын»—
Деп энелер өлкө үчүн,
Кубаттанып курчалып.
Айылдын малын имерип,
Адырда жүрөт сурсалып.
Булбулдай тили сайраган,
Балдары толук кыргыздын,
Кыргоолдой кубулган,
Кыздары толук кыргыздын,
Арстанча жоону чайнаган,
Атасынын ордуна,
Өлүмгө башын байлаган,
Агасынын ордунда,
Тирелип иштейт талыкпай
Таштарын белдин омкоруп.
Тайгылбай өтөр жол салат,
Түбүнөн тоону томкоруп.

Мына ушуну көргөндө,
Муң-кайгы кетет көңүлдөн.
Ар качан энчи алууга,
Арстанча иштеп өмүрдөн.
Эзелден эрдик эмес деп,
Убайымга жеңилген.
Эрксизден Кундуз ойлонуп,
Жеринде көзү көргөнду,
Жаңыдан көзгө элестейт,
Жанындай жүрөк сүйгөнду!..

«Эч качан жары жигиттин,
Баштарын жерге салбаган.

Каптаган калың жоо келсе,
Калкынын туусун кармаган.
Кыраандай канат куушуруп,
Качырып кирчү кайрадан.

Калтырбай изин жоготом,
Көңүлгө түшкөн жаранын.
Кызматым менен кажыбай,
Курбумдун кегин аламын.
Эрлерге жүргөн майданда,
Эмгектен жетсин саламым...»

Ойлонуп муну Кундуз жан,
Намыстанды жана да,
Болордой даба жарага,
Көп толкун түштү санаага.
Күн чыга бүгүн жол тартты,
Кызылча жыйган талаага...

*1943*

## КАЗГАНЫМ ЧОҢ ЧҮЙ КАНАЛЫ

*(Каналчы кыз-келиндердин ыры)*

Казганым Чоң Чүй каналы,
Козгоорум жүрөк саламы.
Курбудан бөлөк ким эмдейт,
Көңүлгө түшкөн жараны.
Кадырга жетер сен болсоң,
Кандайча бөлбөйм санааны!

Алганым самбал талыкпай
Кармарым кайлоо жалыкпай.
Жаныңда жүрсөм, көрбөсөң,
Жакында болсом алыстай.
Көңүлүң окус бурулса,
Кантейин ичим тарыкпай...

Кийгеним жаңы шайыдан,
Каналдан алган жаңыдан,
Курбулар менен бир жүрсөм,
Күн сайын гүлдөп жаңырам.
Кеңешим бирге боз бала,
Кетпесе деймин жанымдан!

Жарк этип күлүп койбосоң,
Жашооруйм, кээде жабыгам.
Жүрөктөн кетпейт жалының,
Жанашпай калсаң сагынам.
Жалжылдап турсам, көрбөсөң,

Жаш балача таарынам...
Ай-жылдыз көктөн түшсө да,
Азгырса бурба оюңду,
Чачкандай болот чолпон нур,
Чын сунсаң мага колуңду.
Тилегиң мендик болбосо,
Тосмогуң кыйын жолумду!

Каналды бир күн бүтөрмүн,
Колуңдан кармап өтөрмүн.
Арзыса издеп барар деп,
Айлымды көздөй кетермин.
Колубуз менен нур бердик
Кубанбай бүгүн нетермин!..

*1943*

## КАРТ ДНЕПР ҮН САЛАТ

Качантан бери үн катпай,
Кансырап жаткан Днепр,
Калкына таңда сөз айтат,
Толкундап көңүл, сайрап тил:
— Атанын үнүн уккула,
Одесса, Киев, Житомир!

Мемиреп жаткан түздөрдөн,
Муңканып боюн каткандар,
Тып-тынч болуп күндүзү,
Түнкүсүн алпча баскандар,
Токойдо туруп немецтин
Томугун жара аткандар —

Баласы кайда, сүйө албай,
Эненин жүзүн көрө албай,
Жалжылдай түшүп кол берчү
Жарынан кабар билалбай,

Буктурма болгон жеримде,
Партизан кайсы жайдасың?
Туйдурбай немец көркоого,
Тулпарын жемдеп байласын!
Күн нуру келет жаркырап,
Кайдасың tууган, кайдасың?

Орусум келет кайнап жык
Арстандай күчү артылып.
Эр башкырт менен Кавказдык,
Эл алды келет талпынып.
Кылычын сууруп майданда
Кыргызым чабат алкынып.

Жайнаган ушул досторум,
Жеримди алып берем дейт,
Кубантып сени, Днепр,
Кулачтап сүзүп көрөм дейт.
Азабын жоонун көргөнчө,
Алтын жер үчүн өлөм дейт.

Аталар уккан четтеги,
Энелер уккан бектеги!
Келин-кыз уккан муңайган,
Көңүлгө толгон кектери.
Карындаштар, болсун эсиңде
Карт Днепр кептери.

Көтөрүл уул, кыздарым,
Көтөрүл элим, үн берем!
Киевге каптап кирели,
Харьковду алган кол менен.
Фашистти карп-курп басалы,
Фашисттер билбес жол менен!
Томсорбой кайра кубансын
Туткундан чыгып балдарым.
Кыйгачтап качкан көркоону
Кысып жутсун жарларым.

Күрөшкө бириң калбай чык,
Көөдөндө жаны барларым!

Жерице болор касиет,
Журт үчүн аккан кандарың!
Октябрь берген Кызыл туу,
Киевге кайра сайгыла...
«Алдык» — деп, атып замбирек,
Ааламга кабар салгыла.
Буулуктуң жериң сагынып.
Балдарым алга баргыла!
Сайрандап Киев ичинде
Уландар жыргап басканда,
Өткөн күн кылып ушуну,
Элиме жомок айтканга,
Түгөнбөс болор бул күндөр,
Түрүлүп чыгар дастанга!

*1943*

## ЖОЛДОШ... ГА

Кайгыга эч убакта берилбегин,
Кабаарып, кабак бүркөп жеңилбегин,
Даражаң бир күн өөдө көтөрүлсө,
Дардайып, тапооң көөп элирбегин.
Эгер сен элдин уулу болом десең,
Ээлигип, серпөөлөнүп семирбегин.
Тартынбай күчүң болсо талкалап өт,
Турмуштун токсон тогуз темирлерин.
Алдыңа эртең кокус барып калсам,
Кур оорсок кыял күтүп, керилбегин.
Керкейсең жолобостон кете берем,
Жайымды билесиң го сен да менин.

*1943*

## ТЯНЬ-ШАНДА ЖАЗ КҮНҮ

Айкалышкан баштары
Аламышык, Жанбулак,
Калкылдайт бийик аскары
Кажырты менен Куланак,
Келбеттүү жердин сүрөтү,
Көргөндүн көңүлү кубанат.
Жаз-кышы көпкөк карагай
Жаш сулуудай буралат.

Менсинип жаткан тоолорго,
Мемиреп тийди жылуу күн.
Жайнаган көркту куттуктап,
Жан-жаныбар салат үн.

Таңдайын безеп ыр ырдап,
Таң менен учат боз торгой.
Суук жел гүлгө келбе деп,
Канаты менен тосқондой,
Жаркыган, жаздын күнүнө,
Жылуулук ырай кошкондой.

Колдору кара май болгон,
Беттери боппоз чаң болгон,
Ак жүзү айра таанылгыс,
Айрыкча бөлөк жан болгон.
Бутунда чаңдуу эски өтүк,
Туурула түшкөн колу бар.
Билбедим кандай санаасы,
Бозоро түшкөн өңү бар.

Белсене чыккан жаш келин,
Болот ат минип алыптыр.
Бургутуп жерди тилдирип,
Дың соорусун жарыптыр.

Санаасын бөлүп кез-кезде,
Сылап коёт саамайын.
Жылаажын үнүн чыгарат,
Жаракөр жасап тамагын:
«Болот ат болду мингеним.
Боз талаа болду жүргөнүм.
Айтсаңчы канча жыл экен,
Асылкеч сени сүйгөнүм?

Көгүчкөн учса санаймын,
Көп ойлоп, чачым тараймын.
Кайгылуу кабар келбе дейм,
Көкөйүн кескен далайдын.
Күйөрүм келер бекен деп,
Күн сайын жолду караймын.

Тулпарды минип жол жүрүп,
Түшүмдө келип жатыпсың.

Көрсөм деп ичи от болгон,
Көксөөмдү менин басыпсың.

Качантан сенден кат келбей,
Кат келген менен бат келбей,
Тарынчың мага бар беле,
Төрө боор тартып кеткендей?
Учууга канат менде жок,
Айланып сага жеткендей.

Көк адыр тоону айланып,
Көгүчкөн күзөйт салкынды.
Көңүлүм билер болбосо,
Ким жазат менин жарпымды?
Башынан айтып көрбөгөм
Бөлөккө сенден дартымды!

Жан досум, бир кез сен минген,
Тракторду мен миндим.
Жүрөгүм эңсейт талааны,
Жылуулук жаздын нурунда,
Эмгекке күчүм барында,
Эч кимге келбейт телмиргим.
Кызгалдак гүлүн жайнатып,
Кубантат жаңы сулуу жаз.
Жылуулук жаздын нурунда,
Жыргалды эңсейт чиркин баш.
Кусадар кылбай жоо жеңип,
Кайрылып келчи, курбалдаш!..

— Ушинтип ырдайт жаш келин,
Ойдогу ишин бүткөндөй.
Жашооруйт кээде замандаш,
Жолдоштон үмүт үзгөндөй.
Канча ойлонбой койсо да
«Өлдү» деп айткан кубурду,
Күңкүл сөз кээде чөктүрөт,
Кыпкызыл жалын көңүлдү...

Бозоруп жаткан чоң жолдон,
Бурулду бери араба.
Типтике келе жаткансыйт,
Трактор жүргөн талаага.

Жаш келин айдайт трактор.
Эчтеке албай санаага.

Кылдырап жылган араба,
Кирип келди бир кезде,
Жаш келин турган арага.
Каруулаш болгон жоокерге
Колунда темир таягы,
Жылуулап таңган билдирбей,
Мойнуна түшкөн жараны.
Башкарма басты ээрчитип,
Бул жерге келчү бараны.

Жаш келин калды токтолуп,
Жай алып, бир аз тынууга.
Үстүнө шинель кийинген,
Адамга көңүл буруудa.
Жаш жүрөк барат бой бербей,
Жайланып, таакат кылууга.
Карааны көзгө көп тааныш,
Кучагын арткан жигиттей.
Көзүнө жылуу учурайт,
Көңүлдү бурган «күйүттөй».

Алдыртан келин кеп уккан,
Урматтуу жары өлдү деп,
Аскерлик бөлүк жагынан,
Атайын кабар берди деп.
Азырча айыл жашырат,
Аныгы жазуу келди деп.

Кез-кезде жанга сыр айтпай,
Көзүнөн кара жаш аккан.
Жаш жигит эми келбестей,
Жанындай жакын санаган.
Ак жуумал өңү кубарган,
Өксүткөн кайгы-санаадан.

Көтөрүп мойнун үн салып,
Көңүлдүн кушу жеткендей,
Жаракөр бугу чыксын деп.
Жазгы жел кабар эткендей,
Жакшылык жышаан экенин,
Жаш жүрөгү сезгендей.

Жакындап жетип келгенде,
Жигиттин өңү бурулду.
Жаш жары боюн ыргытып,
Бакырып басып жыгылды.
Белгиси болуп кубанчтын,
Бермет жаш көздөн куюлду...

Убайым тартып эки жыл,
Айрылдым деген жарынан,
Армандуу келин жалжылдайт,
Жаралган өңдүү жаңыдан.
Эзилише сүйлөшкөн,
Ынактык кыйын барыдан!..

Келатып жолдон кеңешип,
Камдаган калыс сөздөрүн,
Кубантмак болуп келинди,
Кайгысын айтып өзгөнүн.
Кечеги кайгың бүгүн жок,
Келди деп аман күткөнүң.
Бийлетип боюн сүйүнүчкө,
Эми,
Башкарма аарчыйт көздөрүн...

Айдоонун турган четинде,
Айылды көздөй барышты.
Келбейт деп уккан жигитти,
Көргөндөр айран калышты.
Кубанычты калкка айтууга,
Кыштакка балдар жарышты.
Амандык болсо өмүрдө,
Адамга жыргал алыспы?

Жеңелер ачты эшикти,
Жаңыдан келин келгендей.
Далайга келин ишенбейт,
Түшүндө муну көргөндөй.

Сүйүндү көргөн көпчүлүк,
Солгон гүл кайра өнгөндөй.
— Өксүбө мынча өксүбө,
Өлүмгө кеткен жан белем?
Өзүңө аман келдим го,

Ушунча бошоң сен белең?
Жадырап-жайнап тоспойсуң,
Жарыңды мендей дегдеген...

Көңүлүң кейип кеттиби,
Көркүмдөн тайып калганга.
Кайгыга түшүп калдыңбы,
Колума таяк алганга?
Көрк деген болот көңүлдө,
Курбалым, мынча зарланба?

Алганы мындай дегенде,
Асылкеч сүйлөй баштады.
Толкунун айтты көңүлдүн,
Токтотуп коюп башканы:
— Кайгырба мага ынагым,
Кайгыны мынча мен уккам.
Кубатым бойдон солгондой,
Куурата турган кеп уккам.
Арманым ачык айталбай,
Күндөрдү санап думуккам.
Күңкүлдөп жүргөн кай бирөө,
Көк көлүң соолуп калды деп.
Көп душман кыйып таштаптыр
Көйкөлө чыккан талды деп,
Учурду куюн алыстан
Өзүң деп күйгөн шамды деп.
Кантерим билбей, күн сайын
Кан жутуп жүрдүм кайгы жеп.

Сүйөнгөн талым солбоптур,
Сагынган асыл өчпөптүр,
Бар экен жыргал өмүрүм,
Башымдан бактым кетпептир.
Капшаптан болгон кабардан,
Кан этсин курбуң көксөптүр.
Талаада жүрөм бүгүн мен,
Топурак чаңды аралай.
Белгимдин кеткен далайы,
Бет-колум көөлү, кара май.

Сурданып айдайым трактор
Сулуулук жакты самабай.

Өзгөрүп калган экен деп,
Өзүмдү кетпе карабай!..

Ошондо күлдү алганы,
Жаркырап кабак ачылып.
Каткырык улам уланып,
Капкайда чери жазылып:
— Калбаптыр, сенин алиге,
Күйгүзчү ичти мүнөзүң,
Күйүттү мен деп тартсаң да,
Күлкүңдү ала жүрөсүң.
Санаалаш мендей жарыңды,
Сынагың келет бир өзүң...

Боз талаада жүрүпсүң,
Боз уландан кем болбой.
Жигитче буроо бурасаң
Жигиттин көбү тең болбой.
Өмүрдүн болбойт кымбаты,
Эл кайгысын ойлонбой.

Тумандай немец басканда,
Туш-тушту курчап чапканда,
Айгышкан жоого алышып,
Азамат канын чачканда,
Кара жер түтпөй калтылдайт,
Күн кубаңдап батканда.

Кантейин, бир кез менин да,
Караңгы тарткан көңүлүм.
Бир жүргөн далай курбума,
Белгисиз болгон өмүрүм.
Ичинде жаткан батыштын
Карагай-токой черинин.

Кыркча жан жүрдү биргелеш,
Кезинде беттеп атышып.
Кезинде бугуп жатышып.
Алдырбай чыктык акыры,
Ажалдын жолун басышып.

Карасаң тула-боюмду,
Канчалык тамга, жара бар.

Карты түшкөн айыгып,
Так болуп калган жаралар.
Сестенбей көрсөң, байкасаң,
Сан күндүн изи саналар.

Балчыгы кургар жеримдин,
Бар тагы кетер денемдин.
Кокустан калса жыйналып,
Куптусу кетер көңүлдүн.
Көөнү ачык болсо болгону,
Көңүлүм сүйгөн келиндин.

Кеттиң деп мени карабай,
Кеп айтасың баладай,
Койсомбу дейсиң так салып,
Көпкө айыкпас жарадай.
Кымбатым бир аз сүйлөйүн,
Кетпесин кебим талаалай...
Жашыңда көргөн мен элем,
Жайнаган жалын көзүңдү.
Жадырап уккан жан элем,
Жыргаткан жанды, сөзүңдү.
Кубанчым ташып, менчелик,
Ким сыйлаган өзүңдү?

Солкулдап чыккан кезиңде,
Суу боюнда гүл элең.
Суктанып күндө көз арткан,
Сулуунун теңи мен элем.
Кубанычы үчүн өмүрдүн,
Кара башың сурагам.
Кылыгың сенин тараткан,
Канчалык болсо убарам.
Тал боюң эркин кучактап,
Тал чачыңдан сылагам,
Эркелик күндү андагы,
Эстебей кантип туралам?

Балкыган чолпон батканча,
Бой салып ак таң атканча,
Көрүнүп чети балбылдап,
Күн нурун тоодон чачканча,
Эрке жел сылап бетиңден,

Уйкудан көзүң ачканча
Баарыңа сенин көз тойбой,
Болчу элем жаным, жаныңда.
Дегдешип жүрүп коштошсок,
Дечү элең «мени сагынба»
Ошону кайдан унутам,
Өмүрдө жаштык барында...

Сагынчың болсо көңүлдө,
Сулуулук болот өмүрдө.
Кубанчым кетпейт өлгөнчө,
Курбулук болсо кебинде.
Талаадан бүгүн жолуктум,
Сендей, трактор минген келинге.

Эми мен жыргайм деп ойлойм.
Өмүрдө эч бир өлбөстөй.
Ыраазы болбойт элем мен,
Сен жүрсөң эмгек көргөзбөй,
Баркташуу кыйын өмүрдө,
Башынан калса бирге өспөй!

Акындын тили жетпеген,
Артыкча сенин ажарың.
Бир буту сылтып келди деп,
Бүркөлбөс болсун кабагың.
Аксактын кара акырын,
Айыгар баары жаранын!
— Дегенде жоокер каткырып,
Тургандар көөнүн шат кылып.
Күйөөсү менен келиндин,
Көпчүлүк кебин жактырып.
Башкарма буйрат бирөөгө,
«Бат... бат!» — деп, казан астырып.

Бел боосун жигит бошотуп,
Боз шинель эми чечилди.
Буттарын сунуп, жайланып,
Берендин дени көшүлдү.
Омуроо толо шыкырап,
Ордендер тартат көзүңдү.

Айлына жигит эч качан,
Алдым деп орден жазбаган.

Пейили катуу адамдай,
Бөлөкчө өскөн башкадан.

Карасаң кандай жаркырайт,
— Көз жоосун алган асыл — деп.
Көрүнбөй кеткен жигиттин,
Көп сыры мында жатыр — деп,
Куру эле келин жашыба,
Күйөөңүз экен баатыр — деп,

Жадырап турган көпчүлүк,
Жалт этип эрди караштьı.
Айтса экен эрдик жайын деп,
Ар кимдер ичтен самашты.
Жигиттин жаңы жомогун,
Жазгы жел ташып баратты...

*1943*

## ЧҮЙ КАНАЛЫ БОЮНДА

Суу бөгөгөн дөңсөөдөн,
Серп салып төмөн карадым.
Кубантып, күүлөп колумду,
Карма дейт мени каламым.
Жаңыдан бүттү станция,
Жазгын дейт элге кабарын.

Кубулуп комуз унчукса,
Көчкөндөй болот алтын көл.
Көз алдыңа элестеп,
Келгенге окшойт сары төр.
Каптатып суусун бергенсийт,
Капчыгайлуу бийик жер.

Чалкалаган котлован,
Чалгансыйт комуз күүлөрүн.
Керилип жаткан канал да,
Кошконсуйт назик үндөрүн.
Айланада кыз-келин,
Ырдагансыйт сүйгөнүн...
Кайкалап жаткан боз талаа,
Көз жетпес терең коо болду.

Туш-тушуна жыйылып,
Топурагы тоо болду.
Таштары чийдей каланып,
Тирелген бийик зоо болду.

Бел баскак жаткан жерлерге,
Бетондор баса коюлду.
Жер алдынан чыккан суу,
Жайпады, төмөн жулунду.
Келишкен жаңы үй бүтүп,
Каналдын ичи кубулду!

Желкесинен карасаң,
Жер жарылып кеткендей,
Жарылган жерди аймалап,
Жаңы дайра өткөндөй.
Жыбырап жаткан таштарды,
Жанар тоо тышка төккөндөй.
Канаты менен куш ташып,
Кумдарын алыс сепкендей.
Керилип жаткан боомдой,
Капчыгай болуп калгандай,
Таң каларлык бул жерди
Табият жасап алгандай.
Адамдар бүтөт экен го,
Ойлогонун ар кандай...
...Экскаватор киргенде
Кол арык калат сай болуп.
Автомобиль, арабалар,
Илинбей өтөр жай болуп.
Болжолсуз кубат ушунда,
Билгендер турса ойлонуп...
Ар чеңгелин салганы,
Алп дөөнүн колу баргандай.
Козголбой жаткан кум ташты,
Кебелтпей кармап алгандай,
Чөмөлөлөп көтөрүп,
Чыгарып четке салгандай,
Кызматын көрсөм өнөрдүн,
Кантип турам таң калбай!..
Талаанын койнун ачкандар,
Талкалай ташты баскандар,

Талыкпай күн-түн бетондо
Тачканы аттай чапкандар,
Тасмадай жерди коо кылган,
Таалайга тууган арстандар,
Эңкейбес белдин эченин,
Эңшерилтип таштаган.
Майышып акыр баш ийген,
Мен-менсиген котлован.

Каардуу кыштын түндөрү,
Жамгырдуу жаздын күндөрү,
Жамгырда белден суу кечип,
Жабыкпас эрлер жүргөнү,
Команда болсо кылкылдап,
Кошундай каптап киргени,
Мындагы калган тууганга,
Майданда эрдин деми го,
Бир айлык алыс турса да,
Баатырлар элдин бели го.
Тылдагы жаткан туугандар,
Ак нээтин берген жери го!

Аягы Талас, башы Чүй,
Айылдан келген тандалып,
Ак сакал кары, кырчын жаш,
Эргишип, куштай шанданып,
Колхозчу каптап киргенде,
Кубарган талаа жанданып.

Кыздары кытмыр сыр менен,
Келини мукам ыр менен,
Каркылдай сүйлөп кызматка
Карысы жаштай дүрбөгөн.
Кубантып көргөн адамды,
Колхоздук лагерь гүлдөгөн.
Кубанчы болчу көңүлдүн
Ырлары болчу момундай,
Ыргалтып бийик көтөргөн
Ырларына берилдим:

«...Согушта жүргөн кезиңде,
Сырымды жаздым өзүңө,

Жайдарым сендик жүрөктүн,
Жалынын коштум сөзүмө.

Ойлонуп курбу, карасак,
Узарып согуш баратат,
Боз улан келип кайрылып,
Бугумду качан таратат?
Курбалым сени ойго алып,
Каналды бойлоп басамын.
Кырааным сага жеталбай,
Канатым жоктон жатамын.

Ак болот танка мингениң,
Алыскы майдан жүргөнүң.
Айланып аман келе көр,
Артыкча менин сүйгөнүм.

Акыры келсең алганым,
Ар качан болбос арманым,
Кубанар бекен укса деп,
Колума сандал кармадым.

Каналда жүрүп ырдаймын,
Канчасын көрдүм мындайдын.
Көңүлүмдө өзүң бар үчүн,
Капчыгай казсам, муңбаймын.

Кан кечип жүргөн жериңде,
Кошулуп бирге баспадым.
Кат менен кошо барууга,
О кантейин,
Конвертке батпадым...»

Карынын ою кандай деп,
Котлован көздөй элирет.
Атабыз өңдүү адамдын,
Айтканы мындай көрүнөт:
«Ак болот чүлгү колго алып,
Ураттык эми жарларды.
Үзүлүп түшсө үйдөй таш,
Эчендер көрүп таң калды.
Көңүлгө алдык ошондо,
Келиндер күткөн балдарды.

Өз уулу жүрсө майданда,
Атада биздей муң барбы?

Уулдар жүрсө кол баштап,
Атасы жатпайт үйүндө.
Кыздары кетсе сапарга,
Олтурбайт эне төрүндө.
Эрендер жүрсө майданда,
Эмнелер түшпөйт көңүлгө...
Эркелик кетти көңүлдөн,
Карыяык кетти өмүрдөн.
Кайратты жыйнар бул убак,
Катуурак болуп темирден.
Жоокерлик заман ушул го,
Жигиттер алга темингин.

Чүйгүнү жетер бекен деп,
Чалышкан эрге тамактын,
Сүрдүүсү барар бекен деп,
Салышкан эрге жарактын,
Аралап жоону жүрсө да,
Ачыгын тилеп кабактын,
Бел байлап биз да жаш болдук,
Бет алсак качан токтолдук?
Капчыгай эмес тоо болсун,
Качырып кирер шок болдук.
Улгайган жашка карабай,
Учуп турган ок болдук...

Кериде желдей шуулдап,
Келиндер жүрөт ырдашып.
Кармашта жүргөн теңине,
Кат-кабар менен сырдашып.
Кайрылып келсе балдарым,
Калышпайбы,
Кадимкидей жыргашып.
...Бир кезекте ойлонсок,
Бизден да өткөн балалык.
Ээлигип басып чыкчуубуз,
Эки жакты каранып.
Болукшуп жүрөк от болуп.
Болгонбуз биз да боз бала,
Кызылды кийип кылактап,

Кыр менен басса кыз бала,
Кайрылып качан көз арттык,
Кыз баладан башкага?
Кезеги келсе өмүрдүн,
Курбусу болдук келиндин.
Эзилишип сырдашып,
Эрмегин көрдүк элимдин.
Жанаша басып тең менен,
Жемишин таттык жеримдин.

Жогору жашым келген кез,
Жигиттик күндөн айрылып,
Токтолуп калган убагым,
Топукка көсөл бай кылып.
Кабарын берген капкачан,
Карылык бизге кайрылып...

Бактыга баткан күнүмдө,
Балдарым болуп балалуу,
Желмогуз фашист кол салып,
Жүрөктү кылды жаралуу.
Унутуп бөлөк түйшүктү,
Урушка бөлдүк санааны.
Кыз балдар кээде тиштенип,
Кубара турган жөнү бар.
Келиним жүрөк сыздатып,
Күйгөндө ырдар эби бар.
Кумарын жазып кол берчү,
Кан майдан кечкен теңи бар,
Кантейин билип турамын,
Кызымдын алтын тилегин.
Көңүлүмдө байкап сеземин,
Келиндин соккон жүрөгүн.
Таалайы үчүн балдардын,
Түрүнүп ишке киремин.

Майдандан уулум келгиче,
Муңайтпай кабар бергиче,
Керилген сулуу келиндин,
Кабагын ачып көргүчө,
Кыздарым бактан гүл тандап,
Кубанып ырдап жүргүчө
Кары да болсом жигиттей,

Чобур да болсом кулуктөй,
Куш болуп көккө сызгым бар,
Күүлөнүп жаңы түлөктөй,
Сан байге болсо чыккым бар,
Сүрөөчүгө сүрөтпөй.

Жол сал дегин, жол салам,
Жоого жибер, кол салам.
Белимди бекем курчанып,
Баатырларча сур салып,
Кайда айтсаңар мен барам.
Келиндер менен нурданган,
Жигиттер менен шаңданган,
Жалтайлабай тең барам!

Атаңа наалат фашисттин,
Атасын сойгон биз эмес.
Ак эмгекти талашуу
Адамдар кылчу иш эмес.
Аталуу совет көп журту
Алдыра койчу күч эмес.

Кана эми алгын чукулук,
Кар жаамактан, таш жаасын.
Жалпы карма күрөктү,
Жамгыр эмес, от жаасын.
Көтөргүлө сандалды,
Кайратыңа ким даасын?!..
— Деп айтчу биздин агалар,
Кыштын бороон түнүндө,
Жадырап жаштай күч берчү,
Жаздын жамгыр күнүндө.
Кандайча муну эскербейм
Кубанчым толсо бүгүндө...

Ойлонсом канал элестейт,
Уюп жаткан ыр болуп.
Түбүнөн бери түрүлүп,
Түгөнбөгөн сыр болуп.
Жапжаңы ГЭСти карасам,
Жалындап согот жүрөгүм.
Колубуздан бүткөн ГЭС,

Калаага сенден шам барсын.
Көчөлөр нурга көмүлүп,
Кыргызстан шаңдансын!

Созулуп мойну чырактын,
Заводдун кирсин цехине,
Барскан чапкан балбандын,
Баатырча турган жерине.
Илинсин биздин электр,
Институт төрүнө.
Ай тийгендей нур чачсын,
Окуган жаштын көбүнө.
Суйкайган келин-кыздардын,
Сулуулук кошсун өңүнө.

Атайы сизге келдим деп,
Акындын кирсин үйүнө.
Арттараак калган ырчынын,
Акындык кошсун тилине.
Кабары кыйын эчендин,
Калбасын жетпей бирине.
Өңүмдө эмес, түшүмдө,
Ичинде ырдап жүрөмүн.
Айланып ар бир бурчтары,
Айткансыйт мага тилегин.

Тажабай иштеп бүтүрдүк,
Түгөнбөгөн сыр менен.
Түн-күнү жүрдүк жыл бою,
Туу көтөрүп ыр менен.
Тойго келген немедей,
Толкуган элим дүрбөгөн.

Кылкылдап агып суу келип,
Каалга бүгүн ачылды.
Каптаган дайра күчүнөн,
Калаага нуру чачылды.
Кубанып учуп көңүлү,
Канаты Чүйдүн жазылды.

Баарынан башка айтарым,
Фабрик-завод курулдөп,
Буроочу тынбай айлансын,

Бой бербей күн-түн дирилдеп.
Жумушчу бизди эскерсин,
Жеткенде нурлар күлүңдөп.
Ушу эле ГЭСтин нурунан,
Берендер атар ок барсын.
Эрегишкен немецти,
Өрттөп кетер от барсын.
Алыста жүргөн жоокерге,
Агапын ушул кабары.
Агарган чачын эстетер,
Атанын болсун саламы.
Келиндин болсун белеги,
Карманган эрдин жарагы.

Коёбуз дагы ГЭС жасап,
Кыраандар жоодон кайтарда.
Аркада алыс жатсак да,
Аракет бул деп айтарга.
Жаркырап эрлер жатуучу,
Үйлөргө белек тартарга.
Туйгундар кайра келгиче,
Тоодогу калган калтарга.
Майданда эрлер сүйөнсүн
Элдеги байлык чалкарга!

Ворошилов Гидро-
электростанциясы
бүткөндө жазылган.

*1943*

## СЕН КЕТПЕЙСИҢ ЭСИМДЕН

Милдетин алып мекендин
Мойнума мылтык асканда,
Тоолордун боорун кыялап
Теңтуштар менен басканда,
Кемеге кылып жерди оюп,
Керилип тосуп жатканда.

Кубанчым сенсиң көңүлдө,
Курбалым сенсиң өмүрдө.
Курбалым эстеп алганда,
Кубатым жетер темирге.

Кадырым билчү өзүңсүң,
Кымбатым кыргыз элинде.

Дайраны кечип бассам да,
Дабандын белин ашсам да,
Кетпейсиң асты эсимден
Көңүлүм алып учканда.
Кан кечип майдан жүрсөм да,
Күндө эле сенсиң оюмда.
Көшүлүп жатып түш көрсөм
Түндө эле сенсиң оюмда.
Калемим болуп калбапсың,
Жүрүүгө кошо колумда.

Кызуулап ырдайм үн салып,
Кыялым сага жеткендей.
Ан сайын сергийм кубанып
Аки, сен атыр сепкендей.
Алдыга канат сермей бер,
Алтын күндү өткөрбөй.

Анжыян ары ашсам да,
Алайдын жолун бассам да,
Алыскы Тажик, Түркменди,
Аралап эчен кайтсам да,

Эдилден ылдый кирсем да,
Эрикпей карап жүрсөм да,
Алматы менен Маскөөнү,
Айланып эчен келсем да,
Ачылган гүлдөй, бактыма
Абалтан берки сүйгөнүм,
Ай жүздүү Аки айдыңдуу
Өзгөнү сендей көрбөдүм.
Кырк жылдык жерге кетсем да,
Кумар көз сени дегдедим...

Кулпурган тууган жер үчүн,
Кубанчым кыргыз эл үчүн,
Тулпарды минди жигиттер
Тоолордун коргоп өрүшүн.
Замандаш шилтейт кылычты,
Санаадан кетпес сен үчүн!

*1943*

## БИР БАШЫҢА ТЕҢ БОЛСОМ

*«Секетпай» обонуна*

Ак марал болсо атканым,
Асылкеч болсо тапканым.
Өзүңө көңүлүм чын кызып,
Өзгөгө мен да башкамын.
Отуздан ашсам мейлимчи,
Оолуксам он беш жаштамын!

Көк тулпар болсо мингеним,
Көк чатыр болсо киргеним,
Кучагым жайып кубанып,
Кумаркөз болсо сүйгөнүм.
Арзыган сага мен үчүн,
Артыгы сенсиң дүйнөнүн.
Жаманга колум артканча,
Жакшыга жакшы күйгөнүм!

Жылдыздан болсо панарым,
Жибектен болсо танабым...
Күүлөнүп күндө шилтөөгө
Күмүштөн болсо каламым.
Кадыры бийик сен үчүн
Капкайдан сөздү табамын!
Кырк бештен ашсам мейлимчи,
Кыялымда баламын!

Сүйбөсөң, сүйсөң өзүң бил.
Сагынып, сени самадым.
Ойлонуп ырдап отурсам,
Оюмда жетип каламын.

Өзүңдөн жалгыз сөз болсо,
Иркутта болсоң барамын.
Деңизде сузуп жүрсөң да,
Дегдесем бир күн табамын!

Чабалдар жетпес төр болсом,
Чалкыган терең көл болсом.
Кайратым бойго жыйнасам,
Каптаган кыян-сел болсом,

Агарган таңдын алдында,
Бетинден сылар жел болсом.
Эмне болсо оюмда
Ошонун бары мен болсом.
Баарынан кечип койбоюн,
Аки, сенин
Бир башыңа теӊ болсом!

*1943*

**КАРКЫРАДА БИР ТҮНҮ**

**I**

Тоо десе толкуйт көңүлүм,
Тоо менен кошо бүткөндөй.
Жүлүндөй жалын бул тоодон,
Жүрөккө кирип кеткендей.

Улабас деген бир тоо бар,
Уюлгуйт шамал башында.
Күн чыгып көздөй баштанып,
Күпүйүп жатат азыр да.

Акырын желге теңселет,
Арчасы кимге баш урат.
Ээндеп үнүн чыгарат,
Элиги кимди чакырат.

Токсондоп катар тургандай
Тоо башы тоодон көрүнөт.
Толукшуп чыккан жылдыздын,
Зоолорго нуру төгүлөт.

Айланып өйдө чыгарда
Азырак арча алганбыз.
Түн белгиси болсун деп,
Түтөтүп жагып салганбыз.

Жылдызын тиктеп асмандын
Жолоочу бүгүн жолдобуз.
Бозоргон чөпкө өңдөшүп,
Бөрүлөр жатчу жондобуз,

Эңкейип карап тургансыйт.
Ээндеп жаткан капчыгай.
Калдайган кырка тоолордун,
Калтырбай сырын айтчуудай.

Күркүрөп өзөн, кашка суу,
Көз алдыңдан аккандай,
Ай нуру эркип көргөзүп
Ак чабак туйлап жаткандай.

Ким билсин, ушул жондордо,
Кезинде эрлер жаткандыр.
Көзенип четтен жоо келсе,
Кезешип мылтык аткандыр.

Ким билсин, анда түн катып,
Кыраандар чалгын чалгандыр.
Атайын токтоп кез-кезде,
Ат өргүтүп алгандыр.

Баатырлар жаткан жер бекен,
Байлаштырып аттарын.
Күзөшүп алыс сапарды,
Күтүшүп таңдын атканын.

## II

Үркөр да чыкты үйрүлүп,
Асмандап бийик айланып.
Жетиген турат жалтылдап,
Жалкынын көргөн таң калып.
Калганы карап тургансыйт,
Кадырдуу нурду жарданып.
Жаркырап ак таң атарда,
Жаш чолпон чыкты шаңданып.
Айтчудай өмүр сырларын,
Атайын бизге камданып:

Ызылдап тоодон жел согот,
Ачуусун бизден чыгарып.
Ансайын чолпоң асмандайт,
Ай жокто жалгыз кубанып.

Чачырап нуру турганда,
Чолпондун ырын угалык:
«...Жаштыктын болуп белгиси,
Жаркырап нурум жайнатам.
Көңүлүң болбос ыразы,
Көзүңдү мага салбасаң.
Сулуусу менмин асмандын,
Сулуусун жердин тандашам.
Сан кылым өтсө суктанып,
Сулуулар менен арбашам.

Жергеси ушул тоолордун,
Жетимиш атаң өткөн жер.
Жоолордун түшүп колуна
Жок болуп канчаң кеткен жер...
Жер жайнап жазда төлдөгөн,
Жерге ылайык малы бар.
Эзелден ар ким суктанган,
Эрге ылайык шаңы бар.
Кайратсыз кетер кайышып,
Кезинде катуу каары бар.
Кадамың жетер жан болсоң
Калкайган тоодо баары бар.

Ак шумкар турса айланып,
Алыстан карга келбеген.
Жем издеп чыккан жорунун,
Жемсөөсүн жара сермеген.

...Калкайган кайран Ала-Тоо,
Канча жыл жатты кансырап.
Кандары жүздүн жуулбай,
Кайгыга батып алсырап.
Күйүтү күндү түнөрттү,
Көзүнүн жашы кургабай.
Көкөйдү кескен күү чертти,
Күүлөнүп ырчы ырдабай.

Ошондо мен да муңайдым.
Оболоп качып, тунардым.
Жалжылдап көзүм, жаш болуп,
Жабыркап жаным кубардым...

Калкаланып булутка,
Кайгымды минтип чыгардым,
Кайгыртчу туман жок болуп,
Кайрадан жаркып, кубандым...

Кан күйгөн катаал жылдарга,
Калыппыз дагы кез келип,
Ойлонбой сулуу турабы,
Ошону жүрсө көз көрүп.
Кейиштен журтту куткарбай,
Кетиш жок өмүр өткөрүп.

Суктанган жандар түшүнсүн,
Сулуунун көркү эл менен.
Сурданган жоону жоготсун,
Сүйлөшөм деген мен менен.
Самоого көркτү чоло жок
Сан жоону куубай жергеден.
Сагынган жардай күлүңдөп,
Самаган эргө мен келем.
Өмүрдүк кубат болордук,
Өзүмдөй көркөм нур берем.

Жоолорун жеңип акыры,
Журтуна аман кайтканды,
Жадырап-жайнап гүл тандап,
Жондордо жыргап жатканды,
Жоругу журтка таралган,
Жолборстой болгон жаштарды
Кубулуп таңда сүйүүгө,
Күбө кармайм асманды.
Көрүшөр шондо байкаган,
Көшүлүп нурду чачканды.

Караса ар ким таңымда,
Көкөлөп чыккан чагымда,
Сулуунун сөзүн сыйласаң
Сулуулук бизде барында,
Көңүлү таза, ою адил,
Кирсизди сүйөт жүрөгүм.
Көркүмдөй нурдуу өмүргө,
Көмөктөш болуп жүрөмүн»...

Деди да чолпон жалтылдап,
Өөдөлөй берди калкылдап,
Алыска сапар тартчудай,
Ак ала тоону алкымдап.
Көркүнө мунун көз тойбой,
Көңүлгө түшкөн кепти ойлой,
Күн чыга сайрап учууга,
Калбапмын болуп боз торгой.

Таң сөгүлүп атканда,
Таң менен чолпон күлмүңдөп,
Күмүштөй болуп агарат
Көңүлдө сырым билгин деп.

Көк тиреп турган аскага,
Күн нуру жаңы чачылды.
Жетишем өзүм дегендей
Жылдыздын барын качырды.
Айтканым эстей жүргүн деп,
Асманга чолпон жашынды.
Ушундай сонун кубулуш,
Ойлонтот ырчы акынды.

*1943-жыл.*

**САН-ТАШ**

*(Легенда)*

Бер жагы Кызыл-Кыя бой тиреген,
Ар жагы кең Каркыра мелмиреген.
Жанында жайнап аккан Түптүн суусу,
Жээгинде жайнаган гүл үлбүрөгөн.
Эзелден жол боюнда эки үймөк таш,
Эбакы бир шумдукту белгилеген.

Бул белги кай замандан калгандыгын,
Белсенген эрлер кайдан алгандыгын,
Жаш айтат, кары да айтат, бары да айтат,
Жоокерлер өчпөс белги салгандыгын.
Жазуусуз чекти билүү бүгүн кыйын
Же чынын, же болбосо жалгандыгын?

Илгери Маңгул менен Калмак жактан,
Кыркышып, кан кечкенден атагы ашкан.

Качырып хан Коңурбай чыккан дешет,
Кыйрында кыргыздарга каарын чачкан.
Кекенип, кең Каркыра, Ысык-Көлдү
Коңурбай колу менен далай баскан.

Дос да бар, доосу бүтпөс касым да бар,
Кастардын кээси ичимде, кашымда бар.
Кыркалаш, коңшу олтурган кыргыздарда
Кез келсе каным ичер баатыр да бар,
Айтылуу эр Манастын уулу бар дейт,
Акыры тирүү болсо башымды алар.

Мен ага, кечикпестен барамын деп,
Менсинген эрдин башын аламын деп,
Кыргыздын кыз-келинин олжолоймун,
Кылымга кыймылдагыс кыламын деп,
Күч менен түп тамырын жуламын деп,
Күркүрөп көз ачырбай турамын деп,

Түйүлүп куштай учкан тулпар тандап,
Түнөрүп найза сунар эрди камдап,
Түн-күнү түмөндөгөн колун айдап,
Тескейлеп жөнөгөн дейт калкамандап.
Кошуну Коңурбайдын өткөн экен,
Кыркалай кыжылдашып, миңдеп-сандап.

Коңурбай өзү илгери баштаган дейт,
Колго айтып, биринчи таш таштаган дейт.
Ар кимиң бирден ташты ала кел деп,
Арткыга алдыңкылар жазгаган дейт.
Ошондо үйүлүптүр ушул Сан-Таш
Санатын эч ким катка жазбаган дейт.

Ырас ок ушул Сан-Таш, сандаган таш,
Ар кимдер ар бир сайдан кармаган таш,
Этектүү эчен үйдүн ордун ээлейт,
Эсебин эч ким жетип албаган таш.
Түшүнсө таштын жайын өткөндү ойлоп,
Көзүнө далай жоонун жайнаган таш!..

Коңурбай көлдөн өтүп алган экен,
Башына кең Таластын барган экен.

Айлантып жоонун колун эр Семетей,
Аябай кыргын-согуш салган экен.
Колунан Семетейдин ажал жетип,
Коңурдун сөөгү ошондо калган экен.

Баатырлар күндөй болуп күркүрөгөн,
Кайраты көк жалындай дүркүрөгөн.
Кан кечип кыргыз, калмак кырчылдашып,
Кан аккан эр боюнан диркиреген.
Кийимсиз кышкы аязда тоңгон жандай,
Канча жоо кетенчиктеп зиркиреген.

Калганы калмактардын кайра качкан,
Кылаалап Ысык-Көл боюн баскан.
Кутулуп канча душман кеткендигин
Билгиле берки үймөктө жаткан таштан.
Эсеби үймөк таштын анык болсо,
Элине миңдин бири араң кайткан...

Кичинесин качкан калмак үйгөн экен,
Канча кол калгандыгын билген экен.
Жерине арстандардын келиппиз деп,
Жүрөгү эрлеринин күйгөн экен.
Куйругун ажыдаардын баспайлы деп,
Көбүнчө кийин четтеп жүргөн экен.

Аркы үймөк керилүүдө белдей болуп,
Берки үймөк көрүнүүдө жердей болуп.
Билгенге берки үймөктүн каары катуу
Бул турат жоону жутар көрдөй болуп.
Калкыма бейпилдеги ким кол салса,
Калмакчы сөөгү сайга, көргө толуп!

Кыргызбыз, бөлөк жерди самабаган,
Кекенип келген жоону аябаган.
Ар качан мына ушундай курман болгон,
Айкырып өз алына карабаган.
Сан-Таштай сөөгү кайдан чачылмакчы,
Сан элди саргайтууну самабаган...

Элимдин кыраандары журтун баккан,
Бүгүн да жолго каршы кырчылдашкан.

Батышта, Днепрде арстандарым,
Баатырча фашисттердин канын чачкан.
Сан-Таштын эмки эсебин элим угар,
Сан жоону кырып жүргөн азаматтан!

*1943*

## РОССИЯ

Россия, көз кайыткан четиң кайда?
Чалкайган жер болорсуң ушундай да.
Бир жериң көз жетпеген көпкөк деңиз,
Бир жериң ташкындаган улуу дайра.
Мекендин тагдырынын тирегисиң
Мен ырдайм сени эстесем кайра-кайра.

Жайнаган көркү жыргал, жериң асыл,
Эзелден эмгек сүйгөн элиң баатыр.
Тагдырын ата-журттун коргой жортуп,
Таалада эр жигитиң тиккен чатыр.
Калкына өткөн күндүн жайын айтып.
Кеңдиги көк деңиздей Волгаң жатыр.

Жаз келсе айланаңа гүл жайнаттың,
Жайында миң түрлөнтүп куш сайраттың.
Күзүндө коңул ташып, күч ташкындап,
Кол жеткис сан байлыкты жыйдың, таптың,
Ар качан албан-албан майдандарда,
Аркаңда турган элдин ачтың бактын.

Россия, күзүндө да жаздай гүлдөйт,
Кайсында касиети? Адам билбейт.
Кең талаа, калың токой, сулуу дайра
Кайраттуу кыраан элдин сырын сүйлөйт.
Ушундай гүлдөн бүткөн алтын жерди,
Ой деги, ойлоңузчу, кимдер сүйбөйт?

Кезинде Россияны туман баскан
Керимсел соккон кезде батыш жактан.
Кажыбай аккан кандан, жүргөн селден,
Калкың бар кажашкандын жайын тапкан.
Ар качан эрегиште жеңе жүргөн,
Эч жоого баш ийбеген уулуң арстан.

Жериң кең, кең пейилдүү элиң башка,
Ырайымдуу качантадан кары-жашка.
Дегдешип сага колун кимдер сунса,
Дем берип, күч кошосуң азаматка.
Марыткан, чоң Россия, сен өзүңсүң,
Таалайдын туусун берип биздей калкка.

Маршалдар сенден чыкты жоосун жеңген,
Каарына кармашканды титиреткен.
Россия, акылга кең, ырга байсың,
Даңкыңды булбулдарың маалим эткен.

Кече күн келди немец бузуп чегиң,
Өрт каптап, онтоп жатты алтын жериң.
Ал күнү талоондонуп талкаланды
Бабаңдан байлык болуп калган кепиң.
Акыры жыгылбастан көкөлөдү,
Алтын туу биздин колго берген Ленин.

Россия, сен муңайсаң биз муңайдык,
Уулундай бир адамдын бүт куралдык.
Кан төгүп, кайра жериң бир кайрышып
Кыйратып, жоону сүрүп, биз кубандык.
Тууган эл, таалайлаш эл туу түбүндө,
Кайгыны, шаттыкты бир бөлүп алдык.

Россия! Сен таалайсың нуруң жайнайт,
Эч бир тоо, эч кандай дөө басынталбайт.
Жүз тилде бир тилекте биздин Союз,
Жеңишти жарыялап булбул, сайрайт.
Россия! Жүрөгү сен алптын, дөөнүн,
Ар качан алышкандын шору кайнайт.

Көтөрүл, көлкүлдөй бер Кара дайра,
Чатырап, черди жазып, чалкы Волга.
Таалайдын бар танабын кайрып алдың,
Днепр, экиленип, эми жайна!
Россия — алтын казык келечекке,
Ушуну уксун аалам, тилим, сайра!

*1944*

## КРЕМЛЬ

Бир жагы Москва дайра жылып аккан,
Көргөнду сулуулугу таңыркаткан,
Солк эткис акыйкаттын зор сепили,
Өзгөчө жаралгандай асыл таштан.

Бурч-бурчу көз жетпеген мунаралар,
Кандай жай касиеттүү бул аралар!
Жаркырайт жылдыздары туш-тушунда,
Канча бар гүл өстүргөн кумуралар.
Гүл эмес, келечектин элеси го,
Кубанычты түпкүлүктү эске салар!

Сыртын көр, тыптынч турат уктагандай,
Мемиреп солбос гүлдү жыттагандай.
Эгер чын бул Кремль каарына алса,
Күч мында жоонун сөөгү сыздагандай.
Кубарып душман өзү ажал тапты.
Бир кышын Кремлдин козгой албай.

Бардык суу бир өзөнгө коюлгандай,
Бардык күч бир майданга бурулгандай.
Тизгинди зор акылман алып барат,
Тийсе да тоодой толкун бир чайпалбай.

Бул күндө буурул чачын кез-кез сылап
Таалайлуу, мурутунан күлүп турат.
Атабыз бул сепилден байкоо салып,
Ааламдын бүт кыймылын билип турат
Карачы, жер жүзүнүн мээнеткечи.
Кубанып партияны медер кылат!

Эл толкуйт аянтында, болсо майрам.
Көркү анын нур талашат күндөн, айдан.
Кечинде көк да жылдыз, жер да жылдыз,
Көңүл — от, ыр—учкан куш, кече — сайран.
Жаркырайт жалын Москва жагалданып,
Жаныңды эркелетип алда кайдан.

Кремль ар күн бакты нурун чачкан,
Жылдызы жалпы эл менен кабарлашкан.

Жүлүнү бардык жоонуп үзүлмөкчү,
Жүрөгү бүтсө дагы тоодон-таштан.
Ар качан өлүүчү эле арсыз душман,
Алдырбас арстандардын изин баскан.

*1944*

**КАРЫЯБЫЗ КАЛИНИН**

Күн мемиреп, бойду эритип турганда,
Гүл көйкөлүп күнгө таазим кылганда
Кубанч менен Кремлге киргенбиз.
Калининге колубузду сунганга.

Карыябыз жомок болуп элестеп,
Көңүл тынбай кандай түрдө келет деп.
Кең өлкөнүн касиеттүү абасы,
Өмүр сыйын өз колунан берет деп.

Турган кезде кирип келсе карыя
Атабыздай ырайы ысык барыга.
Өз колунан сый-жышаанын тапшырып,
Өзү олтурду кыргыздардын жанына.

Маектешип, бизге биздей кубанып,
Куудул сөзү каткырыкты чыгарып.
Ой чалкыды улам жыргал көлүндөй,
Өмүргө өмүр кошулгансып, уланып.

Кош, сыйга-сый улансын,— деп,— балдарым,
Кучакташып, өөп кыргыз чалдарын,
Кадим бүгүн болгон иштей эскерем,
Карыябыз Кремлде калганын.

Ата сөзү ой туудурат ар кандай,
Ойлой-ойлой эрлер медер кылгандай.
— Ыракмат,— деп, колдон кысып койду эле,
Колум менин алиге ысып тургандай.

Кандай баатыр карыяга барбаган,
Кайсы өнөрман андан алкыш албаган.
Эл башчысы, кетменчини, жоокерди
Эмгеги үчүн бирдей сүйүп жалгаган.

## МЕНИН ЖЕРИМ АЛА-ТОО

*(Жол ыры)*

Желдей сызып поезд сапар тартканда,
Ай чалкалап, бизди узатты асманда.
Ачып коюп терезени карасам,
Кыял учуп, алып кетти капкайда.

Ала-Тоодо ажарданып ай турат,
Аскалар да күмүш түстө жалтырап.
Алда нече аалам жүзү түрлөнүп,
Алдыбызда көл толкуну чарпылат.
Сайрандаган санжыргалуу сулуудай,
Сары өзөндүн сөөлөтү улам артылат.

Ашыкмын мен жаңы ачылган гүлдөргө,
Айлуу түндө булбул салган үндөргө.
Көңүл толкуп, кимдин көзү түшпөсүн
Күндүзгүдөй жарык берген түндөргө.

Жаш өмүрлүү кыргыз деген элденмин,
Асман тоодо, айга жакын жерденмин,
Кезегинде колго калем ойноткон,
Кыял менен куш куткарбас мергенмин.
(Келбетиңе көз тойбогон, Ала-Тоо,
Кенчи сенде кемибеген зергердин).

Кандай сонун, кандай сонун туулган жер!
Капчыгайда кашка суусу туйлаган.
Көз кайкыткан келбетиңе суктанып,
Көтөрүлүп кулундарың ырдаган.
Көңүлүмдү тарткан сулуу сен белең,
Кетким келбейт кереметтүү жылгаңан.

Көрө биле, Москванын өнөрүн,
Кубаттанып кайра саға келемин.
Санаадагы жүргөндөрдү самаган,
Саға, саға, саға Ала-Тоо, беремин.
Эр жеткенде дене күчкө толукшуп,
Эр азамат сүтүн актайт энемин.

Жылгалардан жылып аккан булагың.
Өзөндөрдөн күкүктөгөн сууларың.

Жарып көктү жол салчудай зымдай түз,
Жайлоолордон жайнап учкан уларың.
Айда сандап, күндө жүздөн көрсөм да,
Асты сенден канып койбойт кумарым.
Караныңды канча көрсөм, ошончо
Көңүл толкуп, ырдап гана турамын.

Күп кечпедиң, кезегинде күймөлбөй,
Туралбайсың эми бүгүн түрлөнбөй.
Сени сүйөм ашык жарды сүйгөндөй,
Күйөм сага бир тууганга күйгөндөй,
Айлым сенден алда кайда жүрсөм да,
Аркаң мага ар убакта тийгендей.

Кош бол бүгүн, көктү карап жаткан тоо,
Көз жетпеген көк деңизге баткан тоо.
Бул заманда көргөн адам суктанган
Берекелүү, кер өзөндүү асман тоо.
Биз денеде мээрин төгүп, бой салып,
Байлык, ырыс барган сайын ташкан тоо.

Сырымды айтам сырдашымдан катпаган,
Ырымды ырдайм көңүлүмө сактаган.
Сергип көңүл, кыял чалкып алганда,
Кушка окшоймун мүнүшкерлер таптаган.
Жер кыдырып, желдей учуп кетким бар
Жаш бүркүттөй учуп чыккан аскадан.
Миң күнчүлүк алыс жүрсөм мейлимчи,
Менин жерим Ала-Тоо деп мактанам.

*1944*

## ЭСЕП БЕРЧИ ӨЗҮҢӨ

Анык сүйсөң алтын өмүр жаныңды,
Алда кайда, жоо бетинде жарыңды,
Жаздай гүлдөп, бактай бүрдөп, түрлөнүп,
Жайлоолорго жайып чыккан малыңды!

Алтын келин, өтө сүйсөң жериңди,
Жандай көрсөң сени өстүргөн элиңди,
Күз келгенде кызыл кырман кыр болор
Эргип чыгып, өзгөчө бак эгинди.

Кыз күнүңдө бойлоп баскан көлдөрүң,
Курбуң менен көңүл ачкан жерлериң,
Жаш арстанды жакын көрүп жанындай,
Жал-жал карап өмүрдүк кол бергениң
Түшөр болсо таалайлуу жаш эсиңе,
Көрүнгөнсүп элес-булас көзүңө,
Шердин жары, эмне эмгек бүткөрдүң,
Шаанилениp, эсеп берчи өзүңө?

Эмгек көрсөт кыйындыкка бой бербей,
Курбуң келет, бул кетпесин эсиңден.
Жаным сен да жол бастың деп жоокердей,
Асылкечиң арзып өбөр бетиңден?

*1944*

### ...ГА

Мен ал кезде көпкөн окшойм,
Сен көзүмө көрүнбөй.
Сапар тартып кеткен окшойм,
Сага көңлүм бөлүнбөй.

Кечирип кой, кечирип кой,
Кеч да болсо сураймын,
Кеч да болсо көрүшөлү,
Кечки четин убайдын.

Көз алдымдан кетер эмес,
Карагаттай кара көз.
Көңүлүмдөн өчөр эмес,
Курбу деген ширин сөз.

Көңүл ачып, боюм жазып,
Көчөңүздөн баспапмын.
Көмүркөйдө каухар жатса,
Көөнүм түшүп ачпапмын.

Башынан биз баш ийчүбүз,
Билгендердин наркына.
«Билбесем» да жетким келет,
Билген сенин баркына!

*1944*

## КАЙРЫЛЫП КЕЛЕР КЕЗ ЖАКЫН

Санашып өткөн күндөрдү
Саратан сайрап жатканда,
Көркүндөй жайдын көйкөлүп
Гүлкайыр гүлүн ачканда,
«Жашыба жаным, кошкун деп,
Жан биргем жарым, досум деп».
Кучактап туруп бек сүйүп,
Кетпедим беле капкайда...

Тилегин тилеп эрлердин,
Таң нурун тоого чачканда,
Кубанчты күсөп күн сайын,
Күн кылкылдап батканда,
Жүргөндүрсүң мени ойлоп,
«Жан курбум келсе» — деп ойлоп,
Ал оюң макул дегендир,
Ай чалкалап асманда.

Тажаалдын ою таш капты,
Туурум кыргыз эл аман.
Эзилишип сырдашар,
Эл ичинде сен аман.
Күн сайын жоону жапырып,
Күйүттүү кылып качырып,
Кан кечип ыраак жүрсөм да,
Кадырың билчү мен аман.

Жан биргем менин жалжылдап,
Жайымды бүгүн сурасаң,
Сары изине чөп салып,
Сан жоону кууп баратам.
Убайым тартчу сен эмес.
Унута койчу мен эмес,
Өзүңдү көрөр күн жакын,
Өткөндү ойлоп карасам!
Калбадың беле ал кезде
Кызыл жүз эрксиз кубарып,
Канчалык кайрат кылсаң да,
Коштошор кезде муңайып.

Күн тийген гүлдөй жазылып,
Көп кайгың ичтен басылып,
Алдымдан эми чыгарсаң,
Ай жүзүң жаркып, кубанып.

*1944*

## КУРБУМА

Өмүрү чынын айтпас арамза бар,
Ар кимдин сырын тарткан байкап-чайкап,
Кыйдыга азаматым, ишенбегин,
Капчалык турса дагы сени жайкап.

Эр болсоң, кордогонго терикпегин,
Кур алдап мактаганга, желикпегин.
Ар кимдин ар сөзүнө ойлонууга,
Замандаш, эч убакта эрикпегин!
Билинсин эл кубанар эмгегинен,
Болсо эгер билектешиң алда сенин.

*1944*

## ЖЫРГАЛ КҮН

Тоого гүлдөр, өмүргө нур чачылды
Берлинди алган баатырлардын колунан.
Кайра чыгып, канаттары жазылды,
Канча элдердин кайгы кетип оюнан.
Курал күчтөн, кайрат сөздөн ажырап,
Жоо жүрөгү токтогон кез согуудан.

Таалай үчүн урук чачкан жерим бар,
Андай жерди кимдер оё чабалат?
Өлкөсү үчүн бел байлаган элим бар,
Андай элди кандай душман алалат.
Немецтерди бүк түшүргөн колум бар,
Бул колду ээрчип элим алга баралат!

Өтөр жылдар, ойнор таалай багында,
Замандаштар, балдарыңдын балдары.
Турган өңдүү келечектин шагында,
Тилин безеп, таң булбулу сайрады.
Жигитине жыйырманчы кылымдын,
Андагы элдин эч бир болбос арманы.

## ТАҢДАГЫ ГҮЛ

«Ата Мекенибиздин эркиндиги үчүн жана көз каранды болбостугу үчүн жүргүзүлгөн уруштарда курман болгон баатырларга түбөлүк даңк!»

Жел ойноп, таң сүрүлүп, уйку канып,
Жаткан кез терезеге көзүм салып.
Ар түркүм көздү уялтып түшкөн нурду
Ан сайын карай бердим кумарланып.
Козгосо көңүл сырын таңдын жели,
Токтоосуз тургуң келет жагалданып...

Эске алдым бир курбумду дагы кайра,
Эңсеген оюм кетти алда кайда.
Күндөрүн элестедим майдандагы,
Билбеймин, кайран жигит кандай жайда?
Кучактап жаш баламдай өбөр элем,
Курдашым келип калса ушундайда...

Ой күлүк, ойдогуңдун келбес баары.
Эшигим күтпөс жерден шарт ачылды.
Билбеймин, кандай кабар жетет дагы,
Көтөрдүм, токтоно албай селт башымды.
Томсоруп кирип келди алган жары,
Түшүрүп дагы оюма курдашымды.

Олтурду коомай гана эшик жакка,
Эмне үчүн баштагыдан түрү башка?
Солуктап токтоналбай өпкө какты.
Кирпиги чыпкаланып ысык жашка.
Биз кезде бир түйүнчөк, бир кагазды,
Алдыма таштап койду башка-башка.

Ордумдан ыргып тургам мен жаталбай,
Олтурдум аяшыма тил каталбай.
Көз жашын кези менен сүртүп коёт,
Кашында мага эч кандай назар салбай.
Алдым да, түйүнчөктү чечип кирдим,
Биле албай бул келиндин сыры кандай...

Жарк этип жаңы медаль нурун чачты,
Калганга элестетип кетпес бакты.

Бар экен түйүнчөктө да бир орден,
Эскерткен эл сыймыгы азаматты.
Кыраанын мекен үчүн алыпсың деп,
Кайрадан кайратына көңлүм ташты.

Чоочулап бир четтеги кагазды алдым,
Чыны менен муну ачуудан зааркандым.
Бул кагаз сүйлөйт жайын солгон гүлдүн,
Эгиздей мага катар өскөн жандын.
Сыздады чиркин жүрөк тилингендей,
Сырына аяшымдын эми кандым.

Өмүрдөн бири кеткен эгиз жандын,
Кантпейин, бирөө өчкөн катар шамдын.
Кайрылбай бирөө кеткен арабыздан
Калк үчүн майдан кечкен баатырлардын.
Жан курбум, жаздым болгон кабарыңдан,
Жүрөккө канча жылдык тамга салдың.

Эсимде эрме чөлгө барган чагым,
Эрикпей гүлгө сууну жайган чагым.
Эсимде күнү бүгүн өзүң менен
Жаш көчөт жаңы журтка сайган чагым,
Өзгөчө кайдан кетсин көңүлүмдөн,
Өзүңдөн сынбаганы өмүр шагым!

Ал кезде бир жайлоодон кыйдык ыргай,
Аскадан булак суусун ичтик жыргай.
Биз кечтик билим, таалай дарыясын,
Жалтанбай, жаш жүрөктүн отун сындай.
Түнөрүп жоо келгенде миндиң атка,
Журт үчүн жалындандың токтоо кылбай.

Майышып жокчулуктан муңайбаган,
Бар болсо, барасмандап чырайбаган.
Эгерде элден четте калар болсо
Бактына керт башынын кубанбаган.
Жүрсө да мейли чөлдө, мейли төрдө,
Тагдырын элдин эстен чыгарбаган.

Ошондой бала күндөн мүнөз күткөн,
Жоругу чыккан эмес биздин эстен.
Учкандай бир уядан катар өскөн

Азамат түбөлүккө бизден кеткен.
Бул орден, эрдик медаль кайран достун
Кан кечип кеткен жолун маалым эткен.

Канетсин, келиндин да жашы кургайт,
Баатырдын балдарын эл жетим кылбайт.
«Калкыма атам курман болду эле» — деп,
Кезинде сенден калган чүрпөң ырдайт.
Арзышкан алганынын көзү бардай,
Ардактап, армандууну элим сыйлайт.

Эч качан төгүлбөй кан, кыйылбай жан,
Элиме атпаган таң, келбеген шаң.
Эбактан таалай, өмүр талашында
Эр өлгөн, эл чабышкан, агылган кан.
Кан күйгөн, кыян жүргөн майдандарда
Кай кезде койгон экен болбой арман.

Эл чынар, сен элиңдин чырпыгы элең,
Сен албарс ташты кескен курчу менен.
Айланып Ала-Тоодо жүргөнүңдө
Ар кимдер бир өзүңдөй болсом деген:
Алыста кыркып жүрүп жоо тамырын,
Коштоштуң, ок жаңылып журтуң менен...

Бир арман, жеңиштен соң көрүшпөдүк,
Кубанып, кучакташып өбүшпөдүк.
Балалык, жаштык күндүн кымбат сырын
Баштатан да бир кайра теришпедик.
Жайната дасторконго жадырашып,
Жемишин жерибиздин төгүшпөдүк.

Таалайдын туусун коргойт мындай өлүм,
Таймашта үстөм кылат тууган элиң,
Айдың көл, кең капчыгай, алтын талаа,
Эч качан унуттурбайт сендей эрин.
Башынан бар байлыгын эрге арнаган
Баатыр эл көз кайкыткан көркөм жериң.

Айрылган энелер бар жалгызынан,
Келин бар ажыраган курбусунан.
Тагдыр шул, миң балапан аман калды,
Кол үзүп калган менен бир кушунан.

Майданда өткүр эрдин кайратынан
Өлкөмдө өмүр сүрөт миллион жан.

Ар күнү туулган жерде атканда таң,
Алдыңда кетпес таалай, элестейт шаң.
Таң үчүн курман болгон баатырларын
Эскерет биздин жерде жашаган жан.
Сен кеттиң, бирок ишиң таңдагы гүл,
Таң гүлү, таалай гүлү солубаган.

*1945*

## ДОСТУК ЖАНА МАХАББАТ[1]

*(Поэма)*

### I

Күз күнү... борбор шаар, асман ачык,
Күн шашке, терезеден нурун чачып,
Кайкалайт түштүк жакта кырка тоолор
Сулуудай жаңы турган боюн жазып.
Жел согот жым-жым этип беттен сылап,
Кетчүдөй көңүл сырын көккө ташып.
Негедир Сайракүл кыз ушул убак,
Ой ойлоп, терезеге келди басып.

Ачты да терезени, тоого карай
Тургансыйт алда эмнени күзөп самай.
Курбулар бирге өсүшкөн тоо койнунда
Келгенсийт көз алдына далай-далай.
Аскар тоо, сары өзөндөр, кепен сайлар
Өткөндү эстеткенсийт ушул жайлар,
Ичинен күңгүрөнүп ырдап коёт.
Кайдасың деген өңдүү күздөр, жайлар.

— Өзгөчө ойчул болду кызың кандай,
Көргөн жан кебетесин таң калгандай?—
Дейт ата энесине Сайракүлдүн,
Баласы эмне ойлонот, түк билалбай...
— Абышкам, кыздын сырын билалбадым,
Неликтен санаа басып муңайганын...

---

[1] Поэманын жаңы редакциясы.

Атайлап бир ящикке алма апкелди,
Айталбайм чыны жайын бул алманын...

Кай күнү жалгыз калат, сүрөт карайт,
Ким билсин кимди ойлонот, кимди самайт?
Кубанчы, жан азыгы ошол өңдүү,
Кез-кезде жаш бөбөгүн тамашалайт...

Сайракүл бурулганда бери карай,
Жап болду жаактары шыбырабай.
Олтурду орундукка, калам алды
Алмасын ящиктеги карай-карай.
Алиге алыс жерде жүргөнгө окшойт,
Айланып кыз колуна тийчү таалай,
Элеси көз алдында турганга окшойт
Жаштардын тең чоңойгон далай-далай:

«Аманбы курбу, уландар,
Жүрүшкөн жоонун бетинде?
(Алыста биздей туугандар
Ар качан турган эсинде).
Аманбы биздин баатырлар,
Көрсөткөн эрдик майданда?
Жигитке кайрат кошулар
Сүйгөнүн эске алганда...

Кыздардын жазган каттары,
Кызыл гүл болсун силерге.
Кыз колу тийген кагазды
Кадырлап жыттап жүрөргө.

Болгун деп көңүл ардагы,
Сага арнап сайдым сайманы.
Саймасын кыздын сыйласаң,
Курбуңдун болбос армапы.

Алмадай көңүлүм кызыл деп
Жибердим кызыл алманы.
Ширесин татып көргүн жеп,
Дем болор сага ал дагы.

Бороону долу күндөрдө,
Аязы катуу түндөрдө,

Бел болсун кыздын саламы
Бетинде жоонун жүргөндө...

Биздерди ойлой жүргүлө
Бириңер эмес, барыңар.
Сандаган жоону сүргүлө,
Саламат болсун жапыңар.

Көңүлүң толуп кайратка
Көрсөтсөң жоого сезиңди,
Бей тааныш мурун болсом да,
Көргөндөй болом өзүңдү.

Алыстан бир кыз кайрылып,
Кармады дегин колумду.
Өзүңө кадыр-сый кылып,
Өнтөлөп айттым оюмду.

Сүйүүсүн сыйлап бир кыздын,
Намысын сактап кыргыздын,
Талкалай берсең душманды
Таалайга бүткөн жылдызсың.

Кызыл алма, кат жетсе,
Кабарың билдир сен мага.
Жиберем акыр бир кезде
Атынды сайып саймага...»

Ушинтип Сайракүл да бүттү катты,
Акырын алма салган ящикти ачты.
Назиктеп жоолукка ороп, катты жайлап,
Зымпыйтып, жик чыгарбай кайра жапты.
«Намысты жоого алдырбас жигитке»— деп,
Сыртына бадырайтып жазуу жазды.
Кызынын не жазганын байкап, тейлеп,
Ичинен ата-энеси кубатташты...
Сайракүл дагы ордунан тура калды,
Тоо жакка терезеден көзүн салды.
Тоо сыры толкун сындуу элес болуп,
Элести ээрчип көөнү, кыялданды:

«Ал кезде. айыл чалкып алтын күздө,
Айлуу түн жаркыраган алиге эсте.

Тоо жели жүрөгүндөн чымчыр эле
Теңтуштар сагыныша келген кезде.
Өмүрдө мындан артык не бар деле,
Кезинде сүйгөнүнө колу жетсе?

Ал күндөр, жаш чиркиндер билбей кайгы,
Айлуу түн... уктап жатчу колхоз айлы.
Токойдон булбул үнү жанды эритчү
Таңшыган, таңдандырган сулуу жайды.
Алтын жаш туңгуч көрсө жыргал таңын
Айткыла, ким унутсун ушундайды!..

Көңүлгө сейил күндөн кабар сала,
Калкылдап кызды бийлеп учат санаа.
Аркайган Ала-Тоонун этегинде
Ал күндү элестетип жатыр калаа.
Ал бүгүн ай чырайлуу селкилердин
Шүмшүк жоо жүрөгүнө салган жара...

Көз алды... көйкөлүшкөн бак-дарактар,
Курбулар кол кармашып жүргөн чактар.
Күңгүрөнүп агып жатат тоонун суусу,
Кезинде бетин жууган күлгүн жаштар.
Жээгинде бул суулардын канча окулган
Жүрөктүн жалынынан чыккан каттар...

Бир-бирин туңгуч сүйгөн жаштар кандай,
Кимдендир кысынышып жазгангандай.
Үн-сөзсүз жоодурашса теке-маңдай
Болушат өмүр карзын аткаргандай.
Ширесин жыргал күндүн татар кезде
Шум согуш бөлүп салды ырайым кылбай.

Үнү өчпөйт биздин бакта булбулдардын
Келишет жан-шериги курбулардын.
Гүлдөрүн кара бороон солуталбайт
Калкыма Октябрда аткан таңдын.
Калсам да кыргыз тоонун этегинде
Камын жейм майдандагы баатырлардын...»

Ушундай жаш Сайракүл кыялданып,
Көөнүндө сүйүү, үмүт, кумарланып.

Буралып үйдөн сулуу басып чыкты
Бапестеп алма салган ящикти алып.
Көп тиктеп өзү өстүргөн ушул кызды
Кары ата ойго батты, маашыркаңып.
Жаралган кылым сырын эсептешке
Ала-Тоо турганга окшойт көзүн салып...

## II

Кең талаа этек-жеңин токой баскан,
Кар-музу коктусунда аралашкан.
Унаасы кашаң жүргөн кербенчидей
Булуту асманында бара жаткан.
Мейкиндик эч кыялың жетпечүдөй
Билбейсиң келгениңди кайсы жактан.
Үйүңө жетер белең адашпастан,
Эгер сен ушул жерден чыгып бассаң?

Жоокерге госпиталь бар мобул бакта,
Жай болгон жара жеген азаматка,
(Беш, он күн жата коюп дарыланып,
Жигиттер кайра кетчү майдан жакка).
Туура он күн Алексейге болуп калды
Жатканга жан тынч алып кроватта.
Минанын чачырандысы чарпып салды,
Жыгылды чоң чабуулга кирген чакта...

Кара сур, жылуу чырай, узун бойлуу,
Кабагы калың жаткан терең ойлуу,
Берилген жаны менен сүйгөнүнө
Алексей кең пейилдүү, ачык колдуу.
Генерал өзү келип орден такты
Күндөрү госпиталда болду тойлуу.
«Эртеге чыгасың» — деп, врач айтты,
Көңүлүнө ошондуктан сүйүнч толду.
Жай сурап, сестралар келе калат,
Алексей тамашалап жолго салат.
Сагынып сүйгөнүндөй баласындай
Согушта жолдошторун эсине алат.
Ойлонсо ротадагы Асаны шай
Элестеп көз алдына тура калат.
Элестен элеске өтүп токтоналбай
Бир күлсө, бирде прецин кайрат чалат.

Түн кирди, кирпик какпай карап жатты,
Ойго алып айлуу түнкү чабуул чакты.
Немецтер ээлеп алган дөбөдөгү
Элестер көз алдына катарлашты:
Замбирек, миналары бардай өчүү
Жылдырбай биздин жакты тороп жатты.
Болсо да тик качырып кирер кези,
Ок жанды баш көтөртпөй ойноп жатты.

Жоокерлер түн жамынып чалгын чалды,
Токтолбой намыс үчүн кайраттанды.
Тымызын тикен зымды кылдай кырчып
Канчалар ал дөбөгө жакын барды.
Канчасын кароолдордун кармап лып-лып,
Камынтпай биздикилер басып калды.
Ар жерден окопторду жолун артып,
Алексей обол баарын билип алды.

Эсинде, түн ортосу болуп калган,
Чалкалап нурун чачат ай асмандан.
Көргөнгө муздай таза көктүн бети
Кутулуп кубаңдаган булуттардан.
Алексей, Асан экөө ошол кези
Дөбөгө туурасынан чабуул салган.

Тайманбай окопторго кирген басып,
Алдастап, немецтер да калган шашып,
Канчасы жан талашып жолго түшкөн
Бет алып Днепрди тынбай качып.
Ок атып качкан жоого улам үстөм
Алексей кирип барган аралашып.
Немецтен кай бирөөлөр байкап көргөн
Кекенип, кетенчиктеп бара жатып.

Болорун бир окуя билген Асан,
Бет бурбай ДЗОТ менен жетип барган.
Аңдыган Алексейди немецтерге
Айлантып автоматтан ок жаадырган.
Ажалды жеткиремин дегендерге
Ушинтип кайра ажалды тартуу кылган.

Автомат чаркыратып атып жатты,
Оңколоп жоо сугунат топуракты.

Ажалдан кутулганын эми сезип,
Алексей акырындап алга басты.
Бул мени куткарды деп карп-курп жетип,
Асанга өз ичинен алкыш айтты.

Чабуулга жоо өтмөккө кайра баштап,
Алдыдан өкүрөндөп танктар келди.
Айкырып окопторлон өтүп аттап,
Карасаң дагы алдыда Алексейди...

Асан да командирден калсын кайдан,
Чабуулдан канатташып орун алган.
Окустан фашисттерге алдырбоого
Абайлап, алды-артына көзүн салган.

Чынында коркуу деген болбойт анда,
Боортоктоп ок жолунда барат алга.
Эмне үчүн жоокер сүйүп ээрчибесин,
Майданды ири алдыда кечкен жанга.
Көңгө окшоп канча танктар түтөп жатты
Бералбай эч туруштук баатырларга.
Немецтер бул дөбөдөн чыга качты,
Кармашка калбаган соң эч бир арга.

ДЗОТторун немецтердин ээлей калып
Пулемёт, минамётту бура салып,
Каптатып биздин мерген ок жаадырды
Калың жоо качкан жакты кароолго алып.
Асман, жер аралашып чатыр-чутур
Жер жүзүн бaратат бейм октор жарып.
Жоокерлер тараткандай туманды ушул
Келатат жер көрүнүп, таң агарып...

Тырмактап мышыкка окшоп тытып жерди,
Тырмышат эми көрсөң немецтерди.
Көргөндө үрөйү учту канчасынын
Каарынан жер силкинген биздин эрди.
Ажырап а дегенде кайратынан
Элеңдеп эми душман кача берди.
Бөлүнгөн чачыранды мина тийип,
Бутунан жаралады Алексейди.

Көргөн соң: Алексейдин оору түсүн
Асан да кидирбестен келе калды.

Көтөрүп оолак алып кетүү үчүн
Камдады үч-төрт мыкты солдаттарды.
Көзүнөн оту жайнап, эрдин тиштеп,
Алексей Асанга эми каарданды.
«Беккулов, санбатыңды[1] тараткын»,— деп,
Жөнөөгө алды жакка буйруп салды.

— Кеткиле, сестра эмес, солдатсыңар!
Кез эмес солдатты оору кармап турар.
Асан, сен майдан үчүн чийки окшойсуң
Эр десе алга баштап кайрат кылар!

Башчыдан уккандан соң мындай жеме,
Айкырып каарына алды Асан деле.
Жулунуп жоокерлерди баштап алып,
Жөнөдү алды көздөй эпкиндене...

Алексей мунун баарын ойлоп берет,
Элестер кыялдагы жайнап келет.
Жанындай жакын көргөн жардамчысы —
Асаны тике келип салам берет.
Немецтер Днепрге бүт чөккөнсүйт
Дайранын агымына болуп жемек.
Жарк этип кээде Оксана көрүнгөнсүйт
Дөң жердин Алексейге сунуп желек...

Чын эле «Оксана!..» деп эстеп алып,
Ордуна жатып калат кайра айланып.
«Бул менин сагынчымдын күчү окшойт»— деп,
Токтотот өзүн өзү, айран калып...

Кузгунду көктөп ылаачын тепкенге окшойт,
Кулата курк эткенин серпкенге окшойт.
Жөөлөрүн куюн тийген алачыктай
Жалпайтып биздин жоокер өткөнгө окшойт.
Алексей кыялга алек уйку келбей,
Улам бир элес чыгат тынчтык бербей.
Бир кезде ыргып турат кроваттан
Жөн эле эстен тайып элиргендей.
«Жан бакты жатып ичер менби мырза,

[1] «Санбат»— Санитарный батальон,— деп Алексей кекээрдеп айтып жатат.

Бул жерге жыргап уктап семиргендей?»
Кез-кезде күн батышка көз чаптырса,
Бүткөн бой боло түшөт жеңилгендей.

Элестеп эртең барчу дайра жакты
Ушундай көпкө Алексей ойлоп жатты.
Генерал өзү келип ойготконсуйт
Керилип уктап жаткан лейтенантты.
«Орундайм ата-журттун буйругун» — деп,
Бул түнү уйкусурап эчен айтты.
Сергитип жан бүткөндү жел желбиреп,
Жаркырап күздүн сулуу таңы да атты...

## III

Мелмилдеп агат дайра түптүз жерден,
Кылкылдап туш-тушуна кулач керген.
Бул өзү Днепр деген улуу өзөн
Эбактан өмүр сырын айта келген.
Жоокерлер күн, түн чабуул салып эчен
Акыры жай алышкан ушул ченден.
Кезинде мезгил бир аз тынчтык берген
Алексей Асан экөө сөзгө кирген...

Асандын кайсы жерден келгендигин,
Өмүрдө не сонунду көргөндүгүн,
Алексей бүгүн каным уксам деди
Жолдошу нени ойлонуп жүргөндүгүн.
Эчен жол көрсөткөн соң ушул Асан
Так өзүн бир тууганча сүйгөндүгүн,
Жай сурап жаман болсун деги кайдан
Жакшы сыр жаның жайлап чечсе түйүн...

— Сурасаң жерди, Алексей,
Төбөсү ак кар, муз баскан,
Сурасаң элди, Алексей,
Боорунда тоонун мал баккан,
Сурасаң жерди, Алексей,
Түбүндө тунуп кен жаткан,
Түгөнбөс байлык жалгашкан,
Түзүндө алтын дан жаткан,
Ала-Тоо десем билбессиң,
Тян-Шань деген жерденмин.

Тоолордо жашап күн кечкен
Тутуму кыргыз элденмин.

Сары өзөн Чүйдө айылым,
Айтайын бир аз дайынын.
Көмкөрмө тоо-тоо кант ээлейт
Көз жетпей жаткан жайыгын.
Суулары таза күзгүдөй
Сулуунун өңү көрүнгөн,
Сыр айтып сага өтчүдөй
Суусары ойноп чөмүлгөн.

Асманга тийген аскадан
Күмүштөй булак чураган,
Куштары сайрап бадалдан
Булактын доошун туураган.
Чакалап сүтү желинде
Чалкая басат уйлары,
Көтөрүп майын жылалбай
Жайлоодо жатат койлору.

Аркалар менен тең сызат
Айлымдын күлүк аттары,
Канаттуу сезет өздөрүн
Күлүктү минген жаштары.

Сорподо гүлдүн жыты бар
Козунун жесең этинен,
Коюусу каймак, даамы бал
Кымыздан тартсаң экиден,
Мен чыккан элим кыргызым,
Меймандос келет четинен,
Көрсөтөт сыйын бир барсаң,
Кетпестей кылып эсиңен.

Сары өзөн кең Чүй мелмилдеп.
Чордону бүгүн турмуштун.
Капчыгай күн, түн балбылдап
Чогулган жери жылдыздын,
Абанын анча каары жок
Ортосу чукул жай, кыштын.
Ар качан болгон жалын чок,
Жүрөгү мында кыргыздын.

Этектеп түшкөн чоң тоого
Фрунзе болот шаарыбыз.
Оозубуз толо айтууга
Ошондо сыймык-шаңыбыз.

Кыркалап өмүр деңизин
Агызып таалай дайрасын,
Жайнаган жыргал жемишин
Алышар кезде колго чын.

Күйүттү салып мекенге,
Күн батыш жактан чыкты жоо,
Майданда тагдыр чечерге
Жиберди мени кыргыз тоо...

— Жарайсың Асан, жигитсиң,
Элиңди сонун сүйөсүң!
Мекениң үчүн бир өзүң
Кан майдан кечип жүрөсүң!

Ала-Тоо, сулуу жерлерди,
Кыргыздай сонун элдерди,
Жоготом деген жоолорду
Жолуна салар күн келди...

— Ата-журт улук экен барысынан,
Эл үчүн бел байлайсың намысыңан.
Гүл өмүр күн көралбай саргайчудай
Турбаса жоо сезденип дабышыңан.
Бул жерде көз алдымда алтын төрлөр
Жүргөнсүйм өз айлымда Алексей жан.
Энебиз, бизди тапкан тууган жерлер
Кааласа жаным курман, төгүлсүн кан.

Оболтон оозго алган наныбыз бир,
Биз таткан эмгектеги балыбыз бир,
Карачы, бар майданда дилибиз бир,
Башынан эмгек уулу жаныбыз бир.
Бул жерде окко каршы чыкмак кайда
Болбосок бир туугандай баарыбыз бир.

Сен таптап, жабагы элем, аттай чаптың,
Өнтөлөп, көтөрмөлөп алгалаттың.

Кыядан кыл көпүрө сыяктанган
Кылт этпей ири алдыда өзүң бастың.
Денеме жара түшсө жанга забын
Дарысын кайдан-жайдан издеп таптың.
Армансыз мен угайын сенин жайың
Өзгөчө, өз үй-бүлө жөнүндү айткын?!

## IV

Койгонсоң аңгемени өзү баштап,
Алексей айтпаганда кайда качмак.
Ал эми узун сабак сөзгө кирди
Алгандай өткөн күнүн тегиз жаттап:
— Кээ кезди ойлоп келсем күйөт жаным,
Кыштагым жоо колунда онтоп жатыр.
Кайда деп жалгыз уулум, сүйгөн жарым,
Эстесем, эңгиреймин, сөөгүм жашыр...

...Биздин жер кандай сонун жаздын күнү?
Жаныңды бир алдейлейт булбул үнү.
Ай жарык, ай нурунда аппак кыштак,
Жүрөктө өкүм сүрөт чиркин сүйүү.
Жигитке кыз жакшысы көктө Чолпон,
Колуңа кандай кымбат Чолпон тийүү.
Талашса кыз сүйүүсүн канча жигит
Болотко эрегишүү, ичи күйүү...

Ай жарык, жылуу түндө жан жыргаткан
Ак куудай Оксананы көрдүм бактап.
Кара көз жанды эритип, кумарлантып,
Жөн эле магнит өңдүү мени тарткан.
Күмүштөй жаркыраган тиштеричи,
Келбети канчаларды кумарланткан.
Аттигин, болсочу деп мендик киши
Эчендер таңдайларын такылдаткан.

Мен болсом, колдо гармон, турам ырдап,
Ырымды укканга окшойт сулуу жырган.
Ойносом бий күүлөрүн экилентип,
Оксанам бийлеп жөнөйт дапыны ырган.

Эсимде таңга жакын бир кез болгон
Эркеп Оксананы алдым колдон.

«Жаным сен, сүйгөнүм сен, кечиргин» — деп,
Үйүнө баргым келди ошол бойдон.
Жанымда күлүмсүрөп тура берди
Мен менен баш тартпастай басар жолдон.
Ойлонсом ошол түндү чын алкыштайм,
Ал түнү жаш жаныма сыймык конгон...

Узатып эшигине барып калдым,
Үн, сөзсүз келбетине көзүм салдым.
Сырымды айтпасамда ал билгендей
Акылдуу ажарына айран калдым.
Элжирейм гүлдү аралап бараткандай,
Ар бир гүл мени өзүнө талашкандай.
Бет алдым көз тойбогон бакчага окшойт
Баарысын бир мен үчүн жараткандай.
Алдымдан Чолпон чыгып, мени алдейлеп,
Алыска башкаларды тараткандай.
Баратат бүткүл денем алоолонуп,
Оксана «жан биргем» — деп жанашкандай.

Жаш сулуу көз алдымда тарангандай,
Куттуктап таң биз үчүн агаргандай.
Сүйүнчү чиркин жаштын ушунчалык
Жер бети кайра жаңы жаралгандай.
Бактыма капча курбум суктанышат
Көздөрү жалаң бизге кадалгандай.
Жүгүнтүп көк шиберди жел жарышат,
Кымбаттуу кыздан келген чабармандай...

О, чиркин, сүйгөн кызың күлө бакса,
Бураңдап, кыналышып бирге басса,
Тагдырын жалгыз сага ишенгенден
Туура алып өз үйүнө бара жатса,
Жүрөгүң ушунчалык жыргайт экен,
Жок оңдуу жашка таалай мындан башка!

Кыштакта бир зөөкүр бар Феодор деген,
Сыртымдан эрегишкен мени менен.
Көзүмчө жан курбум деп жалпалактайт
Көңүлүндө көк музу бар эрибеген.
Бир тобун боз балдардын жыйып алып,
Четинде түнт токойдун турган экен.
«Бери тарт, кошулчу,— дейт,— жыргашалык,
Алексей, сен экенсиң башка десем».

Ал үчүн болбогон соң арам оюм,
Досторчо чын жүрөктөн алдым колун.
Ошондо ал Феодордун «өнөрүн» көр,
«Жомокту» айтып кирди эчен «сонун»:
«Оксана бир мен үчүн жаралган соң
Тийбесин жаш сулууга сенин колуң...
Жапашып ага экинчи басчу болсоң,
Сен үчүн ажал болор ошол жолуң?..»

«Кандай?» — деп бул каарына таңыркандым,
Кыз сүйбөс мен бекем деп намыстандым.
Сулуунун: «Кош садага!» — деген сөзүн,
Кайрадан кубат кылып эсиме алдым.
Күч менен кылыч менен бууп болбойт
Көөнүндө толкундарын ашыктардын.
«Оксана өзү кимди жакып ойлойт
Кызды ошол жандайт» — дедим, кайраттандым.

«Атаңды таанытайын Алексейим,
Арсызым, эмнең артык менден сенин!
Феодордон кыз талашуу эмне экенин
Эстей жүр, чыгарайын эми желиң.
Түшүнткүн кыз жандоонун маанисин» — деп,
Тукурду мени карай шериктерин.
Бир турган, кыжырланган төрт-беш жигит
Бузуктун макул көрдү айткан кебин.

Бирөөсү тура калды бөгөп жолду,
Экөөбү оозумду бек таңып койду.
Мешоктой булар мени көтөрүшүп,
Алпарып Днепрге салмак болду...
«Сен эми сүйүшкүн деп балык менен»,
Дайрага кийимим менен таштап койду.
Тумчугуп суу ичинде мен баратам
Түш келди тыбыратып бутту-колду.

Сүзгөндү бала күндөн билүүчү элем,
Кайыктай чөкпөй кайкып жүрүүчү элем.
Чоң дайра булкуп, силкип томолотсо
Баарынан жаман экен кийим деген.
Костюмчан, фуражкачан, өтүкчөнмүн,
Кармашам жан аябай өлүм менен.
Кез-кезде чала-була чөгүп кетип,
Кайтадан суунун бетин чапчып берем.

Ал кетти, боюм жыйнап алалбадым,
Айланып жээк жакка баралбадым.
Дайранын агымында кете бердим
Азырча бөлөк айла табалбадым.
Кол-бутум ушунчалык салмактанат,
Кийимимди суута чечип салалбадым.
Окустан боло берсе өмүр апат,
Билбедим адам неге жаралганын...

Кузгундап өкүм аккан дайра кандай,
Куюлат суу мурдумдан дем алдырбай.
Эчтеме кайсаласам колго илинбейт,
Токтолуп өз боюмду жыйнагандай.
«Өлдүм» — деп жандан үмүт үзгөн кезде
Колумдан бирөө болду кармагандай.
Энтигем, далбаластайм эстен тана
Эч ширин жок окшоду чиркин жандай.

Назик кол мени агызбай тартып алып,
Жөнөдү жээк жакка бура салып.
Ийнине оңтойлотуп, сүйөмөлөп
Кылкылдап сүзүп кирди кайраттанып.
Аялдын жумшак колун сезген кезде
Э, чиркин, чын кубандым, кубаттанып,
Кичине эсим жыйып көз чаптырсам,
Келаткан Оксана экен сууну жарып...

Асан да сөзгө кирди чыдай албай,
Сабыры түгөнгөндөй сырга канбай,
«Феодорлар анда кайда кетишти?» — дейт,
Көздөгөн Оксанадан кабар албай.
— Кирсе да, Оксананын короосуна
Кумар көз койгон окшойт кабыл кылбай.
Кыз бекен жеңил-желпи Оксана да
Ким барса ылгабастан кол сунгандай!

— Деди да, Алексей түз кирди кепке
Түшкөндөй ошол түндөр түгөл эске.
Айтышар бир-бирине өлө сырын
Кыйышпас жан жолдоштор маектешсе...

Камыштпай Оксанажан сөздү баштап,
Сумсайып, Феодор жакты улам жазгап,

«Мындайдан эч жакшылык күтпөгүн» — деп,
Артыкча айтып жатты акааратташ.
Айттырбай Оксютишкам өзү билди
Сырымды камдап жүргөн ичте жаттап.
«Зөөкүрдүн абийирсиз колун каксам,
Кантет дейт сени кектеп сууга таштап».

Оксана обол байкап жүргөн экен,
Феодордун арам оюн билген экен.
Чочулап тигилердин шойконунан
Акмалап дарыя жакка келген экен.
Болорун бир шумдуктун сезип кана,
Бой жыйнап, билегин чың түргөн экен.
Тигилер мени ыргытып таштаганда
Суучул кыз дайрага ыргып кирген экен.

«Атыңдан айланайын Оксана жан,
Жигитин сени сүйүп мактабаган!
Өмүрдө кантип деги кор кылмакчы
Өлүмгө жанды кыйып таштабаган!
Жыргалго сени менен өткөн турмуш,
Асылды бир өзүңдөй кайдан табам?
Бар экен дүнүйөдө сендей бир кыз,
Бактыма ушунчалык сыймыктанам!

Махаббат — эрди сындап учкан закым,
Кыз сүйөт азаматтын азаматын.
Эгер ким сүйгөнүнө колу жетсе
Кандайча ал таалайлуу жашабасын!
Билбеген жүрөк сырын акыр деги,
Көлкүтүп көздөн төгөр арсыз жашын.
Колунан чыгып кетсе сендей пери,
Кандайча санаа баспайт эрдин башын!..

Гүл өссө, дарыянын боюнда өссүн,
Көйкөлүп сендей кыздын жолунда өссүн.
Эгерде гүл таалайга элес болсо,
Сендейдин көңүлүндө, колунда өссүн.
Ар бир жаш асылкечтер тобунда өссүн,
Өмүрдүн алтын жаштык доорунда өссүн.
Өмүрүм жаманга кор болгонунча
Көңүлүм жакшы менен бирге кетсин!

Карасам, жалтылдаган чачың кандай,
Жүрөктүн берилгени ашыгандай.
Ак жүзүң ай нурунда миң кубулат,
Жаркырап жылдыз седеп чачылгандай.
Сулуулук, акылдуулук атайылап
Бир сенин бешенеңе жазылгандай.
Жалжылдап көз карашың жан жыргатып
Көксөөсү көксөгөндүн басылгандай!..» —

Ошондо Оксана жан бир жылмайып,
Сурма көз суктандырып колумду алып:
«Алексей аша чаап кеттиңго? — дейт,
Суудан бир алып чыксам тосуп барып.
Кечилгис кыянаттык болмок анык
Өлүмгө эрди кыйсам, көрүп калып.
Мен сени жерден көккө учурбадым
Менсинип мактагандай ушунчалык...

Шоола бар жанган шамдай асыл ташта,
Көңүлү ар убактыда жаштын жаш да.
Алтындай ээри учураган кезегинде
Ашыктык, асылкечтик салты башка.
Көйкөлөт таңдайлашкан сайма гүлдөр
Таң менен серүүн соккон жел ыргалтса.
Кайсы кыз көңлүн берип, колун артпайт
Кыйышпас кыйындыкта азаматка!..» —

Деди да күлүмсүрөп мээрин чачты,
Бир жакта суу кийимди сыгып жатты.
Феодорлор караңгыга батып кетип,
Бир кезде таң жаркырап аппак атты.
«Экинчи дос, касыңды таанып жүр» — деп,
Оксана кош айтышып, узап басты.
Бул кыздын мага айтканы ушундай кеп,
Башыма кетпес болуп конгон бакты...

## V

Болду деп сурайсыңго анан кандай?
Сүйлөймүн ал жөнүндө деги талбай.
Жандырды жүрөгүмдү жаш Оксана,
Мен дагы туралбадым кабар албай.
Бир күнү тобокел деп кат жибердим,
Жүрөгүм жалгыз минут такат кылбай.

Бир жума жооп келбей мен саргайдым,
Кыйналып кыз кабарын күтүү кандай?

Жаш сулуу көз алдыма канча келди,
Жоругу жүрөгүмдү козгой берди.
Болсун деп ашыктыктын жышаанасы
Кызга мен бермек болдум кымбат белги.
Кыштакта, МТСте механикмин,
Жүрөмүн үйрөткөнсүп эчендерди.
Атайын алтын сырга сатып алып
Көп ойлойм көз кылалбай берчү жерди...

Бир күнү велосипед минип алдым,
Бет алып кыштак жакка жолго салдым.
Койнумда топук кылган алтын сырга
Көрүнөт чын элеси сүйгөн жандын.
Тытырап тракторлор дың бузууда
Тастайган ай талаага көзүм салдым.
Алыстан кыз жоолугун байкап калдым,
Мен дагы учкан куштай жетип бардым.

Оксана жеңсиз көйнөк, жылуу шымчан,
Бойпоюп тракторду минип алган.
Байкоосуз караганга аркасынан
Бортойгон бир жаш улан болуп калган.

Оксана жөнөй берди, болбос кемтик
Миң түркүн буроолорун диркиретип.
Кыз минген машинанын үнү башка
Тилгендей дың соорусун титиретип.
Жаш эркем жагалданат айдоосунда
Чекеден мончок-мончок тери кетип.
Токтотту мени көрүп тракторун
Дегендей: «Бир аз турсам маектешип».

Жанына мен зымырап жетип бардым,
Ийилип ийменички колдон алдым.
Оксана менден бир аз кысынгансыйт
Бетинен жугун аарчып кара майдын: —
«Болгоп соң дыйкан кызы кыштактагы
Ырахаты эмгек экен биздин жандын.
Таң сүрө ойногондо таң шамалы
Эртелеп мен да айдоого келип калдым» —

Деди да, мени жал-жал карай берди,
Жадырап бир тиктеши жазат черди.
Апкаарып, оозумдан сөз чыкпай турган,
Ошондо алтын сырга эске келди.
Дегдеди жүрөк чиркин алда эмнени,
Дегенсип эми таптым берчү жерди.
Оксана улам-улам аарчый берди,
Сызылган маңдайынан муздак терди.

Оксана, Талаадан көрдүм бир терек,
Жап-жалгыз турат бул терек.
Жалгызга боорум ооруду,
Жалгыздын жайын ким билет?

Оксана, Жанында неге болбогон
Жанаша чыккан ак кайың?
Жалгыздык жайын ойлоном,
Жетеби сага айтканым?..

Оксанажан, Кайыңга терек жанаша
Канткенде чыгат болду экен?
Акылдуу ойлоп караса
Ордунан келер ой бекен?..

Ошентип алтын сырга колума алдым,
Салдым да алаканга, сунуп калдым.
«Албаса өлдүмго,— деп,— уятымдан»,
Ичимден алда канча убайымдандым.
Ойноктоп кумарлуу көз, жадырап жүз,
Ошондо өпөрүн көр Оксанамдын!
Ал мага тике карап айтканда сөз,
Э, чиркин, акылына маашыр калдым...

Алексей, Бурандап чыккан ак кайың,
Теректен калка тапканын,
Көйкөлө чыккан ак кайың,
Көңүлүн бурбайт башканын.

Алексей, Көк терек өсөт шоодурап,
Көп көздөр карайт жоодурап.
Теректен издеп көлөкө,
Канчалар кээде оолугат...

Алексей, Кантмексиң деги бир өзүң
Кайың эмес, кыз болсом.
Ошону кандай көрөсүң
Бактыңа сенин туш болсом?..

Алексей, Курдаштан келген бир сый да,
Кулакка азыр тагайын.
Жалт эткен сайын бул сырга
Жигитти эске алайын...» —

Ошентип кулагына койду тагып,
Тургандай дагы эмнени оюна алып.
Кысталып өңү бир аз кызаргансыйт
Кандайдыр сүйлөй албай мукактанып.

Мен дагы болуп кеттим ушул жандай,
Дирилдеп муундарым, кысылгандай.
Саймалайт кыздын бетин күн кызылы
Батарда көркү бизге кошулгандай.
Чап эле мойнунан бек кучактапмын,
Жүрөгүм, колум менден осунгандай.
«Кечиргин, Оксанажан, кечирди» айттым,
Жалгыз сөз андан башка оозума албай.

Ал дагы колун мага арта салды,
Баладай бооруна бек кысып калды.
«Алексей, менин жообум катыңа...» деп,
Эрдимен эчен кайта сүйүп алды.
Негедир бураң сулуу жашып кетип,
Көзүнөн мөлт-мөлт ысык жаш куланды.
Армансыз сүйгөнүнө колу жетип,
Ал күнү бизден бөлөк ким кубанды?

Кыскасы тең келалбай Феодор качты,
Арсызды Оксананын сүрү басты.
Ай эле жаркыраган маңдайымда
Оксана жүрөгүмө орундашты.
Жеткенде жыл мезгили, күн толгондо,
Жеңеңиз Миша деген уул тапты.
Алты жыл быйыл туура баш кошконго
Бир болуп биздин өмүр, биздин бакты...

— Ар бир жан өзүн каалап сүйгөнгө ынак,
Кыйышпай кысталышта күйгөнгө ынак.

Баркына жетчү кызга кол созбосо,
Бекерге жигит жашап эмне кылат?

Согуштан мен дагы аман барсам деймин,
Али мен бойдоктуктан кайгы жеймин.
Жар болсун өлмөйүнчө жаны бирге,
Жигитке кереги жок айникейдин...

Ойлосом, Оксанадай чыгар чанда,
Жигитин тосуп алган аткан таңда.
Өмүрлүк жолдош болгон сен бактылуу
Бактынын чыпарындай болгон жанга.

Алдына Оксананын барсак экен,
Колунан даам сызып кансак экен.
Билгенге сый кадыры көптүк кылбайт,
Бир эмес ондоп сырга салсак экен.

Мишадай бөбөгүмө жетсем экен,
Бетинен эркелетип өпсөм экен.
«Билип кой мендей кыргыз агаңды» — деп,
Белекке сүрөт берип өтсөм экен.

Ойлонсом, Днепрге түшкүм келет,
Кылкылдап балык болуп сүзгүм келет.
Асыл жар, алтын канат балапанды
Тирүү жан душманына кантип берет?

Алексей, жоопу күн-түн желкеге уруп,
Сен менен кыштагыңа баргым келет.
Жеңемдин өз оозунан баарын угуп,
Жүрөктүн жаш сырына кангым келет! —

Ушинтип Асан сөзүн бүткөн эле,
Алексей куп-куу болуп муңдуу неге?
Сөзүнүн башы кубанч болсо дагы,
Аягы токсон түрмөк кайгы беле?

— Асан дос, айткан жакшы убагында,
Азырча менин жаным убайымда.
Жан курбум, жалгыз уулум жүрөт бекен
Мыкаачы фашисттердин сурагында.

Болгон соң Днепрдин тыягында,
Үйүмдөн кабар билбей турамында.
Эгерде Оксанажан аман болсо,
Алиги алтын сырга кулагында...

## VI

О чиркин, жаш өмүрдө сүйүү кандай,
Түнүндө түнт токойдо жалгыз шамдай.
Башкага бардык бурчу күүгүм тартып,
Жарк этип сага гана аткан таңдай.
Эр жигит, асыл сезим алтындардын
Кими өткөн жүрөктөрүн сүйүү чалбай!
Алексей, ашык болуп жеткен жарын
Ойлонот, Днепрден көзүн албай...

Баятан кылт өткенге көзүн салып,
Асан да турган эле сырга карып.
Кап-кайда алаксытмак ойго келди
Кайгысын жолдошунун туя калып!
— Алексей, бүтөт качан ушул согуш?
Асаның билсе кантет сенден анык?
Жан тынып, сайрандасак биз кайрадан
Кадимки жыргал күндөр келсе жанып!
— Э, досум, ким кыш кылат жыргал жайды,
Ким кармап токтото алат асманда айды?
Эртең күн көргөн түштөй болуп калар
Башыңа бүгүн келип түшкөн кайгы.

Партия бизге ушундай тапшырган соң,
Жоо болсун канча канкор, канчалык чоң,
Жоголот изи калбай биздин колдон
Жол бөгөп токсон кабат тоо болгон тоң.

Асан дос, кайра жибек көйнөк кийип,
Калкылдап куудай сүзгөн кайык минип,
Дайранын жалт-жулт эткен беттерине,
Көз салып, кыял менен ырлар чийип,
Кыз менен күмүш күлкү шыңгыраткан,
Кечинде кызыл гүлдүү бакка кирип,
Душмандын кылгандан соң ташын талкан,
Жүрөсүң шампан татып, жүзүм шимип! —

Деди да, кайра ирени куп-куу тартты,
Негедир ушунчалык каны качты.
Келбети сүйгөн жары таккан уулдун
Күүгүмдөп көз алдына келип жатты.
Баатырды бул сапарда күйүт эзип,
Байкоостон мыкчып алды коңур чачты.
Бир кезде замбиректер даң-дуң этип,
Каарына кара жерди калтылдатты...

## VII

Эмосе кеп баштайлык аркы жактан,
Эңсеген жаш Оксана карындаштан.
Кеңешип Алексейлер олтурганда
Кара көз кандай мүшкүл күнгө баткан?..

Дайранын оң жээгинде узун кыштак
Качантан канга баткан сөөгү сыздап.
Немецтер кара тумоо сыяктанып,
Дарт менен бул кыштакты турат ыштап.
Канчалар токойлорго кирип кеткен,
Короосун, туулуп өскөн үйүн таштап,
Оксана ушунчалык кайгы чеккен,
Күн көрдү калкаланып, жанын сактап.

Ак келин андагыдай жууна албай,
Жасанып, жагалданып кубула албай,
Ээрчиген жаш кулуну болгондуктан
Азырча алыс сапар жолго барбай,
Капыстан калың душман баскандыктан,
Кат келбей, күйөөсүнө кабар кылбай,
Эрмеги — жалгыз уулу күнү-түнү,
Оксана олтурган кез зарлай-зарлай...

Көргөнсүп биринчи ирет тиктеп, карап,
Сүрөтүн Алексейдин колуна алат.
«Папа» деп Миша дагы ыйламсырап,
Атанын элесине көзүн салат.
Сүрөтүн атасынын жыттап жатып,
Мишатай бой талыкшып уктап калат.
Оксана сүрөттөрдүн көбүн катып,
Сумсаят жыргалда өткөн күнүн санап...

«Алексей, сен кайдасың, келбедиңго?
Бир кабар Оксанаңа бербедиңго?
Бул күндө сен кайдасың, мен кайдамын,
Саргайып, сагынганым билбедиңго...
Жүрөгүм жараланды ушунчалык,
Жанымай, бир жүзүңдү көрбөдүмгө?
Кантейин, кайда барсам, кошо барып,
Бир жүрүп өзүң менен өлбөдүмгө...

Жок, Леша... дайым өзүң кашымдасың,
Жалындуу жүрөгүмдүн башындасың.
Кучактап өпкөнүмдө Мишатайды
Кандайча менин көңлүм ачылбасын?
Ар качан сен көңлүмдө чынар элең,
Мен сенин көлөкөңдө турар элем.
Жүз жолу күндө сага көрүшсөм да,
Жанга окшоп сагынышкан, кумар элем.

Сагындым, жан ынагым, сен кайдасың?
Сагындым, аман барбы асыл башың?
Төбөмө таш жааса да, мен солк этпейм
Көз нурум, көөнүң менден тартынбасын!..

Жылдызың, каның, жаның, уулуң колдо,
(Желмогуз курчаса да сенсиң ойдо).
Өлгөнчө сенсиң менин жан шеригим
Турганда акыл мээде, кубат бойдо!

Керимсел согор болсо өмүр гүлүн,
Түн болсо жаркыраган таалай күнүм,
Тап-таза сүттөй бойдон көргө кетер
Сен үчүн жүрөгүмдө толгон сүйүүм...

Чын бактым, сен майданда жүрсөң аман,
Жарк этип бир күн бизге берсең салам.
Ата деп боюн таштап, эдиреңдеп,
Алдыңдан чуркап чыкса жалгыз балаң...

О, жаным, аман бекен алтын башың,
Бар бекен биздин колдон ичер ашың?
О, жаным, Оксанаңа ишенип кой,
Мен жоого кол куушурбайм, төкпөйм
жашым!» —

Деди да, терезеге барды басып,
Пардасын кичинекей койду да ачып,
Кандайдыр алда кимге белги өңдөнтүп,
Гүлдөрдү дагы койду катарлантып.

Алсырап кубаргандай соккон жери,
Ышкырат кечки күздүн долу жели.
Көк мунар, жер караңгы, кыштак суук
Күүгүмдөйт көлөкөдөй тескейдеги.

Бир кезде дагы келди туман басып,
Билинтпей кеткенсиди күн да батып.
Чокойчон, чолок тончон, боз тумакчан
Бир адам жетип келди мында шашып.
Гүлдөргө карапада көз жиберди
Түбүнөн терезенин бара жатып.
Каалганы тыкылдатып беш жол чертти,
Оксана чыга келди эшик ачып.

Көргөндө: «Аманбы деп Мария жан?» —
Кучактап өөп алды кубангандан.
«Баары аман, сизге салам алып келдим,— дейт,—
Белгилүү токойдогу чоң атаңдан».

Чечинип Мария эми, печке жакын,
Олтурду демин басып, сылап чачын.
Бет-колун суук кесип карайтыптыр,
Ушул түр улгайткансыйт кыздын жашын.

Бир кезде чөнтөгүнөн конфет алды,
Көргөндө Мишадан көр кубанганды.
Мишаны алдына алып бир өптү да,
Колуна уучу менен бере салды.

Мария күлүмсүрөп: — Миша! — деди,—
Билип кой, сагыныптыр атаң сени...
«Көп болду, атам кайда? айтчы энеке,
Бул жерге эмне келбейт издеп мени?» —

Деп бала, ыйлачуудай бүркөп кабак,
Жебестен конфеттерди, турду карап.
Дагы атаң: «Уулум коркок болбосун дейт» —
Мария Мишатайды беттен сылап.

— Эмесе, мен барамын партизанга.
Эмне үчүн туруп алды атам анда?
Атама айт, мен сагындым, мен сагындым,
Алдыман тосуп чыксын мен барганда!

Оксана, Мария экөө күлүп калды,
Далайды бала сөзү эске салды.
Алексей Днепрдин бер жагында,
Ал кезде партизанга кайдан барды!
Бой жибип, колу жылып алгандан соң
Мария сыр айтууга даярданды:

— Жер төшөк, жыгач жастык, үңкүр — сарай.
Токойдо күн өткөрдүк далай-далай.
Күйүүдө көздөн жалын, өзөктөн өрт,
Немецтер басып жаткан жерди карай.

Мылтыкты кармаганга жарагандар,
Ичкен суу, салган тамын самагандар,
Токойго токтолбостон барып жатат
Заманга нээти таза, жакшы адамдар.

Кайраты, калың элдин ары бизде.
Калкылдап басып жүргөн кары бизде.
Баягы башкармабыз чоң Карпенко
Командир ата болду, дагы бизде...
«Билчи — деп,— алы-жайын, аман бекен?»
Жиберген ошол болду мени сизге.

Жандар бар жүрөгү ылай, жүзү кара,
Жойлогон тайган болуп эрте-кечте.
Тезинен бизге жакшы кошулганы
Жем болор кузгунга дейт кезп жетсе.
Бул жерден биздин аскер алыс кеткен,
Алып кой Оксанажан, ошону эске.
Менин да жолдошум бар беш жигиттен
Токойдо бизди күтөт ушул кезде...

Оксана бир аз турду башын салып,
Алыскы алда кимди ойуна алып.
Чыкчудай көздүн жашы кыстап келсе,
Чыдады демин жыйнап, чымыркanып:

— Марюса, аяз ойноп, суулар катар,
Суу үстүн калдыратып муздар басар.
Мен болсо, муз жааса да чыдаймынго,
Ойлончу, Мишатайың кайда батар?

Билген соң макулдугун Оксананын,
Жадырап кубанчып көр Мариянын:
— Жып-жылуу ашканадай жер үйлөр бар.
Жебе,— дейт,— эжекетай Миша камын,—

Күн кечикпейт кайраттанып чыгынбаса,
Каптесиң, мыңдан ишиң кыйындаса?
Өзүңдү кир кол менен карматпайм дейт
Токойдун эгедери Карпенко ата! —

Дегенде Мишатайдын көргүн эсин,
Бужүрөп кийип жатат батинкесин.
«Эмесе партизанга барабыз» — деп,
Этектейт кубангандан энекесин.

Токтолбой томолонуп кийди тонун,
Тынымсыз тыңдагансыйт тула-боюн,
Топоюп эми олтурду төр тарапка,
Түзбү деп карагансып кетер жолун.

— Мишатай, кагылайын кайратыңдан,
Быйтыйган билегиңе күчүң жыйган.
Жылдызым, жүрөгүмдүн кубаты сен,
Кашыма кара тутуп кубанч кылган! —

Ошентип Оксанабыз күлдү жайнап,
Жүрөгү жатканга окшойт тынбай сайрап.
«Тур мама, кечигебиз токойдон» — дейт
Тарткылап, апасынын колун кармап.

Кайгынын ортосунан шаттык чыгып,
Көңүлдү бала тили раазы кылып.
Ушундай жылмайышып турган кезде
Үй ичи кеткенсиди дароо жылып.

Каалгага келгенсиди бирөө жетип,
Омуроо, оройлукта кагылды эшик.
Мария тапанчасын колуна алды,
Миша экөө печ үстүндө калды бекип.

«Коркпогун, мен Феодор» — деп кайра какты,
Тим койсо, сындырчудай карчылдатты.
Коркоонун сырын билген бул Оксана,
Бир кызык акыл ойлоп эшик ачты...

Караса, ошол Феодор короздонгон,
Мойнуна жылуу шарфты ороп койгон.
Чычайып турган экен сөөлөт менен,
Чылымын буркуратып соргон бойдон.

Семирип майланышкан анын жүзү,
Эт, майга батып кеткен эки көзү.
Короздой төшүн керип койколоктойт,
Келинге көрсөткөндөй өзүн өзү.

Эшиктен кирбей жатып белин чечет,
Бардыгын чөнтөктө арак маалим этет.
— Жаш сулуу, жан секетим, Оксанажан,
Бизге да келгендир,— дейт,— эми кезек!

Оксана: — Жап эшикти, олдуң,— деди,
Көрүнсөң, өлүм бетин көрдүң,— деди.
Так сенин немец төрөң үйдө жатыр,
Тирүүлөй кайсап салат эми сени!..

Феодор да селт дей түштү көзү алайып,
Арагын чөнтөгүнө кайра салып,
Аргасыз кетенчиктеп баса берди
Үлүйүп, үшү качып, өң кубарып.

— Достугум, Феодор мага жакын келбе,
Төрөңүз сыйлуу конок дайым менде.
Мүрт кетпе окус сени көрүп калса,
Башыңа балаа түшсө, менден көрбө! —

Дегенде Феодор дагы катуу шашып,
Элеңдеп, элтек-телтек чыкты басып.
Төрөнүн кароолдору көрбөсүн деп
Бул жерден боюн уурдап өтмөк качып.

Оксана демин жыйнап кайра келди,
Болорун бир шумдуктун эми билди...
Мария келмек болуп адам менен
Кылт чыгып, далдаланып жолго кирди.

Феодор да бир аз барып турду токтоп,
Башына башкача акыл түшкөнгө окшоп.
Куу катын алдадыго деп ойлоду,
Качанкы көңүлдөгү кегин козгоп:

«Эгерде төрө келсе, жалгыз болбос,
Эмне үчүн тышка бир топ карool койбос?
Жок, чыны мени алдады ушул сойку,
Бул бойдон кете берсем, ишим оңбос.

Мен жүргөм төрөм муну билбесин,— деп,
Эркектен менден болөк кирбесин,— деп,
Акырын Феодор мырза басып калсын
Катынын, Алексейдин дүнүйөсүн,— деп.

Жок, болбос, мен чыгайын кайра кирип,
Катындын кашкайдагы сырын билип.
Кирбесе кучагыма эми Оксана
Киресин чыгарармын жонун тилип.

Айттырам бул сойкунун жалынч сөзүн,
Аймалайм Оксананы жалгыз өзүм.
Жанымда жаш сулуунун жатар кези,
Жаным деп жалжылдатып жоодур көзүн!».

Ушинтип Феодор зөөкүр басты кайра,
Арамза жан болорбу ушундай да.
Өзгөнүн өлгөндүгүн чымын көрбөйт,
Болгону өз башына келсе пайда!

Ошондо ой үстүнө ойлор басып,
Оксана жыйналууда ашып-шашып.
Өчүрүп чырагданды, эшикти илди,
Алгансып ыңыр талаш эрте жатып.

Кыйшайып бир аз жатты токойду ойлоп,
Келер деп эл уктарда ичтен болжоп.
Миша эми көздү ушалап уктап кетти,
Олтурган баятадан күлүп-ойноп...

Феодор да келди эшикке кайраттанып,
Кирчүдөй жан чочутуп, шоокум салып.
Тартса да, такылдатса эч үн чыкпайт,
Турду азга жанындагы бычакты алып.

Шарт ачты илгичти эми бычак салып,
Токтотпой кол чырагын дагы жагып.
Караса, Оксана өзү турган экен,
Уктаган Мишатайга жакын барып.

Кылтыңдап, Оксанага катарлашып,
Кандайдыр короздонот кучак жазып.
Кыйшактап, колтуктоого оңтойлонот,
Кетчүдөй бирге чыгып, бакка басып:

— Конок бар деген элеңиз?
Кай жакта немец төрөңүз.
Кууланып, бизден кол шилтеп,
Кутулуп кетем дебеңиз.

— Тилимди Феодор албадың,
Төрөңдү аңдып калганың.
Айланып келмек ал түндө,
Ойлоно бергин ар жагын.

Ээнситип мага тийбегин,
Экинчи басып кирбегин.
Оюндун түбү ый болор,
Ошону жакшы билгиниң!

Оксана ушинткенде үйрүп түсүн,
Феодор да үлүрөйтүп кысып көзүн,
Тапкандай адам таңкыс шумдук акыл.
Акмактын байкагыла айткан сөзүн:

— Жакпай калган экен го
Жаш сулуу биздин жытыбыз.
Жат кишиге бой кошту
Жан деген жакшы кызыбыз!

Муну угуп Оксана тим туралбады,
Кан кайнап, көздөрү чын тумандады.
Феодорго дагы бир сөз айтмак болду,
Билдирбей күйсө дагы чиркин жаны:

— Жат киши келсе жөн эле
Жабышып калган менминби?
Жабыркап жүргөн элиңе
Жардамчы болгон сенсиңби?..

Ойногун десе бул немец,
Маймылдан бетер ойнойсуң.
Жойлогун десе бул немец,
Тайганы болуп жойлойсуң.

Эркексип мага сөз сүйлөп,
Кол салып көрчү, көрөйүн.
Чочкодой болуп күлтүңдөп,
Кармашчы, сенден өлөйүн!..

Бул үйдүн улам карап эшик-төрүн,
Бир тиктейт Оксананын бопбоз өңүн.
Калп эле куп дегенсип, жыгылгансып,
Башкага бурмак болду сөздүн жөнүн.
Айлантып алмак болот сырын тартып,
Айтканын Оксананын дебей төгүн:

— Катуулап намыс козгодуң,
Келтирип бүгүн кезимди.
Жолуна салдың окшодуң,
Жоголо түшкөн эсимди.

Айласы үчүн бир жандын,
Айдаган жакка мен бардым.
Ажырап калып достордон,
Оксана алтын, муңдандым.

Кармалып мында калган соң,
Кызматын кылып жатамын.
Калкымдын жайын ойлонсом,
Кан өтүп ичтен, капамын.

Акылың артык, садага,
Айланып изиң баспайын.
Төрөгө бирге жатканың,
Түк жанга мен да айтпайын.

Эртелеп жонум табайын,
Токойдун айтчы кабарын.
Түбөлүк кулуң болоюн,
Жалайын сенин таманың!

Оксана араң угат мунун сөзүн,
Арманга жүрөк сыздап, кеги кайнап,

Сыр күтүп токой жактан, кармап өзүн
Сабыры азыр турган колун байлап.

«Жаным!» — деп Оксананы өзүнө ие,
Кучактап турмак болот беттен сүйө.
Күч менен өпмөк болуп асылдыго,
Зордукту сыяпаттан көрүп жүйө.
Бул экөө жакалашып жулкушканда,
Бир-бирин өйдө-төмөн түртүп сүрө.
Чыркырап ыйлап турду Мишатай да,
Чымчылап кыйнагандай аны бирөө.

Бир кезде бойду Оксана оңдой калып,
Булкунуп, эки колун сууруп алып.
Жигитти кылмак болгон басмачылык,
Жиберди бет отуна салып-салып.
Кайрылып кайра Феодор качырарда,
Койду эле так мурунга кайраттанып,
Көзүнөн от чагылып, тайталаңдап,
Токтоду терезеге араң барып.
— Акмак сен, жерин булгап, элин саткан,
Арамдык, кыянатка белден баткан.
Миң жолу мекен үчүн соол болор,
Төбөңдөн тартып туруп жерге каксам!

Ажалдын капканына сени салсам,
Армансыз мен болормун өлсөм анан! —
Деп туруп башка, көзгө муштады эле,
Темтеңдеп Феодор эми турганда араң.
Эшиктен эки-үч немец кирип келди,
Бирөөсү эң алдыда шам кармаган.
Колуна кайрылчудай кеткен кеги,
Алдынан тосуп чыкты Феодор арам.
«Бул катын партизандын тыңчысы экен,
Сиз менен бизди көрөт иттен жаман.
Эртеге күм-жам болдук баарыбыз тең,
Эгерде ушул түнү койсок аман!»

Булкулдап ефрейтор кирип келди,
Калганы кайып четке чыга берди.
Феодордун жаны чыгып коркконунан
Коёндой каргып качуу ойго келди.
Жулкушта тарак түшүп, чач жайылып,
Оксана эси оогандай эңги-деңги.

Миша да энесине жакын барып,
«Мамалап» жалт-жалт карайт келгендерди.

Ефрейтор сары немец, өзү семиз,
Кесирин эч бир адам эсептегис.
Калаанын жанындагы бул кыштакты,
Күн-түнү кезегинде чардайт тегиз.
Кызыкса шимиргенде кызыл арак,
Кыз-келин жан азыгы болгон «жемиш»
Аялга, тоок этине бирдей ынак,
Кармаса кайсынысын ага «жеңиш».

Айлантып Оксанага көзүн салды,
Акыйып, Феодорду бир карап алды.
Үй ичин тинт дегендей белги кылды,
Какайган бет алдында солдаттарды.
Эчтеме таппаган соң шектенүүгө,
Столдон өзү барып орун алды,
— Неге кол салдыңыз,— деп, господинге?
Сумсайып Оксанадан сурап калды.

— Господин кылмак болот басмачылык,
Башыма башкача бир салып кайгы.
Аялды багындырмак күчкө салып,
Же, мырза, тартибиңиз ушундайбы?

— Сүйүү! — деп ефрейтор борс-борс күлдү,
Феодорго кыжырланып, кабак түйдү,—
Ушундай сиздин наадан орустар — деп,
Негедир мойнун оңдоп, жеңин түрдү.
Белгилүү бул жышаанды биле коюп,
Солдаттар бул столду жасап кирди.
Феодордо жан калган жок, жүрөк ноюп,
Напсисин мырзасынын эми билди.

«Биз немец — маданият борборубуз,
Орундайт кандай айтсак ойдогубуз.
Жалаң биз жер жүзүнө жалгыз төрө,
Жашайбыз, дайым келет ойногубуз!
Марюса, Аня, Галя, Оксанага
Бир келет бүгүн тойду тойлогубуз.
Албетте, сый этерсиз сиз да мага,
Сүйүңүз, мен кавалер-бойдогуңуз!»

Солдаттар тышка чыкты эшик багып,
Феодор да көчө жакта күйүп-жанып.
Койкоктойт сары немец көздү ойнотуп,
Кашында Оксананын жалгыз калып.
Мишага сунган болот бир шоколад
Столдон текеберсип, атайы алып.
Ач бала тамшангансып калса карап,
Кайрадан өз оозуна коёт салып...

Кычырап, чылым чегип басып турат,
Күлчүйүп, өзүнө өзү кумарланып.
Көз менен Оксанага белги кылат,
Төшөк сал деген өңдүү даярданып.

Оксана болуп турду акылы айран,
Айланы билалбады, табат кайдан?
Коңкойгон суу бүркүттөй узун тумшук,
Кашына жылдырбастан торун жайган.
Ышкырып, күлүндөгөн ефрейтор
Ичинен алда эмнеге даярданган.
«Эчактан муну көрбөй болдум,— деп,— көр».
Оңбогур, ошону ойлоп өкүнч кылган.

Эрксизден Оксана да стол жайган,
Ефрейтор бар тамагын коюп салган.
Бүгүн түн бирге ичишип, бир жатууга
Бузуку ошончолук даярданган.
«Марюса, мадам, сизди сүйөмүн» — деп
Кылтылдап, ыкыс берип, күтүп калган.
Аялдан укпаган соң макулдук кеп,
Авалы жалгыз ичип, кызып алган.

Ефрейтор туруп келип колдон тарткан,
Оксана боюн андан алыстаткан.
Асылып өбөрүндө суктук менен,
«Акмак» — деп чуу дедире жаакка чапкан.
Ызасы кармаган соң узун тумшук,
Муунтуп Оксананы жерге баскан...

Орустун ыйын чыдап угалбайм деп,
Мишага ефрейтор көздү алайткан.
«Торопой, кесир кылдың, чыңырба!» — деп
Чыркырап ыйлап турган баланы аткан.

«Мама!» — деп бир бакырып акыркы ирет,
Мишатай тилге келбей солуп жаткан.

Тапанча атылганда чоочуп кетип,
Солдаттар эшик тоскон келди жетип.
«Русь... партизап...» — деп ефрейтор,
Баланын жаткан жагын коёт зекип.
Ый да жок, анык сезип болгонун кор
Оксана темирдей көк, турат бекип.
Солдаттар араң турат тарткан жол,
Бул жерге көп буйдалбай кетсек дешип.

Жатышат Оксананын оозун таңып,
Кетишмек гестапого байлап алып.
Таңганча ефрейторго бир түкүрдү.
«Кутурган итсиңер,— деп айбатданып,—
Азият — канчык... эшек!» — деп бакырып,
Ефрейтор каарын төгөт чарк айланып.
Бул үйгө так салганын бек батырып,
Булкугуй коёр эмес көңлүнө алып.

Бир кезде солдаттары сандыкты ачып,
Киришти кийимдерди силкип, чачып.
Кыл торко костюм менен жибек көйнөк
Көрүнсө талашышат тарткылашып.
Баягы белекке алган сырганы да,
Солдаттар алып чыкты жалтылдатып.
— Ах... кандай, алтын го? — деп эми буга,
Ефрейтор алып алды сугун артып:
— Оруска бул ылайык буюм эмес,—
Деди да, төш чөнтөккө койду катып.
Кетсек деп тиленгендей бирдеме алып,
Солдаттар көзүн карайт жалтакташып.

Жалгыз сөз энесине айталбастан,
Мишатай жаны кетип, суп-сулк жаткан.
Оозу бек, кол таңылуу кыймылдагыс,
Айла жок Оксанага көздө жаштан.
Ефрейтор кызып алган кыжырланып,
Баланын башын жара да бир аткан.
Жаткансып Оксанадан өчүн алып,
Баланы улам-улам тепсей баскан.
Жаш сулуу бала үстүнө түштү кулап,
Жан чыдап, бой токтотуп туралбастан...

Токтолбой мөлт-мөлт чыгып көздүн жашы,
Тумандай айлангансыйт эми башы.
Канабай кандай жүрөк чыдап турат,
Кашында өлүп жатса жаш баласы!
Уядан жаңы чыккан балапанды,
Учурбай ким уйпады, бир карачы.
Бетинен бир сүйсөм деп Мишатайдын,
Эненин ушул болду ой-санаасы.

Шамалга этек-жеңин далдактаткан,
Шашылып Феодор келди эшик жактан.
«Господин, партизан!..» — деп бир кыйкырып,
Кылт этип, кидирбестен кайра качкан.
«Эмне?» — деп, жаңы чыгып, купшкуу болуп,
Ефрейтор терезени тээп ачкан.
Акырын табыш келет четтен бугуп,
Эшикте солдат дымын чыгарбастан.

Акырын түп жамынып, жыла берип,
Алдыртан беш-алты адам жеткен келип.
Эшикте кароолдогон солдаттарды,
Алышкан оозун байлап, бирден терип.
Мария эшикти ачып кире берди,
Артында жүргөндөргө бек ишенип.
Ефрейтор билинбей шук кетсем деди,
Бул жерде жиндилигин эси жеңип.
Секирип терезеден чыга берди,
Килтеңдеп жолго түштү жортуп-желип.

Кагаздай бопбоз болуп жатыр бала,
Кыйналып тумчугууда эне жана
Элестейт бүлбүлдөгөн чырагдандан,
Үйдөгү оор кайгы, сары санаа.
Азыркы ал-абалдын бардыгына,
Мария көз чаптырды муңдуу гана.

Дүйнөдө эч болбогон жорукка элес,
Жанчылып Мишатайдын сөөгү жатыр.
Азырча аза күтөр убак эмес,
Бел байлап, кайрат жыйнап, жеңбесе акыл...

Жан жокто көмөктөшөр бул жерде эч бир
Турганда кырсык каптап күтпөс мезгил.

Таңуудан Оксананы бошотушту,
Мария абай менен жуткурду суу.
Баланы кылдат ороп көтөрүштү,
Болбоду мында муңдуу көңүл айтуу.
Бар тилек, Пеппер кайра жеткенинче,
Билинбей токой жакка аман кайтуу.

Үй ичин жаны күйүп карай-карай,
Көз жашын ирмеп алды далай-далай.
Көңүлү улам кетет караңгылап
Кылыгын Мишатайдын санай-санай.
Үй ичи кан аралаш жаш төккөнсүйт,
Кеткен соң эшигинен чиркин таалай.
Ар ким ок, өз кыймылын тездеткенсийт,
Айтууга жан кайгысын жүрөк даабай...

Акырын экөө чыкты баланы алып,
Чыракты бүлбүл жанган үйлөй салып.
Калбастан башкалардан Оксана да,
Капетсин, басып барат кайраттанып.
Мария илгерилеп баштап алды,
Бул жолго бала күндөн болгон канык.
Эч жерден из табалбай кур сандалмак,
Пеппер шум издесе да жолду чалып.
Муңдуулар түнт токойго келип калды,
Калганда жер жарылып, таң агарып...

## VIII

Күн шашке, токой бопбоз, жел зыпылдайт,
Кеч күздүн ызгаарынган бет тызылдайт.
Бир жерде үч, төрт адам көр казууда,
Колдору талыса да токтоп турбайт.

Бир кезде жаш бөбөктү ороп акка,
Алкелди партизандар мүрзө жакка.
Оксана башын жерге салып басты,
Кайгыга кайгы кошуп мындай чакта.

Мына эми, Оксана да кайгы чеккен,
Баласын акыркы ирет сүйдү беттен.
«Не жооп айтамын?» — деп Алексейге,
Убайым жүрөгүнө батып кеткен.

Баятан турган эле ой ойлонуп:
— Оксана, чырагым — дейт,— көтөр башың!
Ал эми чоң мурутун жанып коюп,
Карпенко колуна алды автоматын.

Командир кылгандан соң мындай белги,
Башчыны баарысы жалт карай берди.
Турушат мылтыктарын бек кармашып,
Тиктешип Миша сөөгү жаткан жерди.
Көз жашын кирпигине чыпкалантып,
Карпенко көңүл сырын айтып кирди:

— Көктөгөн жаңы чырпыкты,
Көгүнөн коркуп кыркышты.
Кан шимий келген калың жоо,
Каптатты кара кырсыкты.

Биз басып турган туулган жер
Каныбыз менен жуулду.
Жүрөккө толгон кайгы-чер
Жети кат жерге угулду.

Аралап акты кан менен
Мейкиндин мөл-мөл суулары.
Өлүмдөн өзөн жыйрылып,
Өңгүрөп турган убагы.
Талаалап кеткен мал үчүн,
Таланган биздин там үчүн,
Армандуу болуп үй-бүлө
Ак тамдан өчкөн шам үчүн.

Эзелки биздин энебиз
Днепр дайра, сен үчүн,
Кетпесин жоого кегибиз,
Ата-журт, туулган эл үчүн,
Кутуруп душман жеп жаткан,
Кампадан кеткен дан үчүн,
Баскынчы талап, уурдашкан
Байлыктын түгөл баары үчүн,
Ант берели жамыбыз
Баладай таза жүрөктөн,
Намыстуу калсын жаныбыз,
Көз жумчу болсок күрөштөн!

Намыстуу болсун уулубуз,
Таалайлуу болсун кызыбыз.
Акталсын кандуу майданда
Ар үйдөн таткан тузубуз.

Акталбай калса таткан туз,
Тузуна койсун элибиз.
Жашырбай сөөгүн коркоктун
Ыргытып салсын жерибиз.

Мына бул чеңгел топурак,
Кетпесин достор оюңан.
Жоосунан корккон калчылдап,
Жолдоштун өлсүн колунан!..

Дегенде Карпенко ата, жайнап көзү,
Албырлайт жалын менен ар бир сөзү.
Жүрөгү кекке кайнап, кол калчылдап,
Токтотту мууну-жүүнүн араң өзү.

Көрсүн деп деминишип турган көпту,
Кош колдоп, туура кармап мылтыкты өптү.
Карыя каарын жыйнап тула-бойго,
Ирени бир башкача болуп кетти.

Бул сөзгө шыктанышып тургандары,
Белгиге мылтыктарын өптү баары.
Көпчүлүк бир кишидей үн чыгарды,
Ант кылып мына булар айткандары:
«Мына бул чеңгел топурак
Кетпесин достор, оюңан.
Жоосунан корккон калчылдап,
Жолдоштун өлсүн колунан!»

Ордунан бир канчасы табытты алды,
Үн-сөзсүз көмүү үчүн даярданды.
Тунжурап кайгы менен денеси өлүп,
Оксана табыт жакка башын салды.
Энелик мээрим менен беттен сүйдү,
Узатып келбес сапар балапанды.
«Кош чырак, эстейбиз»,— деп ушул күндү,
Карпенко ири алдыда топурак салды,
Колуна мылтык кармап кабак түйдү,
Кезенип күн батышка туруп калды...

## IX

Ызгаар жел, кышкы чилде өтүп жатты,
Жер бетин кыламыктап карлар басты.
Кыжылдап кыштак-калаа толгон немец
Күн-түндөп карай берет токой жакты.
Чубуруп келип жатат Карпенкого
Күткөндөр келер күндөп өмүр бакты.
Токойдо күч куралып токсон тороо,
Камалып турган элди кубаттантты.

Бир күнү супа салып атканда таң,
Кысынып, ичиркенип аяздан жан,
Калкайтып кыроо турган чоң мурутун
Карпенко жалгыз өзү басып чыккан.
Кантти деп партизандар ушул түнү
Атадай бала издеген келе жаткан.
Бир кезде кулак салса, муңдуу бирөө
Кимгедир даттангансыйт туура жактан.

Караса, жүн жоолукту башка салган,
Боз тончон, белди болсо бек курчанган.
Баланын мүрзөсүнө башын коюп,
Муңайып ырдагансыйт айтып арман.
Кеткендей өң саргарып, көз тунарып,
Көңүлгө уюп калган кайгы- зардан.
Ыраактан Оксананы таанып калып,
Айланып Карпенко эми жакын барган.

Койнунан балдар атчу мылтыкты алат,
Кумсарып, үн чыгарбай турат карап.
Кармачу ушуну деп Мишатайым,
Качанкы кубанчтарын эске салат.
Элестеп жаш баласы тирүүсүндөй
Энтигип сүйлөй албай туруп калат.
Бооруна уулун басып сүйүнгөндөй
Мына ушул оюнчукту кубат кылат.
Буркурап арманы ачып кирет сүйлөй
Алексей турганга окшоп жооп сурап:

«...Алдыңда ойноп олтуруп,
Асыла түшкөн мойнуңа,
Уктап калчу көз жумуп,

Жатканда сенин койнуңа,
Көңүлүң толуп, жан тоюп,
Канчу элең мунун ойнуна,
Каралдың Миша бүгүн жок.
Оксанаң чыгып эшикке
Алдыңдан тосчу кубанып.
Батчу элең таалай насипке
Жаш жарың менен кыналып.
«Папа»лап Миша турчу эле
Бешиктен башын чыгарып.
Береке толгон үйүң жок...
Өк:одум, акты көздөн кан,
Жүрөгүм уулуу, ичим чок»...

Дегенде Оксана да төгүп жашын,
Карпенко: — Көтөргүн,— дейт,— кызым,
башың,—
Сыздаса күндө мынча солуп калар
Сыйлаган жоо бетинде азаматың!
Жакалап турган кезде жан алгычтар
Өлгөндү ким ый менен азаласын!
Жан элең, бир адамча намысы бар,
Кантесиң, кайда кеткен күч-кубатың? —

Дегенде өз атасы келген өңдүү,
Кызым деп мээримдүү кол берген өңдүү,
Кой балам, арман жеңчү күн эмес деп,
Кашыңда кайрат айтып жүргөн өңдүү.
Көргөн соң карт коммунист турганын бек,
Душманга катуу муштум түйгөн өңдүү.

Дем жыйнап Оксана да өйдө болуп,
Бир басты маңдай чачын жыйнап коюп.
Карпенко алачыкка жеткен кезде
Бөлүктөн командирлер келди толук.
Колдорун укалашат тезме-тездеп,
Кетпесин деген өңдүү суукка тоңуп.

Карпенко: — «Бар дейт мында канча немец?
Токтоосуз алуу керек толук эсеп?
Билүүгө жоонун жайын тепе-тегиз
Кимдердин акыл менен күчү жетет?
Чалгынсыз чоң кармашта болбойт жеңиш,
Кана, ким, айла таап, тагдыр чечет?

Оксана эмненидир турган ойлоп,
Бир нерсе кыял менен алыс болжоп.
Кайрылып Карпенкону карай берди,
Ким билсин кандай бир сөз айта коймок?
Эсине муңдуу жардын кайдан келди
Мындайда айла тапкыч, өткүр болмок:
— Эгерде каалаcаңыз элдин сырын,
Эл жакка мен барсам дейм, айтсам чынын.
Кем билбейм эчкиминден бул кыштактын
Качантан, бала күндөн ою-кырын.
Чабалдык кылабы деп ойлобоңуз,
Күн жетти токтотууга көздүн ыйын.
Калк үчүн курман болсок не болобуз,
Күн түшсө калк башына мынча кыйын!..
Командир, ишениңиз, барамын мен,
Каааладым, душмандан кек аламын мен.
Ким керек? Кандай кабар сизге керек?
Сиз үчүн калк ичинен табамын мен.
Эми эле кармалат деп ойлобоңуз,
Өмүрдү, өз жанымды багамын мен.
Калбоого эч бир артта ойлонобуз
Сиз тандап жолго аттанткан жигиттерден...

«Чүнчүтүп калың кайгы баскан десем,
Чоң намыс бул келинде жаткан экен.
Алдыга акыл менен көз жиберген
Окшойтко ою терең, бели бекем.

Сунушту мурун айтты жигиттерден,
Ою окшойт эчен күндөн ойлоп келген.
Намыска бел байласа, ишенбесем,
Билбестик кетип калар анда менден» —

Деп ойлоп Карпенко да уюп калды,
Үнчүкпай Оксананын колун алды.
Дыйкандын аялынча кийиндирди,
Бүт берди келин өзү сураганды.
Болгон соң жолу опуртал, тапшырма чоң
Атайын кошту бир топ партизанды.
Атадан тапшырманы алгандан соң
Оксана өзү билген жолго салды...

## X

Асмандан жылдыз жайнап ачылганда,
Жел тынып, кобур-жобур басылганда,
Чыккан жап, ургон ит жок кыштактардан
Чийге окшоп түтүн булайт анда-санда.
Оксана кыя басып жетип келди
Алты жыл өзү турган аппак тамга.
Чыгарып бирөө алган айнектерди
Байкалат турбаганы адам анда.

Ким билсин кыйратканын ким кол салып,
Ким келип калган буймун кеткен алып.
Печ турат оту турмак, күлү да жок
Аны да кыянатчы койгон жарып.
Чычкандар чыйпылдашып чуркап жүрөт
Тактайдын ар жеринен чыга калып.
Алексей Оксана экөө өмүр сүрүп
Турган үй ушул беле сырга кагып?..

Туңжурап кыштак ичи уктагандай,
Табигат адам сырын укпагандай,
Тегерек элестенет такыр жакыр
Эч качан эч өсүмдүк чыкпагандай.

Түрүнө Оксананын үлдүрөгөн
Өтчүдөй эч бир адам көзүн салбай.
Алдынан Мария кыз күтүп жүргөн,
Шап этип чыга келди алда кандай.

Аз угуп, Оксанадан сырга кагып,
Токтоосуз токой жакка багыт алып,
Оксана күтүп турган үй бурчуна
Бир кезде жетип келди кайра айланып.
«Жигиттер бизге жолдош убада кылды
Жүрмөккө кайда болсок сырттан багып» —
Деди да, эне үйүнө баштап калды
Болгондун угуу үчүн баарын анык.

Кыздарды эшик каккан тосуп алды,
Кары эне жаман чырак жага салды.
Канетсин, кагаз менен от тамызып,
Колунан чай берүүгө даярданды.

Бышырган үч картошка койду столго
Ушу деп болжогула болгон даамды.
Энеси эси кетип баткан шорго,
Тургандай араң күтүп турган жанды.

«Кыштакты мыкчыды дейт Пеппер деген,
Кысмакты эми көрдүк эч көрбөгөн.
Эт турсун, кол башындай кара нан да
Биз үчүн оокат болду көз көрбөгөн.
Таап алат Феодор деген жүзү кара
Там түбүн казып карап Пеппер менен.
Кутуруп алар бүгүн алаа-шалаа
Клубда күлүп ойноп кыздар менен» —

Деди да, солуктады картаң эне,
Угулат сөздөрү да араң эле.
Жетсурлук, жокчулуктун салмагынан
Арыган ансыз деле алсыз дене.
Эки дос ойго батты баягыдан
Энеден аздыр-көптүр жайды биле.
Ичкен соң жай олтуруп чайды абдан,
Азыраак сөз сүйлөштү эркиндене...

Эреркеп энекеге, чачтан сылап,
Турушту бир аз убак тамашалап.
«Таамайлап бышыктоого баратабыз,
Токойдо чоң атадан алып сабак»,—
Дешти да, чалгынчылар энени өөп,
Жөнөштү багыт болуп клуб тарап.
Кары эне эшигине башын сүйөп,
Көп турду кыздар кеткен жолду карап.
«О, кудай, кырсыгыңдан сактай кор!» деп,
Жалбарып өз ичинен тилек кылат...

## XI

Кыштакты караңгылап туман баскан,
Үйлөрдү көрүү кыйын катарлашкан.
Билинер-билинбестей шоола келет
Бүлбүлдөп байкаганга бир чет жактан.
Ошол үй бир кезекте клуб эле
Адамга эңсеп кирген билим чачкан.

Оксана, Мариялар келсе жетип,
Клубда бийлеп жатат селкилдешип.
Баарысы немецтердин мырзалары
Бой күүлөп, кыз жандашып, элпилдешип.
Алагүү аял-эркек жалпы баары
Мойну кызарышкан ичип-жешип.

Туш-тушта часовой бар эшик баккан,
Үлпөткө клубдагы көзүн арткан.
Желпилдеп жеңил кыздар мында жүрөт,
Жутунуп бир башы үчүн намыс саткан.
Калышты партизандар чукул келип,
Басканын кароолдорго байкатпастан.

Мария, Оксана экөө шыбырашып,
Бир четке toktoй калды кылдат басып.
Буларга кошо келген алты жигит
Билгендей коркунучту жакындашып,
Дегендей коймосунчу душман билип,
Бир демге бардыгы тең калды жатып.

Оксана айткан сөзгө токтом кылып,
Акырын келатышат булар жылып.
Баягы Феодор шум да мында жүрөт
Шыйпаңдап кырчаңгыдай, кирип-чыгып.
Башчысы бул үлпөттүн Пеппер окшойт,
Бул түнү жыргап жаткан баарын жыйып.

Менсинген төрөлөрдүн пейлин карап,
Музыка текебердин күүсүн чалат.
Пеппердин көзү үлүйүп, алда кимге
Алкышат, кызыгап соң ичип шарап.

Феодорго кол булгады көрө салып,
Келди эле кекиртектеп кармай калып:
— Акмагым, Оксананы тапкын бүгүн,
Сен аны катып койдуң кайда алпарып?
Колума алпкелбесең бүгүн түнү,
Көрбөйсүң менин жүзүм кайра айланып!—

Деди да, төштөн ары түртүп ийди,
Дубалга Феодор барып күп деп тийди.
— О, төрөм, жаным курман сиз үчүн! — деп
Култуюп, кол куушуруп, башын ийди.

Көзүнө сөөмөй такап, муштум кесеп,
Күлтүңдөп үлпөтүнө кайра кирди.

Жалтактап түз кирүүдөн батыналбай,
Же ага немец сыйлап көзүн салбай,
Шимшилеп, артканды жеп, төккөндү ичип,
Жалмаңдайт желип-жортуп ач тайгандай,
Ичине немецтердин кирбесе да,
Тышынан өзү болот башкаргандай.

Бир кезде Пеппер аны дагы кармап,
Дегендей коёюнчу кичине алдап.
— Коньяктан бир жут бүгүн, Феодор, жыргап,
Көрдүңбү, немец сыйлайт сени жалгап.
Бул жерде кожоюн бол, дайым чардап,
Берсең сен партизанды колума арбап...

Дегенде коньякты алды колдон илип,
Төбөсү турганга окшоп көккө тийип.
Төрөсү кагыштырып жутуп койду
Жүргүн деп жакшылыгым дайым билип.
Кыштакта байкап кел деп не болгонду,
Кышылдап Пеппер кетти кайра кирип...

Тактайды такалары тарсылдатып,
Бардыгы бийлеп жатат шалкылдашып.
Катыны немецтердин бой керишет
Көөдөндү, көкүрөктү балкылдатып.
Көзүнө дүйнө жүзү көлдөп кетип,
Кай бирөө араң турат тамтуң басып.

Алган соң бой токтотуп кайраттанып,
Айткандан кайт дечү ким торой барып.
Ат, төөнү көтөрчүдөй алты жигит
Караолдон экөөн койду капка салып.
Алдына терезенин жеткен кези,
Оксана, Мариялар даярданып.

Феодор шум эки жакты карап турган,
Келди деп ойлоп калды караан кайдан?
Келтирип гранатты ыргытты эле
Клубдун төрүн көздөй Оксана жан,
Үй ичи сапырылып, айнек учуп,
Капшыты кыйрап түшкөн, там жарылган.

Феодор да чуркап кирген күйүп-жанып,
Алдастап, качып чыккан Пепперди алып.
«Өлдүк!» — деп көтөрдү да, жолго түштү
Декилдеп алда нече тамды айланып...
Жуушаган кой сыяктуу көпчүлүгү
Калышты там алдында бүт жайланып.

«Иш бүттү, эми немец билбесин — деп,
Байкаса изибизге кирбесин — деп,
«Тил» салган эки капты аркалашып,
Ташыйбыз Карпенкопун «дүнүйөсүн» — деп,
Жолдоштор шарт жөнөштү ыкчамдашып,
Жүрөгү эл кегинин сүйлөсүн» — деп.

Качышты тарбаландап аянбастан,
Ац, дөңдү Феодор, Пеппер карабастан.
«Партизан... партизан» — деп күбүрөшөт
Башка сөз айтууга эч бир жарабастан.
Караандар көздөрүнө көрүнгөнсүйт
Сыяктуу сүрө кууп келе жаткан...

Кыштактан Оксаналар чыгып четке,
Четине чоң токойдун жеткен кезде
Жүрөгү жалындаып, көңлү толкуп,
Жаш сулуу өткөн күнүн түшүрдү эске.
(Клубда кыйрап түшкөн калың немец
Караса элес болот эми көзгө).

«Үйүмө иттей шимшип кирип келген,
Арсылдап бет келгенди каба берген,
Биздерди короосунда малдай көрүп,
Кол-бутка кара чынжыр сала келген,
Сен али көрөрүңдү көрө элексиң
Тынч жашап өз жеринде жаткан элден...»

Ошентип, Оксана жан элып демин,
Акырын аарчып койду маңдай терин.
Мария жаны элжиреп, жыргап укту,
Энтигип эжесинин айткан кебин.
Элинин эки кызы жолго чыкты
Ээрчитип «тил» көтөргөн жигиттерин...

## XII

Ким келди, качан келди? Билбейт эч жан,
Кек алчу чыккандыгын кайсы жактан.
Клубдун кыйраганын шек алышпайт
Келин, кыз таштап койгон гранаттан.
Тинтишип бул кыштакты тындырышпайт,
Шектенчү бир адамды табалбастан.

— Русту...келсең керек өзүң алып?
Табасың токойго эми бирге барып.
Жүрөккө аттырбасаң партизанды,
Жүрбөйбүз бекеринен сени багып.
Үстүңө жаз чыкканда жер айдатам,
Өзүңдү тирүү бойдон жерге кагып! —

Деп Пеппер солдаттардын тобун баштап,
Бар оюн партизанды курчап басмак.
Феодор шум шимшисе да журттагы иттей
Күнчүлүк жерди чалып, жанды таштап,
Жыты эмес, партизандын изин таппай
Жүрүшөт шашып, бозуп далдалактап.

...Феодордун арамдыкка көөнү толуп,
Жан таштап, жан алгычка жакмак болуп,
Кыштакты түрө карап, тинтип кирди,
Кай бирөө жүрбөсүн деп катып коюп.
Кампаны, подвалдарды койбой ачты
Ким бар деп бугуп жаткан карды тоюп?

Феодор да билүүчү эле Марияны,
Кетти деп партизанга болжочу аны.
Бул жолу ошол колдуу болдукко деп,
Бозорот, көөдөнүнө толуп каары.
Мариянын короосуна келди жетип,
Эшикке туура тартып арабаны.

Жулкулап, зөөкүрлөнүп эшик какты,
«Жинденген ким келди?» — деп кемпир жатты.
Күрсүлдөп, улам Феодор кыйкырган соң
«Кыйраттың, сен наадан!» — деп эшикти ачты.
Капкайдан из кууп келген адам өңдүү
Калтырбай Феодор тинтип жүгүн чачты.

— Кемпир!..
Ажалыңдан өлөм десең,
Кызың кайда?
Айтып бер сен!..
Болбосо
Ач мышыктай тырыштырбай,
Албарсты,
Көргө тирүү көөмп кетем!..

Дегенде Павловнанын кайнап кеги,
Айтмакчы дегдеп жүргөн жообун эми:
— Сен эмес, кызды тууган энеси мен,
Каралдым, кайда экенин билбейм — деди.
Ак бойдон өлүп кетчү кары адаммын,
Акмактын айдагына кирбейм — деди.

Чыгарып көздүн чаарын бир карады,
Кемпирге сүйлөшүүнү каалабады.
Ачтырса тамдын алдын кыйчылдатып,
Бир чака картошка экен анда бары.
— Сага ушу чала болот, ачтан өл — деп,
Карыны Феодор кайра табалады.

Да бир аз картошкасы жерде жаткан,
Эненин оокаты ушул жанын баккан.
Картошкам канча күнгө жетесиң деп,
Кол менен санай-санай кайгы баскан.
Алыстан Мариясын күтөр эле
Арылбай эне көзү күн-түн жаштан...

Кылкылдап күн кызылы барат батып,
Калкылдап караңгылык орун басып.
Кемпирге бир тоголок калтырбастан,
Кетишти картошканы бүтүн ташып.

Ошондо Павловна эне жүзүн буруп,
Таянып таягына араң туруп:
— Эй, Феодор, наалат баскыр, кулагың сал,
Эскертер соңку сөзүм, кеткин угуп!..

Сен өзүң бок-сак терген карга белең?
Адамды аячу эле адам деген.
Мага окшоп журтта калып, ачтан өлсүн,
Бала деп сени дагы тууган энең...

Сен өлсөң, өлүгүңдөн иттер качсын,
Үстүңдөн так өзүңдөй чочко бассын.
Жан эмес өлүгүңдөн жер жийиркенип,
Көмүлбөй денең чирип журтта жатсын.
Кезигип кутурган ит, ач карышкыр,
Туш-тушка тыталашып тарпың тартсын!—

Деп кемпир, бүткөн бою калч-калч этти,
Феодор да ызырынып бек тиктешти.
Өзү эле үлдүрөгөн кары адамды
Обдулуп бул шерменде ичке тепти.
Каруусуз араң турган шордуу жаны
Камгактай тепкен жерден учуп кетти...

Оксана, Мария экөө болгон ынак,
Айтканда Карпенко аба жолго чыгат.
Кай кабар керек болсо командирге
Топтолук жеткирүүгө кызмат кылат.
Азырча эки курдаш келе жаткан
Атайын бул жерлерге сапарчылап.

Алыстан көрүштү окшойт алар дагы
Абайлап караштьі эми арабаны.
«Аманбы байкуш энем алиге?»—деп,
Келатат чыдай албай кыздын жаны.

Павловна далайга эсин жыялбастан,
Бир кезде араң гана көзүн ачкан.
Караса, Феодор барын тартып кеткен
Кемпирге казан-аяк калтырбастан.
«Кирбесин бул үйгө эми партизан»— деп,
Каалгасын балта менен жара чапкан.
Кемпир да деген кезде: «Өлтүрүп кет!»
Араба жөнөй берген кайрылбастан.

Мария, Оксаналар келет басып,
Араба каршы чыкты жондон ашып.
Алда ким байкабасын деген өңдүү
Экөө тең эки жерге калды жатып.
Арабаны ошол жерге тык токтотту
Алар да карашыптыр абайлашып.
Феодор да тапанчасын колго кармап,
Ээрчитип жанына экөөн, басты чамдап,

Түз эле Марияга келатышты
Тоорушуп, алуучудай тирүү кармап.
Мария сыр алдырбай турду дагы,
Нээтинде ылдам басып жолго салмак.

— Кымбаттуум... токтой тур — деп,
Феодор шашып,
Алдынан Мариянын торой басып.
Не шумдук болор экен деген өңдүү
Оксана эч кыймалсыз калды жатып.
— Жумушуң барбы сенин,— деди,— менде?
Жеткенде Феодор ага катарлашып.

Үстүндө кыштак кийми Мариянын,
Эч кимден өгөйлөтпөс түрүн анын.
— Аманбы Мариничка, сен кайдан?— деп
Феодор да чын билдирди тааныганын.
Бузукту жугунду ичкен немецтерден,
Мария билалбады не кыларын!

— Жүрөмүн оокат үчүн жайымча мен,
Убактым жок, деги жолум торобо сен.
Дегенде,— Мария, айтчы, уккум келет
Сен азыр келе жаттың кайсы жерден?
Ичиме кайгы толду мында жүрүп,
Ичке сыр жашырбагын сен да менден!..

Мант берип түлкүгө окшоп тургандыгын,
Чын үмүт сыр тартууга кылгандыгын,
Көз албай сөзгө кармап шыр бастырбай
Капыстан кадаланып калгандыгын,
Жүрөгү сезип турат Мариянын,
Жыланча жумшак бооруп салгандыгын.

Мариянын кучунашы толуп ичке,
Унчукпай илгерилеп баскан кезде:
— Кубанчым, алтын сулуу кайгырттыңыз.
Качантан көрүнбөстөн жүрсүз бизге.
Сумсайып, неге мынча жактырбайсыз,
Сагынып, сүйгөндүгүм айтсам сизге?

— О, Феодор, билүүчү элем сенин жайың,
Канча экен сенин сүйгөн аялдарың?

Тандасаң эртең менен бир келинди
Тапчу элең түшкө жакын айбын анын.
Кетчү элең кечке маал андан дагы,
Алактап, алда кимге күйүп жаның.
Бир жанмын араң жүргөн ооп шайы,
Жөн койчу ушу мени, суранамын!..

— Мария, арман ачып төктүм жашты,
Оңбосун, немец жутат биздин башты.
Кетейин бул көркөчө силер менен,
Кымбаттуум, партизанга баштап басчы.
Адаштым барар жолду билбеймин мен,
Ал жактын дарбазасын өзүң аччы.

— О, Феодор, мен билбести сурабачы,
Жок жерден жаным кыйнап, сынабачы.
Немецтен калкаланган бир шордуумун,
Сандалып араң жүргөн жалгыз башты,—
Деди да, бул Мария баса берди,
Экенин билдирбеске досу, касы...

Жалбарган жалпак сөзгө жыгылбасын,
Билген соң өз бетинен бурулбасын,
Феодор да чапа кармап колдон алды,
Көргөндөй ушул жерден анык касын
Марияны экөө-үчөө күчтөп салды,
Айдатты дыркыратып арабасын.

Бул шумга туш келгенин билбейт кайдан,
Мария түңүлгөнсүйт эми жандан.
Калдайып арабада дагы жатат
Үйүнүн каалгасы талкаланган.
Караса, казан-аяк, жууркөп-төшөк,
Калтырбай эмеректин баарын салган.

Тааныды ушуларды дене муздап,
Жыгылып арабадан кете жаздап,
Көрүнөт көрканачы Феодор ага,
Көөнүнө арман толуп, сөөгү сыздап.
Оолукту нечен жолу жаш Мария,
Арабадан жиберчүдөй боюн таштап...

— Айт Феодор, мүлкүн тартып алсыз жандын,
Айт Феодор, энекемди кайда алпардың?

Азыгын кимге алпарып бермекчисиң?
Өлгөнү араң турган карылардын?
— Сен сойку, үнүңдү бас, көрсөтөмүн,
Сапырып күлүн көккө партизандын!

— Айт деймин, кайсы жакта энем калды?
— Атамын чочко ордуна партизандарды!..
Акмактын кордоосуна чыдай албай,
Мария оздон ары муштап калды.
— Большевик, жүзү кара бул катын!— деп,
Үчөөлөп кыздын колун байлап салды...

Кеткенде Марияны Феодор байлап,
Асманга толгон эле жылдыз жайнап.
Оксана бугуп жаткан баарын байкап,
Билалбай не кыларын кеги кайнап.
Чалгынчы жолдошунун энесинен
Кантсе да ойго келди кабар алмак.

Алда ким колундагы гүлдү үзгөндөй,
Элестеп, алма бакка курт түшкөндөй,
Көңүлү караңгылап бошоп кетти,
Күүгүмдөп көз алдында жер көчкөндөй.
Өзүнчө шыбырап сыр айтканга окшойт
Атайын бирөө келип сүйлөшкөндөй.

— О тагдыр, кандай кылам, кандай кылам?
Айласын Мариянын кантип табам?
Алдырдым жолдошумду душманга деп,
Уялбай Карпенкого кантип барам?
Кай жерден бул желмогуз бизди көрдү?
Кезинде өлүмдөн да уят жаман!..

Мунү ойлоп, оодо болду кеги кайнап,
Келатат жогору жакка, жолду абайлап,
«Энеси Мариянын аман барбы?»—
Деген ой дагы келет жанды кыйнап.
Болгон соң ай караңгы, анча коркпой,
Колуна тапанчасын алган кармап...

Чын эле ай караңгы, ай караңгы,
Чыраксыз көрүү кыйын бир адамды.

Эңгиреп ээн сайдай кыштак мына
Ар үйгө арман менен муң таралды.
Чиркин баш турган кезде көр оозунда,
Кимдерге болалмакчы ким каралды!..

Үйүнө Мариянын келсе басып,
Аңгырап турган экен эшиги ачык.
Үшкүрүп, үлдүрөгөн эне олтурат,
Үн, сөзсүз, уйку качып, жаагын басып.
Алдына Оксана эми жеткен кезде
Араңдан карагансыйт көзүн ачып.

Эртөден, чиркин тамак чыккан эстен,
Эненин чыны менен алы кеткен.
Бир кезде колун сыйпап Оксананын,
Кучактап өз кызындай, сүйдү беттен.
«Жылдызын, көрдүңбү,— дейт,— Марияны?»
Сөзү ушул, араң айткан, күчү жеткен.

Оксана эмне бар деп кирсе үйгө,
Печтеги казанда жок турган күндө.
Караса, кроваты жыпжылаңач,
Калбаган көзгө илинер эч бир дүйнө.

Бир жактан суук уюлгуйт каарын чачып,
Эненин муунун алып, калтылдатып.
Оксана бир кичине чайнек алып,
Суу берди жылуу гана, кантын салып,
Печкага эптеп отту жаккан болуп,
Иш кылып жылытты окшойт ашып-шашып.

Бир кезде эне алдына алып барып,
Суу берди жылуу гана, кантын салып,
Койнунда бир азырак нан бар эле,
Колуна же деп берди сууга малып.
Жалынат Оксанага эне байкуш,
Жанына олтурганга кубатталып...

Бир кезде, бүлбүл жанган от өчкөндө,
Билинбей түн ортосу кез жеткенде,
Энени беттен өөп, колун кысып,
Оксана кам урган кез жол чекkенге.
— Кош эне, аман, тур,— деп чыкты эшикке,—
Чыда деп,— бактыбызга кездешкенге.

Ызылдайт кең талааны суук бийлеп,
Тургансыйт алда кимге сырын сүйлөп.
Чын эле капкараңгы бүткүл аймак
Келгенсийт калың булут түрмөк-түрмөк.
Оксана бара жатат, шоола жайнап,
Алыстан чакыргандай азыр үндөп...

## XIII

Калса да таң атканын адам билип,
Күңүрттөп асман турат булут кийип.
Немецтер Марияны айдап жүрөт
Мойнуна «партизан» деп жазуу илип.

Мария кардан басат жылаңайлак,
Мыкчыйган канча солдат алган айдап.
Бет кандуу, баш жылаңбаш, бир көйнөкчөн,
Артына эки колун койгон байлап.

Бир жерге бир топ солдат жетип барды,
Орнотуп чоң устунду, курду дарды.
Муунтуп өлтүрүүгө ушул кызды
Мойнуна сала турган жип камдалды.
Пеппер шум Марияны баштап алган,
Бакырат: «Уккула!— деп алда кайдан,
— Эгерде ким немецке колун салса,
Токтоосуз орун алат тигил дардан!..

Ким бизге түсүн үйрүп жүрөр болсо,
Кабагын салаңдатып түйөр болсо,
Ким бизге кыйгач карап, мыйыгынан
Билдирбей бүлк-бүлк этип күлөр болсо,
Жакшысын тамагынын катар болсо,
Керилип үйүндө уктап жатар болсо,
Көргөндө немец уулун жүгүнбөстөн
Дүгдүйүп жонун салып басар болсо,
Күзгүдөн биз көрөбүз анын оюн,
Мына бул жипке асылат андай «моюн».
Менсинген эмне экенин түшүндүрүп,
Мээсине куйдурабыз эрүү чоюн...»

Мария тура калды карды басып,
Аянбай ак тиштерин кычыратып.

Ырайын көргөн адам сестенгендей
Алгансыйт каректери канга батып.
«Коркпо, журт, шүмшүктөн — дейт, — үшүң качып.
Жоо сени багынталбайт асып, атып!
Армансыз ким калк үчүн жанын кыйса
Айгышкан душманынын канын чачып!
Мен өлсөм элим зарлап сен деп мынча,
Кезинде кек кетирбей бара жатып.
Эй, журтум, эсиңе алгын, сени аябайт
Жүргөн жоо өлгөндөрдүн көрүн ачып!»—
Деп дагы орус кызы тилин тартпайт,
Жөнөшөт солдаттар да койгулашып...

Жанына өз үйүнүн алып келди,
Мария:— Энеке!— деп добуш берди.
Тамында суук тан коруп жаткан кемпир
Темтеңдеп таяк менен чыга келди.
Айдоодо жылаңайлак кызды көрдү
Айланып өтө берип калың элди.

Бир карап, тааный албай көзүн аарчып,
Жакындап, таяк менен келди басып.
Боолгоп Марияны бир кыйкырды,
— Балам!— деп кучактоого калт-калт шашып.
Көңүлү караңгылап, кулап кетти
Карыя араң басып бара жатып...

— О, апа... кайратыңдан кагылайын,
Көрдүң го кол байлоодо, не кылайын?
Өзүмө калк намысы кайрат берди
Көрсөң шул, кышкы аязда кызың жайын.
Энелер, эже-сиңди эсине алар
Төгүлгөн кар үстүнө кыздын канын...

— Чырагым, кайратыңдан кагылам мен,
Сен үчүн канткенде мен жөн жүрөйүн.
Ыразымын, ак сүтүмдү актадың сен,
Сенчилеп күрөшөйүн, жөн өлбөйүн...»

Ушинтип, энекеси басканда эптеп,
Болгондо бир кучактап, кызын өпмөк.
Пеппер шум тапанчасын колуна алып,

Бир азга тура калды кыздан четтеп.
Кемпирди как жүрөккө басып калды
Болгондо кызына эми араң жетмек.

Энени колтуктаган кемпирлерди
Каткырып, Пеппер шүмшүк атып кирди.
Кайрылып чиркин эне келбей тилге,
Арацдан бир кол сермеп жөнөй берди.

Ажалга кармай берет кез келгенде
Ушундай жазыгы жок сан-миңдерди.
Арманга каны кайнап, акебайлап,
Энтигип, Мария турса козу жайнап,
Олоңдоп жетип келди эки немец
Оболу кийиз тыгып, оозун байлап.
Жетти деп сенин дагы чын ажалың,
Жөнөштү дарга жакка азыр айдап...

Чыкпастай жүрөгүнө түшүп жара,
Энеге кол бералбай кетти бала.
Аккан кан, чыккан жанга күбө болуп,
Армандуу үнгө толуп жатыр талаа.
Айталбай ичтегисин, деми солуп,
Адамдын көбү бүгүн сары санаа...

Качканды кайра имерип малдай айдап,
Каяша айткан жанды окко кармап,
Пеппер шум кутургандай жүрөт чардап,
Феодор да ага тайган, чабат жандап.
Эл келет өлчү кызды көрүү үчүн
Өрт болуп эт жүрөгү, көңлү зарлап.

...Кыштактан обочороок чоң жол жаткан,
(Кышылдап күн-түн поезд сапар баскан)
Жол кыйрап, мында мина жарылганда
Учуруп көпүрөсүн асманга аткан.
Жооп кылып Карпенконун чабуулуна
Немецтер топ жибермек бул кыштактан.
Чакылдап гестаподон келген төрө:
«Тинтем,— дейт бул токойду түп көтөрө.
Пепперди отряд менен жөнөгүн,— дейт,—
Уруш сал, жолчуларга жардам бере.
Ажалга бул катынды беремин — дейт
Айланып жүрбөсөң да, сенсиз деле!

«Макул» — деп, темир жолго буйрук алып.
Менсинип, отряд баштап, кайраттанып,
Феодорду жол көрсөт дейт ушул сапар,
Ишенет империя өзүңө анык!»
Чоң шашке мезгилинде тизип катар
Жөнөштү чыгыш жакки жолго салып...

## XIV

Ызылдайт жерди ойготуп суук шамал,
Ажалдан алда кимге айтып кабар.
Бир адам калбай келет дарга жакка
Болгон соң үйдөн барып тинтип табар.
Болгондой булуттуу күн бойго калкан
Токойдон мында жеткен канча адамдар.

Ырбыйган ачкалыктан бала келген,
Арбайган ак сакалдуу аба келген.
Ататко чогултуп деп баарыбызды
Ажалды мойнуна ар ким ала келген.
Кийинип куду кыштык адамынча
Бөлүнбөй эрлер турат ушул элден.
Кийинип калың пальто, бек курчанган,
Башына жылуу тыбыт жоолук салган.
Көркү жок көп аялдын бири болуп
Оксана эл ичине туруп калган.
Чокойчон, жаман тончон жүдөө адам
Чогулган элге кошо келип калган.
Дарганын шыкай келип туш-тушунан,
Мерчемдүү бурч-бурч жактан орун алган.

Саксайган жаман бапак, жаман тончон,
Карпенко журт ичинде бир чал болгон.
Өбөктөп мусаапырдай туруп калган
Бооруна эки колун алган бойдон.
Кийинген мынча өзгөрүп кандай ойдон?
Койнуна булар эмне катып койгон?..

Бир кезде тоскон болуп элдин алдын,
Өткөрүп отрядын солдаттардын,
Шаардын өкүмчүсү өзү келди,
Басканда челкектетип жоон кардын.
Өзгөчө жаны таттуу бул арамдын
Кайтартат бир өзүнүн артын, алдын.

Жарылтып курчалышып турган элди,
Титиретип Марияны айдап келди.
Мойнуна алигече илинилүү
«Бул катын партизан» деп таккан белги.
Мария тике гана өзү басты
Бет алып ажал-дарга турган жерди.

Мелтиреп, муздай болуп турат жүзү
Күйгөнсүйт кекке толуп эки көзү.
Таңылган алда качан оозу бекем,
Болсо да турган элге айтар сөзү.
Канча ажал мыкчыса да селт этпестен,
Кайраттуу элине окшоп турган кези.

Бир кезде немец төрө кырс-кырс басып,
Бакырып сөзгө кирди каарын чачып.
(Так ушул биз кыймылдар убакыт деп,
Турушат жаман тондор канатташып).
Сестенип, зекип басып төрө сүйлөйт
Бүт калкка сары тишин кычыратып:

— Ок атса мага бир кызың,
Олжо болот миң кызың.
Өчүрөмүн мен азыр
Партизандын жылдызын!..

Кол салса кимдер немецке,
Кылычтан колу кыйылат.
Күйгүзөм сөөгүн өрттөбөй,
Күлкүсү минтип тыйылат!

Буйругум кандай, жактыбы?
Русиш, сага жакшыбы?
Өнтөлөп бердик силерге
Өлүм деген бактыны!—

Деди да, кыт-кыт күлүп, жыйып демин,
Чоюлуп, колуна алды көз айнегин.
Жанында солдаттарга жаңсап койду
Көрсөтүп Марияны асчу жерин.
— Капа эми, ас катынды муунтуп койдой
Көрөм дейт куткарганын большевигиң!..

Асчулар мына эми деп даярданып,
Беш-алтоо Марияны колдон алып,
Комендант папиросун буркуратып
Турганда калың элге каарын салып.
Карпенко пистолетин бир басканда
Комендант кулап кетти ала салып.

Болгон соң Карпенкодон мындай белги,
Жүз киши жарып чыгып калың элди,
Туш-туштан тапанчалап курчап алды
Турушкан текеберсип немецтерди.
Колдорун серейтишип өңкөй көркоо,
Бүт бойдон мына колго түшүп берди.

Оксана Марияга учуп жетип,
Айланып бир заматта колун чечип,
Жазууну «партизан» деп мойнуна илген,
Айырбай, жибин алды коомай кесип.
Марияны кийиндирди ошол жерден
Аянбай бар кийимди бапестешип.

Кулатып дар жыгачын жүгүндүрдү,
Партизан муңдуу элди сүйүндүрдү.
Чыккан соң ойлогону ойдогудай
Жадырап Оксанабыз бүгүн күлдү...

Карпенко белги берип, колун жазгап,
Үйүнө Мариянын келди баштап.
Эненин көрдү дагы бетин ачып,
Ичтеги бир санаасын элине айтмак.
«Партизан» деген сөздү колуна алды,
Немецтер тагып койгон жибин таштап.
Тамагын оңдоп коюп сөзгө салды
Бир кадам турган жерден алдыга аттап:

— Канча кайгы басса дагы,
Канча каның акса дагы,
Журтум сага айтар сөзүм,
Жаның сезсин Москваны...

Келген жоонун заманы тар,
Түшөрү ор, учары жар.
Баары келет өз ордуна
Жолбашчыбыз партия бар

Калкым сени унутпайбыз,
Кайда болсок коммунисттер,
Кан майданда биздер жай-кыш,
Ойрон болот көркоо иттер!..

Ант берем бул энедей
Аппак чачтуу жерибизге.
Келген жоого багынбаган
Кеги күчтүү элибизге.

Так ордунан чыгат тилек,
Ленинчил зор партия бар.
Партиябыз элге тирек,
Уксун муну бүт туугандар!

Шырп этпей уккан элден албай көзүн
Ушундай Карпенко аба бүттү сөзүн.
Мария телмире бек тиктеп туруп,
Бетинен өөп алды энекесин.
Токойго эне сөөгүн алпарууга
Карпенко калк алдында чыгарды өкүм.

Жабыркап, буга чейин жаткан сыздап,
Жанданып, кубаттнып калды кыштак.
Канчалар баш көтөрүп басып калды
Карпенко кеткенге окшоп аскер таштап.
Тилеги чиркин элдин дайым алда,
Турса да бүгүн душман баштан аттап...

## XV

Өтүүдө кыш арбасы бек кычырлап,
Жарадар жашыл оңу, жаз зыпылдап,
Жай, күздөр өрт ичинде кетип жатты
Ойлосоң өмүр жылын, ич тызылдап,
Карпенко түнт токойдун эгедери
Кармашта кайда болсо жоону утурлап...

Жер жайын өзү кетмен чапкан билет,
Түйшүктү кезегинде тарткан билет.
Көз жетпес мобул калың токойлорду
Көйкөлтүп көчөтүнөн баккан билет.

Кууратсам бул даракты деген шумдар
Көрүнө өзү казган көргө кирет.
Элестеп токой, талаа бүт партизан,
Ишенбей өз көзүнө немец жүрөт.

...Кеч күздө... суук бетти тызылдаткан,
Кыйкырып, кыш баш салып келе жаткан.
Кыш эмес, жаз келчүдөй көңүл дегдейт
Күркүрөп добуш чыкса чыгыш жактан.
Катуулап биздин кошун канат сермейт,
Көз ушул Днепрге жакындашкан...

Ой басат Оксананы ушундайда:
«О, чиркин, туулуп өскөн үйүм кайда?
Өзүмдүн туңгуч сүйүүм сыяктантып
Өстүргөн терезеге гүлүм кайда?
Көңүлдүн кубанчына жаралган гүл
Каралдым, жалгыз Миша уулум кайда?
Сүрдүгүп канча алыстап жүрсөк да жыл,
Кайрадан жакын келдик өскөн жайга.

Көрдүм мен балапаным жаткан жерди,
Көңүлдөн эч чыкпастай койгом белги.
Жалгыздын атакеси, жан шеригим,
Жаркырап алтын жүзү эске келди.
Жай-күйүн Оксананын билет бекен
Жашаган мойнуна алып кайгы-черди?

Үйүмө алтын чырак жанар бекен?
Багымдан тунук булак агар бекен?
Айланып алыс учкан ак чардактар
Ак тамдын чатырына барар бекен?
Алёшам аман бүгүн жүргөн болсо,
Аттигин, Оксанасын табар бекен?

Ой, десең, санаа бийлейт чиркин жанды,
Ким билсин, кубанчым чын аман барбы?
Болсо аман, ойлойт бекен көңүлүндө
Бул жакта биз Оксана партизанды?
Кеткендей менден кечип ушул күндө,
Болбосо кайсы жерден көңлү калды?»

Таң сүрдү, жел желпинди, эл ойгонду,
Таң менен жер жүзүнө кыймыл толду

Карпенко чатырынан басып чыгып,
Кубанычтуу, мурутун бир жанып койду.
Алыстан Оксанага белги кылып,
Келсе ага жаңы бир сөз айтмак болду.

Оксана командирге ылдам жетти,
Солдатча токтой калып, урмат этти.
— О, кызым, сүйүнтсөмбү, күйүнтсөмбү?
Ойлончу, кандай кылсам, өзүң чеччи.

Көз жашың ыйлай-ыйлай түгөнгөндүр,
Көкүрөк арман-муңдан чарчагандыр.
Сур күндөр, санаа баскан узун түндөр
Солутуп жаш үмүттү, кайсагандыр.

Партия унуткан жок сени, мени,
Бизге да кабар жетет бул жердеги.
Коммунист агаларың күн-түн иштейт,
Ар качан бизге тиет кубат деми...

«Чоң жерден» мына бүгүн алдым кабар,
Чын эле сага айтууга үзүрүм бар.
Маңдайда бир ротанын командири
Сен деген, сени күткөн, сен сүйгөн жар!..

— Абаке!.. эмне болуп баратам, мен?..
Бар бекен?.. Кат келдиби Алексейден?
— Алексей... ишен кызым, Алексейиң,
Билдим мен каталыгы болбос жерден.
Дайраны өтөр кезде көмөктөш деп
Мага алар дал деп туруп кабар берген...

— Оозуңдан айланайын, алтын ата,
Жүрөгүм эргип кетти канат байлап.
— Кабардан жиберишпейт эч бир ката
Армия эми келет ушундайлап!..

— Бет алып баргым келет ошол жакты,
Тоссок дейм толкуп келчү азаматты.
— Сабыр кыл, сагынсаң да, кызым, азыр,
Миң жолу кубантарбыз алтын жашты...

Оксана бозоруңку жүргөн муңдуу,
Эми көр, өңү башка, кызыл нурдуу.

Энтигип, бир оокумга сөз айталбай,
Элжиреп, Карпенкону карап турду.

Көйкөлүп коргошундай, болсо да таш,
Көзүнөн томолонду мөлтүлдөп жаш.
Аз сүйлөп көп ойлонгон бул жаш келин
Келгенсип көз алдына кеткен курдаш.

Жаңыдан канат бүтүп уччу куштай
Жаркырап айдай жүзү жагалданды.
«Иштейм,— деп,— мекен үчүн күчүм
кайтпай»,
Бетинен Карпенконун өөп алды.

Өпсө да басмырт сулуу кубангандан,
Шат кабар кайгыны ичтен чыгаргандан.
Кызарып бир чет жакка басып кетти,
«Кылыгым оройбу?»—деп уялгандан...

Бир тиктеп Оксана эми баскан жакты,
Карпенко кандай таттуу ойго батты?
Чал азыр көз алдына элестетти
Сүйүүдөн канча жашка келет бакты.
«Ушундай чын сүйүшкөн жаштары бар
Өлкөмдү келген душман багынтмакпы?
Ар качан жаны таза айжаркындар
Асманга учурбайбы азаматты.
Сүйгөндөй ашык жарын элин сүйсө,
Анда чын, келген жоопун шору катты.
Кайраты бороондо чоң оттой күйсө,
Кубанып, урмат кылам биздин жашты!»

## XVI

Төш-төштөн эргип булак атылардай,
Ташкындуу эки дайра кошулардай,
Кылкылдап чыгып келген күн нурунан
Камыгып кара булут жашынардай,
Жер сергип, жел алдейлеп чиркин жанды
Журт муңу ичтен жуулуп басылардай.

Түрдөнүп талаадагы чөп тирилген,
Бой керип, көтөрүлүп бак күбүнгөн.

Биздин жер, биздин токой, биздин үйдө
Жаталбай баягыдай жоо бүлүнгөн.
Самандай сапырылар ушул күндө
Сыяктуу кара жандан чын түңүлгөн.

Түн эле, караңгылык коюу баскан,
Тунжурап эч кыймылсыз талаа жаткан.
Түн катып жигиттери Карпенконун
Таманын темир жолдун миналашкан.
Орундап командирдин айткан оюн,
Жигиттер билдирбестен кайра тарткан.

Ушул жол далай жуткан жоонун башын,
Оңколоп, ондон вагон кыйрап жатчу.
Жетерде көпүрөгө поезд жакын
Жүрөгүн немецтердин коркуу басчу.
Миналар атып чыкса темир, ташын
Канча жоо кара жерге кучакташчу.

Феодор да темир жолго көзүн салып,
Көрсө эгер миналарды койчу эле алып.
Кез -кезде кармап алса партизанды
Тапшырчу комендантка айдап барып.
Калган соң сыйга батып, кынык алып,
Кара бет келе берчү кайра айланып.

Бүгүн да шимшип мында келген экен,
Минадан шек билалбай жүргөн экен.
Бул жерге поезд келер кез болду деп,
Кулагын алда кайда түргөн экен.
Кубулуп, партизанга билинбейм деп,
Кийимди жупунулап кийген экен.

Эч качан ушул жолго келбейт жалгыз,
Колунда аспабы бар минаны алгыч,
Кыдырган шумпайлардын мылтыгы бар
Көрүнөө басып адам жакын баргыс.
Кардынан шимилиптир артык майлар,
Кетирген партизандар тынчын бул кыш.

Баятан партизандар аңдып жаткан,
Келсе алар, шып курчады туйдурбастан,
«Көтөр кол!» — дешти дагы мылтык кезеп,

Таштатты куралдарын, жылдырбастан.
«Кимсиңер, биз текшерип билүү керек.» —
Дешкенде токой жакка багытташкан.

Бир кезде үйдөй таштар жарылгандай,
Алжайып жер экиге айрылгандай,
Токойлор жан жактагы чыдай албай,
Оруюп орду-түбү жулунгандай,
Чыкты эле каңгыраган катуу табыш
Тоо келип тоо үстүнө жыгылгандай.

Көрсө бул бир чоң состав бара жаткан,
Согушка бронь тешчү октор тарткан,
Жеткенде миналанган көпүрөгө
Миналар калтылдата каарын чачкан.
Жарылган октор тийип бир-бирөөнө
Вагонду бачыратып асманга аткан.

Токойдон Карпенко аба кулак салган,
Түшүнүп бир жылмайды кубангандан.
«Фашистке бизден «достук» салам деди,
Жол багып, жортуул чыккан партизандан.
Келет деп азаматтар качан деги?»
Жол карап, кеткендерди күтүп калган.

Таң ата беш кишини келишти айдап,
Колдорун артына бек койгон байлап.
Рапортун жигиттердин кабыл алып,
Карпенко карайт эми өзү абайлап.
Үлдүрөп, башын эми жерге салып,
Үн-сөзсүз жалбаргансыйт акебайлап...

Карпенко Феодорду улам карай берди
Кыжыры жойпулукка кайнап келди.
— Балдар жаш, катын оору, карып ач—деп,
Феодор да баягыдан безилдеди.
— Кимди аттың? Кимдин башын тепсеп
жүрдүң
Эй, Феодор, жүзү кара эсиңдеби?!

Карпенко ушул бешөөн турса зекип,
Канчалык партизандар курчап жетип.
Оксана, Мария экөө дагы жеткен
«Ким экен колго түшкөн, көрсөк» — дешип.

Солк этип Оксананы көргөн кезде,
Шум Феодор араң турду калч-калч этип.

Оксана жалт бир карап каны качып,
Алдыга окторулуп, чыкты басып.
Койнунан тапанчасын сууруп алган
«Жан соога кечиргин,— деп,— Оксана жан!»
Бутуна Феодор калды эми жатып.

Мария өзүнө өзү ишене албай
Ортого алда чыкты токтоналбай.
—Түрү суук желмогуздан жийиркенбестен
Жай гана туткунга алыш деги кандай?
Кутурган итти мында ким жеткирген?
Небактан ит ордуна жайлап салбай?..

— Деди да, карай берди Оксананы,
Көк кайнап, тиш кычырап кеткен чагы.
Кыйраган каалгасы, өлгөн эне
Келгендей көз алдына азыр дагы.
Жүрөгү Мариянын канап турат
Жетпестей төккөн менен тилдин заары.

— Бул баскан жерден баспаймын,
Бул ичкен суудан ичпеймин.
Кутурган итти тим коюу
Куруп кеткен иш деймин! —

Дегенде угуп турган Карпенко аба,
Токтоосуз буйрук кылды Оксанага:
— Не кылсаң өзүң билгин шумурайды,
Экинчи көрүнбөсүн анда мага.
Бир байкуш боло калган ушундайда
Жоосуна журтун саткан жүзү кара!..

Карпенко бурулбастан кетти басып,
Агарып келаткан кез таң дагы атып.
Феодорду жалгыз бөлүп айдашты эми
Оксана, Мария экөө катарлашып.

Токойдун бир чет жагы, ойдуң жерди
Бет алып муну атайын айдап келди.
Бет багып буларга айтар сөзү да жок,

Титиреп көк бет Феодор тура берди.
Сый кылгын деген өңдүү буга бир ок
Мария Оксанага берди белги.

— Айрылган эмчек сүттөн балдар үчүн,
Ак тамда өчүп турган шамдар үчүн,
Ушундай тузу арамдар жоого берген,
Аңгырап ээсиз турган тамдар үчүн,
Солк этпей ок мөндүрдөй жааса дагы
Коргогон калк намысын жандар үчүн! —

Деди да Оксана эми ок чыгарды,
Дөңгөчтөй Феодор ойго бир куланды.
Итке окшоп жар түбүнө башын каткан
Ийрилип бир кезде сулк жатып калды.
Дегендей бул желмогуз силер жактан,
Мария күн батышка көзүн салды...

## XVII

Шаркырап суу аккансыйт терең сайдан,
Балбылдап от жангансыйт бардык жайдан.
Октору замбиректин түшүп жатат
Күүлдөп учуп келип алда кайдан.

Калкылдап кайдан, жайдан учуп жаткан
Самолёт көктүн бетин чүмкөй баскан.
Келген жоо баягыдай кекирейбей
Күн-түнү уйгу-туйгу, алдасташкан.
Төрөлөр элди тепсеп жата бербей
Канчасы түн жамынып кийин качкан.
Эки бет Днепрде маңдай-тескей
Кези ушул кан селдеткен, карсылдашкан.

Аскерин шаарларда турган кармап,
Немецтер согуш көздөй кирген айдап.
Пеппер да баягыдай балтаңдабай
Окопто гранатын белге байлап.
Кайпактап бир чет жакта жүргөн кези
Коёндой коркок неме жанын жайлап.
Алактап немец бүткөн эрте-кечи
Турушат араң-араң а, кудайлап.

Түн эле дайраны өтүп эчен жерден
Оң жакка биздикилер кирди басып.
Курчоодо канча немец кала берген
Кетүүгө жетишалбай баары качып.
Бөлүгү Алексейдин туңгуч келген,
Түп менен душманды издейт үйлөрдү ачып.

Кыштакты Асан баштап келсе карап,
Бир үйдө бир дардайган шкаф турат.
Артында эткел келген сары катын
Алыстан жүгүнгөнсүп таазим кылат.
Бирөөдөн калкалайбы кургур башын,
Калтылдайт, өчүп оңу жаны чыгат...

Тапанча чөнтөгүндө тинтсе аялды,
«Тамаша Алексей...» — деп таңыркады.
Сыйрышса тып кийнмин ушул аял
Уңкуйган ефрейтор боло калды.
Ырасы ефрейтор Пеппер экен,
Ушунтип калкалаган курган жанды.
Чөнтөгү толо сырга, шакек экен,
Чылк алтын, жалтандырат караганды.

Алексей, Асан экөө көрүп баарын,
Аңтарып бүтөр чакта анын жанын,
Бир кезде жарк-журк этип чыга келди
Сыргасы кыз кездеги Оксананын.

Алексей өз көзүнө ишеналбай
Негедир карай берди эки жагын.
Калчылдап өзүн кетти токтоталбай,
Билгендей бир кайгылуу иштин жайын.

Алексей ефрейторду тиктеп калган:
— Айт,— деди,— бул сырганы алдың кайдан?—
Ээси ким? Билесиңби? Аман барбы?
Эстеги алганыңды кандай жандан?
Тагынган бул сырганы аял кайда?
Танбай айт алдың деги кантип андан?
Бул жерде түңүлүп кой жаныңдан да,
Желмогуз, жалгыз ооз айтсаң жалган!

— Аялга сүйлөшпөдүм өзүм барып.
Атайын солдаттарым келген алып.

Господин, чынымды айтсам, бул сырганы
Кимден деп турганым жок суроо салып.
Катынды билмек элем мен кайдагы,
Такыйсыз, чыны турам айран калып!..

Алексей ойго батып, тунжурады,
Армандуу бир үшкүрдү, муң бурады.
«Чынын сен билесиң го... ошонуку» —
Деп доошу араң эле шыбырады.
Бул акмак чынын бизге айтпай турат,
Билбеймин, аман бекен анын жаны?»
Ушинтип батыш жакка көзүн салат,
Дегендей уксам кабар дагы-дагы.

Алексей кыраандарды өзү баштап,
Алдыга бараткан соң селдей каптап.
Арманы жүрөгүнө толсо дагы,
Айланып ушул жерге кайдан жатмак.
Күткөндөй артынан бир окуяны,
Сырганы төш чөнтөккө койду сактап.

Ойлонуп үндөбөстөн Асан басып,
Шуңшуйтуп Пеппер шумду айдап алды.
Бүткөн соң бул кыштакты тазалашып,
Жоокерлер илгерилеп жолго салды.
Кайгысын айландырып акыл басып,
Алексей ой токтотуп кайраттанды.

«...Жаныма жаман кайгы жетмек эмес,
Жаш гүлүм жоо колуна кетмек эмес.
Башына түшкөн күнгө чыдайт эле
Башкага мендик пейлин чечмек эмес.
Турганда өз жеринде алтын дайра
Өзгөнүн ылай суусун кечмек эмес.
Жок-жок, жок... жоого көөнүн бербейт эле» —
Деп ойлойт Оксанасы болуп элес.

## XVIII

Арт жактан добуш чыгат жер көчкөндөй,
Айрылып жер ортосу, тоо чөккөндөй...
Деңизден көтөрүлөт улуу толкун
Бороондон албууттанган күч жеткендей.

Ар качан тынч өлкөнүн эркин калкын
Кор тутуу эмне экенин эстеткендей.

Солдаты советтердин миндеп, сандап,
Күн-түндөп оң жээкке чыккан жайнап,
Көргөндө өз жерлерин тынар эмес
Кылкылдап келткандар кеги кайнап...
Жолдоштор Украина үчүн майдан кечип,
Жолборостой силкип келет жоосун чайнап.

Таң жаңы аткан кезде үрөң-бараң,
Кыштакка эми булар жеткенде араң,
Токойдон партизандар бирге келди
Токтолбой ураалашып чабуулдаган.
Алексей: «Өз кыштагым ушул» — деди,
Асанга ага катар алгалаган...
Буйдалбай таштай качып биздин жерди
Бетпак жоо өз жерине багыт алган.

Үйүнө Асан менен келсе айланып,
Жатыптыр дарбазасы талкаланып.
Эшиктен, айнектерден бирөө да жок
Алда ким кеткенге окшойт олжого алып.
Чаң баскан, каңгыраган дубал турат.
Карашса тамдын ээси көзүн салып.
Бир азга катып турду сөзсүз карап,
Көргөнгө көзү ишенбей айран калып...

Томсоруп төш чөнтөктөн сырганы алды,
Тилегин бул билчүдөй көзүн салды.
Болгонду айтпай, дебей байкаган соң
Асан да үнсүз, сөзүн туруп калды.

Бир кезде жетип келди Карпенко аба,
Партизан жер жайнаган толкуп жана,
Жылмайып жоокерлерге салам берди
«Командир кайда экен?» — деп дабыш сала.
Көрсөңөр, колдо автомат, башта тумак,
Келишкен чоң мурутун коёт бурап.
Жүгүрттү жардамчысын Алексейге
Чапчаңдап келсинчи деп чындап сурап.
Чолок тон, боз тумакчан, автоматчан,
Чыкыйып, аял ага катар турат.

Бир бурчтан Алексейге келе жаткан
Карпенко торой басып колун сунат.

Калдайып Карпенко ата кучак жазып,
Калды окшойт Алексейди бою басып.
— Алеша, Алеша... деп өөп жатты
Жигитке чын аталык мээрим чачып.
Көрсөттү Оксананы ошол замат:
— Мына — деп, кубанычтын жашын аарчып...
— Оксютка!.. сенсиңби?— деп жал-жал карап,
Энтелейт Алексейдин көөнү ташып.

Уялып турган эле жүгүргөндөн,
Жазганып бакыралбай сүйүнгөндөн,
Жыгылды Алексейдин кучагына
Көзүнө өз бактысы көрүнгөндөн,
Кубанчы көргөндөрдүн бардыгына,
Көз жашы бермет болуп төгүлгөндөн.
(«Алексей аман мага келбейтко» — деп,
Оксана канча ыйлаган түңүлгөндөн).

Мария кубангандан жеткен шашып,
Көрүшмөк Алексейге кучакташып.
Турганын байкаган соң сүйгөн жарлар
Жүрөгү кетти окшоду канат жазып.
Көргөн соң табышканын муңдуу жандар
Канетсин, кубангандан кетти жашып.
Такааты калбагандап четте турар
Алдына Алексейдин келди басып...

— Барсыңбы кагылайын, Мария жан?..
Карындаш, карапыңды көрдүм аман.
Кайраттуу комсомолка сен элең,— деп
Алексей кулач жайып, кучактаган.
Күлүңдөп Мария да сүйлөйт эми:
— Агага партизандык бизден салам.
Билсеңиз, бул Оксана эжем,— деди,—
Фашисттен алып калган жанымды аман!..

Караса Оксанасын, мылтык колдо,
Баштыгы буюм салган жүрөт жондо.
Көрсөттү алтын сырга Алексейге,
Жазды да алаканын түшкөндө ойго.

Оксана көрөр замат селт деп кетти
Сырга элес болгон өңдүү калың шорго.
«Муну мен өзүм кайрып алдым,— деди,—
Душмандан бугуп жаткан биздин жолдо».

Оксана мончоктогон жашып аарчып,
Аз гана Алексейден боюн тартып,
Күйүттү эми эсине салмак болду
Көңүлү турган кезде кандай чалкып.
Бар бекен дагы тирүү ушул чакта
Өзүмдөн кеткен шум дейт сырга тартып?
Асан да түшүнгөн соң, бир солдатка
Тапчы деп баягыны койду эми айтып.

Алексей кечиргин деп Асан досун,
Атайып тааныштырды жан жолдошун.
Бир солдат үлүрөйтүп айдап келди
Билгенге бул бүлөнүн катаал жоосун.
«Пеппер!..» — деп ызырынды каарын чачып,
Келинге элес болуп өткөн шоокум.
Оксана калчылдады каны качып,
Келгендей алчу жери анык доосун:

— Очогун бузган тамыңдын,
Билигин кырккан шамыңдын,
Солуткан жалгыз гүлүңдү
Душманы сенин каныңдын.

Армандуу болуп биздин жан,
Агылган кезде көздөн кан
Көр оозун мага көрсөткөн
Пеппер деген бул айбан!

Ошондо Алексей тик карап алды,
Кекенип, тапанчасын колуна алды.
Кейкейген бука көздүү турган шумду
Бетке деп баң дедире басып калды.
Тийгенде тапанча огу тарс жыгылып,
Тыбырап, бир-эки ирет ала салды.
Жат жерден мына ушундай жанын бермек
Жат жерге басып кирип жуткан канды...

Билбеймин, алда эмнени калды санап,
Былк этпей күн батышты турду карап.

Карпенко катарлашып сөзгө кирди
Качантан сырлашууну жүргөн самап:
— Алеша, угуп койчу чалдын сырын,
Айбаттуу азаматсың жаңы талап.
Көрдүң го жоонун кылган айбандыгын,
Кетпес дейм жеңгенинче кегиң тарап.

Бузулса үйүң бүгүн, үй табарсың,
Коюуга терезеңе гүл табарсың.
Алеша, Оксана экөөң аман болсоң,
Байлыкты бир гана эмес, миң табарсың.
Гүлдөй кыз, күжүрмөндөн уул күтүп
Кыш күнүң жаздай болуп кубанарсың.
Өмүрүң узун болсо жараң бүтүп,
Өткөндүн өтөлгөсүн чыгарарсың...

Эмесе, чындап сүйгүн партизанды,
Солдат деп кабыл алгын Оксанаңды.
Журт үчүн жигиттен кем иштебеди
Изинен бастырган жок бир душманды!
Ансыз да калкка кайгы аз келбеди,
Көп кейип, жашытпачы биздин жанды!..

Арбашып азыр келдиң алда кайдан,
Алдыңда али сенин калың майдан.
Эч качан арман, муңга жеңдирчү эмес
Эр жигит эл милдетин мойнуна алган.
Атаңдай абышкамын чын тилектеш,
Айталбайм, ук чырагым, сага жалган.
Айрылган баласынан бир сен эмес,
Ар кимдин башына көп түшкөн арман.
Кол башта күн батышка дагы эмесе,
Кыштакты мага тапшыр мында калган.
Окшото тургузабыз сен келгиче
Үйлөрдү кечээ немец ойрон кылган!..

Ушинтсе Карпенко аба көңлү ташып,
Алексей кайраттанды турган жашып:
— Абаке, миң күн жүрүп, майдан кечип,
Мен бүгүн калмак белем үйдө жатып?
Алгыла бул кыштакты кайра жасап,
Аянбай жумшап күчтү орун басып!..
Сырганы Оксанага алып берди
Баятан чөнтөгүнө турган катып.

Алексей батыш жакка баса берди,
Оксана, Карпенко үчөө колтукташып.
Менсинип таалайына бул кездеги
Мария бирге жүрөт жарпын жазып.

Келди да, туруп калды бир кырчага,
Көөнүнө анын түштү кандай санаа.
«Өстүрдүң баатыр кылып кыздарыңды,
Өзүңө эл ыраазы Карпенко аба.
Экинчи көрбөсүн дейм душманыңды
Эрки мол ушул токой, ушул талаа.
Калбасын көрүнгөндүн таманында
Байыртан ата-бабам салган калаа!

Кантсе да, айды асмандан алып болбойт,
Булутту төшөк кылып салып болбойт.
Эч батпас идишиңе океанды
Аякка ун сыяктуу чалып болбойт.
Уулдары эр, ою океан ушул күндө
Мекеним эч бир жоого карып болбойт.
Журтума сук арткандын төбөсүнө
Жаркылдап жалын бүркүп, минам ойнойт.
Кош аба, дайым сыйлайм сенин жашың!
Кош аба, аман болсун алтын башың.
Кал эми карт большевик абаң менен
Жанымдай жаш Мария карындашым!

Кош аба, намысы бар уулдарың,
Кандайча кызматыңды актабасын!
Өзүндөй карыясы кечкен жалын
Калкымдын башын душман аттабасын!» —
Деп жана дагы өбүштү Карпенкого,
Бек кармап дегдеп жүргөн Оксанасын.
Оксана Марияга кучакташып,
Бек өптү сүйгөнгө окшоп жаш баласын.
Экөө тең эркешип, кетти жашып,
Неге өзүн достук сезип актабасын.
Алексей кайда басса бирге басып,
Көргөнсүйт бул өмүрдүн ак, карасын.
Окустан жаңды бөлө жалын чачып,
Мындайда жүрөк жаңжал баштабасын.
Келгендер кала берди көп айтышып,
Көргөн соң Оксанасын таштабасын...

## XIX

Калкына кошулушуп кайраттанган
Жараны жара экен деп санабастан,
Кан тоңгон, кар жыйналган ашуулардан
Кез келсе, кылчактабай эрлер ашкан,
Бомбадан дир-дир этип жер жарылса
Кырсыкка кабылам деп карабастан,
Алексей, Асан экөө күч барынча
Күн-түнү күймөлбөстөн алгалашкан.

Ротанын оң жагында бара жатып,
Кай кезде душман менен аралашып,
Чабуулда ири алдыда жүрөт эле
Кан ойноп, каруу күчөп, кайрат ташып,
Бир кезде ок желкесин жанып кетсе
Токтолбой кете берген алга басып.
Огунан замбиректин эпкин жетсе
Жалп этип турган жерге калды жатып.

Токтоосуз жоокерлерден кабар болуп,
Аңгыча бир сестра жетип келди.
Тамырын келер замат кармай коюп,
Кубаты кеткендигин дароо билди.
Жыттатып нашатырлуу спиртинен
Суу кошуп валериан дагы берди.
Керилип кенен уктап алгандай дем,
Маңдайын сыйпап Асан тура келди.

Серүүндөп бой сергиткен адамга окшоп,
Турганда кубанчына ою токтоп,
Санитар кызматында Оксана да
Алексей, Асандарды жүргөн жоктоп,
Ташыйт да бирин-экн жаралууну
Бир жерип оорутпоого чебер козгоп.
Кандай иш ноокас үчүн кызмат кылуу,
Кетпесин жаны ачышып, сөөгү боздоп...

Кирген соң бул кыштакка чабуул салып,
Агылга буйтка жерге бек жайланып,
Жатышты буйрук күтүп калың жоокер
Канчасы алга кетти чалгын чалып.

Бул полктун штабынан адам келди
Бир канча жоокерлерге белек алып.
Алексей белектерди ачып көрдү
Алыстан келгенине айран калып.

Бир ящик Фрунзеден, кыздан экен,
Ачылбайт чегеленген, өтө бекем.
Алексей аны алып бөлөк койду
Ойлонду: «Асаныма берсем бекен?»
Ящикти бек колтуктап алды дагы
Келди өзү: — Барсыңбы? — деп аман-эсен?

Айланып бөлүктөрдөн эчен өтүп,
Арт жакка жарадууну ташып бүтүп,
Ал жерге Оксана да жетип келди,
Алардын караандары көзгө түшүп.
Экөө тең: — Кел, кел! — дешип орун берди
Эбактан турушуптур булар күтүп.

Асанды ноокас дебес азыр көргөн,
Жанго дээр кан майданга жаңы келген.
Көргөндө амандыгын кубангандан
Жылмайып Оксанага колун берген.
Взводуң бул чабуулда биринчи деп
Билдирди комротасы ушул жерден.
Бой тыңдап, курчанды да белин бектеп,
Асан да буйрук күттү командирден.

— Кыргызстан, Фрунзеден,
Кандай сонун белек келген!
Жоокер эрге арнадым деп
Жоодураган кыз жиберген.

Мен да көрдүм белекти ушу
Март окшоду кыргыз кызы.
Кошо келген окшоп турат
Алма менен тоонун жыты.

Ар бирөөсү бир чыныдай
Ящик толгон кызыл алма.
Жоосун жеңбейт жигит кандай
Кызыл алма, кызы барда?..

Алексей ушуну айтып сүйө карап,
Көз менен Асандан жооп күтүп калат.
Оксана андан бетер кызыксынып
Айланып бул ящикке көзүн салат.
Үн-сөзсүз аз убакка турду тынып,
Бир-бирин сынагандай эки тарап...

Урматтап үч бүктөлгөн каты да бар,
Кол койгон «Сайракул» деп аты да бар.
Аттигин, күзгү алманын жыты кандай
Буркурап бир укмуштуу, мурдуң жарар.
Жадырап кыргыз кызы кол сунгандай
Асандын күнү белем кубаттанар.
Алманын, келген каттын сыры кандай,
Буга эми ким кандайча жоруу табар?

Алманын эң кызылын алып тандап,
Асакең жеп кирди эми бурдап-бурдап.
Оксана, Алексейге дагы сунду
Жегиле деген өңдүү менче жыргап,
Алыстан кыз жиберсе кызыл алма
Жигитке сый болобу мындан кымбат!
Оксана бир нерсени ойлоп турду,
Жан сырын сездиргендей жүрөгү ырдап...

— Кулак сал, бир сөз айтам жолдош Асан,
Кол менен күн батышка бара жатам.
Көргөндү көңүлүмө түйүп коюп,
Кезинде калтырбастан сага жазам.

Согуштун кыялы бар өчөн башка
Бет келсе карабаган кары-жашка.
Болжолдоп кан майданга кайдан билдик
Кандай күн кез келерин биздин башка?

Өзүңө бирге окудук кыздын катын,
Тоо гүлү, сайрап турган булбул атын.
Келтирип жооп берсең кыз кубанар
Шарт менен жигиттиктин, азаматым!..

Белгилүү бизге сенин бойдоктугуң,
Баа берип айтып турган сөзүм мунум.
Курдаштын жан аябай кызматын кыл
Байкалсын сындан төмөн болбостугуң.

Жүрөктүн назик сырын билгин жигит,
Асманда учкан кушту алар илип,
Оксана, Алексей да аман жүрсө
Өзүңдөн турсак дешет кабар билип.

Билесиң өзүмдө бир алтын сырга,
Экөөңө жомок болгон ушул жылга.
Бир кезде элес болсо арман, ыйга,
Бул күнү кетсе кантет достук-сыйга? —

Деди да төш чөнтөктөн сырганы алып,
Асанга сулуу келин сунуп калды.
Оксана өзү сунуп тургандан соң
Оболу, Асан чыны айран калды...
Сырганы албай туруп алакандан
Сыр айтып чын көөнүнөн, кепке салды:

— Сергитти менин жанымды
Белекке берем дешиңиз.
Бергенден артык эмеспи,
Билдирген ушул пэтиңиз.

Алексей ага, сиз жеңе,
Айтылуу кыргыз салтынча,
Болбойбу жакшы сөз деле
Кулакта жүргөн алтынча.

Алексей артык агасы,
Оксана болсо жеңеси,
Абдан мени сыйласаң
Сыргамы алгын дебечи.

Алтындан сырга сунбачы,
Артыкча сынап турбачы.
Бактыңа түшкөн бул белек
Башкага муну кыйбачы!

Ар качан жанган жаш жүрөк
Бир гана жанга берилет.
Оксана жеңем, ким билет,
Сынайын деген көрүнөт...

Асандын ушу менен бүттү кеби,
Оксана: — Сонун,— деди жүйөөнү эми.

Чын эле Оксананын чегими эле
Бир жагы кантер экен дегендеги.
Ойлонсок, оюн-чындап ушул беле,
Сырына бир-биринин канган жери!..

Оксана ал сырганы салды кайра,
Чөнтөгүн караштырып да бир сыйра,
Жаңыдан жалт эттирип алып чыкты
Куду эле ошого окшош алтын сырга.
— Эстелик сага болор бизден керек,
Мына бул сени сүйгөн кызга белек.
Бир кезде өзүм сатып алган элем,
Албетте, муну берсем, ыгы келет!

Жооп айтпай тиктеп гана жылмайды Асан,
Алексей: — Таарынабыз албасаң — деп,
Чыкканда көңлүн коштоп да бир жактан
Колдорун Оксананын кысты да бек:
— Эмесе, ыракмат,— деди ага, жеңе.—
Коёюн мен мактанып кызга деле.
Кымбатын жаш көңүлдүн билбес болсо,
Кыз бизге кызыл алма берер беле!..

## XX

Күркүрөп тоо көчөрлүк ок атылып,
Кан күйгөн калың кармаш танды атырып,
Кылычтын мизинде уктап бара жатып,
Бүткөн соң куш уйкусу, көзү ачылып,
Жазды сыр Асан эми бутактантып,
Жаш кызга белек салган урмат кылып:
«Аманбы сагынычтуу Сайракүл жан,
Майданда мага тийди кызыл алмаң.
Жоокерлик саламымды жиберемин
Белекке пейлим түшүп кубангандан.

Баарыдан сонун белек кызыл алма,
Бизге окшоп жоо бетинде жүргөн жанга.
Сөзүмдүн ылайыксыз жери болсо,
Садага, кечирип кой, көөнүңө алба.

Окусам ойдон кеткис акыл сөзүң,
Көргөндөй боло түштүм көркүңдү өзүм.

Аскасы аркар, кулжа мүйүзүндөй
Кыргыздын тоосун эстеп турган кезим.

Элестейт сиздер өскөн алма багы,
Ак жибек гүл жамынган жазгы чагы.
Тоо жели жалбыракка шыбырлашып,
Аттигин, кандай сонун аткан таңы...

Мен жазсам арнап жооп жаным сага,
Кап-кайда алып учат чиркин санаа.
Кай жерде, кандайча өмүр өткөрөсүз?
Айтпапсыз, эч белгисиз болду мага.
Замандаш байкабапсыз бир нерсени,
Көрсөтчү түрүңүздү сүрөт кана?
Түз эле доо доолашып кирдим окшойт,
Түгөнсүп, шок үйрөнгөн мени кара...

Шондуктан кат жазамын мен да болжоп,
Уялтсаң өзүң билгин сөзүм торгоп.
Жүрөгүм ушунчалык жалынданат
Жүргөндөй баштатадан күлүп-ойноп.

Эки-үч жыл ажал элес отто турам,
Элимде сиздей кызга кабар кылам.
О, чиркин, бул согушта не көрбөдүк,
Жан чыдайт журтка арналса бардык талам.

Жүрөгүм жалынданат демим барда,
Жаш жанды сагындырган жерим барда.
Канчалык кыйындыкка чыдайт жигит,
Кыздары өзүңүздөй элим барда.

Сайракүл, саламым бул сизге арнаган,
Көрсүн деп сүрөтүмдү кошо салам.
Кыргызга насип буйруп аман барсам,
Сизге бир жолугууну мойнума алам.

Ар качан кимге болсун урмат керек.
Келтирбес жанга жапа жакшы тилек.
Кыргыздан кызыл алма жибергенге
Мына ушул алтын сырга менден белек.

Каалаймын саламаттык сизге дайым,
Эскерип, сыйласаңыз, жазарсыз кат.

Бук болуп четте жүргөн жоокер жайын,
Ойлонуп, жообуңузду кайрарсыз бат...»

Ушундай Асан кызга кыялданды,
Атайы конверт тандап катты салды,
Жөнөттү посылкалап сырганы да,
Эртелеп не болсо да мойнуна алды...

Жоокерлер буйрук менен алга жылды,
Чыдамсыз күтүп жатып аткан таңды.
Асан да комротага орун басар
Катарлаш Алексейге жүрүп калды...

Теректер бутак өңдүү сынып жатты,
Үйлөрдү аба толкун жыгып жатты.
Кан кусуп карайлаган калың душман
Өлүмдүн кучагынан орун тапты.
Асанга баратканда дагы алдыда
Ок тийип дал бутуна кансыратты.
Алексей аргасыздан буйрук кылды
Оорукка жөнөтүүгө лейтенантты.

Асанды Оксананын көзү чалып,
Уруштан алып чыккан өзү барып.
Үйрүлүп, ушунчалык көңүлүн бөлүп,
Тазалап, жараларын койду таңып.
Жесе да оор жара бой токтоткон,
Жигиттин кайратына айран калып...

— Асаным, кыргызга акыр мен барамын,
Аман бол, сени айланып бир табамын.
Сен айыгып чыкканыңча Берлинди алып,
Сагынып, сага айтылар чоң саламым.
Чегинен шүмшүк жоонун бирге өтүшпөй,
Калганга бүркөлбөсүн эч кабагың.
Денеңе түшкөн бардык жаралардын
Душмандан анык өчүн мен аламын!..»

Алексей айрылуудан турду кыйбай,
Майданда бирин-бири көнгөн сыйлай.
Кирпигин кыса берет Асан дагы
Келсе да ыйлагысы жашын тыйбай.

Эгиндин орогунда кеткендей да
Кызылын кызматташып бирге жыйбай.
Алексей, Оксанага оор тийди
Ажыроо орто жолдон окус мындай...

## XXI

...Таң ата жүрүп турган тоонун жели,
Жымылдап, бак-даракты ыргайт эми.
Сергитчү таза абаны сагынгандан
Кай бирлер ачып коёт терезени.
Бул күндө боюн күүлөп өзү басат
Замбилде бир кезекте келгендери.
Айыккан майдан жакка кетип жатат,
Келүүдө жаралуудан нечендери.

...Үстү жак ак чоку тоо калкылдаган,
Ай тийсе күмүш өңдүү жаркылдаган.
Чыгышы тоонун суусу эргип аккан
Жагымдуу овон, ыры бир тынбаган.
Ойдуңда, бак койнунда жаткан шаар
Айкашкан адырларды алкымдаган.
Өзгөчө жайкы түндө булбул сайрар
Тил кайрап бутактарда салкындаган.

Асан да госпиталга келип калган,
Токтоосуз түнү менен орун алган.
«Жарасы жанга баткан оору экен» — деп
Врачтар кадалана көзүн салган...
Жай алып козголбостон жата берген
Асакең не болорун билсин кайдан.
Болсо да туулуп-өскөн жерге келген,
Көңлүндө чын ишенбей таңыркаган.

Таңылып келген экен бут жарасы,
Бир кыйноо тамак менен уйку арасы.
Көөнүндө көптөн толгон кайгысы бар
Кап-кайда эргип кетет ой-санаасы.
Кезинде түгөл бойдон түшкө кирет
Ата-эне, карындашы, ини-агасы.
Ошолор көз алдына келе берет
Барга окшоп учурашар убадасы.

Бир кезде алтын сырга элестенет,
Кыз бала кызыл тору тагып келет.
«Аманбы Сайракүл жан, мен Асан» — деп,
Энтигип жаш азамат колун берет.
Сунса да Асан колун, кыз жолобой
Оолактап, эмнегедир кербэленет.
Кыйналып ойгонгондо, бул ошондой
Кызыктуу түш экенин араң билет.

Күн-түнү эчен түркүн ойго батат,
Канетсин, кыймылдабай карап жатат.
Көз жумса, алда неме көрүнгөнсүп,
Кайрадан кыйноо тартып көзүн ачат.
Жигиттер сары өзөндөн чаап жетип,
Алдында аскер сындуу катарлашат.
Түшүндө тоо суулары жандап өтүп,
Тургун деп салкын булак бермет чачат.

Дагы эле көзү илинсе анда-санда,
Көрүнөт жүргөндүгү кан майданда.
Чабуулга ок жаадырып кирип барат
Боюнда Днепрдин аткан таңда.
Немецтер Алексейди камалашып,
Кыларда чоң кыянат чиркин жанга,
Аларды найза менен бышып-бышып,
Куткарып алгандыгын досун анда,

Алексей госпиталга жеткиргени,
Достуктан кыйын күндө күйүп жанга,
Булуттай түтүн булап өткөндөрү
Кетпестей көз алдында мындай жайда.
Талаада аскерлердин ашканасы,
Тамагы көзгө элестейт анда-санда.
Окопто жаткан күндөр кышы-жазы,
Оюна түшө берет кайра-кайра...

Бир кезде аман көрүп сүйгөн жарын
Бечара, жылмайганы Оксананын.
Айтканы жашып туруп Алексейге
Ал кезде жалгыз уулдан айрылганын,
Уулум деп өксөгөнү Алексейдин
Өрт болуп көкүрөгү, көзү жалын,
Элестейт бүгүн Асан кейигенден
Өткөрүп көз алдынан мунун баарын...

Дос болгон кан майданда айрылбас дос,
Душманга жан досторун алдырбас дос,
Капчыгай, зоокаларда жүргөн кезде
Каманга канатташын чалдырбас дос.
Тууларын тууган элдин көкөлөтүп,
Кылмышын душмандардын тандырбас дос.
Алексей мына ошондой достун бири,
Эч качан аны ойлобой Асан койбос:

«Алексей аман бар болсо
Чегинен жоонун өткөндүр,
Алактап качкан көп көркоо
Чээнине кирип кеткендир?
Быт-чыты чыгып бүт жолтоо,
Берлинге достор жеткендир.

Арманда өмүр күнү өткөн
Батышта үмүт жангандыр,
Жылуусу биздин жүрөктүн
Жабыккан жанга жардамдыр.
Сабында болбой күрөштүн
Жатканым менин армандыр...

Сүйөөсү болор сүйгөн жар
Сүйүүсү чаңкап калганга.
Жигитте кандай арман бар
Жалжалы барса майданга.
Кайышпас жоодо жалжалдар,
Кез келет болду кай жанга?» —

Муну ойлоп, ой учуна чыгалбастан,
Жан тынчыр бир тыянак кылалбастан,
Чарчатса көп убайым, көзүн жумат,
Тунжурап, үнүн эч бир чыгарбастан.
Тизеси жанын өйүйт, өң саргайтып,
Сыздатып бүт денесин ооруп жаткан.
Майданга жеткирсе деп бир айлантып,
Сыры ушул жалгыздыкта өзүнө айткан.

Ойлонот, санаа тартат, тура да албайт
Денесин ойдогудай бура да албайт.
Ал турсун, жабыштыра таңганга окшоп,
Өзүнчө кроваттан жыла да албайт.

Жанынан өтсө дагы канча адамдар
Жок десе баш көтөрүп карап турбайт.
Көз жетет, көңүл жетет, кубат жетпейт,
Жаткырат дарт мыжыгып, ичтен зарлайт...

Болучу ушундайда жанга тирөө,
Жок десе кез келбеди тааныш бирөө.
Белчеңден кайгы-шорго батып жатсаң,
Кандайча керек болбойт арка-сүйөө.
Дарт сырын дартты өткөргөн билет баштан
Муңдуууга кайрат айтуу эмес күнөө...

## XXII

...Жапжаш кыз ойгонгондой таңкы желден,
Серүүндөп күн чыгарда ишке келген.
Жарк этип врач менен бирге кирип
Төшөктө жаткандарга салам берген.
Канчалар кечээки түн жаңы дагы
Келгенин жазуулардан таамай билген.
«Беккулов Асан» — деген карточканы
Бетине көрчү врач кармай берген.
Же, балким баягы Асан болбосун деп
Кат жазган жаш азамат эске келген...

Караштты бир сыпыра ооруларды
Бурчтагы бир бөлмөгө эми барды.
Жаткандын бирөөн көрсө күдү эле Асан,
Жүрөгү эмнегедир тыз деп алды.
Тааныйбы бул адамдын кебетесин
Айланып эчен ирет көзүн салды.
Билалбай ишенерин, ишенбесин,
Жаш сулуу алда кандай ойго калды.

Асандын алда качан жообун алган,
Жүрөгү алып учуп оттой жанган,
Сыяктуу келемин деп кабар кылган,
Ошол түн кирпик какпай кубангандан,
Өзүнө колун сунган жигит мында,
Кандайдыр жакшылыктан талаптанган.
Кутудан көрүнгөндө алтын сырга
Көңүлү кубанчыпа ташкындаган...

Врачтар бул жигиттин дартын табат,
Тизеге бек оролгон таңууну алат.
Көрүшсө жанчылыптыр оң тизеси
Союшат, майдаланган сөөгүн карап.
Чириген майда сөөктү чебер алып,
Дарылап гипс менен таңып салат.
Төрт-беш ай төшөгүнөн туралбастан,
Багылып кылдаттыкта, Асан калат...

Саясы кызматчылар эшик ачып,
Досторчо ноокастарга келип кирет.
Булардын ар кимисин ардакташып,
Атайлап жаңы журнал, газет берет.
Караса бир журналда Алексейди
Куткарган жоо колунан Асан жүрөт,
«Кызык» — деп улам окуп ушул жерди,
Жылмайып, жан кубана, үнсүз күлөт...

Биздин кол Днепрден өткөндүгүн,
Кылкылдап кызыл чекке жеткендигин,
Басам деп башыбызды, келгендерди
Былчыйта как төбөгө тепкендигин,
Кылымда теңдеши жок кызыл баатыр
Кармашта кан селдеген октомдугун,
Жазууда сыймыктанып газета азыр,
Жоо бүгүн сормо сазга чөккөндүгүн...

*   *
  *

Жарасын жаткандардын ондоп таңат,
Сайракүл кээде турат бир аз карап.
Кезинде жаш баладай тамактантып
Бүткөндө ооруларды, тынчып калат.
Асандын жөнү-жайын сурай албайт
Үйүнө барып алып убайымданат.
Кыз айтпайт,
                    жигит билбейт,
                                        бир жан туйбайт,
О, чиркин, жүрөк сырын кимдер табат?

Сайракүл бир кыз эле басмырт гана,
Эч качан ээрчибеген ушак ага.

Ойлонуп анда-санда бир сүйлөгөн
Баскандай уч-кыйры жок узун санаа.
Белгисиз жаш жигиттин жаткандыгы
Болду го көңүлүнө түшкөн жара.
Батынып ооз ачалбайт кептин чыны,
Канчалык сурайын деп камданса да...

## XXIII

Күн куушуп куйрук улаш өтүп жатты,
Айланып айдын ордун айлар басты.
Энчилеп жаздын көркүн, күндүн нурун
Табигат адамзатка мээрин чачты.
Көркүндөй көк килемдүү жыргал жаздын
Керилип келин, кыздар боюн жазды...

Кезметтеп дежурныйлар госпиталда,
Жүрүшөт күн баткандан күн чыкканга.
Бүгүн түн таң аткыча калуу үчүн
Камданып келген эле Сайракүл да.
Беккулов баягыдай сулк жатпастан
Ордунан тура калат анда-санда.
Сайракүл күндөгүдөн бүгүн башка
Тагынган кулагына алтын сырга.

Түн кирди, жаралуулар тегиз жатты,
Канчасын мемиретип уйку басты.
Бирөөлөр анда-санда оодарылып,
Угулар-угулбастай кобурашты.
Кимге суу, кимге дары, кимге таңуу,
Сайракүл айткандарын орундатты...
Жаз мезгил тоо этеги кандай сулуу,
Жаркырап жаздын жыргал таңы да атты.

Түн бою Сайракүлдөн уйку качып,
Акырын дабыш бербей турган басып.
Таң ата Асан жакка бурчка барып,
Олтурду эмпе үчүндүр айнекти ачып.
Болууда жаралуулар сак-саламат
Ан үчүн Сайракүлдүн көңүлү ачык.
Жаш сулуу сызылыңкы добуш салат,
Жазгы таң жибергендей толкундатып:

— Сүйгөнүң чыгар ким десең,
Айталбай сырын тартынган.
Азамат аман бар бекен
Алыска кеткен калкымдан?..

Канчалык ойлоп сен десем,
Көңүлүм толкуйт ар кандай,
Элестеп сени түн кечем
Тагдырым сенде калгандай.

Кызыл гүл чачка сайгандай,
Кыйытып сүйлөп ар кандай,
Кыйбасым менин сен белең
Кызуулап жүрөк жангандай?..

Асан да түш көргөндөй көшүп жаткан,
Назик үн эр жүрөгүн тызылдаткан.
Жаш сулуу маңдайында турганга окшоп,
Кандайдыр кубанычтуу көзүн ачкан.
Бурулуп назик үнгө көңлүн бурат,
Бутунун орусуна карабастан
Кыйгачтап терезеде кыз олтурат,
Кызыктуу, махаббаттуу кыял баскан...

— Алдейлеп жанды кыялым,
Алысты ойлоп турамын.
Алыскым жакын келбесе
Айланы кандай кыламын?..

Оюмду таап мындайда
Ойдогум келер күн кайда?
Сыздаган жанды соороту п,
Сыр чечер узун түн кайда?

Талытпай жанды мындайда,
Таңдагым келер күн кайда?
Таңшыса жарпым жазуучу
Жаныма дары үн кайда?..

Муну ырдап маңдай чачын койду сылап,
Мелтирейт терезеден тоону карап.
Ала аскар, сары жонду, сансыз талды
Атайын турганга окшойт сындап, санап.

Кубулуп кулактагы алтын сырга
Жаш сырын айткан өңдүү жалт-жулт жанат,
Эмне үчүн келди дейби бул кыз мында,
Асан да алдыртадан көзүн салат.

Бөлмөгө чолпон нурун чачкан өңдүү,
Төшөгүн түркүн гүлдөр баскан өңдүү,
Алмадай кызыл жүздүү, аруу сулуу
Алдында жүрөк сырын айткан өңдүү,
Денени уулап турган жаралары
Кап-кайда караан үзүп качкан өңдүү,
Асакең ак булутта учкан өңдүү,
Бөлмөсү көз жетпеген асман өңдүү.

Караса нурдуу кызыл кыздын бети,
Талыкшып, бой мемиреп турган кези.
Орто бой, кырдач мурун, жазы маңдай
Башкадан кем деп болот деги неси?
Жаш жигит кыз көркүнө кумарланып,
Доошуна жан жыргаткан кулак салып,
Жастыгын чыканактап, өөдө болуп,
Олтурду эптеп боюн жыйнап алып.
«Карындаш, үнүңүздөн...» — деди эле Асан,
Сайракүл жалт бир чоочуп, карай калып,
Негедир эткенсиди жалтаң-жалтаң
Үн катпай кысылгандай, туталанып:

— Жанды эритет үнүңүз,
Жаңы ачылган гүлүңүз,
Ким болосуз өзүңүз?
Кимге арналган сүйүүңүз? —

Деди Асан турган кызды тиктей берип,
Дегдеген кыз эми ага жакын келип,
Таңдана жооп кайрып суроосуна
Турган кез уяңдыгын сүйүү жеңип:

— Сестрамын ушунда,
Үн салдым окшойт эригип.
Мындагы кызмат тушунда
Кетмекмин кимге берилип?..

Мындан көп сестра кыз ачылалбай,
Бирөөгө уят болуп басынгандай,

Бурулуп, ылдам басып жолго түштү
Бир адам чык бери деп чакыргандай.

Суктанып тиктеди эле сындуу боюн,
Көрүндү баягыдан дагы сонун.
Асакең санаасында беттен сылайт,
Чын эле табуучудай кыздын оюн.
Дегендей келсе экен деп мында кайра
Кумарлуу, карап турду кеткен жолун.
Чын айтсак Сайракүлдүн көзүнө да
Артkансыйт Асан жетип сүйүп колун...

«Сайракүл деген гана уктум атын,
Көп деле байкатпастай кыяпатын.
Башкача мелтиреген бир кыз экен,
Муну ойлоп Асан кайра жатып калды,
Адамга анча ачпаган кабак-кашын».
Кол менен коомай гана басып башын.
Калың ой башын дагы чырмап алды,
Күткөндөй кыздын да бир ишаратын...

«Кайсы экен келишимдүү бул Сайракүл?
Болдубу бу да башка бир Сайракүл?
Жалгыз ок, сени тандап кармар элем
Жүрсө да бул дүйнөдө миң Сайракүл.
Ушу го биз чиркинге бакты деген,
Эгерде маа кез келсе чын Сайракүл!..»

Бир кезде бир кызга да жетпей калып,
Көрсөм деп көңүлүндө кайра айланып,
Санааркап, «Сагындым» деп ыр чыгарып,
Кез-кезде ырдачу эле эстеп алып.

Алманы кимден алдым мен дегенде?
Кыпкызыл алма алдына тура калат.
Чалкытып таттуу кыял бийлегенде
Чалкалап ар кай жакты жатты карап.
Көңүлүн кыз элеси сүйрөгөндө
Күңгүрөнүп «Сагындым» ды күүгө салат:

— Сагындым мен
Кулүңдөгөн көзүңдү,

— Сагындым мен
Күлүп айткан сөзүңдү,
Сагындым го,
О, садагаң болоюн,
Ойдон кетпес
Жан ынагым өзүңдү.

Сагындырган
Назик, сыпаа мүнөзүң,
Көз алдымда
Турганга окшойт сүрөтүң.
Көксөгөндө
Бир көрүнбөй көзүмө
Кагылайын,
Кайсы жакта жүрөсүң?..

Кыял менен
Канча издедим таппадым,
Же куш болуп
Канатымды какпадым.
Көргөндөрүм
Өңүм эмес түш болуп,
Күйүтүмдөн
Күйүп кете жаздадым...

Күлүмсүрөп
Көпкө чейин ойлонуп,
Кез-кез айткан
Сөздөрүңдү сагындым.
Мен өзүмдү
Өлбөс өңдүү сезермин
Эгерде сен
Жармы болсоң жанымдын...

Алтын, күмүш
Зергерлерге табылат,
Ат байгеге
Табы келсе чабылат.
Адам деген
Жер бетинде сан жеткис
Ар ким бирок,
Өз сүйгөнүн сагынат...

## XXIV

Күн келди терезеге нурун чачып,
Жаркырайт үй ичи да шоола басып.
Ордунан алда качан турган Асан
Олтурат керебетте китеп ачып.
Бир кезде Сайракүл кыз бир кат берип,
Токтолбой кетип калды кайра басып:

— Карындаш, сен мындасың бактыбызга,
Айланып бир саатта келгин,— деди.
Катым бар жазып жаткан канча кызга
Канткен деп бул жарадар, күлгүн,— деди.
Чымчыды Сайракүлдүн жүрөгүн да
Асандын асылкечтей айткан кеби...

Печеттер ондоп катар басылган кат,
Белгилүү сыйпыр коюп жазылган кат.
Бир гана «Беккуловго» дегени ачык,
Бар сырын башкалардан жашырган кат.
Конвертти ача берсе сүрөт жайнап,
Алексей жибериптир досуна арнап.
Баягы лейтенант жок, ал капитан
Түрүндө турган белем кайрат кайнап.
Төшүндө алтын жылдыз жаркыраган,
Ал дагы турганга окшойт кошуп айбат.

Жанында Оксанасы пилоткачан,
Төшүндө орден, медаль нечен-нечен.
Көргөндө сын-сыпатын жаңылбайсың
Келишкен жапжаш сулуу жигит десең.
Айрыкча Оксанага аскер кийим
Чыныйын чын жарашып калган экен.
Атайы түшүп туруп экөө бирге
Асанга эскерме деп салган экен.

Көргөндөй көз алдына келген жанды
Кубанып сүрөттү бир өөп алды.
«Капакей дагы кандай эрдиги?..» деп,
Кадалып, катына эми көзүн салды.
Катынын көбү «Алма», көбү «Сырга»
Каткырып, токтопалбай күлүп калды.
Жазыптыр кытыгылап Алексей да,
Дегендей бир жылмайтсам ноокас жанды.

«Жеринде жоонун уруштан
Жибердик достук саламды.
Көөнүңдө сакта ар качан
Кыздан кат берген адамды:
Оксана деген жеңеңди,
Алексей деген агаңды.

Жериңде сенин жаз чыкты,
Жаз гүлүн терип бастыңбы?
Сый кылган сага жаштыкты
Жаракөр кызды таптыңбы?
Сыныңа толуп сулуу кыз
Сырдашып чериң жаздыңбы?

Кубанчы болот айткандын
Кошулса башы жаштардын.
Жарага муңба эч бир сен
Агаңдын сөзүн аткаргын.
Аты чын «Сайракүл» бекен
Алтындан сырга таккандын?

Үстүндө душман качкандын,
Биздерге койгун быягын.
Антыңды Асан аткардың,
Кыз сүйсөң, сүйөр убагың.
«Алиге Асан бойдок» — деп
Укпасын менин кулагым!

Ал-абал менден сурасаң
Алыска кетип барамын,
Чаалыгуу болбойт эч качан
Көтөрсөк өлкө, жарагын.
Жанымда дайым Оксанам,
Арманы болбойт агаңын!

Кайтканда акыр майдандан
Келемин деп ойлоймун.
Кыргыздын Ала-Тоосунан
Көрөмүн деп ойлоймун.
Атайы мейман мен болуп,
Агасын күткөн сен болуп,
Колуктуң көрсөм сен сүйгөн

Кубанчым көккө тең болуп,
Колтукташып үйүңө
Киремин деп ойлоймун.

Сагындым сени, сагындым,
Сагындым жалгыз баламдай,
Сагындым сени, сагындым,
Бир тууган сенин агаңдай.
Сагындым досум, сагындым,
Сагынсам турам табалбай:

Жолдоштор, жоокер курбулар,
Жалындап алга баратат.
Бир жүргөн сага солдаттар
Күн сайын сени самашат.
Кармаштан тапкан достук бар,
Ким аны бизден талашат?

Бассак да айлап күнү-түн
Жетебиз досум муратка,
Билгизер борбор салюту
Берлинге жеткен убакта.
Алексей алга кырчылдайт
Калтырбайм сени уятка.
Оксана кыздай жалтылдайт
Алтындан сырга кулакта.

Кош амап тур, Асан дос,
Күн батыш кетип баратам.
Берлинден жазган катым тос,
Достукка сен да санасаң.
Кат жазып жаткан чагымда
Оксана мага бир болду,
Пикирин мага кошту да,
Кыйгачтата кол койду». —

Асандан эми көргүн кубанганды,
Көздөрү бир башкача күйүп жанды.
«Көрсөткөн баатырлыгын бир ооз
айтпайт,
Кандай деп билсе болот бул адамды?
Кайра маа тамаша сөз боолап таштайт,

Эсимден бул жоругун чыгарамбы!» —
Деди да, Асан абдан жагалданды
Бооруна катты бекем кысып алды.

Көркүнө Оксананын көзүм тойгон,
Көздөрү жалын эле жал-жал күйгөн.
Ыракмат Днепрдин сулуусуна
Ырыска шерик болуп таза сүйгөн.
Өзүңдөй асыл жандар турсун чыгып,
Жаралган ак мээнеттен, аппак үйдөн,
Өмүрү көрбөс деймин эч жакшылык,
Адамга өзүң өңдүү кабак түйгөн!

Кайсы адам жооп бербейт мындай каткa,
Кадимки кан майдандан досуң жазса.
Ким каалап көңүлүнөн сыр чубуртпайт
Жолдоштон жан аябас азаматка.
Калем да окшоп кетти чапкан атка
Жүрөккө сөз толкундап келген чакта:

«Куттуу болсун Алексей,
Күн батыш бара жатканың.
Түнөрүп турган үйлөргө
Таалайдын нурун чачканың.
Арстандай кайрат белгиси
Алтындан жылдыз тakканың.

Айчылык алыс турсаң да
Ар качан мени ойлойсуң.
«Алтындан сырга кайда?» — деп,
Аз тийишпей койбойсуң.
Азыр мен бирге тургансып,
Аңгеме салып ойнойсуң...

Кароолду бирге карашкан
Түндөрүмдү сагындым.
Канатташ сага бараткан
Күндөрүмдү сагындым.
Силерден четте калтырган
Тагдырыма таарындым...

Алексей өзүң айткандай
Бир жештик ботко-буламык.

Аязда түнкү бир муңбай
Кар, музда жаттык суналып.
Кыйкырган кышта жоону алсак
Калчу эмес белек кубанып...

Дабышын тыңшап душмандын
Басканымды сагындым,
Жолдорун тороп шырп бербей
Жатканымды сагындым...
Жайымды менин сурасаң
Жарадан эми арылдым.
Өксүгүн кайра толтурдум
Ал күнү кеткен алымдын.
Чын айгып калдым деп ойлойм,
Чыгууга эми камындым...

Кыргыздын жери турагым,
Кайсы деп өзүң сураган.
Тикчийтип алып кулагын
Тулпары тоодон чураган.
Бул жерди коргоп барасың,
Ошону ойлоп кубанам.

Абасын тоонун жутууга
Аз күндө тышка чыгамын.
Докторлор менен чырдашып,
Бийлигим жетпей турамын.
Аманын тилейм жанынын
Алексей сендей аганын.
Оксана алтын жеңеге
Жиберет Асан саламын!

Киевди кайрып алганың,
Көргө айдап жоону киргениң,
Чек ара жакка барганың
Чын бакты бизге бергениң.
Таалайга шерик кылганың,
Тянь-Шань тоонун элдерин...

Кимге арнайм, көөнүм токтобой,
Санаада жүрөт бир тилек.
Кылт коюп мага жолобой

Кашымда кызыл кыз жүрөт.
Кыз көрсөм мени жөн койбой
Кыйноого салат от жүрөк...

Кош, аман бол Алексей,
Кыргыздар болсун оюңда.
Кыргызга келем дегенсиң
Кыз-жигиттин тоюнда.
Калкыма кылган шертиң бар,
Карт Днепр боюнда.
Кыраандар ичер шербет суу
Кыздардын бүгүн колунда!» —

Кат бүттү, Сайракүл да келе калды,
Асакең жазган катын суна салды.
Эңкейип бул кыз катты аларында
Озунуп колдон бекем кармап алды.
Мүнөзү күлкү салды Асакеңдин,
Катарлаш керебетте жаткандарга.
«Тентектик жарашпайт» — деп жаралууга
Жылмайып күлүп койду Сайракүл да...

## XXV

Күн ачык, салкын тарткан кечке жакын,
Акырын жел алдейлейт бактын башын.
Асан да жаңы басып тышка чыкты,
Көрүүгө жаратылыш ыракатын.
Ооруга табылбаган дары эмеспи
Гүл жыттап, тоонун жутуу таза абасын.
Мейличи аксаса да, сылтыса да,
Эл көрсүн кызмат кылган азаматын...

Асанга ар бир гүлдүн талы кымбат
Жыргаткан жыпар жыты дагы кымбат.
«Кулунум, куттуктаймын башыңды» —
деп,
Тургандай сүйүп ырдап кең табийгат.
Керилип, сууну бойлой басканына,
Көңүлү толкунданат, жаны жыргап.
Абалтан шайыр мүнөз, жаш азамат,
Акырын обон салып, коёт ырдап:

— Не кымбат, жаштык өмүр кези
кымбат,
Арзыган замандаштын эси кымбат.
Акмактын алты араба жазуусунан
Ашыктын алты ооз айткан сөзү кымбат.
Жайнаган төбөңдөгү жылдыз окшоп,
Жалжылдап жанып турган көзү кымбат.
Бүткөндөй таалайыңа бар турпаты,
Самасаң, сүйгөнүңдүн өзү кымбат.

Ырым гүл, сырым толкун, жерим сайма,
Жаркырап жакын жаткан күнгө, айга.
Кызыгы ушунчалык замандын
Кыш күнү окшоп кетет күзгө-жайга.
Тоодон муз токсон тогуз эрип жатат,
Туруштук бере албастан колхоз байга.
Бактынын чарбактары бүт колумда,
Булбулдай миң түрлөнүп тилим
сайра!» —

...Кийгени каверкоттон жайлык пальто,
Талаадан терген бир боо гүлү колдо,
Акырын кызыл жүздүү кыз келатат
Асакең басып чыккан ичке жолдо,
Жаркылдайт кулагында алтын сырга,
Капкайда чоң жомокту салып ойго...

Жалт этип, Асакеңди карап алды,
Жалтайлап өталбастан туруп калды.
Асанда курчтук да бар, шумдук да бар,
— Токтоңуз, кетпейсиз! — деп буйруп
салды.
Жыттаймын гүлүңүздү колдогу — деп,
Каткырып, жаш баладай күлүп калды.
Кысылып, кыз да эриксиз жылмайды да,
Негедир бир уялып, бир кубанды.

«Так ушул алтын сырга жиберген жан,
Алыстан салам айтып, имерген жан.
Окустан мен көөнүнө жагып калсам,
Жалындап, жан-дил менен сүйөрмөн
жан.

Ушундай бир азамат колун сунса,
Кыз үчүн жанга жыргал, мандайга шам.
Алдымдан тор жайгандай өзү чыкса,
Торду үзбөй, такоол бербей кайда
качам?»

Ушундай таттуу санаа бойду бийлеп,
Үн-сөзсүз чиркин жүрөк өзү сүйлөп.
Кыз дагы бир башкача кыялданды,
«Көрөлү сырдашса сыр, сыйга сый» — деп.

Асан да берекелүү, балкайыңкы,
Көкүрөк балбан сындуу дагдайыңкы.
Келишкен сындан өтөр кандай айтсам
Кем эмес бир жигиттен сыны-сырты.
Ак жүздүү, сурмалуу көз, жазы маңдай
Өзү тең далай жаштын жалын курчу.
Асакең окуп жүргөн убагында,
Эчен кыз көзүн кайрап, карап турчу.

Асандын бой-келбетин эми көрдү,
Кыз үчүн элестеди жигит сүрдүү.
Айтсаңыз, сиз болосуз кай Сайракүл?
Атыңыз таанып ат деп, Асан күлдү.
Кантсе да сөзгө ылайык сөз таппаса,
Кыз дагы кутулбасын эми билди.
Шокчулук жаш жигиттин бир белгиси,
Ай-койсуз Асан гүлдү жыттап ийди:

— Карындаш, жай олтуруп таанышалы,
Сергийли, таттуу сырга канышалы.
Ушинтип Асан турса, кыз жоодурайт,
Дегендей: айта түшкүн дагы-дагы.

Кыз дагы көрмөк болду сынга салып,
Көңүлгө бул кезигүү турат жагып.
Сынга сын, оюнга чын деген өңдүү,
Сайракүл сөзгө кирди күлө багып:

— Жолдош ноокас, токтоңуз,
Күн ылдыйлап, кеч болду.
Суук шамал тоо жактан
Соғо турган окшоду.

Тамашаны коюңуз,
Бөлмө жакка барыңыз.
Сизге керек жылуулук,
Жылууланып алыңыз.

Асан турат кубанып,
Көзү көөнүн суранып:
— Алчыландың, сестра,
Ачууң менден чыгарып!

Өкүм сизде, күч сизде,
Кандай айла кылалык?
Тый десеңиз күлкүнү,
Томсоролук, тыялык!

Бирок сизди көргөндө,
Көңүлүм болот тынгандай.
Ар көз караш, ар бир сөз,
Дары болуп тургандай.

Канчалык өкүм кылыңыз,
Күн батпай үйгө барбаймын.
Жылтылдап жылдыз чыкмайын,
Төшөктөн орун албаймын.
...Эриктим, кыздан сыр сурайм,
Эми мен сизди жандаймын.

Көргөндүн көзү тартылган,
Сыргаңыз экеп алтындан.
Сырганы берген бирөөгө,
Сүйүүңүз сиздин артылган.

Башканы ойлойт башыңыз,
Белгилүү сиздин атыңыз.
Сыры бар белем бир сонун,
Сырганын жайын айтыңыз?..

— Сөйкөнү кимден алдың деп,
Сөйкөнгөн кандай кебиңиз?
Сырганы кимден алдың деп,
Сыноого барбы жөнүңүз?

Дал түштө, жолдун боюнда,
Табылды окшойт өөнүбүз!

Кадалып бул бир калайга,
Кай-жакка кетти көөнүңүз?

Кыздардын колу шок болсо,
Кыргызда мындай жок болсо
Ченинен алган чыгармын,
Чет жактан кербен токтолсо!

Башкадан келген көрк болсо,
Биздики жөн бир кеп болсо...
Жомокту эми кыскартсак,
Жаш жигит, сизге эп болсо?..

— Кербенчи берди — деп айтсам,
Куруюн секет, жан болбой,
Кечирип койчу бир жолго
Кеп айткан болсом ойлонбой.

— Соодагер сатты — деп айтсам,
Жүзүмдү эки көрбөңүз.
Ар кандай сөзгө чеберсиз,
Айлантып ура бербеңиз!

Денеде канча жарам бар,
Дегдеткен мени санаам бар.
Билгендер койчу кечирип,
Жаңылса биздей адамдар.

Тийишип айтсам бир сөздүн
Тикийип түштүң соңуна.
Окшойсуң кекчил мүнөздүү,
Келсе эле сокчу оңуна.

Жигиттер түшүп турмак жок,
Ар дайым кыздын торуна.
Биздин да капкан чапчу эле,
Билгендер алсын оюна.

Билбейсиз чыны сырымды,
Менде да болгон ушундай.
Алтындан сырга алыскы,
Эсимден кетпес кышы, жай.

Белекке тоодон алгамын,
Бир ящик кызыл алманы.
Тартууга мен да салгамын
Таптаза алтын сырганы...

Ошонум түшүп эске бир
Жүрөктү жалын чырмады.
Сыргага сырга окшоштур,
Сыр өңдүү кебим бул дагы.

Кет десең эми, кетейин,
Кетирмек болсоң, петейин.
Кекээрин кыздын укканча,
Керебет жакка жетейин.

Жаралуу орой жан болот,
Көрөрсүз дагы нечени.
Кечирип койсо не болот,
Сөзүмдүн болсо бекерин!

Кут болсун алтын сыргаңыз,
Акаарат бизге кылбаңыз.
Артык баш болсо айтканым,
Ичиңизден сындаңыз.

Бой токтоп, дене ката элек,
Айтканга бир аз чыдаңыз.
Сый көрсөк деген жаш элек
Сөз менен мейман кылсаңыз.

...Ойлонуп турду кыз чиркин,
«Алдымбы мен? — деп — ырбатып? —
Жөнөйбү жигит бул жерден,
Жүрөгү менен чырлашып?»

Жоодурай түшүп эми кыз,
Жакындай калды бир басып:
— Кут болсун, чыгып келипсиз
Көк жерге, бүгүн бой жазып.

Ырас ок, биз да сестра,
Токтоңуз десек токтойсуз.
Сагынып мынча тышты да
Эригип калган окшойсуз.

Жүрөктүн башын куйкалап,
Жөн эле кызыл чоктойсуз.
Адамды сизден четтеги,
Акылсыз ойлойт экенсиз.
Беттетпей торгоп, сиз деги,
Бет келген сөзгө чечепсиз...

Кылсаңыз сабыр, жетерсиз,
Жетсеңиз, түйүн чечерсиз.
Сабырсыздык саргайтат,
Санаалаш, анда бекерсиз!

«Санаалаш» деген сөзүмө,
Санааңызды бурарсыз.
Сырганын сыры өзүмдө
Сыздаса сыздап, чыдарсыз.
Сын таккан жигит бек болот,
Сабыр кыла турарсыз.
Кызда да кыйын кек болот
Сестра сөзүн угарсыз.

Кыпкызыл алма жиберсем,
Кайра бер качан деп айттым?
Кыраакы болсоң билерсиң,
Кыйытып канча кеп айттым?
«Кайдан алдың муну!» — деп,
Калайың көрүп, нени айттың?

Өз колуң менен таккансып,
Өзгөчө доомат сен айттың.
Кайрадан доолап жаткансып,
Курбалдаш, көңүлүм менин
муңайттың...

Асанды тик жалжылдап карай салып,
Сайракүл туруп калды бир жылмайып.
Буластап анан бир аз басып турду,
Колдогу турган гүлүн жыттап алып.
Асандын байлангандай чечен тили
Оозунан сөзү чыкпай мукактанып,
Сайракүл жүйөө айтканга жыгылды эми,
Жүрөгү укмуштанып, жалынданып:

– Карындаш, сиз деп билем кызыл
алма,
Жоокерден сыйлык алган алтын сырга.
Билбестик не дедирбейт кезегинде,
Сырга эмес, жаным курман сиздей жанга.
Оозумдан чыгып кетсе орунсуз сөз,
Оройлук менден экен, көөнүңө алба.
Жеңилдим... башымды ийдим, сөз сиздики,
Жүрөккө салбаңызчы эми тамга?

Тилиңден мен садага сайрап турган,
Тартынбай, катык берип, айбат кылган.
Сыздатпа, сайбай жатып ийне менен
Кыйноону мага таптың дагы кайдан?
Тилектеш жан курбуга сен кымбатсың,
Деңиздей байлык менен тоодой сыйдан.
Жигиттер жүрөгүндө сени сүйүп
Жолуңдан туура чыгып, тосуп турган!..

Ийнине Сайракүлдүн колун артып,
Алчудай өз боюна ийе тартып.
Өз боюн өзү унутуп бараткансыйт,
Бактыга көз келгендей көөнү чалкып...
Жаш кыздын жүрөгүнөн чыккан жалын,
Жигитти турганга окшойт улам чарпып.
Курбулар туруп калды билип жайын,
Көз менен бир-бирине көңлүн айтып...

## XXVI

Олтурду суу боюна эки курбу,
Сергитип, тоо суусунун илеби урду.
Жылтылдап ыргып турган күмүш тамчы
Жаштарга алмак-салмак тийип турду.
«Уруксат кылыңыз,— деп Сайракүл жан»,
Асан да гүлдү алууга колун сунду.
Көз албай тоо суусунун агымынан
Аз мезгил замандаштар тынч олтурду.

Жалтактап, жазыктуудай чиркин Асан,
Түшкөнүн эми билди колго качан.
Ойлонот Сайракүл да алда неме,
Жигитти тике багып карабастан.

— Кол созуп, гүлгө жетпей калган жаман,
Томсоруп, үйгө кур кол барган жаман.
Оодарчу өзгөлөргө күнөөлөрдү,
Окустан өз мойнуна алган жаман.

Бутуна жем түшүргөн күлүк жаман,
Кыздарга сөзгө алдырган жигит жаман.
Алыстан даңкын угуп сыйлаганды
Абайсыз чоочуркатат мендей адам...

Болсо да канча жакшы сизге санаам,
Чыкканга сөзүм чоркок, кайгыланам.
Сыйлабайт олдоксонду биздин заман,
Чекилик кетсе менден, мойнума алам!
Жаштыктан, кээде жете ойлонбойсуң,
Болчуну болжоп билип койгондойсуң,
Баркыңа жетчү жанга кылмыш кылсаң,
Баары бир, акыр андан кор болбойсуң.

Мынча сөз башталган соң, айтам чыным,
Билдирбес жан кишиге, сизге сырым.
Көңүлүм чын кубанып турган кезде,
Келтирип кеп айтууда болор кыйын...

Ырас ок, госпиталда ооруп жаттым,
Эчен ай козголалбай муңга баттым.
Кез-кезде сен келгенде, эмнегедир,
Келбетиң, көркүң менен көңүлүм тарттың...

Сен үчүн тилим сүйлөй албаса да,
Сырыма кулагың көп канбаса да,
Кыялым, көзүм менен, көңүлүм менен,
Өзүмдү жакын көргөм мен да сага...

Жүрөгүм эмненидир билип жүрдү,
Көрбөсөм, ичим тыз-тыз күйүп жүрдү.
Башканын түрү мага күүгүм болуп,
Сен жылдыз, нуруң жайнап тийип жүрдү.

Болчу элем көзүм менен сүйлөгөндөй,
Жүрөгүм, жаным, сени бийлегендей.
Өзүңдү ойлой-ойлой ой жүгүртсөм,
Өзгөлөр түк эсиме кирбегендей.

Мына эми «сен» деп айттым «сизди»
коюп,
Уламдан бараткан соң жакын болуп.
Адамды ысык көргөн сен деп айтсам,
Каламын алда канча көңлүм толуп.

Жүрөгүм, жаным сенсиң Сайракүл жан!
Жоругуң жигиттерди суктандырган.
Ар жагын күйдүрсөң да өзүң билгин,
Алдыңа мен болоюн таасим кылган.

Чын сырды, тике айткандын өзү жакшы,
Бирөөнүн жүрөгү ылай, тили татты.
Өзүңдөй жан кыйышпас жалжал болсо,
Өмүрдүн толуп турган кези жакшы!
Сайракүл Асанды бир карап алды,
Жылмайып, эмненидир ойлоп калды.
«Чиркин кыз, дагы айлантып урабы?» —
деп,
Жалтактап Асан кепке кулак салды:

— Талашып гүлүм жыттайсың,
Гүл жоктой башка ачылган.
Бой салып мага ыктайсың
Бир өскөн жандай жашыңдан.

Ардактуу жаштык ушундай,
Ачылган жазгы гүл экен.
Ал гүлдү сылап, солутпай,
Баркына жетчү ким экен?..

Асманда турган жылдызы
Айланып колго келгендей,
Айталбас сөзгө бул кызы
Жол ачып өзү бергендей:

— Бул күнгө чейин чыны мен,
Булбулмун, конор гүлү жок.
Ойдогу гүлүм жалгыз сен,
Сен болсоң мендик, көөнүм ток.

От кечип кечээ жүрсөм да,
Оюма өлүм келбеди.

Күп көрсөм дедим мен мында
Курдаштар менен элдеги.

Жылаажын таккан куш таптым,
Жалжылдап турган уз таптым,
Менсинген жигит кол берчү,
Мен Сайракүл кыз таптым.

Боолук салсам, бой бербей,
Бойлошсом, күчүм тең келбей,
Жүрөгүм канча куушурдуң,
Алышып, аттан эңгендей.—

Дегенде, алда качан күндө баткан,
Жылдыздар бирин-серин чыгып жаткан.
Сайракүл терең сырга кангандан соң
Көңүлүн кетпей турган сүйүнүч баскан.

— Жаралуум, кечиктиң...— деп, бир
жылмайып,
Ордунан кыз да туруп жолго баскан.
Асакең эң өзгөчө мээрин салып,
Ийнине Сайракүлдүн колун арткан...

Кыз, жигит бирин-бири сүйө карап,
Кумарлуу көз нурлары жал-жал жанат.
— Кечирген, кечирип кой, о Сакиш! —
деп,
Жигити бек кучактайт жүргөн самап.

Эриндер чоктой ысык тийишкени,
Ордунан чыкканы го, чиркин талап.
Асманда бирин-серин булутта эми
Алыстап кеткенге окшойт тарап-тарап.

Жаштарга ак тилеги бир болгондой,
Жылдыздар жыбырашып, көзүн салат.
Тоо жели сууну бойлой, соккон ойной,
Куттуктайт курбуларды беттен сылап...

Күн жетсе, көңүл чиркин кайтпайт кайра
Жаш жүрөк өз өкүмүн үстөм кылат.

Жаш сүйүү — тоодон аккан ташкып
дайра,
Дайраны кимдер кайра тоого бурат!

Сайракүл колго гүлүн кармап алып,
Жоолугун желкесине жыйнай салып,
Жанында жаш жигитти жал-жал карайт,
Кызарып бети чоктой күйүп-жанып.
Майданга, жалпыга арнап жазган
каттан,
Болот деп ким ойлогон ушунчалык!
Таалайга туура келген махаббаттан
Тургандай өздөрү да рахаттанып...

*
* *

Жыл өтпөй, мезгил жетпей, гүл солбосун,
Жүрөктө жаш жолдоштор, муң болбосун.
Өмүр — гүл, өлкөң — таалай, элиң — атаң,
Кыраан эр, кубаныч кетпес чоң
жолдосуң.

Акылды, адамдыкты, ынактыкты,
Оңой деп, ким көрүнгөн ойлонбосун!
Сырларым сага арналган кандай чыкты,
Сен айткын жаш замандаш жандай
досум!..

*(1948—1958-жылдар)*

## МАЗМУНУ


Кубанычбек Маликов . . . . . . . 5
Жазгы талаа . . . . . . . . . 11
«Мен барбайм» . . . . . . . . . 11
Жазгы тацда . . . . . . . . . 12
Кандай сүйгөм . . . . . . . . . 13
От араба . . . . . . . . . . 15
Таш күзгүнүн түбүндө . . . . . . 17
Чындыкка . . . . . . . . . . 18
Ысык-Көл сүрөттөрү . . . . . . . 19
Жаңы айылдын эрмеги . . . . . . 28
Жаңы шаар . . . . . . . . . 29
Ким кимдердин жолунда . . . . . 30
Учкундар . . . . . . . . . . 42
Жеңиш ыры . . . . . . . . . 42
Пахтачы кыздын ыры . . . . . . . 43
Сөөлөт курмандары . . . . . . . 44
Кара тулпар . . . . . . . . . 51
Сен жолдошум . . . . . . . . . 52
Алтын тоо . . . . . . . . . . 53
Жүрүш маршы . . . . . . . . . 56
Жаш калам . . . . . . . . . . 57
Жапар менен Шарыйпа . . . . . . 58
Сен койсоң да, мен койсом . . . . . 70
Фабрик кызы . . . . . . . . . 72
Туулуп өскөн айлыма . . . . . . . 73
Биз эмгектин балбаны . . . . . . 76
Биздин айыл тоодо экен . . . . . . 77
Ак кептер . . . . . . . . . . 78
Кызыл атчандар . . . . . . . . 79
А. С. Пушкинге . . . . . . . . 79
Турмуштагы шерикке . . . . . . . 82
Жыйырма беш жашыма . . . . . . 84
Сапардын сүйүү сырлары . . . . . . 85
Акын сыры . . . . . . . . . . 98
Өттү булбул . . . . . . . . . 99
Долон бели . . . . . . . . . . 101
Компартияга . . . . . . . . . 103
Куплеттер . . . . . . . . . . 104

Ырасны ушул . . . . . . . . . . 104
Таң ата Чүйдүн боюнда . . . . . 106
Биздин Серго . . . . . . . . . 108
Москвадагы учурашуу . . . . . 109
Бүркүттүн өлүмү . . . . . . . . 110
Соң-Көл — жайлоо . . . . . . . 111
Баатырга . . . . . . . . . . . 117
Шотага . . . . . . . . . . . . 118
Тарас Шевченко менен сүйлөшүү . . . 119
Уулума . . . . . . . . . . . . 120
СССР . . . . . . . . . . . . . 122
Батыштагы туугандарга . . . . . 122
Жаркыным . . . . . . . . . . . 124
Ыргытып кой алмаңдан . . . . . 125
Кремль жомогу . . . . . . . . 127
Эненин ыры . . . . . . . . . . 135
Тууганым . . . . . . . . . . . 135
Ленин шамы . . . . . . . . . . 137
Таластын бери башында . . . . . 142
Чүй [1] . . . . . . . . . . . . 144
Сыр сураган бирөөгө . . . . . . 152
Сулуу . . . . . . . . . . . . . 153
Эмнелер кетпейт эсинден . . . . . 153
...га . . . . . . . . . . . . . 154
Кайран жаштык күндөрдө . . . . 155
Асман менен . . . . . . . . . . 156
Кечинде . . . . . . . . . . . . 161
Сейтек . . . . . . . . . . . . 164
Жолдоштор . . . . . . . . . . . 206
Мекеним . . . . . . . . . . . . 207
Канга — кан . . . . . . . . . . 208
Ой, жаш жигит! . . . . . . . . 212
Мен кайрылып келгиче . . . . . 213
Биз жана сен . . . . . . . . . 214
Биздин жер . . . . . . . . . . 217
Биз Маскөөлүкпүз [1] . . . . . . 219
Мекен менен . . . . . . . . . . 220
Айылга кат . . . . . . . . . . 220
Ленинград акынына . . . . . . . 222
Элдин анты . . . . . . . . . . 223
Сыр-Дарыя . . . . . . . . . . . 227
Түркмөн келинине . . . . . . . 229
Кавказым . . . . . . . . . . . 232
Ала-Тоолук курдаштар . . . . . 234
Кайран киши . . . . . . . . . 238
Алганымдын айтканы . . . . . . 240
Казганым Чоң Чүй каналы . . . . 245
Карт Днепр үн салат . . . . . . 246
Жолдош ...га . . . . . . . . . 248
Тянь-Шанда жаз күнү . . . . . 248
Чүй каналы боюнда . . . . . . 257
Сен кетпейсиң эсимден . . . . . 265
Каркырада бир күнү . . . . . . 267
Бир башыңа тең болсом . . . . . 268

Сан-Таш . . . . . . . . . . . . . 272
Россия . . . . . . . . . . . . . 275
Кремль . . . . . . . . . . . . . 277
Карыябыз Калинин . . . . . . . . 278
Менин жерим Ала-Тоо . . . . . . . 279
Эсеп берчи өзүңө . . . . . . . . . 280
...га . . . . . . . . . . . . . . 281
Кайрылып келер кез жакын . . . . . 282
Курбума . . . . . . . . . . . . . 283
Жыргал күн . . . . . . . . . . . . 283
Таңдагы гүл . . . . . . . . . . . 284
Достук жана махаббат* . . . . . . . 287

*Кубанычбек Маликов*

СОБРАНИЕ СОЧИНЕНИЙ В ДВУХ ТОМАХ

том 1

Редактор С. Ө м ү р б а е в
Оформлениеси И. Б у л ь б а н ы к ы
Худ. редактор И. Е ф и м о в
Тех. редактор А. Б е й ш е н о в
Корректор А. И с а к о в а

Терүүгө 16/VII-1971-ж. берилди. Басууга 3/IX-1971-ж. кол. коюлду. Д—03101. Кагазы типографская № 1 форматы 84×108$^1/_{32}$. 12,5 физ. басма табак, 21,00 шарттуу басма табак, 21,02 учеттук табак. Тиражы 5000. Заказ № 2759. Баасы 2 с. 28 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата
Мин. культуры Кирг. ССР, г. Фрунзе,
Жигулевская, 102.